Кырг
И
К-34

# Кэлпурния Тейттин эволюциясы



Жаклин Келли

БД

ЖАКЛИН КЕЛЛИ

# КЭЛПУРНИЯ ТЕЙТТИН ЭВОЛЮЦИЯСЫ

Бишкек
2017

УДК 821.111 (73)
ББК 84.7
К 34

Келли Ж.

К 34 Кэлпурния Тейттин эволюциясы / Которгон Н. Карыбекова. – Б.: «Кворум Групп» КФ, – Бишкек, 2017. – 416 б.

ISBN 978-9967-28-415-9

Чыгармада 1899-жыл, кылым тогошкон мезгил тууралуу сөз болот. Техас аймагында ал жай жан чыдагыс ысык мезгил катары элдин эсинде калат. Он бир жашар Кэлли Ви Тейт чоң атасы менен бирге илим сырларын ачууга кылган далалаты менен бирге эле тоскоолдуктарга да дуушар болбой койбойт. Апасы келечекте кызынын колунан көөрү төгүлгөн уз, ашкана сырларын беш колундай билген кожойке кылам деген аруу тилегин ишке ашырууга болгон аракетин жумшайт. Анысы аз келгенсип, алты эркек бир тууганынын үчөө да анын жакын курбусуна ашык болуп, Кэллини бушайманга салышат. Ага карабастан, Кэлли илимпоз болом деген максатынан артка кайтпайт.

3628
...им. К. ...
АМЕРИКА БОРБОРУ

К 4703040100-17
ISBN 978-9967-28-415-9

УДК 821.111 (73)
ББК 84.7

THE EVOLUTION OF CALPURNIA TATE
Copyright © 2009 by Jacqueline Kelly.
Published by arrangement with Folio Literary Management, LLC.
Artwork © Beth White/lindgrensmith.com
Кыргызча басылмасы © 2017 «Кворум Групп» Коомдук Фонду

Басылма Америка Кошмо Штаттарынын элчилиги тарабынан каржыланган.
Акысыз таратылат.

БД

*Апакем Ноэлайн Келлиге,*
*атакем Брайан Келлиге,*
*өмүрлүк жарым Роберт Дунканга арналат*

# 1-БӨЛҮМ

# ТҮРЛӨРДҮН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

**Жаш табиятчы белгисиз организмдер тобун изилдей баштаганда, аны туңгуюкка такаган нерсе – түрлөрдү ажырата билүү... анын себеби, ар бир түрдүн өз тобуна тиешелүү өлчөмүн, генетикалык жактан өзгөрүү касиетин билбегендикте...**

1899-жылы Техастын куйкалаган ысыгынан кантип кутулуунун айласын таба элек болсок да, жарык маселеси чечиле баштаган кез болчу. Асман дале көөдөй капкара, таң жаңыдан гана сөгүлө баштаганда эле турчубуз. Керосин чырактарды күйгүзүп алып, чайпалтып, кенедей күнгө окшотуп көтөрүп жүрчүбүз. Иштерибизди түшкө чейин бүтүрүп албасак, ысыкка чыдай албай үйгө качып киргенге туура келчү. Анан терезелери чүмбөттөлгөн үйдө, шыпты тиктеп, тердеп-кургап чыга албай жатчубуз. Апам болсо адатынча болгон шейшептерге атыр сээп, сергитейин деген амалы бир мүнөткө да жетчү эмес. Саат үчтөрдө кайра жумуштарыбызды улантууга чыгарда, күндүн илеби дале кайта элек боло турган.

Жайдын аптабында Фентресстин жашоочуларынын баары кыйналчу. Айрыкча корсет[1] жана юбканын ичинен дагы ко-

[1] Айымдар көөдөнду сындуу кылуу үчүн кийилүүчү кеп.

шумча жука этеги бар айымдарга тозоктой эле сезилчү. (Дагы Кудайга шүгүр ал кезде мен корсет кийе турган куракка жете элек болчумун). Айымдар корсеттерин чечкенде, бир топко чейин үшкүрүнүшүп, ысыкты, Колдуэлл аймагына пахта жана пекан[2] жаңгагын өстүрүп, мал багабыз, жыргайбыз деп көчүрүп келген күйөөлөрүн тилдешчү. Апам кошмо чачын, кайырма жасалма көкүлүн жана аттын кылынан жасалган түйдөгүн убактылуу жыйнап коюп, күндө төбөсүнө чачын чокмороктоштуруп, чач жасалгалоо менен убара болор эле. Үйгө конок келбеген күндөрү мулат[3] ашпозчу айым — Виола суу бышып берсе, апам ошол жерден эле башын тосуп жууп алчу. Аны көргөндө биз турмак атамдын да күлкүсү келип, араң чыдачу. Бирок сыртыбыздан көргөзбөгөнгө аракет кылчубуз. Анткени, ысыктан каны кайнап, ансыз да араң турган апам жарылса, оңдурбай турганын жакшы билчүбүз.

Эми өзүмдү тааныштыра кетсем, толук атым – Кэлпурния Вирджиния Тейт, бирок баары Кэлли Ви деп коюшат. Быйыл жайында он бир жашка толдум. Жети бир туугандын ичинде жалгыз кызмын. Мындан өткөн жаман нерсе болбосо керек? Менден улуу Гарри, Сэм Хьюстон жана Ламар аттуу үч агам, Тревис, Сал Росс жана Жей Би (толук аты Жим Боумен) деп эркелетип койгон кенжетайыбызды кошкондо, үч агам жана үч инимдин ортосундагы жалгыз кызмын.

Аптап күндөрү инилерим бир жерге үймөлөктөшүп, тердеп-кургап күчүктөргө окшоп укташчу. Таң заарда талаага

---

[2] Түштүк Америкада өскөн, узун күрөң жаңгак байлаган дарак.

[3] Ак түстүү адам менен кара түстүү адамдан туулган адам.

кеткен агаларым да күндүз келип, чырым этип алышчу. Биздин шаарчабызда пахта тазалаган машина атамда гана болгондуктан, жанында анын өзүнүн контору бар болчу. Түштө конторунан келип, короонун артындагы кудуктан чакалап суу сузуп, жуунуп, шалдырап асма торго жатып калчу.

Ысыктан жүдөгөнүбүз менен жакшы жери, мага эркиндик учуру келчү. Үйдөгүлөрдүн баары уйкуга кеткенде, байкап туруп, акырын Сан-Маркос дарыясын көздөй жылт койчумун. Тажаткан агаларым, апам, сабак деген нерсе жок! Мындан өткөн жыргал барбы?

Ал кезде мага атайылап эч ким уруксат да берген, тыюу да салган эмес. Бөлмөм коридордун этегинде болгондуктан, эч кимге көрүнбөй чыгып кеткенге жакшы шарт түзүлгөн. Ал эми калган бир туугандарымдын баары тыгылып, бир бөлмөдө жаткандыктан, бири-бирин бура бастырбай, айыптарын чукушуп эле турушчу. Жалгыз кыз болгондун мындайда негизги пайдасы – артымдан эч кимдин аңдыбаганы болчу.

Биздин үй менен дарыянын ортосундагы эки гектардай жерди, жарым ай калыбындагы тикенектүү бадал каптап турчу. Дарыянын жээгине келген иттер, бугулар, алар аз келгенсип, бир тууганадарым киши бою өскөн тикендерди ары-бери тебелеп өтүп, таптап, жол салып коюшкан. Ошентсе да, эңкейип өтүүгө туура келчү. Аралап өткүчө чачтарыма, этегиме тикенек ширелип, аркы өйүзгө араңдан-зорго жетчүмүн. Дарыяга жетип-жетпей эле сырткы кийимдеримди чечип ыргытып, ич көйнөкчөн суга секирип кирген адатым бар болчу. Чалкаман түшүп, асманда калкып бараткан булут-

тай жай агым менен агып кете берчүмүн. Көйнөгүм көлбүп, этегинен кирген муздак суута денем кадимкидей сергип калчу.

Бир күнү адатымча чалкаман түшүп, агып баратып, суу жакка ийилип өскөн эмендин башындагы көпөлөк курт салган чоң желени байкап калдым. Көк мелжиген асманда бубак сымал шар менен калкып учуп баратса, куду өзүмдү элестетип турдум.

Ошол аптаптуу жайда чоң атам Уолтер Тейттен башка шаарыбыздагы эркек аттуунун баары жаргак кескелдирикке окшоп чачтарын алдырып, сакал-муруттарын тысырайта кырдырып салышкан. Бир жумача, агала болгон, кырылган жерлерин көрүп, көзүм көнбөй жүрдү.

Ысыкта чоң атам көкүрөгүнө чейин түшүп өскөн сакалынан жүдөгөнүн деле байкаган жокмун. Сурагандарга бул түшкө чейин виски ичпей, кээ бир эрежелерди сактап, чыдамкай жана сабырдуу болуунун натыйжасы деп койчу. Жонунан жайыкышы көк жыттанып, эскилиги жеткен кемселин түшүрбөй, таптакыр андан ажырачу эмес. Үй кызматчыбыз – Сан-Хуанна ал кемселди күнүгө бензол менен сүртүп-тазалаганын койсочу, же анын сиңип калган көк жыты кетсечи. Бара-бара кебетеси кетип, түсү түшүнүксүз каралжын жашыл тарта баштаган.

Чоң атам менен бир үйдө жашайбыз деген аты эле болбосо, эч ким менен иши жок, өзү менен өзү жүрө берет. Жумуштарынын бардыгын жалгыз уулу, атам – Альфред Тейтке эчак эле өткөрүп берип койгон. Өзү болсо үйдүн артындагы «лабораторияга» баш оту менен кирип, тажрыйба жасоо менен алек. Лабораториясы бир кезде плантацияда[4] иштеген

---

[4] Колониялык өлкөлөрдө кеңири түрдө өнүккөн, капиталисттик ири жер чарбасы.

кулдар башпаанек кылып жүргөн эски сарайда жайгашкан. Кээде талаадан өсүмдүктөрдүн түрлөрүн чогултуп келчү же китепкананын бурчуна эски китептерин үйүп алып, окуганды жакшы көрчү.

Ысыкта чачым моюнумду, далымды тердетип, жүдөтүп жибергендиктен, апама барып, кырктырууну чечтим. Апам кыркылган койго окшоп каларымды айтып, уруксат бербей койду. Мындай чечим мага абдан адилетсиз сезилгендиктен, өз алдынча план иштеп чыгууну чечтим. Апама билгизбей жума сайын чачымды бир элиге кыскарта турган болдум. Өзүм тартип бузбай, көзгө илинбей, созулуп жүрсөм, апам эмнеге артымдан түшүп аңдымак эле деп ойлодум. Апамдын ансыз да үй иштери чачтан көп. Ал аз келгенсип, бейбаш балдары бир жагынан бушайман кылышчу. Алтоо алты жактан ызычуу, будуң-чаң кылганда эмне болорун элестетип көрсөңүз.

Бир жагынан ысыктан шакыйы тез-тез кармап, «Лидия Пинхем» деген суюк дарысын ичмейин тура албай калган. Ал дары аял кишинин канын жакшы тазартат деп айтып калышчу.

Ошентип, аптаптуу кечтердин биринде колума кайчыны алып, жүрөк байлап, чачымдын учунан бир эли кырктым. Жүрөгүм көкүрөгүмдөн чыгып кетчүдөй дүкүлдөп, чачымды уучтаган бойдон бир далайга чейин мелтиреп, ордумдан жылбай турдум. Жаңы турмушка кадам таштаганы тургандай сезим пайда болду. Бир нече ай көз ачып жумганча өтүп кетсе, чачым да билинбей өсүп калат деп өзүмдү сооролтум. Ал көз ирмем алигиче эсимде. Бушайман болгонумдан түнү бою жакшы уктай албай чыктым.

Эртең менен туруп, терең дем алдым да, сыр билгизбей ылдый түштүм. Кыжалат болуп, эмне жеп-ичип атканымды деле билген жокмун. Пекан жаңгагы кошулган пирогдун даамы кагаздай даамы жок сезилди. Анан эмне болду деп жатасызбы? Ишенесиздерби? Эч нерсе болгон жок. Эч ким эч нерсе байкабаганын көрүп, жеңилдей түштүм. Ичимден «бул үйдөгүлөрдүн баары беймарал» деген ой келди.

Ал тургай төрт жуманын ичинде, чачым төрт элиге кыскарганын да эч ким байкаган жок. Бир күнү эртең менен Виола шектенип артымдан карап калганынан, бир нерсе айтабы десем, ал деле унчуккан жок.

Эки кишинин бири эле быйыл биздин аймакта мурда болуп көрбөгөндөй ысык жай келгенин айтып түгөтө албай жатышты. Апам да эрежеге каршы келсе да, кечки тамак маалында шам жактырбай калды. Андан тышкары Гарри экөөбүздү да эки жумага фортепиано сабагынан бошотту. Мага накта жыргал болду.

Фортепиано сабагынан бошотконунун негизги себебин кыскача айта кетсем, Гарри «менуэт ре-мажорду» чертип жатканда, чекесинен тамган тер фортепианонун баскычтарына агып, батташып, апам менен Сан-Хуанна канча тазалашса да, тагын кетире албай коюшкан. Экинчи жагынан улгайып калган, музыка сабагынан берген эжейибиз Браун айым, Прерия Ли аймагынан бери картайып, баспай калган атка чегилген араба менен беш чакырым жерден кылдырап келгенче, ысык өтүп, аты менен кошо кулап калбасын деп чочулашты. Кокус Браун айым антип калса, андан кутулуп, жыргайт белек?

Музыка сабагыбыздын токтогонун угуп, атам:

— Фортепианого каршылыгым жок. Бирок эркек баланын фортепиано үйрөнгөнү, жыланга кол чатырдын зарылчылыгы бар деген менен барабар, – деди.

Апам атамдын ал сөзүн кулагынын сыртынан кетирип, укмаксанга салды. Анткени, ал тун уулу – он жети жашар Гарринин чыныгы мырза болушун каалачу. Он сегизге чыгары менен биздин шаарчадан жүз чакырым алыс, Остинде жайгашкан университетте окутам деген кыялы бар болчу. Гезитте жазылган маалыматка караганда, аталган университетте жалпы беш жүз студент билим алып, гуманитардык факультетте он жети кыз бар экени, алар музыка, англис жана латын тилдерин үйрөнөрү белгилүү эле.

Атам болсо Гарри чоң бизнесчи болсо, пекан талааларына ээлик кылып, пахта тазалоочу машинени иштетип, өзүнүн жолун жолдосо деп кыялданчу.

Демек, атам кыздардын музыка сабагын алышына каршы эмес көрүнөт. Кызык, атам бул тууралуу жакшылап ойлонуп көрдү бекен?

Июндун аяк ченинде «Фентресс серепчисинин» маалыматы боюнча борбордук көчөлөрдүн биринде жайгашкан редакциянын имаратынын маңдайындагы термометрдин көрсөткүчү +41 градуска жетти. Эң кызыгы, көлөкөдөгү абанын температурасы тууралуу сөз да болгон жок. Менде дароо эмнеге деген суроо пайда болду. Акылы ордундагы адам мындай ысыкта эки секунд да күндүн алдында турбаса керек. Тескерисинче, баары көлөкө издеп, акактап, бактын көлөкө-

сүнөн сарайдыкына, эч болбосо аттын көлөкөсүнө жашынып жатышкандарга күбө болуп жүрдүк.

Ошондуктан, шаар тургундарына ачык жерге караганда көлөкөдөгү абанын температурасы дагы маанилүүрөөк деген ой кетти.

Редакцияга бул оюмду кат жүзүндө жазып жөнөттүм. Эртеси дароо гезит беттерине көлөкөдөгү абанын температурасын жаза баштагандарын көрүп, баарыбыз таң калдык. Көлөкөдө +35 градус дегенди көргөндө, өздөрүн серүүндөп калгандай сезишти.

Ысыкта үйдүн ичи болобу же сырты болобу, сансыз каптаган курт-кумурскадан баса албай калдык. Ал тургай аттын туягынын түбүндө да үймөлөктөшкөн чегирткелерди көрүүгө болот. Кечинде болсо ары-бери учкан жаркырак коңуздан көп неме жок. Бул жай бардык жагынан өзгөчө болду.

Кеч кирери менен баарыбыз чогулуп, далистин оозуна отуруп алып, учкан жарыкты аңдыган оюн таптык. Жеңүүчүгө апам жип-шуу салган баштыгынан көк жибек кездеме менен узунураак сызма таап, медальон жасады. Ошондон тартып, оюн баштагыдан да көркүнө чыга баштады. Башы оорубаган күнү апам жылтырак жип менен жибек кездеменин бетине «Фентресстик жаркырак коңуз» деген сайма түшүрдү. Ал кезде биз үчүн ага теңдеш белек жоктой сезилчү. Жеңүүчү сыймыктанып, аны эртеси күнү кеч киргенче тагынып жүрчү.

Виола ашкананы каптап кеткен кумурскадан арылуунун айласын таба албай жүрдү. Кумурскалар бир катарга тизилип, плинтусту жээктеп, терезенин кырын бойлоп барып, түз

эле раковинага түшкөн адат табышты. Виола алар менен кантип күрөшүүнүн амалын таппай калды. Көрсө, кумурскалар эч нерсеге карабай, түз эле сууга барышчу экен.

Ошол кезде негедир биз үчүн жаркырак коңуздар жакшы, ал эми кумурскалар кутулбас нерседей сезилчү. Бирок бир күнү оюма күтүүсүз суроо келди: «Экөөнүн эмне айырмасы бар? Курт-кумурскалар деле биз сыяктуу эле, ысыкта жашоо үчүн күрөшүп жүргөн тирүү жандар эмеспи?»

Күндөрдүн биринде жумуртка менен жасалган салаттын ичинде тоголок кара мурч жүргөндөй болгон. Бир маалда Виола ал мурч эмей эле кумурска экенин байкап калыптыр. Ага чейин Виола кумурскалардын айласын качан табат болду экен деп жүргөм.

Акыркы кезде курт-кумурскалардын айрым түрлөрү сансыз көбөйсө, айрымдары (мисалы, сөөлжан) таптакыр көрүнбөй калганын байкадым. Агаларым балык кармаганга да сөөлжан таппай калышты. Жер кургап, катып калса, кайдагы сөөлжан?

Бирок мен аларды чыгаргандын амалын ойлоп таптым. Ишенбей турасыздарбы? Анда ирети менен айтып берейин. Сөөлжандар жаанды жакшы көрөрү баарына маалым, туурабы? Демек, аларга эң оболу жамгыр жаадырыш керек деп ойлодум. Күнүнө эки жолу чакалап суу ташып келип, бактын көлөкөсүндөгү бир эле жерге куя бердим. Алтынчы күн дегенде сөөлжандар дабышымды угары менен сойлоп чыкчу болушту. Казып алып, он эки даанасын бир пенниден Ламарга сата баштадым. Ламар кайдан алганымды айттыра албай

канча асылса да, айтпай койдум. Бирок жакшы көргөн Гарри байкемден гана эч нерсе (айрым нерселерди эсептебегенде) жашыра албагандыктан, оозумдан чыгып кетти.

Гарри үстөлүндөгү тартмадан сыртында «Остинден белек» деген жазуусу бар, сырты кызыл булгаары менен капталган күндөлүктү алып чыгып:

— Кэлли Ви, бул сага. Колдонула элек. Мындан ары илимий байкоолоруңдун баарын бул күндөлүккө жазып жүр. Сенден чыныгы табият таануучу чыкчудай, – деп мага сунду.

Табият таануучу деген ким? Маанисин так түшүнбөсөм да, жайдын калган бөлүгүн табиятты изилдөөгө арноону чечтим. Айлана-чөйрөдө көзгө урунгандын баарын жазган кантип колуман келбесин деп ойлодум. Күндөлүк пайда болгондон бери көп нерсени байкай баштадым.

Алгачкы жазуум ысыкта солуп, кыймылдабай сулк жаткан иттерге арналды. Кыларга иши жокто инилерим аларды таяк менен чукулашса да, тоотпой жата беришчү. Бир маалда баштарын көтөрүп, чылапчындагы сууну шалпылдатып ичип бүтүп, кайра чаңды асманга сапырган бойдон барып, көлөкөдөгү ойдуң жерге жатып алышчу. Атамдын Аякс деген тайганы болсо кулагынын түбүнө келип, маа демектен мылтык менен атсаң да турчу эмес. Аякс тилин сунуп уктап аткан кезде, азуу тиштерине чейин санап, таңдай жагынан өткөн сызыктын алкымына чейин кетерин байкадым. Мындай түрү менен олжосун бир тиштесе коё бербесе керек. Канча жулунса да чыга албастан, жем болорунан шегим жок. Булардын баарын дароо күндөлүгүмө жазууну чечтим.

Мындан тышкары иттин кашынан анын учурдагы абалын байкаса болорун баамдадым. Күндөлүгүмө дароо: «Итте эмне себептен каш болот? Аларга каштын эмне кереги бар?» деген суроолорду жаздым.

Дал ушул суроону Гарриге берсем, жооп бере албай, андай нерселерди чоң атам жакшы билерин айтты.

Тилекке каршы, чоң атамдан сурабай эле коюуну чечтим. Анткени, чоң атамдын кашы иттикинен өтүп, ажыдардыкындай сапсайган. Ага мындай суроону бергенге даай албайм. Анын үстүнө аны менен өмүрүмдө маңдай-тескей отуруп, сүйлөшүп көргөн эмесмин. Ал тургай атымды билерин Кудай билет.

Андан кийин кезек чымчыктарга келди. Ошол жылы балта тумшуктар биздин аймакта өтө көп болгондуктан, Гарри:

— Балта тумшуктар быйыл абдан көп төлдөшсө керек. Жаңы Жылда жол жээктеги бактарды чымчыктар менен коздосок болчудай, – деген сөзү дароо көңүлүмдү ошол чымчыктарга бурдурду.

Бирок кургакчылыктын айынан уруктар жана мөмөнүн түшүмү кескин кыскаргандыктан, эркек чымчыктар ар бир бакты кызганып, бири-бири менен аёосуз чокушуп, согушкандарын көп байкачу болдум. Бир күнү бактын арасынан денесинен тамтык калбай чокулуп өлгөн кушту көрдүм. Бир жагынан таң калсам, экинчи жагынан абдан боорум ооруду.

Күндөрдүн биринде таң эрте далисте отурсам, отургучумдун артына бир чымчык келип конуп алды. Жарым карыш жерде турганын көрүп, ордумдан жылбай туруп калдым. Кызгылт-сары тумшугунун капталынан бозоргон, жумуру нерсе салаңдап турганын байкадым. Бир караганда көлөмү

оймоктой болгон бала чычканга окшоп кетти.

Кечинде тамак ичип отурганда бул тууралуу атама айтсам:

— Кэлпурния, балта тумшуктар чычкан жеши мүмкүн эмес. Алар жалаң гана өсүмдүк менен тамактанышат, – деп сөзүнүн аягына чыга элек жатып, башкага алаксып кетти. – Сэм Хьюстон, алдагы картөшкөнү бери жылдырып койчу.

— Мен жөн эле айтып койдум, атаке, – деп мукактана түштүм. Өз көзүм менен көргөн нерсени далилдей албаганыма өзүмө өзүмдүн кыжырым келди. Оюмдан балта тумшуктар эмнеге жан сактоонун мындай табигый эмес жолун тандап алгандары кетпей койду. Минтип отурса балта тумшуктар көп өтпөй жырткыч, мыкаачыга айланып кетишет го.

Жатарда атканадан сулу алып чыгып, жол жээкке чачып, күндөлүгүмдү алып чыктым да: «Жемдин тартыштыгынан келерки жылга чейин канча балта тумшук калар экен? Санап коюш керек» деп жазып койдум.

Күндөлүгүмө бул жайда чегирткенин эки башка түрүн байкаганымды жаздым. Буга чейин баарыбызга белгилүү кичинекей, шамдагай, жапжашыл, жонунда карала темгилдери бар чегирткени көрүп жүргөн болсом, быйыл болсо саргыч түстөгү, жашыл чегирткеден эки эсе чоң, семиз, илең-салаң баскан чегирткелер пайда болгонун байкадым. Салмактуу болгондуктан, конуп турган чөптүн башы ийилип кетет экен. Мындай чегирткелерди биринчи көрүшүм. Сарала чегирткелердин кайдан пайда болгонун сурабаган кишим (чоң атамдан башка) калган жок. Бирок эч кимден алгылыктуу жооп ала алган жокмун. Ага бирөө да кызыкпайт экен.

Башка айлам калбаганда, тобокелге салып, чоң атамдын лабораториясына барууну чечтим. Эшикке кадалган кендир мүшөктү жылдырдым да, эшиктин босогосунда калтырап туруп калдым. Үстөлдүн үстүндөгү айнек идиштерге киргилт-күрөң түстөгү суюктукту куюштуруп атып, чоң атам мени таң калып бир карады да, андан ары ишин уланта берди. Мени келдиби-келбедиби деп да койгон жок. Эмне кыларымды билбей мукактанып, чегирткелер тууралуу сурай баштадым. Чоң атам кайдан чыкты дегенсип, түшүнө албай карап калды.

— Менимче, сендей акылдуу кыз бул суроого жоопту өзү таба алат деп ойлойм. Тапканда кел, макулбу? – деди да, ары карап, дептерине бир нерселерди чиймелей баштады.

Экөөбүздүн кыска маегибиздин мазмуну ушундай. Чын эле ажыдаар менен сүйлөшкөндөй эле болдум. Убактым текке кетти. Дагы жакшы мага жалынын бүркүп жиберген жок. Же мага пайдасы тийсечи. Балким, Гарри менен келсем көңүл бөлмөк беле? Же алагды кылганыма кыжыры келдиби? Антейин десем, мени менен сыпайы эле сүйлөшкөндөй болду.

Чоң атамдын эмне иш кылып жатканынан кабарым бар болчу. Акыркы кезде пекан жаңгагынан виски жасоо менен алек болуп жүргөнүн билчүмүн. Жүгөрү менен картөшкөдөн спирт тартууга мүмкүн болгон, пекан жаңгагынан эмнеге болбосун деген ойду карманып алган. Ошол кезде биздин аймакта пекан жаңгагынан көп нерсе жок болчу. Алты акр өлчөмүндөй жердин баарын ээлеп жатчу.

Ошентип, чегиртке тууралуу жооп ала албаган бойдон, бөлмөмө кайтууга туура келди. Керебетимдин жанындагы шкафтын

үстүндө турган банканын ичиндеги жашыл чегирткеден жооп күткөндөй, далайга чейин тиктеп турдум. Сары чегиртке олдоксон, жай кыймылдаганына карабастан, кармай албай койгом.

— Силер эмнеге бири-бириңерге такыр окшош эмессиңер? – деген суроомо чегиртке жооп берген жок.

Эртеси таң эрте керебетимдин тушундагы дубалдын артынан чыккан шытыраган дабыштан ойгонуп кеттим. Күнүгө ушул маалда опоссум[5] ийинине кайтып келерин билчүмүн. Сан-Хуанна менин бөлмөмдүн үстүндөгү терезелерди калдыратып ача баштаганда туруп, керебеттин кырында бир топко чейин ойлонуп отурдум. Бир маалда сары чегирткелер таптакыр башка түргө кирсе керек деген ой кылт дей түштү. Чын эле бул ачылышты мен — Кэлпурния Тейт жасадымбы? Жаңы түргө аны ачкан адамдын аты ыйгарылчу беле? Эми мен атактуу боломбу? Атагым алыска тарап, губернатор атайын келип, колумду кысып, дароо университеттин дипломун ыйгарабы?

Кана эмнеден баштасам? Илим чөйрөсүнө эмгегимди кантип тааныта алам? Вашингтондун расмий өкүлүнө кат жазып, ачылышымды каттоодон өткөрүп койсом кантет?

Бир жолу кечки тамакта биздин аймактын чиркөө кызматкери — Баркер мырза менен чоң атам, Чарльз Дарвиндин «Түрлөрдүн келип чыгышы» аттуу китебин кызуу талкуурга алганы эсиме түштү. Колорадодо динозаврдын калдыктары табылды деген маалымат, «Башталыш» аттуу китептеги маалыматка дал келбегени, табият мыйзамы боюнча алдуулар алсыздарды жок кылып, тукум улай тургандыктарын кызуу

[5] Келес сымалдуу, желиндүү кемиргичтердин бир тукуму.

талкуулашкан. Мугалимим — Харботтл айым да, негедир Дарвиндин атын укса эле оңтойсуздана бергенин байкачумун.

Ал эми менин оюмча, мага азыр туура багыт бере турган бул – Дарвиндин китеби. Бирок ал китепти кайдан алсам болот? Биздин аймактан таба аларыма көзүм жетпейт. Анткени, биздикиндей алыс аймактарда алигиче эски көз караштарды кармангандар четтен чыгат. Ал эми Сан-Антонио аймагында эчак эле «Жалпак жер» аттуу коомдун жергиликтүү бөлүмү ачылган.

Ошентип, ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, Гарринин Локхартка соода кылганы бара турганы эсиме түштү. Локхарт — Колдуэлл округунун борбору болчу. Ал жерде чоң китепкана бар. Китеп аттуунун баары ошол жерде. Андан көрө Гарри мени ала кетсин деп суранайын. Негизи бир туугандарымдын ичинен Гарри мага бир да жолу «жок» дегенин уккан эмесмин.

Локхарттагы иштерин бүтүрүп коюп, Гарри көз жоосун алган саркеч көйнөктөрдү кийип, ары-бери өткөн айымдарды карап турду. Мен болсо ага тез эле келеримди эскертип коюп, аркы өйүздөгү сот имаратынын аянтын көздөй чуркадым.

Китепкананын ичи салкын, күңүрт тартып турат экен. Ак костюмчан, толмочунан келген кишиге китептерди көргөзүп жаткан, улгайган китепканачы турган текченин жанына бардым. Кезегим жетейин дегенде, сырттан баласын жетелеген бир айым кирди. Жакын келгенде алты жашар Жоржи менен Оглетри айымды тааныдым. Жоржи экөөбүздүн музыка мугалимибиз бир болгондуктан, Оглетри айым апамды жакшы билчү. Ичимден «Күбөлөр эле жетишпей жаткан» деп ойлодум.

— Кандайсың, Кэлли. Апаң менен келдиң беле?

— Жок, апам үйдө. Салам Жоржи.

— Салам! – деди Жоржи. – Бул жакта эмне кылып жүрөсүң?

— Жөн эле, китептерди карап жаткам. Алдыга өтүп, тандай бериңиздер. Мен күтө турам, – деп артка жылып барып, жылмайып, кол булгалап койдум.

— Чоң рахмат, Кэлли, – деп Оглетри айым ыраазы болду. – Тарбия көргөн кыз деген ушундай болот. Апаңды көрсөм сөзсүз айтам.

Бир далайга чейин улам бир китепти тандап жатышып, чыгары менен башка эч ким жокпу дегендей айланамды элеңдеп карап атсам, китепканачы мени тиктеп туруптур. Текченин жанына келип, акырын шыбырадым:

— Кечиресиз, сиздерде Дарвиндин «Түрлөрдүн келип чыгышы» аттуу китеби барбы?

— Кандай? Катуураак айтчы! – деп алаканын кулагына такады.

— Тээтиги жерде турган, Дарвиндин китебин бересизби, сураныч, – дедим калтыраган үн менен.

Теше тиктегенин көрүп, бир ордумдан жылбай катып туруп калдым.

— Ал китеп бизде жок, – деп китепканачы күңк этти. – Биз андай китепти кармабайбыз. Көчүрмөсү Остинде бар болуш керек. Почта аркылуу буйрутма кылсаң, элүү центтей төлөйсүң. Анча акчаң барбы?

— Жок.

Өңүм бозоро түштү. Өмүрүмдө анча акча кармап көргөн эмесмин.

— Андан тышкары, ал китепти окугандан мурун апаң жазуу түрүндө уруксат бериши керек. Уруксатың барбы?

— Жок.

Китепканачынын алдында кемсингеним аз келгенсип, желкем кызарып, кычыша баштады.

— Ушинтип айтат деп тургам, – деп китепканачы бышкырды. – Ишиң бүтсө, бара бер. Менин убактым жок, китептерди иреттешим керек.

Ызама чыдабай муунуп турсам да, карыган келемиштин көзүнчө ыйлагандан намыстандым. Башымды өйдө көтөргөн бойдон китепканадан чыгып кетүүгө аракет кылдым. Ызаланган бойдон Гарринин машинасы турган жерге келдим. Гарри бир нерсе болгонун дароо байкады. Бир жагынан желкемдин кычышканы барган сайын күчөп, жанымды жеп жиберди.

— Керектүү китеп ала албасаң, китепкананын эмне пайдасы бар? – деп чыдабай бурк эттим.

— Эмнени айтып жатасың? – деди Гарри түшүнбөй.

— Китепканага жакын жолотпой турган адамдарды айтып жатам. Гарри, андан көрө тезирээк үйгө кетеличи.

Күндүн ысыгында, узак жолдо, толтура жүк жүктөлгөн араба менен кайтып бараттык.

— Сага эмне болгонун айтчы, бөбөгүм? – деп Гарри сөз баштады.

— Эч нерсе, – деп кесе жооп бердим.

Кайдан эч нерсе болбосун? Ачуум келип, ызаланып, ичиме бугум толуп турса да, ортого салып, талкуулагым келген жок. Чекеси жазы шляпамды апам бетиме сепкил түшпөсүн

3628



[illegible] АМЕРИКА БОРБОРУ

деп, салып койгонуна сүйүндүм. Кырын ылдый түшүрсөм, бетим көрүнбөй, калкалап калат экен.

— Артында турган кутуда эмне бар экенин билесиңби? – деди Гарри.

Жооп бергим келген жок. Кутуда эмне бар-жогуна да кызыккан жокмун. Баарын жек көрүп турдум.

— Бул желдеткич. Апама алдым.

Гарриден башка бирөө болсо, сүйлөшмөк да эмесмин.

— Ошондой машина да болот экенби? – деп ооз учум менен сөзгө кошулуп койдум.

— Болот экен, көрсө. Жеткенде өзүң көрөсүң.

Ошентип, үйгө жеттик. Арабадагы жүктөрдү баары ызылдап түшүрө башташканда, чыдабай өзөн тарапка кетип калдым. Кийимимди чече салып, сууга секирдим. Байкуш көнөк баштар менен ташбакалардын жүрөгүн түшүрдүм окшойт. Мейли, чала болот! Китепканачы мени аябаган, буларды эмнеге аямак элем? Башымды сууга матырып алып, бугумду чыгарып, кыйкыра баштадым. Башымды көтөрүп, абадан кере дем алдым да, дагы эки жолу кайталадым. Муздак суудан кадимкидей сергий түштүм.

«Дүйнөдө жалгыз китеп болсо да эмне болуптур? Ага эмне анча бушайман болдум? Убагы келгенде менде да каалаган китептин түрү болот! Ошондо текчеге батпай, китептен сепил курсам да болот. Күнү-түнү шабдаалы жеп, китеп окуп отура берем. Ак-боз ат минген, соот кийген мырзалар жакын даап келе албай, сепилден чачымды түшүрүп кой деп суранышса, аларды данек менен аткылап, артын карабай качкыдай кылам.

Чалкаман түшүп, асманда өйдө-ылдый учуп, акробаттардай чимирилип, майда чымын-чиркей терип жеп жүргөн эки чабалекейге байкоо жүргүзүп жаттым. Бош убактым көп дегеним менен, жай мен күткөндөн бөтөнчө болду. Күндөлүккө жазган суроолорум эч кимди кызыктырбайт. Аларга жооп табууга жардам берейин деген эч ким жок. Күндүн мээ кайнаткан ысыгынан жандуу жана жансыз нерселердин баары соолуп бараткандай.

Байкуш эски чоң үйүбүздүн тегерек-четиндеги чөптөрдүн баары саргайып күйүп кетти. Жыл сайын бул убакта көк чөптүн үстүндө жыңайлак чуркап, ойночу элек. Быйыл саманга окшоп куурап калды. Саргайган чөптөн сары чегирткелер жакын келмейинче көрүнбөй турганын байкадым. Алар канаттарын дирилдетип, секирип барып, талп этип чөптүн арасына түшсө, эзели таба албайсың. Ошол себептен жай кыймылдап, көлөмдүү болсо да кармай албай жатсак керек. Сары чегирткелерге караганда кичинекей, шуулдаган жашыл чегирткелер колго оңой түшөт. Көзгө да дароо илинет. Акыркы кезде куштар да сары чегирткелерге караганда жашылдарын оңой кармаарын байкадым. Ошол маалда сары чегирткелер чөптүн арасынан шыкаалап, жолу жок туугандарын мыскылдап, карап турушса керек.

Бир маалда мага бир ой келди! Сары чегиртке жаңы түр эмей эле, жашыл чегиртке менен бир эле түргө кирет окшойт. Болгону сары болуп жаралгандарын чымчыктар саргайган чөптөн көрбөй калып, көбүрөөк жашашса, жашылдарын куштар чоңойтпой эле терип жеп койсо керек. Натыйжада, сарылары ысыкка тезирээк шартташып, аман калышат

окшобойбу. Чарльз Дарвиндин айтканында калет жок экен. Далилди алыстан издеп жүрсөм, короомдо жүргөн турбайбы.

Асманды тиктеген бойдон, агым менен калкылдап агып, ойлонуп бараттым. Бирок, өз тыянагымдан кемчилик таба алган жокмун. Акыры жээкке сүзүп чыгып, чырпыкты кармап сыртка чыктым да, алжапкычым менен курганып, кийинип алып, үйдү көздөй чуркадым.

Кире бериште баары үймөлөктөшүп, оозу ачык кутуну тегеректеп турушуптур. Таарындынын үстүндө өтө бийик эмес, алдында төрт желдеткичи, артында айнек шишеси бар темир машинага атам керосин куюп жатыптыр. Желекчелерин айланта «Эң мыкты Чикаго желдеткичи» деп жазылыптыр. Анан атам колуна ширеңкени кармаган бойдон:

— Баарыңар арткараак жылып тургула, – деп буйруду.

Керосин жыты аралаш, жел келе баштады.

— Ура! – деп агаларым туш тараптан кыйкырып жатышты.

Аларга кошулуп кыйкырганымдын себеби таптакыр башка экенин бири да байкаган жок.

Ошентип, желдеткич келгени жашообуз кадимкидей жеңилдей түшкөнсүдү. Түш ченде апам аны иштетип, атамды чакырган маалда, атамдын аркасы менен биз да сергип алууга аракет кылчубуз.

Бир күнү болгон күчүмдү жыйнап, терең дем алдым да, кайрадан чоң атамдын лабораториясына баруунучечтим. Кирсем, чоң атам эскилигинен жалпайып, капталын чычкан кемирип салган креслодо отуруптур.

— Чегирткелердин чоңураагы сары, кичирээги эмнеге

жашыл болорун билдим, – деп босогону аттаарым менен быдылдай баштадым.

Чоң атама ачылышым тууралуу төкпөй-чачпай айтып бердим. Талып кеткен бутумду улам бир жагына алмаштырып, тыянагымды баяндап берип жаттым.

— Бул тыянакты өзүң чыгардыңбы же бирөө сага акыл коштубу? – деди чоң атам.

— Өзүм…

Анан Локхарттагы китепканага барганымды, ал жактан кур кол кайтканымды айта баштаганда, мени таң калып карап калды. Баамымда сейрек кездешүүчү бир түр ачып жаткандай сезилди.

— Жүрү, – деди чоң атам.

Бирок үйгө жеткенче үн каткан жок. Ишине кайрадан тоскоол болуп, ачуусуна тийип алдымбы деп бушайман болуп келаттым. Мени кайда ээрчитип баратат болду экен? Тарбияласын деп, апамдын колуна салып бергени жатабы? Чоң атам балдарды эч качан ичине киргизбеген китепканасына жеттик. Өзү жазалайын деп аткан го? Кандай жаза колдонор экен? Тантыраган чегирткелер тууралуу кебим үчүн уруш жегени калдым окшойт? Колго чапканы жатабы же…? Оюма чар-жайыт нерселер келип, денемди калтырак басты. Илимий пикир айткыдай, мен ким болуп калыптырмын. Болгону эч ким таанybaган — Фентрестик Кэлли Ви Тейт аттуу кызмын.

Коркконума карабай, учурдан пайдаланып, китепкананын ичин кызыгып карай баштадым. Терезеде эки катар, кочкул жашыл түстөгү баркыт парда түрүлүп турса да, китепкана-

нын ичи күңүрт тартып турду. Терезенин оң жагында чоң булгаары кресло, лампа турган үстөл, жерде үйүлгөн китеп жатканын байкадым. Китептер пекан дарагынан (жашообузду пекансыз элестете албаганыбызды түшүнсөңүз керек. Ошондуктан ал тууралуу айтпай коюу мүмкүн эмес) жасалган текчелерде тизилген. Бөлмөнүн төр жагында, чоң жаңгак үстөлдүн үстүндө кызыктуу, өзгөчө нерселер турат. Мисалга алсак, сүйрү оймо-чийме түшүрүлгөн, жыгачка бекитилген төө куштун көңдөй жумурткасы, эчкинин терисинен ийленип жасалган кутуга салынган микроскоп, киттин сөөгүнөн оюп жасалган бийкечтин сөлөкөтү ж.б. Инжил менен чоң сөздүктүн жанында томпок айнек, түпкү ата-бабаларыбыздын сүрөттөрү салынган сырты тукаба фотоальбом турат.

Ий, эми эмне дээр экен? Инжилди окубайсыңбы же чоң аталарыңдан уялсаң боло деп уяткарабы? Оюма кайрадан ар нерсе келе баштады. Чечимин чыдамсыздык менен күтүп жаттым. Дубалдын боорунда алкактарга салынган түрдүү курт-кумурскалардын коллекциялары, жайнаган түркүн-түстүү көпөлөктөр. Ар бир көпөлөктүн алдына илимий аттары кооздолуп жазылган. Жакындан көргөнгө ашыгып, алдыны көздөй жылдым.

— Аюудан абайла! – деди чоң атам.

— Эмне болгон аюу? – деп түшүнбөй калдым.

— Алдагы бутуңдун жанында жаткан аюуну айтып атам, – деди чоң атам тиштерин ырсайтып жаткан кара аюунун терисин көрсөтүп.

— Кечиресиз, аюу мырза, – деп башынан аттап кеттим.

Караңгыда көрбөй тебелеп кетип, тиштерине илинсең, капканга түшкөндөн айырмасы болбой турган.

Чоң атам чөнтөк саатынын чынжырына байланган ачкычты алып чыгып, чоң айнек шкафтын оозун ачары менен ичинен китеп, катырылган куштар, жаныбарлар, айнек идиштерге салынган курт-кумурскалар көрүндү.

Жакындан көрүүгө ашыгып, жанына бардым. Көзүмө дароо жону дүңкүйгөн, одур-бодур болгон түрү суук армадилл[6] урунду. Чоркок бирөө жасаганы көрүнүп турат. Кызык, чоң атам аны эмне кылат? Аны жасаган адамга караганда мен жакшыраак жасамак болушум керек.

Армадиллдин жанында, он беш литрлик калың бөтөлкөнүн ичинде, денеси жумуру, колдору тарбайган, көздөрү тостойгон бир жаныбар салынып турат. Буга чейин ал сыяктуу жаныбарды жолуктурган эмесмин. Кебетеси түшкө кирчүдөй экен. Бул эмне жандык болду экен? Жанына жакыныраак бардым.

Чоң атамдын китептери коюлган текчеге көз чаптырып жатып, «Жылуу аба толтурулган шар менен учуу теориясы» аттуу китептин жанында турган Дантенин «Тозок» деген китеби көңүлүмдү бурду. Чоң атам алардын арасынан ага катар «Сүт эмүүчүлөрдүн көбөйүү жолу», «Аялдын сөлөкөтүн тартуу боюнча курс» деген китептерди карап келип, арасынан кыры жылтырак, жашыл булгаары менен капталган китепти сууруп чыкты. Чаңын жеңи менен тазалап, эңкейип, мага «Түрлөрдүн келип чыгышы» деген китепти сунду. Көргөн

[6] Мүйүз калкан менен капталган сүт эмүүчүлөр түркүмүндөгү жаныбар.

көзүмө ишене албай турдум! Алыс жактан издеп жүрсөм, өз үйүмдө бар турбайбы.

Китепти кош колдоп, аяр кармаганымды көрүп, чоң атам мыйыгынан күлүп турду. Ошол күндөн тартып чоң атам экөөбүз кыйышпас досторго айландык.

## 2-БӨЛҮМ

# КУТМАНДУУ ТАҢДАРДЫН БИРИНДЕ

**Тукум куучулукка байланыштуу мыйзамдар туу-ралуу бизде дээрлик маалымат жокко эсе. Себеп-терин да эч ким так айта албайт... кичинекей ба-лада чоң атасына таандык айрым кулк-мүнөздөр даана байкалышы мүмкүн....**

Үч күндөн кийин таң атпай, байкелерим али таттуу уйкуда жаткан, айлана-чөйрө мемиреп тынчтыкка бөлөнүп турган кезде, акырын сыртка чыктым. Отуз кадам өтүп барып, күн караманын бир ууч данын чымчыктарга чачтым да, сарайдан таап чыккан, эскилиги жеткен жаздыкты алдыма коюп, да-листин тепкичине отурдум. Сырты кызыл булгаары күндөлү-гүмдү алып чыгып, көргөн нерселеримдин бардыгын жазууга камындым. Чыныгы табият таануучу ушинтет да, туурабы?

Бир маалда одур-бодур шифер плита төшөлгөн жолдо чемичке секирип бараткандай көрүндү. Мына кызык! Жакшы-лап карасам, болгону эки сантиметрдей чоңдуктагы, тырмак-тай кур бака кырк аякты кубалап баратыптыр. Карап турсам, экөө кубалашып барып, чөптүн арасына кирип кетишти.

Көп өтпөй ары жактан чоң түктүү музоо баш чыкты.

Ал тарбаңдап бир нерсени кубалап бараткanyн же тескерисинче качып бараткanyн түшүнбөй калдым. Азыр эле мен көргөн нерселер табияттагы көрүнүштөрдүн бир эле чети болсо керек деген ой келди. Мен го бул жакта жөн гана байкоочумун. Тиги байкуштар жан талашып качып бараткандарына караганда, жашоосу кылдын учунда турса керек?

Дагы байкап турсам, үйдүн артынан колибри[7] чымчыгы учуп чыгып, ысыкта шылкыйып, соолуп турган лилия гүлүнүн чөйчөкчөсүнө култ этип кирип кетти. Андан чыгып, жанындагы башка гүлгө конду. Мончоктой болгон мынчалык кичинекей, кооз чымчык канатын сермегенде чыккан дирилдеген дабышка таң калып турдум. Бир маалда гүлгө конуп турган колибри мени байкап калды көрүнөт, асманга сызып учуп чыгып, кайра түз эле мени качырып, учуп келатты. Эмне кыларымды билбей селейип туруп калдым. Сиздерге калп, мага чын, так маңдайыма келип, абада канаттарын сермеп турганда келген желге чыдабай көздөрүмдү жумуп жибердим. Көздөрүмдү канчалык жумбайын десем да, шарттуу реакциядан улам өзүнөн-өзү жумулуп кетти. Бир аздан кийин көзүмдү ачсам, колибри небак эле учуп кетиптир. Канаттары эле болбосо, пекан жаңгагынын дал өзү. Батынып, мынчалык жакын келгенин кантип түшүнсө болот? Анын кайраттуулугунанбы же кызыкканынан уламбы? Бир шилтесем жок болору менен иши жок.

Бир жолу атамдын Аякс деген ити колибри менен таймашып, жеңилип калганы эсимде. Колибри улам иттин кыжырына тийип, ары-бери чымын-куюн болуп, үстүнөн айланып,

[7] Тропиктик өлкөдө жашоочу эң кичинекей ала чымчык.

тынбай уча бергенин карап туруп, аягында башы айланып далиске кире качкан. (Ошондон улам иттердин чындап эле башы айланып каларын билгем. Биздин Аякс башы айланганда эмне кыларын билбей куйругун жалай баштайт.)

Бир маалда эшик ачылып, үйдөн ийинине эски булгаары баштыгын асынып, бир колуна көпөлөк кармаган тор, экинчисине жыгач таягын көтөрүп чоң атам чыкты.

— Кутмандуу таңың менен, Кэлпурния, – деди чоң атам. Демек, менин атымды билет экен.

— Кутмандуу таңыңыз менен, чоң ата!

— Алдыгы колуңдагы эмне?

Ордумдан ыргып туруп, чоң атама күндөлүгүмдү көрсөтө баштадым:

— Бул менин илимий байкоолорумду жазган күндөлүгүм, – деп сыймыктануу менен айттым. – Гарринин белеги. Байкоолорумдун баарын жазып жүрөм. Булар болсо эртеден бери жазгандарым.

«Илимий» деген сөздү кошпогонум менен, чоң атама олуттуу иш жасап жатканымды далилдөөгө аракет кылып жаттым.

Чоң атам баштыгын жерге коюп, көз айнегин алып чыкты да, тизмени окуй баштады:

*Балта тумшуктар, алардын эркеги жана ургаачысы;*
*колибри жана башка чымчыктар (?);*
*коёндор;*
*мышыктар;*
*жашыл түстөгү кескелдириктер;*

*ар түрдүү курт-кумурскалар;*

*К. В. Тейт ачкан чегирткелер, чоң сары жана кичинекей жашыл түрү (экөө бир эле түргө таандык);*

Окуп чыгып, чоң атам көз айнегин алды да, күндөлүктү мага сунду.

— Ишиңдин башы жакшы!

Ичим тартына түштү.

— Башы дейсизби? Бүгүнкүгө жетишерлик го дейм.

— Кэлпурния, сен азыр канчадасың?

— Он экиде.

Чоң атам мени тигиле карап калды.

— Он бир жаш, тогуз ай, – деп түзөтүү киргизип койдум. – Жалпы жонунан он эки жаш деп койсо болот. Айырмасы деле жок.

— Дарвин мырзанын китебинен тыянак чыгардыңбы? Жылыш барбы?

— Албетте! Сонун китеп экен! Чынын айтсам, аягына чейин окуп бүтө элекмин. Убакыт керек экен. Биринчи бөлүмүн бир нече ирет кайталап окудум, бирок толук түшүнө албаганымды моюнума алам. «Табигый тандоо» деген бөлүмүнө жеттим. Өтө татаал тил менен жазылгандыктан, толук тишим өтпөй жатат.

— Демек, Дарвин мырза бул китепти жазганда, он бир жаш тогуз ай болгондорду, жалпы он эки жаштагыларды эске албаса керек, – деди чоң атам олуттуу түр менен. – Кааласаң экөөлөп талкуулайлы, макулбу?

— Албетте, макулмун!

— Мен өзөндөн ийнеликтин «*Odanata*» деген түрүн кармап келгени баратам. Жүрү, барасыңбы мени менен?

— Ооба, рахмат!

— Күндөлүгүңдү алып ал.

Баштыгынын оозунан үлгү салган кичинекей айнек бөтөлкө, «Курт-кумурскалар» тууралуу талаа китепчеси, тамак-аш салынган торбо жана суу куюлган жалпак күмүш бөтөлкөнүн башы кылтыйып көрүнүп турду. Чоң атам күндөлүгүм менен калемимди үстүнө салып койду. Көпөлөк кармаган торду мен ийиниме асынып алдым.

— Уруксатпы? – деп чоң атам куду айымды чакырып жаткан мырзага окшоп мага колун сунду. Чоң атамды колтуктасам, бою менден узун болгондуктан, асылып калат экенмин. Колтукташып басып баратып, аз жерден экөөбүз тең тепкичтен тоголонуп кете жаздаганда, колун ылдый тартып, бекем кармап алдым. Колдору куудурап, абдан катуу экен.

Талаага жеткенде чоң атам улам бир жалбыракты, ташты, топуракты кыя өткөрбөй, кармалап жүрүп отурду. Чындыгында, андай майда-чүйдө нерселерге мен көңүл да бурмак эмесмин. Чоң атам токтоп алып, ар бир нерсенин ары жак, бери жагын кылдат караганын байкадым. Бирок коңуз болобу же бир ууч топуракпы кайрадан аярлап өз ордуна алып барып коюп жатты. Мен болсо колумдагы торду колдонууну чыдамсыздык менен күтүп бараттым.

— Кэлпурния, адамзатка белгилүү жандыктардын негизги бөлүгүн курт-кумурскалар тобу түзөрүн билчү белең?

— Чоң ата, сизден башка эч ким мени Кэлпурния дебейт. Кээде апамдын ачуусу келгенде гана ошентип айтышы мүмкүн, – дедим.

— Эмне үчүн? Кэлпурния деген ченебеген ат. Кичи Плиниянын эң сүйүктүү төртүнчү аялынын аты – Кэлпурния болгон. Кийинчерээк Кэлпурнияга арнап жазган теңдешсиз сүйүү каттары табылган. Мындан тышкары Кэлпурния – алтыгананын бир түрү. Ал Африка континентинде өсөт жана «алтын жамгыр» деген ат менен белгилүү. Шекспирдин чыгармасында Юлий Цезардын жубайынын аты да Кэлпурния болгону маалым. Деги койчу, тизмени улай берсек сөз жетпейт.

— Мен буларды билчү эмесмин...

Кызык, эмнеге буга чейин эч ким атымдын маанисин айтып берген эмес? Мисалы, Гарриден башка бир туугандарымдын аттары Мексика согушунда Аламо аймагын коргоп, курман болгон Техас баатырларынын атынан коюшканы белгилүү болчу. (Ал эми Гарринин атын аталаш чоң аталарыбыздын атынан коюшкан. Ал өтө бай болгон, бирок өмүр бою бойдок өткөн. Мураска байланыштуу болсо керек). Менин атымды апамдын улуу эжесинин атынан койгонун билчүмүн. Дагы жакшы, апамдын кичүү сиңдилеринин атынан койбоптур. Болбосо азыр же Агата, же Софрония, же Вонзетта болуп жүрмөкмүн. Андан да жаман ат коюп салышса эмне кылат элем? Мисалы, Хогг аттуу губернатордун кызынын аты – Има. Элестетсеңиз, толук аты — Има Хогг. Өзү келишимдүү, чириген бай болсо да, атынын айынан байкуш кыйналып жүрөт.

Албетте, байларды эч ким көзүнчө мазактай албайт деңизчи... Мага буга чейин Кэлпурния деген ат эмнеге жакпай жүргөнүн билбейм. Азыр гана өз атымдын муза, поэзия сымал кооз экенин билип отурам. Буга чейин аны эч ким чечмелеп айтып бербегени өкүндүрөт.

Эң негизгиси азыр билип, сыймыктанып отурам. Жашасын Кэлпурния!

Ошентип, чоң атам экөөбүз токойдогу бадалдарды аралап бараттык. Чоң атам көз айнек тагынып, бир топ жашка барып калса да, мага караганда алда канча көрөгөч экен. Мен алдымдагы жерге түшкөн жалбырактар менен бутактардан башка эч нерсе көргөн жокмун. Чоң атам болсо алардын арасына жашынган коңуз, кескелдирик, жөргөмүштөрдөн бери байкап жатты.

— Тээтиги коңузду көрдүңбү? – деди чоң атам. – Менимче, бул «*Cotinus Texana*» аттуу анжыр дарагында жашаган, жалпак тумшуктуу коңуздардын бир түрү. Быйылкыдай кургакчылыкта кездешпейт го деп ойлогом. Абайлап, кармап келсең.

Чоң атам айтары менен, бир эле жаңсап, коңузду торго түшүрдүм. Чоң атам тордон алып чыгып, алаканына койгондо, башка коңуздардан айырмачылыгын деле байкаган жокмун. Көлөмү эки сантиметр келген, түсү жашыл тарткан коңуз экен. Бирок чалкасынан койсо, тыбырчылаган сайын курсак жагы жашыл, көк, кочкул кызыл түстөргө бөлөнүп кулпурса, так эле апамдын кооз төөнөгүчүнө окшоп калат экен.

— Аа-ий, кандай керемет!

— Коңуздардын бул түрүн Байыркы Египетте ыйык тутушкан. Алар таңдын атышы жана акыреттин символу катары

колдонулган. Кээде аларды жасалга катары да тагынып жүрүшкөн, – деди чоң атам.

— Чын элеби?

Көйнөктөрүнө кантип тагып жүргөндөрүн элестете албай жаттым. Кызык, аларды төөнөгүч менен төөнөгөнбү же жабыштырып алышканбы? Экөөнү тең элестетүү кыйын.

— Ме, кармап көрөсүңбү? – деп чоң атам коңузду алаканыма салды.

Бирок коңуздан коркпогонум мактангыдай эле нерсе болду. Болгону билегимден өйдө сойлоп баратканда кытыгым келип кетти.

— Муну үйгө алып кетебизби, чоң ата?

— Жок, коллекциямда коңуздун бул түрү бар. Ошондуктан коё берип жибергенибиз эле оң, – деди.

Колумду ылдый түшүрөрүм менен коңузубуз, ой кечиресиздер «*Cotinus Texana*» акырын барып, анан артын карабай качып барып, көздөн кайым болду.

— Кэлпурния, илимий ыкмалардын кандай түрлөрүн билесиң? – деп чоң атам ар бир сөзгө басым келтирип айтты.

— Мм, анча деле билбейм.

— Мектепте силерге эмнелерди үйрөтүп жатат? Сабактарга катышып жатасыңбы?

— Албетте. Бизге адабият, жазуу, арифметика жана таза жазуу сабактары кирип жатат. Андан тышкары адеп сабагы бар. Түз отурганым үчүн ар дайым жакшы баа алам. Бирок тигүү жана токуу сабагынан начармын. Апам буга абдан кабатырланып жүрөт.

— Оо, Жараткан! Мектептеги абал мен күткөндөн кыйла начар турбайбы, – деди чоң атам.

Сөзүнүн маңызын толук түшүнө албасам да, эмне себептен антип айтканы мени ойлондурбай койгон жок.

— Физика сыяктуу табигый илимдерди окуйсуңарбы?

— Бир жолу ботаника сабагы кирген. Физика дегенди укпаптырмын.

— Демек, Исаак Ньютон деген ысымды өмүрү уккан эмессин дечи? Фрэнсис Бэкон тууралуу сөз кылбай эле коёлу.

Чоң атам атаган ысымдар мага күлкүлүү угулду. Бирок чоң атамдын жүзүнөн бул аттар салмактуу экенин, күлсөм чоң атам капа болорун сезип токтоп калдым.

— Анда силерге мектепте жер жалпак, кырына жеткен кемелерди ажыдаар соруп алат деп айтып беришсе керек? – деп мени тигиле карады. – Экөөбүз талкуулай турган нерсе көп экен. Дагы кеч эмес. Андан көрө, кел оңтойлуу бир жер таап, эс алып алалы.

Өзөндүн жээгинде өскөн пекан дарагынын көлөкөсү түшкөн, ыңгайлуу бир жерди таптык. Чоң атам берилип, абдан кызыктуу нерселерди айтып бере баштады. Чындыкты далилдөөнүн түрдүү ыкмаларын, Аристотелдей (акылдуу болгону менен, оюна келген нерсени айта берген байыркы грек окумуштуусу) болуп бир жерден жылбай ойлонуп отура бербей, өз алдынча байкоо жүргүзүү зарыл экенин айтты. Алгач илимий божомолдорго таянып тажрыйба жана байкоо жүргүзгөндөн кийин гана тыянак чыгаруу керек экендигин, алган тыянактарды кылдат текшерүү кректигин эскертти.

Андан тышкары Оккаманын устарасы, Птоломей жана катмарлардын гармониясы тууралуу баяндап берди. Адамдар көп жылдар бою күн жана планеталар жерди айланат деп жаңылыш ойлоп келгендиктерин, Линней жана анын өсүмдүктөр жана жаныбарларга таандык классификациясы тууралуу сөз кылды. Көрсө, жаңы түрлөрдү ачууда дал ошол Линнейдин системасы колдонулат экен. Дагы чоң атам Коперник жана Кеплер деген ысымдарды атап өтүп, Ньютондун алмасы өйдө жакка эмес, ылдый жакка түшкөнүнүн себебин, Ай эмнеге Жерди айланары тууралуу айтып берди. Ошондой эле дедуктивдүү корутундудан индуктивдүү корутундунун айырмасын, индуктивдүү ыкманы Фрэнсис Бэкон (бул да күлкүлүү ат экен, ээ?) сунуштаганы тууралуу кеп салды.

Андан кийин 1888-жылы Вашингтонго барганын, ал жакта алгачкы жолу жалаң мырзалардан турган Улуттук географиялык уюм негизделгенин, ал уюмга чоң атам мүчө болуп киргенин баяндап берди. Алдыларына койгон негизги максаттары биргелешип глобустагы актай жерлерди толуктап, Жарандык согуштан бери калган эски көз караштардан жана ишенимдерден арылуу болчу.

Чоң атам берген түрдүү маалыматтан башым айланып калды. Бирок бул маалыматтарды жалпылаштырып, жер шары тездик менен өнүгүп жатканын баамдадым. Муну жөн эле бет аарчыга сайма түшүрүү жана токуу менен салыштырып болбойт.

Бактын көлөкөсүндө чоң атам берилип аңгемесин улантып жатты. Мен болсо аарылардын ызылдаган дабышына

жана гүлдөрдүн ары-бери ыргалганына көшүп, угуп отурдум. Убакыт кантип өтүп кеткени билинбей, төбөдөгү күн жай жылып баратты (биз алды жагынан жай жылып өтүп, күн түнгө алмашты десек туура го дейм). Чоң атам экөөбүз ортосуна быштак менен көк пияз салынган сэндвичти, кесилген пекан пирогун жана темир бөтөлкөдөгү сууну бөлүп ичтик. Чоң атам суудан дагы бир-эки жолу кере жутту да, кыйшайып эс алып жата турууну чечтик. Айланада чымын-чиркейлер менен курт-кумурскалардын ызылдаганы, чыртылдаганы угулуп жатты.

Турар замат уйкубуз ачылсын деп бет аарчыларыбызды суулап, сүртүндүк да, жээкти бойлой үйгө бет алдык. Чоң атам мен кармап келип берген курт-кумурска, чымын-чиркейлердин бирөөсүн гана алып калып, капкагы тешик айнек банкага салып, калгандарын коё берип жиберди. Ал банка көзүмө абдан тааныш көрүндү. Менимче, аны чоң атам ашканадан алса керек (Анткени, Виола ашканадан ар дайым банкалар жоголуп кетерин айтып арызданганда, апам бир туугандарымдын баарын тизип алып урушканы эсимде. Бул ирет алардын эч кандай күнөөсү жок көрүнөт.)

Банкага чапталган кагазга датасы менен убактысын жазып, жери деген жерге эмне жазарыбызды билбей турдук.

— Азыр турган жерибизди так аныктоого туура келет, – деди чоң атам. – Керек болгон учурда кайра таба алгыдай, кыскача сүрөттөп жаз.

Мен күн тийип турган жерди аныктоо үчүн бактын арасынан шыкаалап карап, болжол менен канча аралык басып өткөнүбүздү аныктоого аракет кылдым.

— Чоң ата, Тейттердин үйүнөн батышты көздөй, эмен дарагынын жанындагы үч сөңгөк турган жер деп жазсам болобу? – дедим.

Чоң атам башын ийкеп койду. Андан бир аз нарыраак барып, бугулар өткөн жалгыз аяк жолду көрдүк. Жолдогу тезектерден улам бул бугунун жолу деген тыянакка келдик. Бир аз байкап турсак, бир карыштай жерден куйругу ак ургаачы бугу өтүп кетти. Мындай ири жаныбар кантип эч дабышын билгизбей, бадалдардын арасынан шуудуратпай өтүп кетти? Бугу көпкө чейин көздөрүн жалжылдатып мени карап турду. «Көздөрү бугунукундай» деген салыштыруулардын маанисин эми түшүндүм. Көздөрү тим эле бажырайып, коймолжун тартып турат экен. Көзүнөн эле канчалык назик, жоош жандык экенин билсе болчудай. Кулагын тикчийтип тыңшап калса, эки кулагы эки жакка кыймылдап, күн көрүнүп турат экен. Жанындагы музоосун көрүп, тим эле эт жүрөгүм элжирей түштү. Менимче анын келбетине дүйнөдөгү бир да жандык тең келбейт го дейм. Керилип турса, туяктары ипичке узун, жүндөрү сеңселген жупжумшак экен. Боорума кысып алып, аңдыган койоттордон, аңчылардан, кыйынчылыктардан, жемдин тартыштыгынан коругум келди. Мындай кереметти атууга кимдин колу барат болду экен? Карап турсам, музоо туяктарын бүгүп, жерге чөк түшүп отурса, ак тактары күнгө чагылышып, күрөң тактары жердин түсү менен аралашып, турган жеринен көздөн кайым болуп кеткендей сезилди.

Чоң атам экөөбүз беш мүнөттөй ордубуздан жылбай карап турдук да, баштыктарыбызды жонубузга асып, жолубузду

андан ары уладык. Өзөндү бойлоп үйгө жеткенче, күүгүм кирип кетти. Жолду кыскартуу үчүн, бадалдарды аралап отуруп, түз эле үйдүн маңдайынан чыктык. Жолдон келатып чоң атам жаратылышта сейрек кездешкен, көлөмү тооктун жумурткасынан кичирээк, кооз колибринин уясын таап алды.

— Бүгүн жолубуз жакшы болду! – деп чоң атам сүйүнүп кетти. – Муну көзүңдүн карегиндей сакта, Кэлпурния! Бул өмүрүңдө сейрек кездешчү нерсе.

Колибринин уясын жомоктогу сыйкырдуу периштелер токугандай сезилди. Ал оюмду аз жерден сыртымдан айтып жибере жаздап, токтоп калдым. Себеби, илимий уюмга мүчө боло турган адамдын балдар жомогу менен салыштырганы жөнсүз болмок.

— Муну кантип алып кетебиз? – дедим уяны кармагандан тартынып.

— Азырынча банканын ичине сала туралы. Анан китепканадан буга чак айнек куту тапканга аракет кылабыз. Ага чейин бөлмөңө коюп алып, суктанып карай тур.

Китепкананын аймагы чоң атама гана тиешелүү болгондуктан, башкабыз тургай атам менен апам да сейрек киришчү. Сан-Хуана үч айда бир чаңдарын тазалап, сүрүп турчу. Бир жакка чыгарда чоң атам китепкананы кулпулап кетчү. Кээде үйдө жалаң балдар калган кезде, шоктонуп китепкананын айнегинен кирип жүрүшкөнүнөн чоң атам шек санаган да эмес. Бир жолу Гарриден кийинки агам — Сэм Хьюстон китепкананын терезесинен кирип, Мэттью Брэдинин альбомун шашпай көрүп, согуш талаасында ылайга батып калган аттардын, өз-

дөрү бир жерде, кийимдери ар кай жерде чачылып, асманды тиктеген бойдон өлүп жаткан аскерлердин сүрөттөрүн көрүп, энтигип бизге келип айтып бергени эсимде.

Ошентип, үйгө беш чендерде жеттик. Алдыбыздан жолубузду тосуп Жим Боуи менен Аякс чуркап чыгышты.

— Кэлли, апам эми сага сонунду көрсөтөт! – деп Жей Би чоң атасын көзүнө илбей эле жаңылыктарды айта баштады. – Музыка сабагын калтырганың үчүн апамдын ачуусу аябай келип жатат.

Анын айтканынын жөнү бар болчу. Музыка сабагы кайра башталганына аз эле болгон. Эми калтырган сабакты кайталап, андан тышкары жарым саат жеме угарым турган иш болчу. Ага өтө деле кыжалат болгон жокмун. Себеби, бүгүнкү күн мен үчүн эч нерсеге теңдешсиз болду. Фортепианону жарым саат эмес, мага демектен миң саат кайталаганга да даяр турдум.

Китепканасынан чоң атам колибринин уясына ылайык айнек куту таап берди. Чоң атам китепканада калды, мен болсо түз эле апамдын жемесин угууга жөнөдүм.

Кечки тамакка чейин апам берген жазаны өтөгөнгө жетиштим. Фортепиано ойноп жатканда, жүрөгүм алып учуп, өзүмө күндөгүдөн жеңил, жакшы черткендей сезилди.

Бутумду тарта албай чарчасам да, маанайым абдан көтөрүңкү болуп турду. Колибринин уясын жанымдагы шкафтын үстүндөгү чачка таккан шпилька менен лентанын жанына коюп алдым.

Кийинки жумада күндөлүккө төмөндөгү маалыматтарды кошумчалап жаздым:

Саат 6:15. Күн ачык, түштүктөн сыдырым жел согуп жатат.

*8 бакма коён (7 ургаачы, 1 эркек);*

*1 скунс (жаш экен, апасынан адашып кетсе керек);*

*1 опоссум (сол кулагында жараты бар);*

*5 мышык (3 үйдөгү, 2 жапайы);*

*1 жылан (уусу жок сары жылан);*

*1 кескелдирик (түсү куду лилиянын жалбырагындай жашыл, арасына кирип кетсе көрүнбөй калат экен);*

*2 кызыл куйрук жаман сары кушу;*

*1 жаман сары кушу;*

*3 кур бака;*

*2 колибри чымчыгы (Rufous түрүнө киреби?);*

*сан жеткис Odonata, Hymenoptera, Arachnidae тобуна кирген курт-кумурскалар.*

Чоң атама күндөлүгүмө жазгандарымды көргөзсөм, жактыргандай башын ийкеп койду.

— Кызык, бир ордуңдан жылбай отуруп деле көп нерсени байкаса болот экен.

## 3-БӨЛҮМ

# ОПОССУМ МЕНЕН КАРМАШ

**Кээде бир эле жемиштин уругу, же бир эле малдын тезеги бири-биринен кыйла айырмаланып турат... алардын бирдей шартта болгону эч таасир этпейт...**

Үйдүн артындагы опоссумдардын кармашы кайрадан жанданды. Мажүрөө жана кыбыр болсо да, кармашты десе болобу, билбейм. Бирок эң негизгиси бул менин опоссумдарга жакшылап байкоо жүргүзүүмө шарт түздү.

Күн сайын окшош нерсе кайталана берет: май баскан, семиз, боз опоссум жугундуга тоюп алып, жер төлөдөн башын кылтыйтып чыгарган кезде, ал аймакты менчиктеп алган мыштардын бири сөзсүз аңдып турган болот. Маңдай-тескей чыгып калышса калчылдашып, үрпөңдөп, бир далайга чейин тиктешип турушат да, опоссум чыдабай кетип, тиштерин ырсайткан бойдон, бир капталына талп этип кулап түшөт. Майда урчуйган тиштерин көрсөтүп, бир жерди тиктеген бойдон кыймылдабай жата берет. Ал тургай муруттарына чейин катып калгандай сезилет. Бул көрүнүш «Опоссум өлүмү» деген ат менен белгилүү.

Мышык опоссумдун бул жоругун канча көрсө деле, кайра шек санап бир топко карап турат да, жанына акырын келип жыттап, душманынын ары жак, бери жагына чыгып карап, мөрөйүнө жеткенсип, ашкананы көздөй жөнөйт. Опоссум болсо мышык кеткенден кийин өлүмүш болуп дагы беш мүнөттөй жата турат да, анан ордунан ийне менен сайгандай ыргып туруп, кайра тамак уулаганы кетет.

Бул көрүнүш жай бою кечкисин Кудайдын куттуу күнү кайталанса да, же опоссум, же мышык, же мен тажабай койдук. Сыягы мындай кансыз согушта ар ким өзүн жеңүүчү сезгени алда канча жакшы көрүнөт.

Күнүгө таңкы беште опоссум уудан кайтып келип, алгач жер төлөгө кирип кетет. Анан кайра тырмалаңдап жогору чыгып бараткан дабышы дал менин керебетимдин тушунан угулат. Күнүгө дал саат беште опоссумдун ошол шытыраткан дабышынан ойгоном. Менимче, биздин үйдөгүлөрдүн эч кимиси опоссумдан кабары жок. Мен да ал тууралуу оозумдан чыгарбаганга аракет кылам. Анткени, апам билип калса, Сан-Хуананын жолдошу Альбертонун тешикти бүтөп, капкан салуусун буюрарын жакшы билем. Опоссум биздин үйдө кенен-чонон өз үйүндөй жүргөнүнө каршы эмесмин. (Күндөлүккө жазчу суроо: Опоссумдар так убакытты кантип ажыратып билишет?).

Чоң атамдан сурасам, ал олуттуу түр менен:

— «Алиса керемет өлкөдө» аттуу жомоктогу коёндой, балким, чөнтөгүндө сааты бар чыгар? – деди.

— Аа, ооба, – дедим күлкүм келгенин билгизбей.

Бул тууралуу жакын курбум Лулу Гейтске айтып берүүнү унутпайын деп күндөлүгүмө жазып койдум.

Бир күнү кечинде чоң атамдын жанына бийик отургуч коюп, пекан жаңгагынан ликёр жасоо менен алышып жатканын карап отургам. Бир замандарда кулдар баш калкалаган бул бөлмөнүн шыбынан бири узун, бири кыска, он экиден ашык керосин куюлган шам чырактар салаңдап турат. Сүзүп албаганга аракет кылыш керек. Шам чырактардын баарын тегиз күйгүзгөндө, кичинекей бөлмөнүн ичи жаркырай түшөт. Бирок апам ар дайым өрт чыгып кетпегей эле деп чочулагандыктан, Альбертого өзөндөн чоң чакаларга кум алып келип, бурчтарга койдуруп салган. Терезелердин айнектери салынбагандыктан, ордуна таар кадалган, ошондуктан курт-кумурскадан коргоном дегениң куру эле сөз. Өзгөчө кечкисин жетим көпөлөк менен майда чиркей каалашынча кирет.

Чоң атам пекан жаңгагынан ликёр жасоо менен алышканына көп болду. Анын илимий тажрыйбалары мени анча деле кызыктырбайт, бирок чоң атамдын жанында жүргөндөн эч тажабайм. Чоң атамдын жумушу биздин маекке жолтоо болбойт. Жанына отуруп алып, ага керектүү шаймандарды алып берип, жарака кеткен, мурда устара салган кружканын ичине салынган калемдерди учтап берем.

Чоң атам иши оңунан чыкканда, Вивалдини созуп, ал эми иши жылбай жатканда, муруттарын сербеңдетип акырын ышкырып калчу. Чоң атам мажорду ырдап жатканда, ылайыктуу учур таап, суроо салдым:

— Чоң ата, сиз өмүр бою табиятчы болгонсузбу?

— Эмне дейсиң? – деп чоң атам мензуркадагы кочкул күрөң суюктукту кайнатып, акырын чайкады да, көз айнегин тагынып, түбүнө чөгүп калган коюу тунманы кылдат карап туруп, жооп берди. – Жок, дайыма эмес.

— Сиздин чоң атаңызчы?

— Билбейм. Мен чоң атамды элестете албай калдым. Кичинекей чагымда эле каза болуп калыптыр, – деди.

Кочкул күрөң суюктукту ичип көрүп, бети-башын бырыштырып ачуурканып жиберди.

— Шайтан алгырдыкы десе! Даамы кантет!

Кыязы, аракетинен кайра майнап чыкпай калса керек.

— Чоң атаңыз каза болгон кезде сиз канчада элеңиз?

— Менимче, беш жаштарда болсом керек.

Кийинки суроомду күтпөстөн:

— Ал Оклахомадагы индилерге тиешелүү аймакта Команчалар менен болгон согушта катуу жаракаттан курман болуптур.

— Аа. Ал илимге кызыкчу бекен?

— Илимге кызыкканынан күмөнүм бар. Ошол кезде кемчет жана буйволдун терилери менен соода кылчу экен. Менимче ал коммерциялык кызыкчылыкты гана көздөсө керек. Ме, муну чыпкалап, башка бөтөлкөгө куй да, бүгүнкү датаны жазып кой. Бир аз тыныктыра турсак, балким, даамы өзгөрөт чыгар. Даамы мындан ары дагы каяка бузулмак эле.

Мензурканы алып, апамдын дарысынан бошогон бөтөлкөнүн оозуна даки коюп чыпкаладым. Апам ал дарысын бир

тугандарым ачуусуна тийгенде ичип калчу (ичпеген күнү деле болчу эмес). Бөтөлкөнүн оозун жаап, кызыл калем менен: «1889-жыл, 1-июль» деп жазып, текчеде тизилген ишке ашпаган тажрыйбанын бөтөлкөлөрүнүн жанына кошуп койдум.

— Чоң ата, сиздин илимге кызыгып калганыңызга эмне себеп болду?

Чоң атам кылып жаткан ишин токтотуп, таар кадалган караңгы терезеге үңүлө карады. Бир топко ойлонуп туруп, анан сөз баштады:

— Күүгүм кирип калган. 1865-жыл болчу. Азыр да баары күнү бүгүнкүдөй көз алдымда турат. Карылык деген кыйын нерсе экен, Кэлпурния. Сенин башыңа келбей эле койсун.

— Жок, келбейт, – дедим ишенимдүү түр менен.

— Мен Техастын бардык булуң-бурчунан чогулган балдардын отрядынын командири болчумун. Баары тең ат жалында чоңойгон жигиттер экен. Ат аскерлери болобуз деген кыялдары ишке ашпай, жөө аскерлер бөлүгүнө түшүп калышыптыр. Эртеден кечке жөө жүрүш кылып көнүкмөй. Иштин чоо-жайын түшүнө башташканда, туш тараптан наразычылыктар башталды. Жөө жүрүш турмак жөн баскылары да келбей калды. Бирок өйдө-ылдый болсо да, азыркыга чейин андай эр жигиттерди кезиктире элекмин.

Апрель айы. Дал ушундай кеч курун маал болчу. Утурумдук лагерибиз Сабин өзөнүнүн жээгинде жайгашкан. Чалгынчыларды көрүп, колумду жаңсап жатканда, алаканыма бир нерсе урунду. Колумду шарт жума салдым. Алаканыма кичинекей, жыпжылуу, жупжумшак бир нерсе кармалганы-

нан ачсам, үрпөйүп, бир ордунан кыймылдабаган бойдон жарганат жатат.

— Андай болушу мүмкүн эмес! – дедим, демимди ичиме каткан бойдон.

— Мүмкүн, – деди чоң атам. – Мен ал бечара жарганаттан кем эмес селейип, бир ордумда каткан бойдон турдум.

— Анан.

— Мени бир топко чейин жалынычтуу тиктеп турду. Көздөрүнөн акылдуу жандык экени билинет экен. Жүнү да назик, жумшак болот экен. Жакшылап карасам, кичирейтилген түлкүгө окшошуп кетти. Канаттары кайыш сымал катуу, бирок муздак эмес, тескерисинче, аял киши кармап турган баланын мээлейине окшоп жумшак экен.

Кызык, дал ошондой жарганат менин колума түшсө, эмне кылмак болдум экен? Кыйкырып, колумдан түшүрүп жибермек болушум керек. Балким, эсим ооп жыгылып калмакмын. Оюма ар түрдүү нерселер келип жатты. Мен өмүрүмдө эстен танып жыгылып көрө элек болгондуктан, мага абдан кызык сезилди.

— Анан жарганатты бет аарчымдын айрындысына ороп, үшүбөсүн деп көйнөгүмдүн ичине салып алдым. Жарганат каршылык көрсөтмөк турсун, былк эткен жок. Чатырдын ичине алып кирип, төшөк салганча, бет аарчыдан чыгарып, кийим жайган кермеге башын ылдый каратып илип койдум. Мындай шартка көнүп, жарганат да табиятынан көнгөндөй эле жипке буттары менен дароо жармашып, башын канаттарына каткан бойдон, муштумдай түйдөккө окшоп, салаңдап турду.

Түндө суук болгонуна карабастан, чатырдын оозун ачык бойдон калтырып койгом. Бир маалда дирилдеген дабыштан ойгонуп кеттим. Саат канча болгонун билбейм. Жарганат баш жагымдан бир айланып өтүп, сыртка учуп чыгып кетти. Ичимден жолу болсун деп тилеген бойдон кала бердим.

Чоң атамдын айткандарын угуп отуруп, ичим уйгу-туйгу болуп, же сүйүнөрүмдү же капаланарымды билбей турдум.

— Окуя ошону менен эле бүтүп калган жок, – деди чоң атам. – Тээтиги желим түтүктү алып берип койчу. Ошентип, ойгонсом таң жаңыдан атып келатыптыр. От жагыла элек болчу. Аскерлердин бири барып, жуунганга сырттан таштай муздак суу алып келип берди. Жуунуп-тазаланып, кийинип чатырдан чыгып баратсам, бет тушумдан бир нерсе зуу этип учуп өткөндөй болду. Карасам, баягы жарганат досум. Эч нерсе болбогон немедей кайрадан кермеден орун алды.

— Жарганат кайтып келдиби? – деп кыйкырып жиберип-тирмин.

— Менимче ошол эле жарганат болсо керек. Жаңылыш-пасам дал өзү. Билбеген кишиге жарганаттын баары эле ок-шош көрүнө берет эмеспи. Ал салаңдаган бойдон менден көзүн албай бир далайга чейин турду да, көшүлүп уйкуга кетти. Жарганатты эркек сымал кабыл алганым менен, даана эркек же ургаачы экенин ал кезде ким билсин. Жарганаттар-ды ажырата билүүнүн эч кандай кыйынчылыгы жок экенин кийин гана үйрөндүм.

— Анан жарганатты багып алдыңызбы? Колго көнүп кеттиби?

— Ал жата конокко окшоп чатырымдан күнү-түнү кетпей калды.

Бүлбүлдөгөн чырактын жарыгынан чоң атамдын күлмүңдөгөн жүзү даана көрүндү. Өткөндөрүн эстеп ойго чөмүлүп турду. Бир маалда өңү кубула түштү да:

— Ошол күн эч эсимден кетпейт. Таң атканына эки саат жетпей түндүктүктөр бизге кол салды. Күүгүм киргенче тынбай салгылаштык. Ар бир огу жарым килограммдай болгон эки замбиректи согуш талаасына сүйрөтүп келишкен. Атканда кулактарыбыз тунуп, түтүнүнөн эч нерсе көрүнбөй калчу. Тирүүлөй тозокту элестете берсе болот. Жоокерлерибиздин көбү окко учуп, чоң жоготууга учурадык. Ошентип, курчоодо калдык. Күн бою коргонуу тилкесинде, аскерлерге дем берүүгө аракет кылып, жан алакетке түшүп эки жакка чуркап жүрдүм. Эки аскерди биринин артынан бирин, өзөн ылдый майор Дунканга кабар жеткирүү үчүн жөнөттүм, – деп чоң атам чекесин сүртүп, сөзүн андан ары улады. – Чатырдын жанынан өтүп баратып, жарганатты улам карап коём. Бир жагынан ага да кабатырланып жаттым. Жарганат ызы-чуудан, түтүндөн чочуп, же ок жаңылбаса экен деп корктум. Анткени, ал өзүмдүн кол жарганатым болуп калган.

Башымды ийкеп койдум. Албетте, баарын жакшы түшүнүп турдум.

— Түтүндөн күндүн бети көрүнбөй калды. Беш метрдей карыш жер араң көрүнүп турду. Күн батканда душмандардын чабуулу басыла түштү. Кыязы, шам-шум кылганы кетишти көрүнөт. Менин аскерлерим болсо окоптон эле бир кесим муз-

дак нан жеп алганга үлгүрүштү. Жанында калем сабы барлар, тууган-туушкандарына акыркы коштошуу каттарын жазып, эгерде аман калсам даректерине жеткирип берүүмдү суранып, аманат кылып колума тапшырып жатышты. Колумду бекем кысып коштошуп, өздөрү жана үй-бүлөсү үчүн дуба кылуумду суранышты. Кат-сабаты жоюлбай калган бир жоокер мени чатырга чейин ээрчип барып, кат жазып берүүмдү суранды. Ичимден үкү-дүкү болуп, жарганатты көрөрүмдөн күмөн санап, чатырдын оозун өйдө көтөрдүм. Жарганат коркконунан эчак учуп кетсе керек деп ойлодум. Чатырдын оозун ачарым менен селейген бойдон, айкелдей бир ордумда катып калдым, – деди чоң атам. – Көрсө, жарганат эч жакка кетпестен, эч нерседен капарсыз терең уйкуда экен. Кыязы, бир күн кечке башын ылдый салаңдаткан калыбында турса керек. Мени менен кошо келген жоокер кермеде асылган күрөң түйдөктөй нерсени байкадыбы же жокпу билбейм. Ал тууралуу сөз да кылган жок. Сыягы, оюнун баары алыстагы үй-бүлөсүндө болсо керек. Анан экөөбүз отуруп алып, Элгиндеги апасы менен эжесине кат жаздык. Катта курман болсо, көпкө аза күтпөстөн, белдерин бекем бууп, июнга дейре айдоо-себүү иштерин бүтүрүп алууларын өтүндү. Ал жашаган жерде эркек аттуу калбаганын, аялдар эми кантип жан сактарын айтып, көзүнө жаш алды. Өзү тууралуу ойлонгон да жок. Анын колун бекем кысып коштошуп, кандай гана кырдаал болбосун, катты сөзсүз үй-бүлөсүнө жеткирүүгө сөз бердим. Ал да мени кыса кучактап, мага терең ыраазычылыгын билдирип, эми көңүлү жайланганын, өлсө да тынч болорун айтып, согуш талаасына кайтты.

Чоң атам жазы, аппак жүз аарчысын чөнтөгүнөн алып чыгып, бетин сүртүп койду.

— Жарганатка кайра келдим. Отургучту жылдырып, жарым метрдей жерден карап отурдум. Көзүмө абдан жагымдуу көрүндү. Жанында отурганымды сезди көрүнөт, көздөрүн жылтыратып ачып, дароо мен жакты карады. Айланадагы ызы-чуу, атышууларды тоготпостон, мурункудай эле бир калыпта турду. Бир маалда керилип туруп, эстеди да, канаттарына оронуп, кебелбей кайрадан көшүлүп уйкуга кетти. Эркиме койсо чатырдан бир да карыш жылбайт болчумун. Тилекке каршы, чабуул кайра жанданды. Кыйылып жанынан кете албай көпкө турдум.

Чоң атам экөөбүз тең телмирип унчукпай бир топко чейин отурдук.

— Анан ал өлүп калдыбы? – дедим.

Чоң атам мени жалт карады.

— Жанагы Элгиндик жигитти айтып жатам, — дедим.

— Ал күнү аман калды, – деп чоң атам токтоп калды. – Тизесине гана ок тийиптир. Өлгөн жана оор жаракат алган аскерлерге аралашып, согуш талаасында жатты. Улам бири суу сурап, бири энекелеп, жаны кейип, жардам сурап жалбарып жатышты. Барган сайын онтоп, кыйналгандардын үндөрү басыла баштады. Түн жарымында гана жарадарлардын жанына сойлоп барып, коопсуз жерге акырын сүйрөп келгенге мүмкүнчүлүк түзүлдү. Дарыгер түнү бою кирпик какпай, чырактын жарыгы менен оор жаракат алгандарга колунан келген жардамын көрсөтүп жатты. Жаракаты жеңилирээк

болгондордукун таңып, ал эми абалы оор аскерлерге бир же эки морфий берип, жанына суу коюп, четке жаткызгандан башка арга жок болчу. Дем берип жандарында туруу үчүн аскерий дин кызматкелерин койдук. Буту-колун замбиректин огу жулуп кеткендер кансырап өлүп калбашы үчүн, же ириңдеп, ырбап кетпеши үчүн тез арада ампутация[8] кылуу керек болчу. Таңга жуук кезек элгиндик жигитке жетти. Алы кетип, абалы өтө начар болгондуктан, көтөрүп барып үстөлдүн үстүнө жаткызсак, денеси канга чыланып калыптыр. Башын көтөрүп, хлороформ ичирип, чекесине суу чүпүрөк коюп жатсам, менин жүзүмө тигилген бойдон, мыйыгынан күлүп: «Мага анча кабатыр болбой эле коюңуз, капитан. Бардыгы жайында болот», – деди. Догдур бутун кесип, жаратын таңганча, чымырканып араң чыдап кармап бердим. Бир маалда кескен бутун салаңдатып кармаган бойдон калыптырмын. Адамдын буту мынчалык оор болорун ошондо биринчи жолу көрүп, таң калдым. Башка жоокерлердин кесилген дене мүчөлөрү ыргытылган үймөккө кошконго дитим барбай, бир далайга чейин кармап турдум. Бирок айла жок таштаганга туура келди.

— Аны сактап кала алдыңызбы?

Чоң атам көпкө үн катпай турду да:

— Ал жигит ошол бойдон көзүн ачкан жок, – деп чоң атам бир бурчту тиктеген бойдон бир далайга чейин телмирип турду. – Эки күндөн кийин согуш аяктагандыгы тууралуу сүйүнүчтүү кабар келди. Калган азык-түлүк, кийим-кечелерибизди алып, үйлөрүбүзгө кайтсын деген буйрук келди.

---

8 Оорулуу колду, бутту же анын бөлүктөрүн операциялык жол менен кесип таштоо.

Чындыгында, кандуу согуштан кийин бир ууч ок дары, ит жеминдей буурчак, чириген төшөктөн башка жарытылуу деле эч нерсе калган эмес. Үзүлгөн үмүт менен адатымча чатырга баш баксам, жарганат дагы эле ал жакта экен. Же калтырышты, же алып кетишти билбей кыйналып турдум. Акыры догдурдун чатырына кирип, чемоданынан Сары Жекти сурабай алып алдым. Сары Жек эмне экенин билесиңби?

— Жок, билбейм, – деп акырын шыбырадым.

— Сары Жек деген — сары безгек оорусу жүрүп жаткан учурда тагылган карантин желеги. Башкача айтканда, жакын жолобогула деген белги. Сары безгек миңдеген адамдардын өмүрүн алып кеткен коркунучтуу илдет. Кээде бүтүндөй бир полк кырылып калган учурлар болгон. Канча жоокер душмандын колунан каза тапса, ошончо жоокер ушул илдеттен көз жумду. Чатырдын үстүн тешип, кайыш курга желекти бекитип койдум. Эми жарганаттын тынчын эч ким албай, коопсуз болоруна көзүм жетип, санаам тынчый түштү. Андан башка айла таба алган жокмун. Анан жарганат менен коштошчу учур да келип жетти. Элгиндик жигиттин сөөгүн башка жоокерлер коюлган жерге берип жатып да, кесилген дене мүчөлөрүн өрттөп жатып да өзүмө келе албай жүрдүм.

Андан кийин Элгинге сапар тартып, он сегиз күн дегенде таап бардым. Жоокердин апасы менен эже-карындаштарына жолугуп, конок үйүнө киргенде, суук кабарды угузууга туура келди. Аскер жигиттин бөөдө өлүм эмес, согушта баатырдык менен курман болгонун айттым. Мага абдан чоң сый-урмат менен мамиле кылышты. Анан ай-

доо-себүү иштерине жардам берип, үч ай Элгинде калууга туура келди. Чоң энеңе согуштан кийин үйгө түз бара албасымды, кечигип барарымды айттырып жибергем. Бирок ушул убакка чейин мени кечиргенинен күмөнүм бар. Албетте, ал мени согуш бүтөрү менен келет деп жол карап, чыдамсыздык менен күтүп жүргөн да.

Ошентип, улуу-кичүү дебей жапа тырмак талаада жүрүп, Элгиндеги айдоо-себүү иштерин, оор жумуштарды учурунда бүтүрүп алдык.

Чоң атам мени жалт карады да:

— Кичүү карындашы менимче сен куражтуу тестиер кыз болчу, – деди.

Ал кыздын ордунда болсом, качырдын мурунтугунан кармап тура алмак белем деген ой кетти. Мен эс тартканы талаада жалаң колдорун жоор баскан, карылуу эркектер иштээрин билчүмүн. Жылдын кайсы мезгили болбосун үстү-башы чаң болуп, баткакка белчелеринен батып иштеп жүрүшчү. Ал эми тырмактай кыз иштегенин элестете алдыңызбы?

— Сага айтып бербей эле койсом болмок, – деди чоң атам жүзүн аарчып жатып. – Мунун баарын түшүнүү үчүн сен али кичинесиң.

Дал ошол көз ирмемде чоң атам көзүмө картая түшкөндөй көрүнүп, аны аяп кеттим. Жанына жакын келип, көкүрөгүнө башымды жөлөдүм. Чоң атам мени бир колдоп кучактады. Бир далайга үн катпай турдук да, анан чекемден өөп:

— Кайсы жерден токтодук эле? Аа, баса. Алдагы чыпканы бери берип койчу, – деди.

Чыпканы көтөрүп келдим да, ошол бойдон унчукпай ишибизди уланта баштадык.

Бул окуя пахта тазалаган машинанын маңдайында адатынча чогулуп отурган согуш ардагерлерин эсиме салды. Алар тамекиден чайнап коюп, он жыл катары менен согуш тууралуу окшош эле окуяларды айтып бере берип элдин баарын тажатып бүтүшкөн. Ал тургай неберелери да уккулары келбей калган. Алардын жанынан күнүгө өткөндүктөн, күн сайын окшош көрүнүшкө күбө болчумун.

Кечинде жаныбыздан ар түрдүү көлөмдөгү чымын-чиркейлер ызылдап учуп, жарыкты айланып жүрүштү. Түктүү бир көпөлөк көкүл чачыма илинип калып, тыбырчыласа кытыгым келгенине чыдабай кеттим. Чачымдан чыгарып, таар кадалган терезеден сыртка чыгарып жиберсем, сыдырым жел менен кошо кайра артка учуп келип, жыргап бетиме конуп алды. Улутунуп гана тим болгондон башка аргам калган жок. Көпөлөктөрдүн «*Insecta*» классына кирген «*Lepidoptera*» түрү өтө өжөр келет көрүнөт деген тыянакка келдим.

Чоң атам экөөбүз бул феноменди[9] изилдеп көрсөк болчудай.

[9] Эң сейрек боло турган, адаттагыдан тышкары болгон кубулуш же сапат.

# 4-БӨЛҮМ

# ВИОЛА

**...Биздин тыянак боюнча...Айрым түрлөрдүн орточо санынын өзгөрүүсү башка жандыктарга олуттуу таасирин тийгизет жана бул аба ырайынын өзгөрүүсүнөн көз каранды эмес.**

Чоң атамдын лабораториясына барган сайын артымдан Виоланын шектенип карап турганына байкап жүрдүм. Виола биз менен жашаганына көп жыл болду. Менимче Гарри төрөлө электе эле келсе керек. Адатта ал сырттагы үй-бүлө мүчөлөрүн тамакка чакырыш үчүн короонун артындагы коңгуроону шыңгыратып, ал эми үйдүн ичиндегилерди, өзгөчө үстүңкү кабаттагыларды тепкичке туруп алып жез доолбасты каккылап атып чогултчу (апам үйдүн ичинен коңгуроону катуу каккылаганды адепсиздик деп эсептечү). Апамдын эркине койсо, коңгуроону таптакыр эле колдонтмок эмес. Бирок тамак учурунда агаларым жана мен ар кай жакта, кээде пахта тазалаган машинанын жанында же өзөн тарапта болуп калып, каккылаган дабышты таптакыр укпай калышыбыз мүмкүн болчу. Ал эми эрежеге ылайык кечки тамакка жуунуп-таранып, кечикпей келүүбүз талап кылынчу.

Виола биздин үйгө эмне болуп келип калгандыгы тууралуу эч ойлонбоптурмун. Ар дайым эле ушинтип камыр жууруп, алманын кабыгын аарчып, кышкысын казан-казан эт бышырып, жайында тоодой үймөк кылып туурап тооктун этин кууруп жүргөндөн башкача элестете алчу эмесмин. Ашкананы бүтүндөй Виола бийлээрин баары, ал тургай апам да мойнуна алчу. Тыныгуу учурунда Виола кийинки тамакка кам көрүп, тооккана менен чочкокананы карап, же бакчанын жөөктөрүн аралап жүргөнүн көрчүбүз. Кээде ашканада чекеси кетилген кружкадан кофе ичип, кайрадан жайната дасторкон жайганча эс алып отурчу.

Менимче Виоланын жашы кыркка таяп калса керек. Өзү сымбаттуу, шайдоот айым. Ар дайым тыпырайып чыт көйнөк кийип, алжапкычын тагынып, башына жоолугун тыкан салынып алат. Арык болгону менен, өзүнө көңүл бурдурам десе, ачуусуна тийсең тарамыштай болуп кармаган жерин карышып коё бербейт. Жашаган жери чоң атамдын лабораториясынын артындагы мурда ондон ашык кул жашаган тамда болчу. Жалгыз киши үчүн кыйла эле кенен десек болот. Жерине тактай төшөп, меш коюп, сормо түтүгү башка жактан чыгарылган цинк раковина коюп беришкен.

Жайдын аягында керелди күнү кечке күндө жүрө берип, экөөбүздүн терибиз окшошуп калчу. Бирок Виола мага салыштырмалуу күнгө деле көп чыкчу эмес. Анын канынын чейрек бөлүгү гана кара түстүүлөргө таандык болгонуна карабастан, баары бир толук кандуу кара түстүү болуп саналчу. Остин аймагына барса, ак терилүүмүн десе деле ишенмек.

Тилекке каршы, антип айтуу өтө опурталдуу. Чындыкты билип калышса ур токмокко алып, түрмөгө отургузуп, ал тургай жашоосуна да коркунуч келиши ыктымал.

Бастроп аттуу аймакта канынын сегизден бир бөлүгүн гана кара түстүүнүн каны түзгөн бир айым, ак терилүү итке минген бир кедей балага турмушка чыгыптыр. Үч жылдан кийин сандыктын түбүнөн туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн таап алып, айры менен жара сайып өлтүрүп койгон дешет. Ал кылмышы үчүн болгону он ай гана түрмөдө отуруп чыгыптыр.

Бирок апам менен Виоланын ортосундагы мамиле абдан жакшы. Виоланын жанын койбой, эзип иштеткенин бир да жолу көрө элекмин. Бир короо эркекке үч маал тамак жасаштын өзү эле кандай түйшүк экенин апам жакшы түшүнсө керек. Виола болбосо үйдөгүлөрдүн баары эчак баш-аягын таппай калмак. Ашкана менен тамак ичкен бөлмөнүн ортосундагы эшик конок келгенде гана жабылчу. Казан-аяктын калдыраган дабышынан улам тамак качан даяр болорун жана Виоланын маанайын билүүгө мүмкүн болчу.

Кээде апам менен Виола ашканада күйпөлөктөшүп эмне тамак жасашты, же азык-түлүктүн бааларын талкуулаганы кирип кетишчү. Апам Виоланын айлыгынан тышкары жайкысын чыт кездеме, кышкысын момосуй кездемеден кур койбой берип турчу. Окуп бүткөн «Үй кожойкелери үчүн» аттуу журнал да Виолага артчу. Виола тамга таанывбаганы менен журналды барактап, Париждеги акыркы модага суктанып көргөндү жакшы көрчү. Туулган күнүндө бир күмүш доллар, ал эми Жаңы жыл сайын тамеки белек кылган салтка айлан-

ган. Тамекини ал пирог жасаарда лимон кремине кошулган жумуртканын агын жыгач кашык менен көбүртө чалып жатканда жыттаганын көрчүмүн. Бирок тамекинин жалбырагы он мүнөткө жетпей эле чүрүшүп, соолуп калчу. Жыттап атканда үстүнөн чыксаң: «Бул абдан жаман адат, кызым. Колуңа алчу болсоң, териңди тетири сыйырам», – дечү. Мындан башка жөнү жок мага ачууланганын деле көрө элекмин. Бирок баарынан Гаррини өзгөчө жакшы көрөт. Гаррини ал эч бир жанга теңебейт. Виола үчүн Гарри эң келишимдүү, эң келбеттүү, айтор, эч ким ага тең келбейт.

Виоланын дагы бир сүймөнчүгү бул — Идабель аттуу мышык. Идабелдин негизги милдеттеринин бири ашкана, кампа жана кир жуучу бөлмөнү кайтарып, ун салган үкөккө чычкандарды жолотпоо. Виола эшиктин алдына Идабелден башка мышык келсе, же жапайы мышыктар кирип кетсе, ачуусу келип, шыпыргы менен кубалап чыгат. Анкени Идабель үйгө чычкан аттуу жолотпой, өз ишин мыкты аткарчу. Бул семиз, таргыл мышыктын орду темир мештин жанына коюлган тор себет болчу. Кааласа керебеттин үстүндөгү жаздыктын үстүнө жүн топуга окшоп оролуп жатып алчу. Кышкысын жыргап жылуу-жумшак үйдөн чыкчу эмес. Ал эми жайкысын башка мышыктардын табасын кандырып, сыртка чыгарып жиберишчү.

Негизи короочу иттерибиздин орду кире бериште болчу. Эгер бутка чалынып жүдөтүп жиберишсе, сарайга камап салышчу. Иттерди баштап жүргөн Аякс аттуу итибиз качан көрсөң далисте көзүн ачпай уктап жатчу. Анда-санда гана

бүргө чыдатпай талай баштаганда, кашынып, ойгонуп кетип, жаны жай ала түшсө кайра кулап, уйкуга кетчү.

Ичимден Аякс аңчылыктын башталышын чыдамсыздык менен күтүп, көгүчкөн, өрдөк кармагысы келип, эки жума катары менен жаны тынбай чуркап, итке окшоп жан үрөп иштегиси келип жатса керек деп ойлоп койчумун.

Аякс тагдырына ыраазы боло турганынын дагы бир жөнү бар. Себеби, ага окшоп бир дагы ит далиске чейин кире алчу эмес. Мисалы, Гомер, Баатыр, Зевс деген иттерибиз короочу иттердин катарына киргендиктен, сыртта гана жүрүшчү. Ага карабастан, алар деле эшик ачылары менен жалпаңдап чуркап жөнөгөн адаттары бар болчу. Үйгө кийирбегенине деле кайыл, иши кылып дүрбөп чуркап жөнөмөй. Итке канчалык тыюу салса деле, ар дайым үзүлбөгөн үмүт менен жашаган сапаты мага абдан жагат. Менимче, короочу иттердин баары Аякстын жашоосуна көз артышса керек. Себеби, алар үчүн сырдуу болгон эшиктен Аякс кирип кетип жатса, жыргап үйдүн ичин аралап жүрөт дешсе керек. Аякс маа демектен чүштөдөй таптаза, купкургак, бүргөсү жок болгон күнү да үйдүн ичине кийиришмек эмес. Төркү үй, тепкич тургай далистен нары, үйдүн босогосунан да аша албайт. Ошентсе да, ордуна жараша башка иттердин алды болуп эсептелчү. Жалпы жонунан иттерибиздин баары эле жоош болчу (болбосо атам үйгө жакын да жолотмок эмес). Инилерим эртеден-кечке жанын коюшчу эмес. Кулактарын чойгулап, тажатканда гана чыдабай кетип, акырын жылып барып тепкичтин алдына кирип кетишчү же көрүнбөгөн жерге качып барып жатып алышчу.

Чоң атам канчалык иттерди жакшы көрсө да, лабораториясынын жанына барып алышып, ызы-чуу түшүп үрүшсө да ичине кийирчү эмес. Чындыгында, чоң атам лабораториясына ит турмак менден башка эч кимисин баш бактырчу эмес.

# 5-БӨЛҮМ

# ДИСТИЛЛЯЦИЯЛОО[10]

**Адам тандоо ыкмасы аркылуу көптөгөн ийгиликтерге жетишерин жана органикалык заттарды өз пайдасы үчүн ылайыкташтырып аларын тажрыйба жүзүндө көрүп жүрөбүз... Бирок табигый ыкма аркылуу тандоо... Табият тартуулаган нерселер кээде көркөм өнөрдөн жаралган чыгармалардан алда канча жогору турган сыяктуу эле, тынымсыз аракет өз үзүрүн берет.**

Бир күнү кечке жуук адатымча чоң атамдын лабораториясына барып калдым. Кирсем, чоң атам бөтөлкөнү жарыкка жакын кармап алып, түбүндөгү суюктукту шыкаалап карап жатыптыр. Кыязы, тажрыйбасында бир жылыш болсо керек.

— Кэлпурния, – деди чоң атам. – Муну иче берсек болчудай! Албетте, даамы мыкты дей албайм, бирок мурункудай жүрөктү айлантпайт. Азыр баамдасам, мурунураак жасагандарым кайыктын түбүн сүргөндөн башка нерсеге жарамак эмес экен, – деп оозу бек тизилген бөтөлкөлөр жакты карап, колун шилтеп койду. – Азырынча булар деле толук даяр боло

[10] Тазалоо максаты менен суюктукту кайнатып буу кылып, аны кайра суюктукка айландыруу.

элек, бирок ...

— Булардын мурдагылардан эмнеси жакшы? – дедим.

— Төртүнчү жолкусунда жыгач көмүр, жумуртканын кабыгы, пекан жаңгагынын кабыгы жана жанчылган кофе аркылуу чыпкаладым. Эми бир аз эмен челекке куюп коё туруп, эмне болорун көрөлү.

Чоң атамдын оюна мурунку суюктуктарды тыныктыруу келчү да эмес. Демек, бул ийгиликке карай илери кадам десек болот. Ал көлөмү болгону бөлкөдөй болгон эмен челекке суюктукту куюп койду.

— Ий, кечирип кой, – деп чоң атам бери бурулду. – Сага ооз тийгизбей калган турбаймынбы. Кана, бир аз ичип көрүп, кандай болгонун айтчы?

Чоң атам идиштин түбүнө бир ууртамдай куюп, мага сунду. Акырын жыттап көрсөм, пекан жаңгагы менен керосин аралаш жыт келди. Пекандын жыты көнүмүш болгону менен, керосиндин жытынан чочулап турдум. Менимче, чоң атам мен болгону он эки жашта экенимди унутуп койсо керек.

— Сен андан көрө мурдуңду чымчып туруп, дароо жутуп жибер, – деди.

Айтканындай мурдумду кармап туруп, жутуп ийдим. Эми сиздерге айтарым, бул ичкиликти бекеринен «жалын суу» дешпейт экен. Суюктук ашказанымды тешип кеткендей эле сезилди. Какап-чакап, денем өрттөнүп жаткандай сезилди. Өпкө-жүрөгүм үзүлүп кетчүдөй жөтөлгөндүктөн, көзүм караңгылап, жерге кулап түшөмбү деп ойлодум. Чоң атам отургучтун кырына отургузуп алып, бир топко чейин далыга

чапкылап атканын бир билем. Жөтөлүм басылганча көздөрүн алайтып коркуп турду. Бир маалда жөтөлүм токтоп, ыктыта баштадым.

— Жакшы элесиңби? – деди чоң атам менден көзүн албай. — Байкашымча, мурда ичип көрбөсөң керек. Ме, – деп бешмантынын чөнтөгүнөн жалбыздан жасалган сормо момпосуй алып чыгып берди. – Муну сорсоң жардам берет.

Башымды ийкедим да, ыктытып жатып момпосуйду оозума салдым. Көзүмдөн дагы эле өзүнөн-өзү жаш чууруп, мурдумдан суу токтобой агып жатты.

— Ий, байкушум! Кел, мурдуңду аарчып коёюн, – деп чоң атам чөнтөгүнөн аппак, жазы бет аарчысын алып чыгып, мурдума алып барды.

Мурдум бошой түшкөнгө жеңилдеп калдым. Чоң атам айнек идиштен суу куюп келди. Анын бөлмөсүндө ар дайым суу даяр турчу. Себеби, тажрыйба кылып, даамдаганга туура келгенде, ооздо калган даамды кетирүү үчүн артынан сөзсүз суу ичип алчу.

— Болду эми, – деп чоң атам мени далыга таптады. – Эми, булардын баарын дептерге сүрөттөп жазыш керек. Автор-лош катары бул улуу күндү өз күндөлүгүңө белгилеп койсоң болот.

Лампаны өзүн көздөй жакын тартып, чоң сызык жазы дептерге темир калем сап менен чиймелей баштады. Дептер толуп калганына караганда мурунку ишке ашпай калган ар бир тажрыйбасын деле ушинтип ийне-жибине чейин жазып жүрсө керек. Бир маалда акыркы сүйлөмүн жазып бүтүп,

калемди мага сунду.

— Датаны, саатын, байкоолоруңду жазгандан кийин алдына сөзсүз кол койгонду унутпа, – деди.

Мектепте таза жазуу сабагынан кара калемден сыя менен жазууга жаңыдан өтүп баштаганбыз. Сыя агып кетпесин деп тыкан жазууга аракет кылып жаттым. Буга чейинки оор тажрыйбама караганда алда канча жеңил ишке ашты.

*«№ 437-үлгү. 1899-жыл, 21-июль. Жогорку баа берилди.*

*Кэлпурния Виржиния Тейт».*

Жазгандарыма чоң атам көз жүгүртүп жаткан маалда, кайра ыктытттым.

— Кэлпурния, – деди чоң атам көзүмө тигиле карап, – чыныгы окумуштуу болгонун болгондой жазышы керек, – деп калемди кайра берди.

*«Катуу жөтөлтүшү мүмкүн»* деп кошумчалап жаздым.

Шыктандыра турган түшүндүрмө жаза албаганымды мойнума алам. Чынын айтсам, ал суюктуктан аз жерден өлүп кала жаздабадымбы. Бирок аны кантип жазам. Чоң атам күндөлүгүмдү өзүн каратып окуду да, мыйыгынан күлүп койду.

— Туура, буга мен күнөөлүүмүн. Бул тууралуу Маргарет менен Альфредге айтпай эле койгонубуз дурус болот го деп ойлойм. Тилекке каршы, алар илимдин принциптерин да, илимдин кыйынчылыктарын да түшүнүшпөйт.

Чоң атам ата-энемди айта баштаганда, көзүм чакчая түштү. Ата-энеме кантип айтмак элек? Акылдан эле айнып калган болбосок? Ата-энем билгенче суюктуктун баарын ичип алганым артык.

Короонун артынан Виоланын коңгуроосунун үнү угулду. Тамакка чейин жуунуп-тазалана калыш керек. Башым дагы эле деңгиреп, ыктытканым басыла элек болчу. Чоң атам экөөбүз бири-бирибизди карап койдук.

— Ме, момпосуйдан дагы бирди соруп көрчү, – деди чоң атам.

Үйгө барып, эч кимге көрүнбөй жуунуп, кийимимди которуп чыктым. Тамак ичкен бөлмөгө баарыбыз ээрчишип кире баштадык. Атам адатынча апама отургучун жылдырып күтүп турду. Баарыбыз өз-өз ордуларыбызга отурдук. Сан-Хуана тамак ташыганы камынып, босогодо турду. Тамак ичер алдында атам дубасын баштаганда, баарыбыз ылдый карап отурдук.

— Оо, кудуреттүү Кудай! Бардыгы үчүн шүгүр келтиребиз…, – деп баштаганда, менин ыктытканым күчөй баштады.

Биринчисинде акырын эле ыктыттым. Кара санатай инилерим болбосо, эч ким деле байкамак эмес. Тревис менен Ламар чыканактары менен бири-бирин түрткүлөй башташты. Жим Боуи быйтыйган алакандарын бириктирген бойдон мени карап калды. Апам көздөрү менен аларды зекигенде гана тынчый түшүштү.

— Мол түшүм жана дасторконго берген берекең үчүн…, – дегенде.

— Ик, – деп кайра ыктыттым.

Бир туугандарым кыткылыктай башташты.

— Кэлпурния! Балдар! Кана токтоткула деп жатам!

— Апаке, кечирип коюңузчу, – деп акырын шыбырадым. Артынан дагы ыктытарымды сезип турдум. Бирок эмне

кылам? Демимди ичиме кармаганга аракет кылып, тырышып турдум.

— Мунун баары өзүң берген ырыскы..., – дегенде.

— Ик, – деп ыктытканым мурункудан да катуулай баштады.

Бир туугандарым отургучтарынан кулап түшүп кала жаздашты. Чоң атам болсо шыпты тиктеген бойдон отурду.

— Оо, Иса пайгамбар! – деп атам дубасын айтып бүтөрү менен апам ачуусу келип, майлыкты үстөлдүн үстүнө ыргытып жиберди да:

— Муну кандай түшүнсө болот? Тарбия көргөн немесиңби? Же малканадан чыккансыңбы? Ачуума тийбей тур, бөлмөңө бар! Калгандарыңар да шыңкылдаганыңарды токтотпосоңор артынан бирден кубалай баштайм. Дуба кылып жатканда мындай жорукту ким көрүптүр? Бул биздикилердин гана колунан келет!

Мен ыктытканымды токтото албай жатканымды, атайылап жасабаганымды түшүндүргөнгө аракет кылайын дедим. Бирок чоң атамды салып бергенден, сырыбыздын ачылып калышынан чочуладым. Жок, андан көрө өлгөнүм артык. Ордумдан туруп баратып, чоң атам эми асма шамды карап, сөөмөйү менен муруттарын сылап баштаганын байкадым.

— Эмне жыттанып жатасың? – деди апам жанынан өтүп баратсам.

— Жалбыз, – дедим токтобостон бурк эттим.

Өзүмдү башкача сезип, шалдырап, бутумду сүйрөп тепкичтен араң чыктым. Ашкана тараптан атамдын дубаны кай-

ра башынан айта баштаганын уктум. Бөлмөмдүн эшигин бекитип, тоголонуп темир керебеттин үстүнө зорго чыктым. Сыягы, башым жаздыкка тиери менен уйкуга кетсем керек. Бир маалда өз коңуругумдан ойгонуп кетсем, күн батып, инилерим жатканга камына башташыптыр. Саат сегиз болуп калса керек. Ичимдин ысыганы кетип калыптыр. Бутумду ылдый түшүрүп, керебеттин кырында отуруп, өзөгүм карарып, ачка болгонумду сездим. Мен көбүнчө саат тогуздарда жатчумун. Демек, жатканча дагы бир саат убакыт бар экен. Апама көрүнбөй тамак койгон кампага кантип барып келсем? Албетте, оңой иш эмес. Бир туугандарымдан бирөөсү көрүп калса эч нерсе эмес. Алар айтпашы мүмкүн. Анткени, менин да аларга пайдам тиерин жакшы билишет. Келме кезек, мени көргөнүн айтышпаса, кийинкиде алардын кылык-жоругуна мен көз жумуп коём дегендей.

Ар нерсени ойлонуп отурсам, эшикти бирөө акырын каккылады. Оюм бөлүндү болуп кетти. Апам урушканы келсе керек? Же Гарри мени куткарганы келдиби? Бирок мен ойлогон эки нерсе тең эмес экен. Эшикти ачсам, маңдайымда жаңы туулган мышыкты кучактап он жашар Тревис турат. Тревис мышыктарга көбүнчө Кудайдан жөө качкан каракчылардын, кылмышкерлердин, ж.б. мыйзам бузуучулардын аттарын коюп алчу.

— Карачы! – деп мага муштумдай болгон жупжумшак мышыктын баласын сунду. – Бул — Жесси Жеймс. Жалгызсырабай жаныңа алып ал.

Мага бере салып, кармалып калгандан айбыгып, шашкалактаган бойдон тепкич ылдый чуркап кетти.

Жесси Жеймс мага кадимкидей караан болгонун байкадым. Төшөгүмө барып жатсам, көкүрөгүмө отуруп алып, ийниме башы менен сүйкөнө баштады. Жаңы эле көзүм илинип баратканда, эшикти дагы бирөө каккылай баштады. Ачсам, колуна эки чоң китеп көтөрүп алып, чоң атам келиптир.

— Жаза аяктаганча буларды окуп эрмектесең болот, – деди.

— Рахмат! – деп китепти колунан алып, эшикти жаптым.

Түн ортосунда китепти эмне кылмак элем? Окумак тургай кара курсактын айласын таппай жатам. Бирок көзүмдүн кыйыгы менен карасам, бир китептин аты «Илгери үмүттөр» деп аталат экен. Албетте, аты кызыктуу болгонунда талаш жок. Экинчи китеп «Түштүктөгү айыл чарба негиздери» дейт. Кызыга турган деле китеп эмес окшойт. Кармасаң да башкача сезилет экен? Көрсө, ал китеп эмес экен. Китептей кылып жасап, боёп койгон жыгач куту турбайбы. Сыртынан карасаң булгаары менен капталган китептен айырмасы жок. Ары жак, бери жагын карап атып, илгичин таап ачып алдым. Ичинде кагазга оролгон, ортосуна эт салынган килтейген сэндвич бар экен. Керебетимдин үстүнө жакшылап жайланышып отуруп, китепти маңдайыма коюп, сэндвичти жей баштадым. Эх, кандай керемет! Төшөк, китеп, жанында мышык, колунда сэндвич. Мындан өткөн бакыт барбы?

Жарым саат өтүп-өтпөй эшикти дагы бирөө каккылады. Ачсам, атам турат.

— Кэлли! – деп атам акырын шыбырады.

Окуп жаткан китебимдеги Пиптен ажырагым келбей, китепти жуурканымдын алдына койдум. Жесси Жеймс жак-

тырбагансып мыёолой баштады. Атамдын дабышын угуп, дубал жакты карап, уктамыш болуп калдым. Атам кирди да, бир аздан кийин, чыгып баратып шам чыракты өчүрө кетти. Уктоочу бөлмөдө Гарриден башкабызга ширенке карматпаганына кыжырым келип жатты. Эми уктагандан башка айла жок. Мейли, бир чети кайра жакшы. Эртең музыка сабагым бар. Уйкум канып, сергек болсом, Браун айым да мага ачуусу келбейт.

Көзүм илинип баратып, бүгүн болгон нерселер бирден көз алдымдан өтүп жатты. Тамагым дале ачышып турса да, ушунча эркек баланын ичинен биринчи болуп ичимдиктин даамын татканыма ичимден сыймыктана түштүм. Ошол кезде мен биринчилерден болсом керек деген ой болгон. Кийин билсем, апамдын «Лидия Пинхем» деген дарысынын күчү кырк градустук экен.

# 6-БӨЛҮМ

# МУЗЫКА САБАГЫ

**Ар бир жандыктын көбөйүшүнө дайыма ар кыл күтүлбөгөн терс себептер тоскоол болорун эстен чыгарбай жүрүү эң татаал нерсе...**

Жай көпкө созулгандай сезилди. Күндүн ысыгынан кутулуунун менде эки гана жолу бар болчу. Бири өзөнгө барып муздак сууга түшүү, экинчиси чоң атамдын салкын лабораториясынан чыкпай отуруу.

Ошентип, күндөлүгүм улам жаңы жазуулар менен толукталып жатты. Ар бир баракта жоопко караганда, кыйралаңдатып тартылган өсүмдүктөр менен жаныбарлардын сүрөтүнүн жанында, суроо басымдуулук кылат. Тилекке каршы, жаратылышка болгон кызыгуума карабастан, музыка сабагына баруу шарт болчу.

Музыка мугалимибиз — Браун айым куураган ичке жыгачка окшоп, апарык болгону менен ачуусу келсе күүлөнүп туруп, сызгыч менен колго чапканда көзүңдөн от чагылыша түшөт. Фортепиано ойноп жатканда чапса, манжаларың үзүлүп кетчүдөй ооруп, баскычтардын каңгыраганы бөлмөнүн ичин жаңыртып жиберет. Кызык, апам мындай жүрөктү титиреткен дабышты укса деле көңүл бурбайт. Дайыма каал-

ганын артында бир нерсе тигип отурат. Эмнеге экенин билбейм, бирок Браун айымдын мындай жазасы тууралуу мен да эч качан апама арызданып барган эмесмин. Балким, Браун айымдын мындай катуу чара колдонгонуна өзүмдүн адепсиз жүрүш-турушум себеп болду деп ойлосом керек. Чындыгында эле Браун айымдын ачуусу келгенинин жөнү бар болчу. Себеби, апта бою бир да катасыз, жакшы ойноп берип, кийинки сабакта ноталарды чаташтырып, жаңыла баштаганда заары бетине чыгып, ачуулана баштачу. (Албетте, анын сызгычты көтөрүп коркутканын эч ким тоготчу эмес). Кээде менден өткөн суу жүрөк жоктой сезилчү. Анткени бардык нерсени ичиме катып, бир дагы жанга айтчу эмесмин. Гарри экөөбүздүн кайсы күнөөбүз үчүн бизге ар апта сайын болчу мындай тозокту берди экен? Кошумча маданий түйшүктү кайсы жазганыбыз үчүн башыбызга салды? Башка бир туугандарымдын баары эле ээн-эркин жыргап жүрүшөт.

Атама арнап Стивен Фостерди, чоң атама арнап Вивалдини үйрөнгөм. Чоң атама Моцарт дагы абдан жакчу. Мен фортепиано чертип жатканда чоң атам конок үйгө кирип, кээде китепке үңүлгөн бойдон, кээде көзүн жумуп алып укчу. Андан тышкары, апам Шопенди сүйсө, Браун айым болсо гаммаларды жактырчу. Кийин өзүм жакшы көргөн Скотт Жоплиндин регтаймын үйрөнүп алдым. Регтаймды укканда апамдын ачуусу келе баштачу. Бирок мен үчүн андан кооз музыка жоктой сезилчү. Куюлушкан шайыр аккорддору жан дүйнөңдү толкутуп, электр тогу сымал зырпылдаган, шайыр ритмдери чок баскандай ордуңдан ыргып туруп, бийлегиңди келтирет.

Мен «Зараң жалбырагынын регтаймын» черте баштаганда эле бир туугандарымдын баары чуркап келишчү. Бир орунга тура албай улактай секирип баштаганда, апам дубалда илинген сүрөттөргө тынчсыздана баштачу. Кийинчерээк граммофон чыкканда, мен да аларга кошулуп бийлегенге шарт түзүлдү. Инилерим граммофон дегенде жанын беришчү. Ал тургай ага жетүү үчүн мушташканга чейин барышчу. Көзөмөлдөп сырттарынан карап турбаса, талкалап салышары анык болчу.

Жим Боуге «Баскычтардын үстүндөгү мышык» аттуу мелодия абдан жакчу. Ал колуна тийген мышыкты пианинонун баскычына отургузуп коюп, маңдайына туруп алып, ышталган этти тумшугунун жанынан ары-бери жылдырганда, мышык бир артты, бир алдыны көздөй ээрчий баштачу. Жей Би бул оюнду тапканына өзүн өтө акылман элестетчү. Бирок беш жашар бала үчүн чындап эле ошондой болсо керек. Апам ага кыжыры келгенден эмне кыларын билбей калчу (мен деле, сыртымдан билгизбегеним менен). Буга Жей Би эки эсе кубанчу. Апам дарысынан эки кашык ичкенден кийин гана эс алчу. Бир жолу Сал Росс менден чоңойгондо апама окшоп баш оорунун дарысын ичеримди сурады. Апам ага табышмактуу:

— Кэллиге дары ичүүнүн кажети болбойт деген үмүттөмүн, – деп жооп берди.

Ашканадан Виоланын жоон үн менен Стивен Фостердин «Кыйын кезең кайра келбейт» деген обонду созгонун угуп калчумун. Бирок негедир Скотт Жоплинди таптакыр уккусу келчү эмес.

— Жапайыларга угуза турган музыка, – деп күңкүлдөп баштаганы мени туңгуюкка такап койчу.

Жыл сайын Браун айым Локхарттагы согуш ардагерлеринин залында окуучулары менен концерт коюшчу. Быйылкы жайда концерттик программага биринчи жолу мени да кошуп коюптур. Чынын айтсам, быйыл катышпаганга шылтоо таппай койдум. Гарри алты жыл катары менен мындай концерттерге катышып келаткандыктан, кыйын деле эч нерсеси жок экенин айтты. Эң негизгиси сахна бойлой коюлган жарыкты көп карабаш керек экен. Себеби, тиктеп турганда көздү карыктырып жиберсе, сахнадан да кулап түшүү коркунучу бар дейт. Мындан тышкары, дагы бир мелодиянын үзүндүсүн жаттаганга туура келди.

Браун айым мага Бетховендин экосездеринин бирин тандап берди. Эң кызыгы аккорддору регтаймдыкына окшоп кетет экен. Браун айым үйрөтүп бүткөнчө, сызгычын колунан түшүргөн жок.

— Колуңду ылдыйыраак түшүр! Манжаларыңды өйдө көтөр! Эми бир калыпта кеттик! – деп туруп, тарс сызгыч менен чаап калат.

Ошентип, Бетховенди түшүмдө да ойноп бергидей деңгээлде, кыска мөөнөттүн ичинде үйрөнүп бүттүм. Бирок ошол маалда кадимкидей Бетховенди жек көрүү сезими пайда болду. Мага караганда жакын курбум Лула Гейтс эки эсе тез үйрөнмөк. Бирок ал менден он эсе жакшы ойнойт да.

Мындай чоң салтанатка карата апам мага майда жылтырак сайма түшүрүлгөн, ичинде бутту сайгылаган, капкатуу,

ичинен кийген кабат-кабат этектери бар ак көйнөк тигип берди. Корсетке окшобогону менен мунун деле азабы күч болчу. Этеги чубалып, бутка чалынып, жүдөткөнүн айтып даттанганым менен майнап чыккан жок. Мындан тышкары, бутума жапжаңы, ачык сары түстөгү, илмеги бар кайыш ботинка алып беришти. Байлаганда эле бир аз убара болгонум болбосо, тыпырайып кашыктай болуп, жарашып турганына, сыртымдан билгизбей сыймыктанып турдум.

Браун айым мага көйнөктүн этегин кармап, тизени бүгүп, реверанс[11] кылганды да үйрөттү.

— Жок, жок андай эмес. Олчойтуп юбкаңды анча өйдө көтөрбө. Периштенин назик канаттары сыяктуу элестет. Ии, ошентип. Эми акырын тизеңди бүгүп, эңкей. Жайыраак! Анчалык шашпа, кызым. Жылбай тур! – деп жактырганча кайра-кайра кайталатып жасатып жатты.

Анан кезек чачыма жетти. Чачымдын кыскарып калганын апам эми байкады. Мен чачыма уйгактар жабышып, чыкпай калганда, чачыштарын кесип, тегиздегенге туура келет деген шылтоону айттым. Апамдын өңү бузулуп барып, бирок эч нерсе айткан жок. Виоланы чакырып алып, бир сааттай чачымды ары-бери чойгулап, мени көзгө илбестен, ар кайсыны сүйлөшүп жатышты. Чачты жасалгалаганга ушунча да убакыт коротушабы? Бирок ээн баштанып чачымды улам кыркып жатканым үчүн Жараткан берген жаза экенин жакшы түшүнүп турдум.

Бир маалда чач жасалгалаганда колдоно турган «Пибоди» (чачты жылтыратып, тармалдашкан бойдон кармап турат)

---

[11] Тизе бүгүп, таазим кылуу.

деген күкүрткө окшогон майлуу нерсени сүйкөп, бир саат күндүн алдына отургузуп коюшту. Демек, аял затынын бардыгы мындай нерседен сөзсүз өтүшү керекпи?

Түрүмдү көрүп, боору ачыды көрүнөт, чоң атам окуганга «Антиподдордун кереметтүү флорасы жана фаунасы» аттуу китепти алып келип берди. Дагы жакшы мындай кыйноого ал китеп болбосо туруштук бере алмак белем билбейм. Бир жеринде кенгурунун баласы башын баштыгынан кылтыйтып чыгарып турган сүрөт бар экен. (Күндөлүк үчүн суроо: Адамдардын курсагында эмнеге чөнтөк болбойт? Балдарды колдоруна көтөргөнчө алда канча ыңгайлуу болмок да. Апам Жей Бини курсагындагы баштыгына салып баратканын элестетип кеттим. Жооп: Тилекке каршы, корсеттен батпай калат). Кенгуруну өз көзүм менен көрүүнү самадым. Же өрдөк тумшукту. Бир карасаң өрдөккө, бир карасаң кундузга окшоп кеткен укмуштай сүт эмүүчү.

Бир жолу Остинге келген көчмө цирктеги бегемотту көргөндөн баштап, кыялдар орундала тургандыгына ишенип калгам. Азыр да өз бактыма салып көрөйүн деген ойдо, көкүрөгүмдө жанган илгери үмүт менен күндүн алдында күкүрт жыттанып, чоң ширеңкеге окшоп отурдум.

Аягында мени чоң дагарага отургузуп, үстүмөн чакалап суу куюп жуунта башташты. Чачымды жууп туруп, тал-талдап бөлүп алып, ар бирин чүпүрөк менен ороп чыгышты. Башымдын соо жерин калтырбай таңып салгандай көрүнүп калды. Дале күкүрт жыттанып, кебетем согуштун курмандыгына, же тозоктон чыккан арбакка окшоп турду.

Жим Боуи түрүмдөн коркуп ыйлап жиберди. Тиземе отургузуп алып, эч жерим оорубаганын көпкө түшүндүрүүгө туура келди. Сал Росстун артынан жетип, сазайын бергенче мени улам «таруута сайган каракчыга» окшотуп шылдыңдап кетип жатты. Ламар болсо ары-бери өтүп кыткылыктап күлүп, ал тургай Гарринин да жылмайганын байкап калдым. Албетте бир туугандарыма жага бербей, асмандан издеген эрмеги жерден табылгандай эле болду.

Чачыма байлаган чүпүрөктөр башыма өтүп, жакшы уктай албай чыктым. Эртең менен уйкум канбай, ар нерсеге кыжырым келип жатты. Апам чач жасалгамды биротоло Локхартка жеткенде бүтүрөбүз деген бүтүм чыгаргандыктан, дагы бир кордукка чыдоого туура келди. Жеткенче чачымды толук жаап турган быржык топу кийгизип коюшту. Башым манектей болуп, түрүм келишип эле калды. Дал эле курбум Лулунун оорулуу иниси Тодди Гейтске окшоп турдум. Ал бечаранын мээсине сары суу толуп кеткен деп калышчу. (Күндөлүккө жаза турган суроо: Тоддинин мээсиндеги суу кайдан чыкты? Же Гейтс айым кош бойлуу кезинде көп суу ичкенби?) Жолдо катар тааныштарыбызга жолуктурбаса экен деп Жаратканга жалбарып баратып, кайра мындай майда-чүйдө суранычтар менен олуттуу иштеринен алаксытканыма өзүмдү күнөөлүү сездим. Гарри сахнага чыккандын кыйынчылыгы жок деп ынандырганы менен, Локхартка жакындаган сайын ичим андан бетер уйгу-туйгу боло баштады.

Аттар токтой электе эле арабадан секирип түшүп, эч кимге көрүнбөй арткы эшиктен кирип кетүүгө шаштым. Апам

менен Виола артымдан чач кыпчыткыч, байлагычтар салынган баштыкты көтөрүп келатышты. Бийик отургучка отургузуп алып, чачымдагы чүпүрөктөрдү бирден чече баштashты. Жанымда отурган кыздардын, ал тургай кичинекей Жоржинин чачтарын да жулмалап аткандарын көрүп, мен жалгыз эмес экендигимди түшүндүм.

Оглетри айым Жоржиге батист жакалуу, жашыл баркыт костюм кийгизип, жасантып койсо, куду эле Лорд Фаунтлеройго окшоп калды. Чыдамы кетип, тармал сары чачтарын ары-бери серпилтип, отургуч менен кошо тегеренип жатты.

Жакын курбум Лула өзүнчө эле титиреп, бооруна темир чаканы кучактаган бойдон турду. Сыягы, жүрөгү айланып жатса керек.

Хейзел жана Ханна Дэнси аттуу эгиздерге опокшош жашыл кийим кийгизип коюшуптур. Башка балдар деле менден кем эмес кыйналганын өз көзүм менен көрүп, көңүлүм тынчый түштү.

Бир маалда бөлмөгө жаңы, сары көйнөк кийип, Браун айым кирип келди. Чынын айтсам, сары түс ага түк жарашпайт экен. Кулактандыруу үчүн алаканын чапкылап:

— Урматтуу балдар! Сүйүктүү апалар! Көңүл буруп койгулачы, өтүнүч! – деди.

Бөлмөнүн ичи дароо тымтырс боло түштү. Ал тургай Жоржинин да бар-жогу билинбей калды. Браун айым менин эле эмес, балдардын баарынын жүрөгүнүн үшүн алып койсо керек. Демек, баарын эле сызгыч менен чабат окшойт. Гаррини гана чаппашы мүмкүн. Анын кыжырына тийген жалгыз

мен эмес экенимди түшүнүп, ичимден кубанып турдум.

— Он мүнөттөн кийин тизилип баштайбыз, – деди Браун айым. – Алдына кичинекейлер, артына чоңураактар тизилет. Тартип бузбай, катардан чыкпай залды көздөй артымдан ээрчип баскыла. Сахнанын төр жагындагы отургучтарга катар тизилип отуруп, кезек менен чыгасыңар. Сүйлөшпөгүлө! Кыйшалаңдабагыла! Түртүшпөгүлө! Бардыгы түшүнүктүүбү?

Баары унчукпай баштарын ийкеп коюшту.

— Сахнага чыкканда ийилип, реверанс кылганды унутпагыла. Дагы он мүнөт бар! – деди.

Адатынча артында чубалган этегин тартып, шыпылдаган бойдон чыгып кетти. Браун айым чыгары менен апам менен Виола тарактарын, чач кыпчыткычтарын алып, жин урган немедей кайра чачыма жармашышты. Чачымды ары-бери чойгулап, жулмалап жатышты. Анан артка чегинип, өздөрү жасаган чебер чач жасалгасын суктанып карап турушту.

— Мынакей, – деди апам. – Тим эле сүрөттөгүдөй! Таанылбай калдың! Өзүңдү карап көрчү, – деп апам колума күзгүнү карматты.

Өзүмдү чындап эле тааный албай турдум. Төбөмдөгү чачтарым чөмөлөдөй үйүлгөн, маңдай чачтарымды тугуруктап оролгон, чокумда таажыдай болгон өзүнчө үймөк, саамай чачтарымды тармалдатып туруп, самсаалатып түшүрүп койгон, арт жагында да чубалган, өзүнчө тармалдашкан чачтар. Чекесине кызгылт түстөгү атлас лента байлап коюшкан.

Апам менен Виола менин пикиримди кайдан сурамак эле. Алар өз чеберчиликтерине суктанып бүтпөй жатышат.

Мен болсо чач жасалгам түрүмө келишип калганын кантип айтам…

— Карасаң, супсулуу болуп калыптырсыңбы? – деди апам.

Колумду чачыма алып бараткanымды көрүп, Виола кыйкырып жиберди:

— Тийбе! Бузасың!

Виола чачты жасалгалоочу шаймандарды чогултканча апам Гейтс айым менен сүйлөшүп туруп калды.

Мен болсо Луланын жанына басып барып, акырын шыбырадым:

— Эй, Лула! Бардыгы жайында элеби?

Лула көздөрүн алайткан бойдон башын ийкегенге араң жарады. Суроомо жооп берген жок. Менимче корконунан сүйлөгөнгө да дарманы келбей калса керек. Чачы жасалгаланбаганын, бизчелик азап тартпаганын элестетип, ичимден көз артып койдум. Сапсары, жылтыраган чачын экиге бөлүп тыпырайтып өрүп алыптыр. Бир аз алаксытып, көңүлүн көтөрүп коёюн деп, чыканагым менен түртүп, акырын шыбырадым:

— Лула, чачымды карасаң. Эмне кылып салышканын көрдүңбү? Түрүмө келиштирип салышыптырбы?

Бирок Лула негедир ээгин кымтып, терең үшкүрүп койду. Сүйлөгөндү таптакыр унутуп калса керек.

— Лула, коркпой эле кой! Бардыгы жайында болот! Сахнага биринчи жолу чыгып жаткан жоксуң го. Терең дем алып көрчү. Жардам бербесе, анда чакаңды алып ал, – деп эки жагымды карап койдум.

Ары жакта Гарринин күзгүнүн маңдайында чачын лаванда майы менен майлап, кайра-кайра таранып жатканын байкап калдым. Мынча сулууланганын биринчи жолу көрүшүм. Жашы баарынан улуу болгондуктан, сахнага эң акыркы чыгат. Бирок баары чыгып бүткөнчө сахнада күтүп отурушу керек.

Ошол маалда сырттан Браун айым кирип калды. Апаларыбыз дагы бир ирет өз насааттарын айтып коюп, залдан орун алуу үчүн чыгып кетишти. Акыркы көрсөтмөнү шашып чыгып баратып, Виола бере кетти:

— Чачыңа тийбе, уктуңбу? – деп ал эскерткенге жетишип калды.

Биз унчукпай катар менен тизиле баштадык. Арабызда сүйлөшкөн да, кыйшаландаган да, түртүшкөн да эч ким болгон жок. Эң четки катарда турган жерден Гарри мага акырын көз кысып койду. Лула так менин алдымда тургандыктан, чачтарынын учуна чейин калтыраганы билинип жатты.

— Лула! – деп Браун айым кыйкырды. – Чаканы ордуна коюп кой!

Лула ордунан козголуп да койгон жок.

— Кэлпурния, алдыгынын колундагы чаканы алып койчу, – деди Браун айым.

— Лула, чаканы бери берчи. Азыр сахнага чыгабыз, – деп аны далыга таптадым.

Ал унчукпастан көздөрүн жалжылдатып мени карап койду. Колунан чаканы күчтөп тартып алганга туура келди. Алакандары чылпылдап тердеп кетиптир.

Ошол маалда Браун айым:

— Кана, балдар! Сахнага чыкчу мезгил келди. Башыбызды бийик көтөрүп, бүкүрөйбөй, түз басабыз!

Залдын эшигин ачары менен артынан ээрчип жөнөдүк. Баарыбыз басып бараткандa, темир чатырдын үстүнө жааган жамгырдай шытыраган дабыш чыкты. Алакандардын чабылганы угула баштаганда, Лула элеңдеп, үрккөн эликтей, мына-мына качып кетчүдөй болуп турду. Кача турган болсо эмне кылам деген ой келди. Дароо өзүмчө кандай чара колдонууну ойлонуштура баштадым. Бактыга жараша Лула өзүн токтотуп, катардан чыккан жок.

Бир маалда карасам алдыда бараткан Браун айым баарыбыздан бийик боло түштү. Эмне себептен? Кантип? Эмне болуп кетти? деген ойлор келди. Анан сахнага жогору карай чыга турган он экидей тепкич бар экенин эстедим. Демек, Браун айым ошол тепкичтерге жеткен турбайбы.

Тепкичтер! Көрсө, жүздөгөн тепкичтер болору таптакыр эсимден чыгып кетиптир. Мурда көрүп жүргөнүм менен, анча маани бербептирмин. Тепкичтен чыкканга таптакыр даяр эмес экенимди сездим. Тизем улам бүгүлгөн сайын дене боюм бир ысып, бир муздап жатты. Лула эч кыйналбастан, алды жагымда каалгып басып баратат. Артынан калбаганга аракет кылып, кандайдыр бир керемет күчтүн жардамы менен эле чалынбастан, бутумдун учу тепкичке араң илинип чыгып бараттым. Сахнанын чекесине кыдыракей коюлган жарыктарды карап бир аз тыныгып алдым да, акыркы тепкичти аттап, сахнага чыктык. Ордуларыбызга отуруп бүтө жаздап калганда, кол чабуулар да басаңдай түштү.

Браун айым сахнанын чекесине басып барып, реверанс кылып, салтанаттуу кеченин урматына арналган кыскача ачылыш сөзүн баштады. Өз сөзүндө, бул кече Колдуэлл аймагынын тургундарына маданият менен кеңири таанышууга мүмкүнчүлүк түзүп жаткандыгын, жаш таланттардын улуу композиторлордун жолдорун жолдогону келечектерине жол ача тургандыгын, Браун айымдын эмгегин жана аракетин ата-энелер терең баалашарына үмүтү чоң экендигин, дале Жапайы Батыштын чет жагында жашашса да, көптөгөн ийгиликтерди багынтып жатышкандарын айтып өттү. Браун айым сөзүн жыйынтыктап, кол чабуулар кайрадан басаңдай түшөрү менен концерт башталды. Балдар кезек менен бири шадырандап өзүнө-өзү ишенип чыкса, бири корконунан араң эле сүйрөлүп чыгып жатышты.

Андан ары эмне болгонун айтып берүүнүн кажети барбы? Аны кыскача «жерден токмок жемей» деп атасак туура болот го дейм. Анткени, Жоржи бир да нота черткенге жетише электе эле, отурган жеринен айланам деп кулап түшүп, элдин көзүнчө бакырып ыйлай баштаганда, апасы сахнадан көтөрүп кетти. Лула сонун ойноп бүтүп, аяк жагында жүрөгү айланып кеткени байкалды. Хейзел Денси чертип атканда, фортепианонун алдындагы тээгинен буту тайып кетип, залда спрр-рро-ооп-иинн-нг-гг деген дабыш жаңырды. Гарри жакшы эле ойноп жатты, бирок негедир залдын бир бурчунан эле көзүн албай жалдырап карай бергени байкалды. Мен артымдан жоо кубалап келаткандай шашып черттим да, толкунданганымдан аягында реверанс кылганды таптакыр унутуп калыптырмын.

Бирок каптал жактан Браун айым мага жаңсап жатканын байкап калдым.

Ошол күнү бардыгы бүдөмүк, түшүмдө болуп жаткандай сезилди. Болгон нерселердин баарын унуткум келип турду. Эсимде даана калган жалгыз нерсе, үйгө кайтып келатканда мындан ары эч бир концертке катышпайм деп өзүмө сөз бергеним. Бул оюмду атам менен апама да айттым. Менимче, туура эле түшүнүштү көрүнөт. Кийинки жылы Браун айым канча сөзгө көндүрүүгө аракет кылганы менен Лула экөөбүз программа тараткандан башка жоопкерчилик алган жокпуз. Анткени, Лулага да сахнага чыгууга биротоло тыюу салыныптыр.

# 7-БӨЛҮМ

# ГАРРИНИН ТҮН СҮЙҮҮСҮ

**Бир эле түркүмгө кирген үй жандыктардын арасынан... көпчүлүк учурда начары да кездешет... Көбүнчө аларга бири-биринен кескин айырмаланган жактары мүнөздүү...**

Ошондогу концерттен көп өтпөй бизди кандайдыр бир коркунуч күтүп жаткандай түпөйүл болуп жүрдүм.

Гарри үйлөнүп, өз алдынча үй-бүлө күтөт деген оюма да келбептир. Сыягы, ага чейин дагы он чакты жыл бар деп камырабай жүрсөм керек. Гарринин үй-бүлөсү деп бизди жана эң сүймөнчүк карындашы — өзүмдү элестетчүмүн.

Локхарттагы концерттен эки-үч күн өтпөй Гарринин өзгөрө түшкөнүн байкай баштадым. Унчукпай бир жерди тиктеген бойдон отура берген адат таап алды. Туруп барып баштан ары чаап жибергиң келип кетет. Суроо берсең, жооп бербейт. Өзү да, ою да башка жерде жүргөндөй. Кандай бүтүм чыгарарымды билбей жүрдүм. Баягы акылдуу, сүйүктүү Гарри агам жок. Калдайып көлөкөсү эле тургандай сезилчү болду.

Бир күнү алдынан чыгып, түз эле качырып суроодон баштадым:

— Гарри!

— Ии?

— Баары жайындабы? Эч жериңиз ооруган жокпу? Же бир нерсе болдубу?

Гарри жооп бербестен, мыйыгынан күлүп койду.

— Дарыгерге көрүнсөңүзчү!

— Анчалык кабатыр болбой эле кой. Баары жайында. Өзүмдү абдан сонун сезип турам.

— Анда эмне болуп жатканын түшүндүрүп бериңизчи?

Ал табышмактуу жылмайып, чөнтөгүнөн сүрөт чапталган, жаңы үлгүдөгү, кармай берип ушаланып калган визитканы сууруп чыкты. (Апам муну көрсө, жеткен адепсиздик катары кабыл алмак). Көрсө, ал Гарринин жүрөгүнө чок салган айымдын сүрөтү экен. Көздөрү тостойгон, эриндери ичке, кымтып алса, мистейген, моюну узун, чачтарын барпайтып төбөсүнө чогултуп алган жаш бийкеч (жаш кыз деп айтууга болбойт) көрүндү. Үйлөп жиберсең чачтары каакымдай болуп, туш тарапка учуп кетчүдөй сезилди.

— Татынакай экенби? – деп Гарринин үнү башкача чыкты.

Буга чейин Гарринин үнүнө мынчалык кыжырым келип көргөн эмес. Ошол көз ирмем менде Гарриге, жаш бийкечке карата кандайдыр бир жек көрүү сезим пайда болду. Көзүмө саксайган албарстыдай, бүкүр мастандай, жакшы көргөн агамды ээрчитип бараткан азыткыдай көрүндү. Бакубат үй-бүлөнүн тынчын алган бузукудай кабыл алдым. Менин бактымды уурдап алгандай болду. Сүрөттөн көзүмдү албай, жек көрүп турдум.

— Аа, татынакай бекен деп сурап жаттыңыз беле? – деп үнүм калтырап чыкты.

Эң эле жакшы көргөн агамды көзүмчө жетелеп кетип атса, кантип карап турам. Согуш талаасындагы тажрыйбасыз жоокер сымал, оюмду бир жерге топтой албай турдум. Оюмду бир нукка салыш үчүн убакыт керек болчу. Чабуулга чыгаардын алдында жакшылап акыл калчаш керек.

— Аны менен каяктан тааныштыңыз? – дедим сыр билгизбей.

Эмне кыларын билбей, көздөрүн ала качып, мукактана баштады. Сыягы, дал төбөсүнөн түшкөн суроо берсем керек. Бирок анын канчалык маанилүү экенин дароо түшүнгөн жокмун.

— Жанагычы… Бир жолу Прейри Ли аймагына шам-шум этип алганы токтоп калсам, мени көрүп калышып, чиркөөгө кире кет деп чакырып калышты.

Түшүнүктүү. Прейри Ли тарапта эки чиркөө бар. Баптисттердин чиркөөсү го эч нерсе эмес. Көйгөйдүн баары көз карандысыз деп аташкан чиркөөдө жатат. Жүргүзгөн иш-аракеттери, үндөөлөрү үчүн алар «чегирткелер» деген атка конушкан. Көпчүлүк динге берилген адамдардын, алардын ичинен атам менен апамдын айтканы боюнча аталган уюмга жалаң Кудайдан жөө качкан, жер куруткан шумпайлар чогулуптур. (Чоң атам болсо ушунча жашка келгенче диний насааттарды жетишерлик укканын айтып, дем алыш күндөрү таң атпай талаага чыгып кеткенди артык көрчү. Жергиликтүү чиркөө кызматкери — Баркер мырза чоң атамды абдан сыйлагандыктан, аны-

сына көп деле көңүл бурчу эмес. Апам болсо чоң атамдын бул жоругуна нааразы болуп калчу). Бир-эки жолу биздин үйгө да аталган «чегирткелер» келгени эсимде. Бирок апам аларды көз боёмочуларга, жылан үйрөткөндөргө, кечирилгис күнөө кылып коюп, анысын жууй албай, маңги баш айбанга окшоп, делдиреген сектанттарга салыштыра берчү.

Ошолордун баарын ойлонуп жатып, өзүмдү кол курап, чабуулга аттанганы жаткан генерал сыяктуу элестетип жибердим. Курал-жарак даяр, аймак чалгындалды, максаттар тактaлды. Чабуулдун кандай болору көз алдыма тартыла түштү. Өзүмдү бир туруп каймана аты «Таш дубал» аттуу генерал Томас Жонатан Жесон, кайра туруп Генерал Ли деп элестетип жаттым.

— Ал чиркөө баптистерге тиешелүүбү? – деп кыйытып сурадым.

— Жок, – деп Гарри туруп калды. – Прейри Лидеги көз карандысыз чиркөө.

Дароо жеңилдей түштүм. Жеңиш бизден алыс эмес.

— Гарри… алиги кыз «чегирткелерден» эмеспи? – деп бир тууганча кабатыр болгонумду билгиздим.

— Болсо эмне экен, – деп Гарри кесе жооп берди. – Аларды жөнү жок эле «чегирткелер» деп атай бербе, алардын чиркөөсү көз карандысыз деп айтылат.

— Атам менен апам бул тууралуу билишеби?

— Жок, азырынча, – деп бушайман боло баштады.

Кабатырланганына караганда дал төбөдөн түшсөм керек. Гарри кайрадан сүрөткө тигилди. Аны караганда кандайдыр

бир дем, күч алгандай болот окшойт.

— Ал канчада? – деп кайра такып сурай баштадым. – Менимче, бир топ эле жашка барып калган го.

— Оюңа келгенди айта бербечи! – деп Гарри ачуулана түштү. – Элди аралап чыга баштаганына беш жылдай эле болуптур.

Демек, элге он сегиз жашынан баштап аралаша баштаса, ага дагы бешти кошуш керек.

— Жыйырма үчтө экен да! – деп чочумуш болуп, ичимден кымыңдап сүйүнүп жаттым. – Кара далы го! Сиз он жетиге жаңы толбодуңузбу!

— Эмне айырмасы бар экен! – деп колумдагы визитканы жулуп алды да, бурулуп басып кетти.

Кечинде Гарри тамак ичип жатып, Улисс деген атыбызга эки дөңгөлөктүү арабаны чиркеп, сейилдеп келерин айтты.

— Минип алсаң болбойбу? Арабаны эмне кыласың? – деди атам.

— Көптөн бери араба чеге элекпиз. Менимче, пайдалуу болот.

Оңтойлуу учурду күтүп туруп, сөзгө аралаштым:

— Жанагы кызга бара келесизби? – деп баарына угуза айттым.

Бөлмөдөгүлөрдүн баары кулак төшөп, тымтырс боло түштү. Чоң атамдан башкасынын баары, кичинекей инилериме чейин ичип аткан тамагын токтотуп коюп, Гаррини тикирейип карап калышты. Албетте, алар эмне тууралуу сөз болуп жатканын түшүнүшпөсө керек. Апам бир мени, кайра Гаррини алмак-салмак карап жатты. Чоң атам гана эч нерсе

болбогондой оозундагы этти майдалап чайнап жатты.

Гарринин жүзү чоктой албырып чыкты. Көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй «Сениби шашпа!» дегенсип мени бир жолу жалт карап койду. Көзүнөн мени жек көрүп жатканы билинди. Дароо денемди калтырак баса түштү. Денемди да бирөө ийне менен сайгылап жаткансыды.

— «Ага» деп кимди айтып жатасыңар? – деди апам.

Ошол маалда чоң атамдын бычагы табактын түбүн кыйчылдатып кырып өттү. Моюнуна кыпчып койгон чоң болотнай майлык менен мурутун аарчып, келинин карап сөз баштады:

— Айланайын, Маргарет. «Ага» дебей «ал ким» деп сурасаңар боло. Эмдигиче туура сүйлөгөндү билбейсиңерби? – деп апамды тигиле карады. – Баса, Маргарет азыр канчага чыктыңар? Жаңылышпасам отузга чамалап калдыңар болуш керек? Туура сүйлөгөндү үйрөнө турган куракка деле келдиңер.

Айтып бүтүп, чоң атам андан ары тамагын жегенди улантты.

Апам кырк бирге чыгып, бышып калгандыктан, чоң атамдын сөзүн тоготкон деле жок.

— Гарри! – деп апам тун баласын теше карады.

Ийне менен сайгандай тызылдатып жаткан жерлерим, эми бүдүрөйүп чыкты окшойт. Бейпил жашообузга бир заматта чагылган түшкөндөй, абал курчуй баштады.

— Мен бир кызды… бир жаш бийкечти… Прейри Лиге конокко келиптир. Аны менен бир аз сейилдеп келсекпи дегем. Тез эле келем, – деди Гарри мукактанып.

— Ии, анан, – деди апам салкын гана. – Кана, ал эмне болгон жаш бийкеч экенин төкпөй-чачпай айтып берчи. Биз аны тааныйбызбы? Үй-бүлөсү кандай экен?

— Анын аты Минерва Гудекер. Өзү Остиндик. Прейри Лидеги таякеси менен тайжеңесиникине конокко келиптир.

— Алар кимдер экен?

— Гудекер айым менен Гудекер мырза.

— Алиги Прейри Лидеги көз карандысыз чиркөөдөгү Гудекерди айтып жатасыңбы?

Бери жакта туруп өзүм коркуп кеттим.

Гарри жанагыдан да жаман кызарып кетиптир. Ал ордунан ыргып турду да, сыртка чыгып кетти.

— Ооба, дал өзү, – деди чыгып баратып, – Менимче, баары жайында, туурабы? Тез эле келем, – деп Гарринин үнү шайдоот чыкты.

— Бул жерде эмне болуп жатат? – деп атам кепке аралашты.

Апам баарыбыз ооздорубузду ачкан бойдон отурганыбызды көрүп:

— Альфред, кээде сен такыр эч нерсени байкабайсың. Бул тууралуу ананыраак сүйлөшөлүчү, – деди.

Жашы кичинекей болгону менен Сал Росс иштин чоожайын дароо түшүндү да, обонго салып созолонто ырдай баштады:

— Гарринин сүйлөшкөн кызы бар экен, кызы ба-ар…

Апам жарылганы араң турду.

— Салли, токтот деп жатам, – деп ызырынып туруп, чы-

канагым менен кабыргасына нукуп алдым.

Бир маалда күтпөгөн жерден чоң атам сөзгө аралашты:

— Негизи Гарри бойго жетип калды. Чынын айтсам, ал үчүн тынчсыздана баштагам. Десерт барбы?

Эң кызык жери чоң атам угуп же укпай турганын баамдоо өтө кыйын.

Бүгүнкү тамак мен үчүн абдан созулуп жаткандай сезилди. Эмне жеп, эмне ичип жатканымды деле билбей калдым. Тамагым аш болбой, таарынды жегендей эле болдум. Сан-Хуана идиш-аяктарды чекесинен чогулта баштаганда, апам баарына кайрылып:

— Кэлпурниядан башкаңар тура берсеңер болот, – деди.

Бир туугандарымдын баары бөлмөлөрүн көздөй чуркашты. Мен болсо отургучтан жылбай каткан бойдон отурдум. Атам тамекисин күйгүзүп, стаканга күндөгүдөн көбүрөөк портвейн куюп алды. Апам вискинин сыртын сүртүп, ойлонуп турду да:

— Кана, Кэлпурния, ал бийкеч тууралуу эмнелерди билесиң? – деди.

Көз алдыма Гарринин теше тиктегени элестеп кетти.

— Мен эч нерсе билбейм, – дедим.

Ичимден аскерлеримди алып, чегинип баратканымды элестетип жибердим.

— Гарри сага ал бийкеч тууралуу айтып берди беле?

— Уксам кулагым кереӊ болсун! – дедим.

— Анткорлонбо, Кэлпурния. Ал бийкеч тууралуу кайдан билдиң? Сага эмне болду? Эмне мынча кызарып чыктың?

— Гарри мага анын визиткасын эле көрсөткөн. Болгону ошол.

— Визиткасы бар бекен? – деп кыйкыра баштады. – Жашы канчадагы неме экен?

— Билбейм.

— Альфред, уктуңбу? Анын визиткасы бар имиш!

Атам кызыгып жаткандай түр кылды, бирок кебелген да жок. Анткени, атам үчүн жаш өзгөчөлүгү маанилүү деле эмес болчу.

Апам ордунан ыргып туруп:

— Альфред, визиткасы бар болсо, бир топ эле жаштагы неме көрүнөт. Демек, Гарри аны менен жашырын жолугуп жүрсө керек. Балам бизге айтпай, биз тааныбаган бийкеч менен сүйлөшүп жүрсө деле отура берели. Болгондо да «чегирткелерден»..., көз карандысыздардан болсо жыргаган экенбиз.

Апам мени карады да:

— Кэлпурния, ал «чегирткелерденби», туура айтамбы?

— Мен эч нерсе билбейм.

— Эк, чунак кыз! Сенден эч пайда жок окшойт. Бөлмөңө бар да, бул тууралуу эч кимге оозуңдан чыкпасын. Эмне мынча кызарып кеткенсиң? Же дагы чалкандын арасын араладыңбы? Тур, сода менен компресс кыл.

Отургучумдан шыпырылып түшүп, ашкананы карай жөнөдүм. Кирсем Виола үстөлдүн жанында Сан-Хуананы күтүп отуруптур. Сан-Хуана болсо тоодой үйүлгөн идишти жууганга суу алып келгени кетиптир.

— Апам сода алып кел деп жиберди, – деп күңкүлдөдүм.

— Оо, Кудай! – деп Виола денемдеги кызыл тактарды көрүп чочуп кетти. – Бул эмне болгон тактар?

— Чалкан чагып алды, – деп калп айттым. – Компресс кылып коюш керек.

Виола мени карап бир нерсе айтайын деп барып, токтоп калды. Дудук немече ным чүпүрөккө бир аз сода сээп, мага сунду. Сан-Хуана эшиктен кирип, мени көрөрү менен жугуп калчудай кетенчиктеди.

Тепкичтен чыгып баратып, апамдын дагы эле капа болуп наалып, атам сооротуп жатканын уктум.

Чыксам өйдө жакта Сал Росс менен Ламар мени күтүп туруштур.

— Гарри тууралуу айтып берсең. Эмне болуп жатат? – деп артымдан ээрчип алышты. – Бетиңе эмне болгон? Айтсаң.

Бетиме муздак чүпүрөктү баскан бойдон, жандарынан өтүп кеттим. Эмнени баштадым эле? Өткөндү эми артка кайтара албайсың. Мен тажрыйбасыз командир сыяктуу, кандай кесепеттерге жана жоготууларга дуушар болорун эске албастан чабуулга өткөнүм кетирген чоң каталарымдын бири болду.

Гаррини күтүп ойгоо жаттым. Араба кайчылдап, дөңгөлөктөрү шагылды жиреп келаткан дабыш угулган маалда ай чыгып калган. Демимди чыгарбай, сыртты тыңшап турдум. Үйдүн ичи жымжырт. Атам менен апам эчак кызыл жыгачтан жасалган, баш жагында жемиштердин сүрөтү оюлуп түшүрүлгөн керебетинде жатканын элестеттим. Атамды билбейм, бирок апам уктаган жок болуш керек.

Акырын ордумдан туруп, тапичкемди кийип, эшиктин оозуна келдим. Дубалдын кыры менен баспасам, бөлмөнүн ортосундагы тактай кычырай берет экен. Тепкич менен бассам да кыйчылдаарын сезип, адатымча четиндеги тосмосу менен ылдый шыпырылып түштүм. Бирок караңгыда жакшы көрбөй калып, токтогонго жетишпей калып, түркүккө барып урундум. Жамбашым көгөрүп калыптыр. Эки жумасыз кетпейт окшойт.

Атканага кетчү жол айдын жарыгынан даана көрүнүп турду. Акырын эшигине барып, сыртынан шыкаалай баштадым. Шам чырактын жарыгы менен Гарри Улиссти жууп-тарап, «Мен сага чындап ашыкмын» деген белгилүү ырды кыңылдап ырдап жатты. Мен анын мынчалык бактылуу болгонун биринчи көрүшүм.

— Гарри, – деп акырын шыбырадым.

Мени көрүп, өңү дароо өзгөрө түштү.

— Бул жакта эмне кылып жүрөсүң? Кет. Барып жатпайсыңбы, – деди да, нары карап, ишин андан нары улантты.

Көз карашы алигиче көз алдымдан кетпей турат!

Мурда деле ортобузда пикир келишпестиктер болчу, албетте, жагымсыз сезимдер да болбой койгон эмес. Бирок тез эле баарын унутуп, элдешип алчубуз. Өмүр бою Гарринин сүймөнчүгү болуп кала берем деген терең ишенимде болчумун. Ал ар дайым менин оюм менен болуп, эркелетип келген. Тилекке каршы, эми баары өзгөрдү. Артык кылам деп, тескерисинче Гарринин ишенчилигинен чыгып калдым көрүнөт. Болгону агам экөөбүздү эмес, чындыгында мен өзүмдү гана

ойлоптурмун. Жүрөгүм биринчи жолу ушунчалык кысылып ооруп жатты.

Эмне кыларымды билбей, шылкыйып, атканадан чыктым да, көпкө чейин айдын жарыгынын алдында турдум. Бир маалда ыктыттымбы же солуктап ыйлай баштадымбы билбейм. Кайрылдым да, үйдү көздөй чуркап жөнөдүм. Алдыңкы эшиктен кирип барып, тепкичке жетпей жерге отуруп калыптырмын. Жарым сааттан кийин Гарри эшиктен кирсе, жерде жалаңкат көйнөкчөн бүк түшүп алып, бышактап ыйлап, кыймылдаганга дарманым келбей жатыптырмын. Мени аяган жалгыз Идабель аттуу мышыгыбыз болду. Ашканадан чыгып келип, жанымдан карыш жылбай отурду. Гарри болсо жаныма басып келип, эки колун бөйрөгүнө таянып алып, мени карап турду.

— Гарри, мени кечирип коюңузчу, – деп үнүм араң эле чыкты.

— Кичинекей балдар чоңдордун ишине кийлигишкени жакшы болбойт, – деди ал.

Буга чейин Гаррини чоң кишинин катарында деп эсептечү эмес экенмин. Себеби ага-иним дебей эле аларга аралашып чуркап жүрө берчүмүн. Бирок бул сөздү айтары менен Гарринин көзгө көрүнбөгөн чекти ашып, чоңдор дүйнөсүнө өтүп кеткенин, эми балалыкка кайтып келбей турганын элестеттим.

— Сизге жамандык кылайын деген эмесмин, – дедим араң жан.

— Менимче, атайылап эле жасадың окшойт! Бирок себебин дале түшүнө албай турам.

Үнүмдүн бардыгынча: «Биздин үй-бүлөнүн бейпилдиги үчүн! Сиз үчүн!» деп кыйкыргым келди. Бирок чындыгында өзүмчүлдүк кылганымды эстеп, уялып турдум.

Чоң атамдын сааты караңгыда үч жолу каккanda, Гарри:

— Уктай турган маал эчак болгон, – деди.

Бул жолкусунда мага салкын мамиле кылганы менен, жанагы атканадагыга караганда зиркилдеп, кагып-силкпей, жумшара түшкөнүн байкадым. Бардыгы өз ордуна келет деген үмүт пайда болду. Азыр бооруна кысып, ордума алып барып жаткызып, жууркaнымды кымтылап жаап коёт болуш керек деп ойлодум.

Тилекке каршы, баары мен ойлогондон башкача болуп чыкты. Гарри жаныма жакын келип: «Мунун баарын бекер баштадың», – деп акырын шыбырады да, мени калтырып, тепкич менен өйдө чыгып кетти. Түзгөн пландарым ишке ашканы менен, агамдын ишенчилигинен чыгып калдым. Саат төрттө гана төшөгүмө араң сойлоп барып жатып калдым.

Эртең менен турганга дарманым жетпей калыптыр. Ооруп калганымды, жакшы уктабай чыкканымды айтып, шылтоолодум. Көздөрүм шишип турганын, денемдеги кызыл тактар дагы эле кете элегин көрүп апам ишенип калды.

Апам менен Виола күн бою алмак-салмак мага шорпо алып келип берип, содадан компресс жасап жатышты. Мени кантип дарылоонун жолдорун талкуулап жаткандарын кулагым чалып калды. Алар күчтүүрөөк же ичти ала турган дары берсекпи, болбосо балык май берип баштасакпы дегендерин угуп, дароо ахыбалым оңоло түштү. Дары ичкенден көрө

тооктун шорпосун ичейин деп сурандым. Биздин үйдө балдар бир күндөн ашык ооруп төшөккө жатып калса эле, балык май берип баштаган адаттары бар болчу. Бирок көпчүлүк учурларда бул жөнөкөй дары бир топ дартка даба болгонун таң калтырчу.

Тревис мени алаксысын деп кайра Док Холлидей аттуу мышыгын (Жесси Жеймс көнбөй койгондуктан) алып келип берди. Жей Би болсо керебетиме чыгып алып, кучактап, тезирээк сакайып кетишимди тилеп атты. Сал Росс болсо талаадан терип келген бырышып-тырышып калган гүлдөрдү үкөгүмдүн үстүнө койду да, өткөндө мен ныкыганда көгөрүп калган жерин көрсөтө кетти. Мен ага андан жаман көгөргөн жеримдин ордун көрсөтпөй эле коюуну чечтим. Гарри бөлмөмө келген да жок.

Эртеси илең-салаң басып, Гаррини көрөм деген үмүттө эртең мененки тамакка түштүм. Тамак ичилип бүтөрү менен апам:

— Жума күнү үйгө конок келет. Жетиге он беш мүнөт калганда даяр болуп калгыла. Өзүм текшерем, – деди.

— Шайтан алгырдыкы десе! Бул жолкусунда кимдер келет экен, – деп чоң атам бурк этти.

— Ата, ишиңизге караңыз. Сизди кыйнабайбыз, – деди апам.

Эмне иш болмок эле? Чоң атам китепканасы менен лабораториясынан чыккысы келбей жатканын апам түшүнүп эле турду. Бир жагынан апам чоң атам келгиси келбегенине ичинен сүйүнүп тургандай сезилди. Анткени, апам уюштур-

ган мындай кечелерде, чоң атам эски адатка салып, мындай компания үчүн түшүнүксүз, бирок кызыктуу нерселерди айтып баштаганын жактырчу эмес. Мисалы, алардын ичинде кен байлыктар, философияда аларды жокко чыгарган фактылар, Мендель кечилинин жыттуу буурчакты көбөйтүү боюнча жасаган тажрыйбалары, адамдын мүчөсүн кескенде билинбей ириңдей беришине тиешелүү темаларды козгошу толук мүмкүн болчу.

Бир жолу апамдын курбулары келгенде чоң атам *Opiliones* түркүмүнө кирген жөргөмүштөрдүн көбөйүү ыкмалары тууралуу сөз баштаганда, апам эмне кыларын билбей, оңтойсузданып калганын көргөм. Келечекте адамдар учуучу машиналарды ойлоп табышат, Айга карай жол ачышат деген божомолун угушса ооздору андан бетер ачылмак. Уккандар, балким, чоң атамды акылынан айныган чал экен деп ойлошот чыгар. Бирок мен негедир чоң атамдын пикирин ичимден колдоп, болжол менен он миң жылдан кийин Айга саякатты өзүнчө элестетип койдум.

— Үйгө кимдер келет?– деди Сэм Хьюстон.

— Локеттер, Лонгорлор, Браун айым, улуу урматтуу Гудекер мырза менен Гудекер айым. Баса, дагы Минерва Гудекер айым, – деп май сүйкөгөн бычакты тиктеген бойдон кошумчалады.

Ой! Гарри да бычагын кармалай баштады. Мурда бычак көрбөгөн немедей, ары-бери тегеретип жатты. Мен демимди чыгарбай отуруп калдым. Кандай айла кылсам? Келерине үч эле күн калыптыр. Ага чейин бир айласын табармын деп өзүмдү жооткоттум. Чабуулга чыгардын алдында Наполеон

кандай даярданса, мен да андан кем калган жокмун.

Эртеси тепкичтен Гарри менен маңдай-тескей жолугуп, мылжыңдап күлсөм да, унчукпай өтүп кетип калды. Бирок ачуусу тарап калгандай көрүндү. Жакшы жагына жоруп койдум.

Жума күн да келип калды. Мен али плáн түзө элек болчумун. Бирок башымды жууганга жетиштим. Чачым кургагандан кийин күзгүнүн алдына отуруп алып, тарак менен жүз жолу тараганымды эринбей санадым. Анан эң кооз, жука батистен тигилген көйнөгүмдү, концерттик кечеде кийген ботинкамды кийдим. Гарриге жаккан көк түстөгү лентаны чачыма байлап алып, ылдый карай жөнөдүм.

Гарри кычырап, чачын майлаган лаванда жана гвоздика атыр аралаш жыттанып турду. Кубанычы койнуна батпай, мени көрүп жылмайып койду. Бир туугандар кире бериште боюбузга жараша тизилип турдук. Гарринин атырынын буркураган жытына чыдай албай Сэм Хьюстон мурдун чүйрүп жатты. Бир маалда апам эң кооз, артты этеги узунураак, жашыл жибек көйнөгүн кийип чыкты. Баскан сайын этегинен шыртылдаган дабыш чыгып жатты. Анан баарыбыздын бут кийимибизден баштап, тиш, тырмактарыбызга чейин текшерип чыкты.

— Кэлпурния, суранам! Бүкүрөйбөй турчу! – деди апам. – Жим Боуи, алдагындай тырмак менен кантип конок тособуз. Эмне тырмагың менен жер каздың беле? Кэлпурния, барып колун жакшылап жууп берчи.

Эрмек табылганына сүйүнүп, инимди ваннаны көздөй жетелеп жөнөдүм. Колун жышып жууп берип жатсам, кү-

түлбөгөн суроо берди.

— Эмне Гарри үйлөнгөнү жатабы? – деди Жей Би.

Чочуп кетип, колумдагы щёткам ыргып кетти.

— Кайдан билдиң?

— Апамдын айтып жатканын уктум. Эми ал үйдөн башка жакка кетеби?

— Жок, кетпесе керек деген үмүттөмүн.

— Мен дагы.

Коноктордун алды келе баштаганда, мен дале инимдин колун жышып жаткам. Чуркап келип кире бериштеги ордубузга кошулуп, туруп калдык. Браун айым кирери менен колун кысып, дароо реверанс кылдым.

Кызы аша чаап жибердим көрүнөт, Браун айым жасалма жылмайып:

— Саламатсыңбы, Кэлпурния. Күндөгүдөй эле татынасың, – деп келип туруп апчуурдай карышкан колу менен колумду сыга кармаганда, бутун тебелеп кеткен күчүккө окшоп, кыйкырып жибере жаздадым.

Кеченин башталышы жаман эмес. Бирок Минерва Гудекер айым али келе элек.

Коноктор отурган бөлмөгө күмүш идиштерге салынган, ышталган устрицаларды[12] ташыганга жардам берип жүрдүм. Виола инилерим канчадан устрица жээрин санап тур деп буйруган. Анын кыйынчылыгы деле жок болчу. Өзгөчө кичинекейлери жылтыраган боз утсрицаны оозуна алып барганда эле, жүрөктөрү айланып, жебестен четке жылдырып

[12] Жегенге жарай турган деңиз моллюскасынын бир түрү.

салышты. Мындан ары төлөсөң да жегидей эмес. Гарри болсо конок үй менен кире бериштин ортосундагы далдоо жерде көзү эшиктен өтүп, шыкаалап турду. Негизги конокторду чыдамсыздык менен күтүп атса керек!

Бир маалда ары жактан чоң атамдын карааны көрүндү. Сакалын тегиздеп, чачын тысырайта тарап, кызыл розаны көйнөгүнүн бүчүлүгүнө кадап алыптыр. Кемселин эле күбө жеп койгону болбосо, тим эле кычырайт.

Лонгорлордун үй-бүлөсү келери менен Тревис майда балдарды атканадагы жаңы туулган мышыктарды көрсөткөнү ээрчитип кетти. Ошол маалда үй-бүлөмдүн тыпырап, эч нерседен капарсыз ар ким өз кызматын аткарып жатканын көрүп, ичим тимеле элжиреп кетти. Колумдан келсе ушул көз ирмемди токтотуп, бекем ороп туруп, түбөлүк сакталгыдай кылып катып коймокмун. Себеби, мезгил өз ордунда күтүп турбайт эмеспи. Бардыгы бир заматта өзгөрүп кетиши мүмкүн.

Гарри эринбей жүзүнчү жолу күзгүнүн алдына барып, чачы менен галстугун оңдоп келди окшойт. Терезени карасам, Гудекер мырза жаңыдан аттан түшүп, байлаганы камынып жатыптыр. Гарри арабада отурган айымдарды тосуп алганы эшикке чуркап кетти. Гарри биринчи кош бойлуу айымга эмес, арык чырайына кол сунду. Экөө жанаша басып, баштарын тийгизип алып бир нерселерди айтып, күлүп келатышты. Экөөнүн ортосунда эч кимге билбеген сыр бардай, ага кийлигишүүгө эч кимдин укугу жоктой сезилди.

Ата-энем конокторду эшиктин оозунан тосуп алышты. Сыпайы учурашып, таанышышты да, конок үйгө киришти.

Алдын ала апам суюк дарысын ичип алган көрүнөт. Ары жак, бери жагын шыпылдап жайгарып, салмактуу сүйлөп, бардыгына жетишип жатты.

Акыры биз күткөн бийкеч келди! Мен элестеткенден дагы бойлуураак, арыкчырай экен. Шыгыраган майда топчу кадалган кызыл көйнөк кийип алыптыр. Моюну куркуйган узун, эриндери томпойгон, көздөрү чакырайган, чачы барпайган неме экен. Таанышып атып, тырс эттирип, кызгылт түстөгү желдеткичин ача салганга жетишти.

Ашкана жакка качып кетейин деп камынып турсам, Гарри байкап калып, токтотту да:

— Гудекер айым, бул менин карындашым Кэлпурния Вирджиния Тейт. Кэлли, бул болсо Минерва Гудекер айым.

Эбегейсиз чоң көпөлөктүн канатындай болгон кызгылт желдеткичин желпип жатып, мени карады да, кыткылыктап:

— Кэлпурния, сен абдан татынакай кыз турбайсыңбы. Таланттуу да экенсиң. Концертке катышканыңдан да кабардармын, – деп бүктөлгөн желпигичи менен бетимден сылайын дегенде, мага нукуп алгандан айырмасы болгон жок. Эмне жазыгым үчүн? Кече бүткөнчө эми кантип чыдар экенмин?

— Саламатсызбы, Гудекер айым! Таанышканыма абдан кубанычтамын, – деген сөз араң оозумдан чыкты.

— Экөөбүз тил табышып кетерибизге терең ишенем. Гарри, *tres amusant grand-pere* (тамашакөй чоң ата кайда)? Мен ал тууралуу көп уккам.

Мына сага! Французча да билет турбайбы. Гарри аны чоң атам менен тааныштырганы ээрчитип кетти.

— *Enchante, mademoiselle* (Өтө чырайлуу экенсиз, мадмуазель), – деп эңкейип, колун ээгине тийгизип, такасын «тырс» эттирип жерди бир тээп койду.

— Оо, Кудай! Сиз да абдан келишимдүү экенсиз, – деп Гудекер айым кыткылыктап күлүп жиберди.

Ошол бойдон Гудекер айым мага көңүл да бурган жок. Гарри экөө конок үйдү айланып эле басып жүрүштү. Мен болсо подностогу стакандарды көтөрүп алып, алардын артынан ээрчип жүрдүм.

Желдеткичин түк колунан түшүрбөй, кечке эле ары-бери чимирип жаткансып сезилди. Париж менен Нью-Йорк модасынан эч нерсе калтырган жок. Калберсон аттуу губернатордун Остинде өткөн инагурациясында жубайынын көйнөгү киши уялгыдай жупуну болуп калганын, алардыкындай акчага мыктысын алса боло турганын, мода адистеринен кеңеш сурабаганына таң калганын айтып, сындап жатты.

— Кийим тандоодо жакшы табит керек да, *n'est-ce pas* (туурабы)? – деди.

Кайсы бир салтанаттуу кечеге бирөөлөр чопкуттай болгон неме кийип келгенин айтып бүтө албай, оозунан көк түтүн буркурады. Айтор, жалаң кийим тууралуу сөз болду.

Апам музыкага сөздү бурайын деди эле, аракети текке кетти. Атам биздин аймакка койгону жатышкан телефон чубалгыларын айтып алаксытайын десе, ага да кызыккан жок. Кечке мааниси жок нерселерди айтып эле назданып, Гаррини ары-бери жетелеп жүргөнүн көрүп, кыжырым келип жатты.

Мен үчүн кече бүтпөй, кылымга тете болгондой сезилди.

Тамакты ичип бүткөнчө араң чыдадым. Коноктордун көңүлүн ачуу үчүн Браун айым фортепианого отуруп, Шопендин «Вальс-минуткасын» чертүүгө камынды. Атамдын чөнтөк саатын карап турсам, туура элүү эки секунд ойноду. Анан Гудекер айым ырдап баштаганда, Браун айым коштоп турду. Ырдап жатканда жүзүнөн эргүү деле байкалган жок. Бирок ырдап бүткөнчө Гарриден көзүн алган жок.

*Көзүңдүн нуру төгүлүп,*
*Жадырайт жүзүң нурданып.*
*Чыныга калтыр изиңди,*
*Сурабайм эми ашыгып.*

Ырдаганына кыжырым келип турсам, ары жакта чоң атам кубанып, Гудекер айымды карап отурганын көрүп, ызалана түштүм. Эми Гарри аз келгенсип, мен жакшы көргөн адамдардын баарына жагып алгысы бар.

Гарринин кезеги келгенде, «Ойгон, сулуу» деген чыгарманы аткарып берди. Гудекер айым өзүнчө эле көздөрүн жалжылдатып, Гаррини тиктеп турду. Браун айым мени да жөн койбой фортепианонун жанына сүйрөп барып, концерттик кечеде ойногон мелодияны чертип беришимди суранды. Чертип бүткөнчө башым чыдатпай ооруп чыкты. Эптеп бүтөрүм менен ашканага чуркап чыгып, Виоладан баш оорунун дарысын алып ичтим.

— Кандай неме экен? Ашканадан жакшы көрө албай жатам. Байкасам анча деле эмес көрүнөт. Биздин Гарри мырза

тим эле киши суктангыдай эмеспи! – деди Виола.

— Чынымды айтсам, Кудай өзү эле сактасын! Оюнда чүпүрөктөн башка эч нерсе жок экен, – дедим.

— Бирок кийим тууралуу сүйлөшкөн кызыктуу го, – деди Виола.

— Кечке эле кийимди айтып, андан башка эч нерсеге кызыкпаганын айтып жатам.

— Туура. Үнү деле анча эмес экен. Апаң кантип чыдап атат билбейм.

— Сыртынан көрсөтпөгөнгө аракет кылып жатса керек.

— Жакшы. Ме, андан көрө дарыны ичип ал да, кыдырып баарына шоколад таратып чык. Унутпай санап кой.

Конок үйгө кирип, бир туугандарымдан башкаларынын баарына таттуу салган идишти сунуп чыктым. Сан-Хуана болсо кичинекейлерди уктатканы алып кетти. Гудекер мырза менен атам базарда пахтанын баасы туруктуу болбой жатканын кызуу талкуулап атышты. Чоң атам оңтойлуу убакыт таап, Гарри менен Гудекер айымга *Deinacrida* түркүмүнө кирген чоң саранчылардын көбөйүү жолун берилип айтып берип атты.

— Жүрүңүз! Андан көрө китепканага алып барып көрсөтөйүн. Ал жакта үлгүлөрү менен айырмасын даана көрө аласыз, – деп чоң атам Гудекер айымды жетелеп жөнөдү.

— Тезирээк келгиле! – деп Гарри артынан кыйкырган бойдон калды. – Жакын кишилерди көпкө жоктотпогула. Ха-ха.

Гарри кубанычы коюнуна батпай, бакытка бөлөнүп турду. Жагалданып жанына барып, трюфель сундум. Азыр колумдан келишинче көңүлүн алышым керек болуп турду.

— Абдан сулуу экен, – дедим анткорлонуп. Үнүм калтырап жатканы билинди.

Бир жагынан желкем да дуулдап кычышып чыкты. Эми кыям жегенден улам кызара баштады көрүнөт.

— Көрдүңбү! Абдан жакшы кыз. Сага жагарын билгем. Алдагы сонун момпосуй экен. Дагы бирди берчи, – деди Гарри.

«Сокур десе. Накта көр сокур» деп ичимден кыжалат болуп жаттым.

Ошол учурда бөлмөгө жүзү кыпкызыл болуп албырып, Гудекер айым кирди да, тайжеңесинин кулагына бир нерселерди шыбырап айтып жатты.

— Минерванын башы чыдатпай ооруп жатыптыр. Сиздердин уруксатыңыздар менен үйүбүзгө кайталы. Албетте, сиздер менен дагы калып баарлашсак жакшы болмок. Бирок Гудекер айымдын апасы аны мага тапшырган. Бизди кечирип коюңуздар, – деди тайжеңеси.

Айымдар шашып-бушуп шалы жоолуктарын ийиндерине салып, коштошо башташканда, Гарри менен Гудекер мырза атка арабаны чеккени чыгышты. Гудекерлер апама ыраазычылыктарын билдирип, бирок кайрадан кезигүү тууралуу кеп козгошпостон чыгып кетишти.

Гарринин көңүлү чөгө түшкөнү байкалды.

— Чоң ата, китепканада бир нерсе болду беле?

— Эч нерсе деле болгон эмес. Көпөлөктөрдү кызыгып карап жаткан. Өзгөчө ага көгүлтүр көпөлөктөр жаккан болчу. Анан жаман оюмда коңуздардын коллекциясын көрсөтөйүн дегем. Алар үлгүлөрдүн ичинен эң мыктылары, – деп чоң

атам тамекисин күйгүздү. – Жакшы эле маек куруп, көп нерселерди талкуулагандай болгонбуз. Анан билбейм.

Эртеси конокторубуз апама ыраазычылык кат менен кошо өз белек-бечкектерин берип жиберишиптир. Апам адатынча бизге үлгү болсун деп, тамак ичкен үстөлдүн үстүнө каттарды коюп койду. Гудекер айымдан башкасынын баары каттарында өздөрүнүн терең ыраазычылыктарын билдирип жазышыптыр. Ал эми Гудекер айымдын каты өтө кыскача жазылыптыр.

Эки күн өтпөй Гарри Гудекер айымга кайрадан жолукканы кетти. Барса үйүндөгүлөр аны чыгарбай, жок деп коюшуптур. Дагы үч күндөн кийин Гудекер айым эч нерсе айтпай-дебей туруп, Остинге кетип калыптыр. Аны Гарриге Гудекерлердин үй кызматкери айтыптыр.

Гарри ал жактан келери менен бөлмөсүнө кирип кетти да, эшигин бекитип алды. Сэм Хьюстон менен Ламар Гарриге балык май береби деп санааркап жатышты. «Канча жаштан баштап бербей калат болду экен: Он алтыга толгондобу? Балким, он төрт жаштан баштап бербей калар?» деген ойдо жүрүштү. Алар үчүн албетте, бул абдан олуттуу суроолордун бири болчу.

Бирок Гарриге эч ким балык май берген жок. Ал тун сүйүүсүнүн азабын тартып, санаага батып жүрдү. Гудекер айымга жазган каттары ачылбаган бойдон артка келип жатты. Эмне кыларын билбей эртеден-кечке ары-бери басып жүрө бермей адат тапты. Түрү кишинин боору ачыгыдай болуп кетти.

Менин көгөргөн жерим болсо сыя көк түстөн, сарыгып жашыл тарта баштады. Ошондон кийин, өзүмө эч качан эч кимдин ишине кийлигишпейм деген убада бердим.

# 8-БӨЛҮМ

# МИКРОСКОП

**Жер кыртышы бул — эбегейсиз чоң музей сыяктуу…**

Акылы тайкы Гудекер айым менен болгон кыска мөөнөттүк таанышуудан кийин биздин үйдө көп нерсе тетири жагына өзгөрдү. Гарри бир жума бою убайым тартып, сабыры суз жүрдү. Өзүмө берген убаданы кармап, эч кимдин ишине кийлигишпөөгө аракет кылып жаттым. Бирок бир гана жолу кармана албай, коноктор келип кеткенден эки күндөн кийин, чоң атам менен Гарринин китепканадан чыккан үндөрүн угуп, кулпунун тешигинен тыңшап койдум.

Чоң атам табиятта дээрлик бардык нерсе табигый тандоо жолу аркылуу ишке ашарын, тилекке каршы, адамдарда айрым учурда ийгиликсиз болуп каларын түшүндүрүп жатты. Гарри чоң атам менен болгон сүйлөшүүдөн кийин жеңилдей түшкөнсүдү. Бирок дале өзүнө толук келе албай жүрдү. Кызык, Гарри чоң атама таарынып жүрөбү? Каап, Гудекер айымга коңуздардын коллекциясын көрсөтпөй эле койсо болмок экен. Эгер көйгөйдүн баары ошо коңуздарда болсо, анда ал чындап эле Гарринин чыпалагына тең келбейт.

Ал кыз Гарриден алыстаганы апамдын көңүлү жайлана түшкөндөй сезилди. Буга чейин апам кайнатасына сый-урмат

менен мамиле кылганы менен, үзүлүп түшүп кадырлаганын көргөн эмесмин. Ал окуядан кийин, апам кадимкидей чоң атама мамилеси өзгөрө түштү. Тамакка чогулган маалда жаналы калбай чоң атамдын ал-ахыбалынан бери сурап, табагына тамактын эң мүнөздүүсүн салып берчү болду. Же чоң атам ага көңүл бурсачы.

Гарри болсо мени кечирди. Гудекер айым экөөнүн ортосуна чок салган мен болсом да эмне болуптур. Конокко келгенинде сыртымдан эч нерсе билгизбей, өзүмдү болушунча жакшы алып жүрүүнүн аракетин кылдым. Бул жерде мени күнөөлөгөнгө негиз жок. Артын карабай кимден анча качты билбейм. Бирок менин эч кандай тиешем жок. Буга чейин Гарри мен дегенде ичкен ашын жерге коюп, куйруктай кылып каякка болсо калтырбай ээрчитип алчу. Эми кайрадан Гарринин сүймөнчүгү болоруму ишене албай, төбөм көккө жетип турду.

Ошентип жай да бүтөйүн деп калды. Атам чарба иштери, пахта тазалаган машина боюнча чоң атамдан кеңеш сурап калчу. Бирок чоң атамды илимий иштеринен алаксытып, көңүлүн чарба иштерине бурдуруу оңойго турчу эмес. Илим жаатында олуттуу ийгиликтерге жетишип, мурунку жашоо образын биротоло өзгөрткөндүктөн, азыр аны илимден башка эч нерсе кызыктырбай калган. Ата-энем аны эмнеге түшүнгүлөрү келбегенине таң калам. Чоң атамдын жарганат тууралуу баянынан кийин мен үчүн бардыгы алаканга салгандай эле түшүнүктүү болгон.

Бир жолу китепканада отурсак, чоң атам минтип сөз баштады:

— Менин өсөрүм эмес, өлөрүм калды. Өмүрүмдүн калганын сугат түтүктөрү менен эсеп-чотко кетирүүнүн кажети барбы? Азыр жашоомдун ар бир көз ирмемин маанилүү нерсеге арнасам деген ниетим бар. Мунун баарын элүүгө чыкканда гана түшүнгөнүмө кээде өкүнүп кетем. Кэлпурния, убактыңды жаштайыңдан текке кетирбегенге үйрөн. Керексиз нерсеге алтындай убактыңды коротпо.

— Макул. Болгон аракетимди кылам.

Китепканада меймандар үчүн атайын отургуч болбогондуктан, барганда бутка койгон тактайдын үстүнө отуруп алчумун. Ал төөнүн ээриби? Бирок ээрлерди көрүп эле жүрөм. Ээр дейин десем такыр окшобойт. Сыртын чихуахуа аттуу иттикиндей сапсайган жүн менен каптап койгон. Жыты да башкача. Сыягы, төөнүн эле жүнү көрүнөт.

Китепканага кирген сайын чоң атамдын буюмдарына кызыгып, ары жак, бери жактын баарын карай бермей адатым бар. Бул саам көзүмө дароо согуштан калган жез дүрбү, кургатылган кескелдирик, жөргөмүш жана ийнеликтердин үлгүсү салынган жазы, жалпак жашиктер, үч саат сайын чыркылдап, убакытты айтып турган күкүк саат урунду.

«Малды мыкты баккандыгы үчүн. Айыл-чарба жармаңкеси. Фентресс, 1977-жыл» деген оңуп бараткан жазуусу бар, четтери кырылып калган, көгүш түстөгү алкакты да байкадым. Берирээк жакта улуттук географиялык коомго тиешелүү, сыртында кызыл мөөрү бар, калың, ачык-күрөң түстөгү, пергамент конверттер, жанында суу перинин сөлөкөтү жыгачтан оюлуп жасалган канжа салгыч турат. Жерде тишин ырсайтып аюу

талпак жатат (Аны мен канча жолу тебелеп кете жаздадым.) Сыйлыктар турган текченин ылдый жагындагы оозу бекиген шкафта, катырып, ичи шыкалган, түрү суук армадилл турат. Чоң атамдын коллекциясындагы ар бир экспонат баа жеткис экенин жакшы билем. Бирок алардын арасында мындай түрү суук армадилл кандайча кошулуп калганын билбейм?

— Бул армадиллди эмнеге ыргытпай жүрөсүз? Ордуна жакшысын коюп койсо болбойбу?

— Айтканыңда калет жок. Бирок муну эстелик катары кармап жүрөм. Бул менин алгачкы эмгектеримдин бири. Көчүрүп жазуу боюнча курста окуп жүргөн кезде катырганды үйрөнө баштагам. Бирок сага айтарым, чындап бир нерсени үйрөнүүгө баш койсоң устатка барганың оң. «Бөдөнөнү сойсо да, касапчы сойсун» дешет эмеспи. Таксидермия же териден кеп жасоо өнөрү өтө кылдаттыкты талап кылат. Тамга таанытаганың жетишсиз.

— Анда таксидермист[13] болом деген оюмдан баш тартат окшойм, – дедим шагыраган, эски сөөктөр турган текчени карап жатып.

— Ооба. Канча деген жаш илимпоздор жытына чыдай албагандан улам баш тартканына күбө болгом. Баса, кийин жасаган армадилл сонун болгон. Бирок аны атактуу бир адамга тартуу кылууга туура келди.

Чоң атам буларды айтып жатканда, ары жактан трилобитти[14] таап чыктым. Кызык, бир кездеги жумшак деңиздеги

---

[13] Териден кеп жасоо өнөрүн аркалаган адам.

[14] Муунак буттуу жандыктардын бир түрү.

тирүү организм, минтип жылмакай ташка айланганы таң калтырат.

— Ал адам Түштүк Америкада жашаган армадиллдерди изилдеп жүргөнүнөн кабарым бар болчу. Түндүк Американыкын жиберсем ашыкча болбостур деген ой келди, – деди чоң атам. – Армадиллден кийин сүлөөсүнгө өттүм. Бирок ал оңойго турган жок. Тумшук жагын жасаганга келгенде өзгөчө кыйналдым. Тиштерин ырсайтып алып, айбат берип жаткандай кылып жасайын деп катуу убараландым. Көрсө, анын мурда май чукуру сезгенип, шишип кеткен сүлөөсүн экен.

Кызык, азыр алаканымда турган трилобитке канча миллион жыл болду экен? Байыркы деңиздердин кайсынысын байырлаган болду экен?

Өмүрүмдө океанды көрбөсөм да, толкундарын, андан келген сыдырым желди, үстүндөгү туздуу көбүктөрдү элестетип койчумун.

— Ыраазычылык иретинде ал адам мага да спиртке салынган үлгү берип жибериптир. Тээтиги армадилл турган текченин жанын көрдүңбү? Ал мен үчүн баа жеткис нерсе, – деп чоң атам сөзүн улады.

— Кайсы? – дедим трилобитке алаксыган бойдон.

— Алдагы бөтөлкөдөгү түрү суук жандыкты айтып жатам.

Калың айнек бөтөлкөнүн ичине салынган мокочону карадым. Түрү куду түшкө кирчүдөй экен. Көздөрү тостоюп, буттары тарбайып ар кай жагынан чыгып турган жандык экен.

— Бул *Sepia officinslis* түркүмүнө кирет. Жакшы Тилек

тумшугунан[15] табылган экземляр экен.

— Ким тааптыр?

— Мен жанатан бери айтып жаткан адамдын аты — Чарльз Дарвин.

— Чын элеби? Бул экземплярды сизге өзү жөнөттүбү?

— Чын. Ал өмүрү өткөнчө дүйнө жүзүндөгү бардык табият таануучулар менен кат алышып, бири-бири менен фауна үлгүлөрүн алмашып турушчу.

— Чоң ата, тамашалап жатасызбы?

— Кэлпурния, мен мындай нерселер менен эч качан тамашалабайм. Бул жагынан сенин апаң экөөбүз окшошпуз. Мен да жөнү жок кепти наадандык жана сөзгө чоркоктук деп билем.

Уккан кулагыма ишене албай турдум. Демек, биздин үйдө Чарльз Дарвиндин китеби тургай, өз колу менен жасаган буюму да бар турбайбы!

Бөтөлкөнү бир топко тиктеп турдум. Бул жандыкка мынча буттун эмне кереги бар болду экен?

— Бул эмне?

— Эмне деп ойлойсуң?

— Сиз да апамдай суроо бересиз да. Бир эле сөздүн туура жазылышын билбей калсам, апам дароо сөздүктөн издете баштайт, – дедим мурдумду чүйүрүп.

— Туура кылат. Апаң менен бул жагынан да окшошуп кетет экенбиз.

Бөтөлкөнүн моюнунда илинген жазууну жакшылап окуга-

---

[15] Мыс Доброй Надежды.

ны жакын басып бардым. Эски кол жазма менен коозделгон жазуусу оңуп, өчөйүн деп калыптыр. Жазууну окуй албасам да, Чарльз Дарвиндин өз колу менен жазылган нерсеге суктанып карап турдум.

— Муну бөтөлкөдөн чыгарса болобу? Шыкап салышкандыктанбы, ичинен жакшы көрүнбөй жатат.

— Бул спиртке салынган экземплярга жетимиш жыл болду. Азыр алып чыксак чачылып кетет.

Бөтөлкөнүн ичин кайра тигиле карадым. Кызык, кургактабы, деңиздеби же асманда жашады болду бекен? Буттары көп болгону менен, тарбайып, денесин көтөрө албачудай, олдоксон көрүнүп жатат. Демек, буттары деңизде сүзүүгө ылайыкташса керек. Капталында сүзгүч канаттары көрүнбөйт. Ансыз сүзө алмак эмес. Бул өзүнчө бир суроо жаратат. Бакалоору да көрүнбөйт. Көздөрү чакчайып, чоң чөйчөккө окшош экен. Анча чоң көз эмнеге керек болду экен? Түшүнүктүү, караңгыда жакшы көрүү үчүн окшойт? Демек, суунун түбүндө, караңгы жерде жашаган деген тыянак чыгарса болчудай.

— Бул жандык балыкка да окшоп кетет экен. Океандын түбүндө жашаса керек, ээ? Бирок мындай балыкты өмүрүмдө көргөн эмесмин. Мага анын кантип кыймылдап жана дем алганы кызык болуп жатат.

— Башталышы жаман эмес. Чыгарган тыянагың мени чындап таң калтырды. Туура, бул башпут моллюскасынын бир түрү – каракатица деп коюшат. Сенин баамың туура чыкты. Аны бөтөлкөгө араңдан зорго батыргам. *Sepida* түркүмүндөгү *Sepia* түрүнө кирет. Кат-кат болгон терисинин астындагы

көңдөйгө суу соруп алат да, кайра түтүк сымал органынан сууну түртүп чыгарганда, алдыны көздөй жылат. Ал эми бакалоору болсо терисинин алдында жайгашкан. Жырткычтар кол салган кезде, денесинен кара-күрөң түстөгү сыя бүркүү аркылуу коргонот. Кабыгын наждак ордуна колдонушат. Куш кармагандар капастын ичине чымчыктар тумшугун сүрүп, тазалап турсун деп илип коюшат.

Сейрек кездешүүчү укмуш нерсе экен. Зор тарыхый мааниге да ээ. Муздак айнектин сыртынан кармалап гана көрүүгө мүмкүн болду.

Анан Гарриге барсам, ал китеп окуп жатыптыр. Ага бөтөлкөдөгү түрү суук жандык тууралуу айтып баштаарым менен таң калып:

— Китепканадан келатасыңбы? – деп сурады.

— Ооба, чоң атам чакырганынан баргам, – дедим.

— Түшүнүктүү. Ал жактан бөтөлкөнүн ичиндеги кемени көрдүң беле? Эң эле кызыга турган нерсе ошол. Жакшылап көрөйүн деп убакыт таппай жүрөм. Чоң атам өз ыктыяры менен өрт өчүргүчтөргө насос алып бергендиги үчүн белек кылышкан дейт. Мага аны мурас катары таштап кетсе эле жетмек. Акыркы кезде дээрлик убактыңдын көбүн чоң атам менен өткөргөнүңдү байкап жүрөм.

— Ооба, эмне болду?

— Картаң чал менен кечке эмнени сүйлөшөсүң?

Анын айткандарына кыжалат боло түштүм. Гарри го эч нерсе эмес. Кокус, инилерим чоң атамдын мынча сырды ичине батырып жүргөнүн билип калышса, балээ башталат.

Кызыл терилүүлөр менен болгон согуштагы окуяларын, сейрек кездешүүчү ири жаныбарлар менен кармашын, учуучу шар менен саякатын билди дегенче, мен четте эле калам. Жок, мен чоң атамды эч кимге бербейм!

— Ар түрдүү нерселерди сүйлөшөбүз.

Гарриге калп айтып алып, кайра өзүмчө эле кыйнала берем. Ал кайра китебине үңүлгөндө, жакын барып бетинен өөп койдум. Китептен көзүн албаган бойдон башыман сылады да:

— Менин кичинекейим, – деди.

— Оу, – деп эреркей түштүм.

Жей Би бир күнү мага айтканга чейин, чоң атамдын китепканасына тынбай барып жүргөнүмдү эч ким байкаган жок деп жүргөм.

— Кэлли, акыркы кезде мага караганда чоң атам менен көбүрөөк ойночу болдуң, – деди Жей Би.

— Жок, жаңылышасың Жей Би. Мен сени менен көп ойноймго. Чоң атам экөөбүз болсо илим менен алектенип жатабыз, – деп сыймыктануу менен айттым.

— Эмне менен дейсиң?

— Кандай десем? Бизди курчап турган дүйнөнү, анын түзүлүшүн түшүнүүгө аракет кылабыз.

— Мени дагы кошуп алсаңар болобу?

— Мендей болгондо кошуласың…

Жей Би бир аз ойлонуп туруп калды да:

— Жок, барбай эле коёюнчу. Чоң атамдан корком, – деди. – Анын күлгөнүн бир да жолу көргөн эмесмин. Жанына барсаң, кызыктай жыттанып турат.

Туура, чоң атамдын жанына барсаң жүн, тамеки, нафталин жана жалбыз аралаш түшүнүксүз жыт келип турчу. Кээде ага вискинин жыты да кошулуп калчу.

— Биздин чоң атабыздын мүнөзү шайыр эмес. Фреддин чоң атасы сонун, – деди Жей Би. – Баса, биздин таятабыз каякта? Мисалы, Фреддин чоң атасы менен таятасы экөө тең бар. Биздики эмнеге бирөө эле?

— Таятабызды айтып жатасыңбы? Ал сен төрөлө элек кезде эле, келте оорусунан каза болуптур.

— Жаңы таята күтсөк болбойбу?

— Жок, болбойт. Ал апамдын атасы болгон. Келте оорусунан көз жумган деп жатпаймынбы.

Жей Би апамдын кичинекей кези дегенди элестете албай жатты көрүнөт.

— Жаңы таята күткөнгө эмнеге болбойт?

— Сага кандай деп түшүндүрсөм… Чоңойгондо өзүң түшүнөсүң.

— Макул анда.

Сал Росско караганда Жей Би менин сөзүмдү эки кылбай аткарат. Анын ордунда Сал Росс болсо эчак эле кежирленип, ал тургай ачуусу келе баштамак. Жей Би болсо тескерисинче жароокерленип, бетин тосуп койду.

— Сенин жакшы көргөн эжең ким айтчы?

— Сенсиң. Анын аты Кэлли Ви, – деп кыткылыктады.

Жей Бини боорума бекем кысып, төбөсүнөн жыттап койдум. Ичим ага элжирей түштү.

— Эмне болду, – деди Жей Би.

— Эч нерсе эмес. Мындан ары сени менен көбүрөөк ойноймм, макулбу? Сага сөз берем.

— Макул.

Убактымды баарына кантип жеткирем? Ишим чачымдан көп. Дарыяда чалкаман түшүп, асманды тиктеп бараткан күндөн тартып мага илхом келе баштаса керек. Ошол күнү дароо чегирткелердин сырынын түйүнүн чечүүгө жетиштим. Бизди курчап турган дүйнө тууралуу көп нерселерди түшүнө баштадым. Жээкке чыгып бараткanda эле, изилдөөчүгө айланганымды сезгем. Инилерим эч байкабаган, үйүбүздүн жер төлөсүндө жашаган жандыкка да биринчилерден болуп мен байкоо жүргүзө баштадым.

— Кэлпурния, келатасыңбы? – деген чоң атамдын нары жактан үнү угулду.

— Ооба, баратам! – деп, колума балык салган капкагы бар жыгач тор баштыкты сүйрөгөн бойдон, китепкананы көздөй чуркап жөнөдүм. Чоң атамдын балык жыттанган ал тор баштыгында: күндөлүк, үлгүлөрдү салган банкалар, ортосуна быштак салынган нан, оозу бек бир бөтөлкө лимонад, кагаз баштыкчанын ичине салынган пекан жаңгагы бар болчу.

— Бүгүн жаныбызга микроскоп алабыз, – деди чоң атам микроскопту кабына кылдат салып, ал капты болсо талаага көтөргөн баштыгынын ичине салды. – Эски болгону менен, линзалары мыкты. Азыр мектепте жаңылары болсо керек.

Ал убакта микроскоп сейрек жана кымбат буюмдун катарына кирчү. Мектепке андай нерсе жете элек болчу. Мен кармап турган бул микроскоп Остин менен Сан-Антонио

аймагындагы жалгыз микроскоп десем жаңылышпасам керек.

— Чоң ата, биздин мектепте микроскоп жок, – дедим.

— Жок дейсиңби? Азыркы билим берүү системасын түшүнө албайм, – деди чоң атам бир топко унчукпай тургандан кийин.

— Мага деле түшүнүксүз. Бизге сайма сайып, түймө түйгөндү, андан тышкары үлгүлүү жүрүш-турушту үйрөтүшөт. Кээде башыбызга китепти койдуруп, бөлмөнүн ичинен ары-бери бастырып да машыктырышат.

— Эмне окуй саларыңар менен эле кайра шатыратып айтып берип, айта электе эле түшүнүшөт десем, – деди чоң атам.

Мен чыдай албай бырс этип күлүп жибердим. Унутпай Лулага айтып берип коёюн.

— Бүгүн эмне кылабыз? – дедим кызыгып.

— Кел, балырларды изилдеп көрөлү. Мындайды буга чейин сен анан Левенгуктан башка эч ким көргөн эмес десек болот. Бир кезде Левенгук жүн сатып, мен пахта сатып тиричилик кылчубуз. Бир нерсеге чындап кызыксаң, мүдөөгө жетип, ишке ашырса болот деген анык кеп. Левенгукка чейин мындай нерсе эч кимдин түшүнө да кире элек болчу. Микроскопту биринчи жолу караган күн азыркыга чейин көз алдымдан кетпей турат. Караганда өзүңдү кадимкидей башка дүйнөгө түшкөндөй сезесиң. Күндөлүгүң жаныңдабы? Көп нерсе жазганга туура келет.

— Ооба.

Жолдон бугуларды үркүтүп аралап өттүк да, өзөн тарапка бет алдык. Бугулар бир заматта талдардын арасына кирип

жок болушту. Жолдон бугулар тууралуу кеп козголуп, чоң атам ар бир жаныбардын табиятта өз орду болору тууралуу айтып берип келатты. Бир маалда өзөндүн тайыз, булуң сымал, эңилчек каптаган жерине келдик. Сыдырым жел менен кошо суудан балыр жана көк аралаш жыт келип жатты. Көлөкөбүз түшкөн жердеги көнөк баштар чымын-куюн болуп, туш тарапка качып баратышканын байкап калдым. Нары жакта болсо суугa кундузбу же суу келемишпи чулп этип секирип түшкөндөй болду. Чабалекейлер суунун үстүндөгү чымын-чиркейди аңдып, ары-бери зуулдап учуп жүрүштү.

Баштыктарыбызды жерге коюп, чоң атам баркыт каптын ичиндеги микроскопту алып чыкты. Узун түтүк сымал, карай турган нерсесине линзаны кантип бурашты мага үйрөтүп жатты.

— Кана, эми сен бурап көрчү, – деди чоң атам.

Оор жез цилиндрди абайлап кармадым. Кымбат буюмду ишенип колума карматып жатканын жакшы түшүнүп турдум. Чоң атам алгач таштын үстүнө капты, анын үстүнө микроскопту койду.

— Буга суу тамчылатыш керек, – деп эки ичке айнекти мага сунду.

— Бардык тамчы эле жарай береби? – дедим.

— Ооба, жарай берет.

— Мынча тамчынын ичинен тандаш кыйын го, – десем чоң атам күлүп жиберди.

— Албетте, изилдей турган суу өсүмдүгү өскөн жерден алганың дурус, – деди чоң атам.

Колумду суугa малып туруп, айнекке тамчылатып койдум. Чоң атам экинчи айнекти үстүнө коюш керек экендигин түшүндүрдү.

— Эми муну микроскоптун алдына кой. Ии, ушинтип. Эми эң кыйыны чагылыштыра турган күзгүсүнө күндүн нуру туура тийгидей бурчту аныктоо. Үлгүнү даана көрүү үчүн жарык жакшы тийиш керек. Бирок көздү уялткан күндүн алдына да койгонго болбойт.

Күзгүнү ары-бери бурадым да, укмуш нерсе көрчүдөй болуп, эңкейип микроскопту карадым. Тилекке каршы, боз чаңгыл болгон нерседен башка эч нерсе көрө алган жокмун. Көңүлүм чөгө түштү.

— Чоң ата. Ал жерде… көрө турган эч нерсе жок го.

— Бурамасын ары-бери акырын жылдырыш керек. Өзүңдү көздөй жайдан жылдыр. Бураманы карабай эле кой. Объективди караган бойдон бурай бер, – деди колумду кармап.

Өтө ыңгайсыз экен.

— Жарык жакшы тийип атабы? Күзгүнү унутпа.

Бир маалда күткөн нерсем пайда болду. Быжырап, ары-бери зуулдап жылып жүргөн нерселерди көрүп, чочуп кеттим.

— А-а-а, – деген бойдон артка кетенчиктеп баратып, микроскопту кулатып ала жаздадым. – Ө-өх.

Микроскоп эч нерсе болбогонун көрүп, алайып чоң атамды караган бойдон турдум.

— Бул сенин алгачкы микроскоптук бөлүкчөлөр менен таанышууң болду. Платондун айтымында илимдин башаты таң калуудан башталат.

Кайрадан окулярга[16] тигилип караганымда, түктүү, чымын-куюн болгон бир нерсе көзгө илешпей өтүп кетти. Дагы башкасы куйругун каршы-терши кыймылдатып, жылып жүргөнүн көрдүм. Орто кылымда баатырлар көтөргөн чокморго окшош, урчуйган тикендери бар тоголок нерсе да бир көрүнүп, бир көздөн кайым болуп, жоголуп кетип жатты. Башаламан, жапайы дүйнө сымал… мындайды өмүрүмдө көргөн эмесмин.

— Ишене албай турам. Чын эле булар бизди курчап турабы? Булар кандай деп аталат? – дедим.

Бул ишти бекер баштадым, эми мени токтотуу кыйын экенин сезип турдум.

— Алардын аттарын китептен караш керек. Сүрөттөрүн тарта аласыңбы? Азыр тартып ал. Анан аттарын карайбыз.

— Тартканга кантип жетишем? Өтө тез кыймылдашат экен.

— Туура айтасың. Оңой иш эмес. Ме, калемди карма.

Микроскопту улам шыкаалап, көргөндөрүмдү кагазга түшүрүп, кайра карап жаттым. Колумдан келишинче аракет кылдым. Мурунураак көргөндөрүмө көзүм көнүп, эми тарткан оңоюраак болуп калды. Чоң атам Вивалдинин обонуна салып, кыңылдап, көпөлөк кармаган торду көтөрүп, ары-бери басып жүрдү. Аягында кагаздын бети толо жай-жапсары жок, ийри-буйру сүрөттү карап, кабагымды түйүп, калемди оозума тиштеп турдум.

— Окшошпой калды окшойт, – дедим чоң атама кагазды сунуп.

---

[16] Оптикалык аспапта караган кишинин көзү жагына келүүчү айнеги.

— Көркөм өнөр жагынан алып карасак, сен айткандай экен. Бирок бул жерде кептин жөнү башка. Бул карап тарткан нерсе. Китепканага барганда атластан издейбиз. Менин оюмча жаман эмес.

— Атластан караса карайлы. Бирок мындан ары сууга түшкүм келбей калды, – дедим.

— Алардын эч кандай зыяны жок. Миңдеген жылдардан бери бул сууну байырлап келишкен. Кэлпурния, булар сенден канча улуу экенин элестетүү кыйын. Сен анчалык кыжалат болбо. Сен көбүнчө агым жагына түшөсүң да, туурабы? Агын сууда арам жок.

— Андай болсо жакшы.

Бирок чоң атамдын айткандары мени анча ынандырган жок.

Ошол маалда камыш шуудурап, арасынан атамдын Аякс аттуу тайганы чыкты. Бизди көрөрү менен сүйүнүп кетип, түз эле бизди көздөй чуркап келатты. Сыягы, Гейт мырзанын бүт аймакты жаңырта улуган ургаачы ала тайганы — Матилданы ээрчип келатса керек. Шыйпаңдап, чоң атама эркелеп, андан сүзгүлөп мага келип, кайра суу акпай токтоп турган, булуңга барып, шыйрактарын малды. Анан чирик устундун ичинен чыгып, чулп этип сууга түшкөн кичинекей ташбаканы байкап калып, кутурган немедей аркасынан кубалап жөнөдү. Аякс ташбакадан башка суу жандыктарынын аркасынан кубалаганды да жакшы көрчү. Тилекке каршы, ушуга чейин бир да кургакта жашаган жандыкты кубалап жеткенин көргөн эмесмин. Канаттууларды эле кармаганга маш болчу. Тумшугун

сууга малганын биринчи жолу көрүп, таң калдым. Ташбаканы тиштеп алганын сезип, өзү деле таң калып турду окшойт.

— Аякс! Фу! Ташта! – деп кыйкырдым.

Жаныбызга келип, ташбаканы бутубуздун түбүнө таштады да, силкине баштады. Анан шыйпаңдап келип, отурду да, көзүн ташбакадан албай карап турду.

— Баарын туура кылдым деп жатат окшойт. Мактап койбосоң атаңдын машыктырганы текке кетти дей бер.

— Макул. Кана, Аякс азаматсың, – деп жонунан сыладым. – Ташбаканы эмне кылайын? Тревистин ташбакасы аз келгенсип, муну да көтөрүп барсам, апамдын ачуусу келет го. Аякcты кармап турасызбы. Ташбаканы суу жакка алып барып салайын.

— Аякстy суу жакка алаксытып алып кетейин. Ташбаканы коё берип жатканыңды көрбөй эле койсун. Болбосо мындан ары ишенбей, буйругубузду да аткарбай калып жүрбөсүн, – деп итти чоң атам өзөн бойлой ээрчитип жөнөдү.

Алыстап, караандары көрүнбөй калары менен ташбаканы колума алдым. Эби жок экен. Иттин тишине кантип илинип калды болду экен? Балким, картаң же оорукчан ташбака болуп жүрбөсүн? Бирок кебетесинен андай деле көрүнбөйт. Өзөндөн көргөн башка ташбакалардан айырмасы жок. Балким, келесоо ташбакадыр? Анда өзүнө окшогон ташбакалардын тукумун көбөйткөнчө өлүп калганы артык? Каап, кеч байкап калдым. Эми анын милдети менде да. Ошондо мен бечел жандыктын жан багып кетишине жардам берип жаткан боломбу? Ташбаканы суута ыргытарым менен көздөн кайым болгондой жоголду.

— Болду, чоң ата! Аяксты коё бере бериңиз, – деп үнүмдүн бардыгынча кыйкырдым.

Жээкте турсам, Аякс чуркап келип, алаканымды жыттагылап, ташбаканы таппай калды.

— Жок, көрдүңбү? – деп алаканымды жайып койдум.

Ит баарын түшүнгөндөй кулагын шалпайтып, артты карап туруп калды.

— Аякс, кечирчи мени. Мына, көрдүңбү, жок. Бери келчи. Акылдуум менин, – деп жонунан сылап, капталын кашыдым. Капталы ным болгондуктан, алаканым иттин жүнү жыттанып калды. Эми кечке чейин ал жыт кетпейт окшойт.

— Аякс жакшы. Жакшы ит, – деп эркелетип жаттым.

Эркелеткен сайын түшүнгөндөй куйругун шыйпаңдатып, адыраңдап, таарынычы жазыла түшкөнсүдү. Ээрчишип алып чоң атамдын алдынан тосуп чыктык. Жолдон Аякс кашкулактыкына окшогон чоң ийинди көрүп токтоп калды. Бул аймакта кашкулактар абдан азайып кеткендиктен, кашкулактын ийни экенинен күмөн санап турдум. Антейин десем, кашкулактын жыты сыртына чейин жыттанып жатты. Аякс сүйүнүп, тумшугун ийиндин оозуна чейин тыгып жиберди.

Чоң атам нары жакта байкалбаган жапыз бадалды тиктеп турганын көрүп:

— Чоң ата, ал эмне экен? – дедим.

Аяксты каргысынан сүйрөп, ийинден сууруп алганга аракет кылдым. Себеби, кашкулак чыга калса, оңдурбасын сезип турдум.

— Буурчакка окшоп кетет экен. Бирок буурчак дейин

десем, сырты түктүү экен. Мутант окшойт. Башындагы жалбырактары да бири-бирине окшобойт экен, – деп чоң атам бутакты алып, мага сунду. – Кел муну сактап коёлу.

Өзгөчө өсүмдүк болбосо да, банкага салып, сыртына «Түктүү буурчак (мумутан)» деп жазып койдум.

— Мобу жылдыз куртту карасаң? Анын көпөлөккө айланганын көрдүң беле? – деди чоң атам.

Чоң сапсайган, ийрилип чыбыкка жабышып алган жылдыз куртту көтөрүп алыптыр. Мынча чоң жылдыз куртту биринчи көрүшүм. Эки дюймдан[17] кем эмес го дейм. (Тагыраак айтканда, беш сантиметр. Чоң атамдын айтымында, чыныгы окумуштуулар Европа өлчөм бирдигин колдонушат. Жакында Америка да ал системага өтөт дейт.) Сырты түктүү, көлөмдүү болгондуктан, куду тукаба оюнчукка окшоп кетет экен. Мышыктай кылып сылагым келип турду. Бирок окумуштуу экенимди эстеп токтоп калдым. Жылдыз курттар чагат дегендерин угуп жүргөм. Бирок ал жөн эле чагып алабы же катуу чагабы билбейт экенмин.

— Бул жылдыз курт эмне деп аталат? – дедим.

— Так айтуу кыйын. Себеби, алардын бир нече түрү бар. Бирок бири-бирине абдан окшош. Сыртынан карап туруп айтууга болбойт. Көпөлөккө айланганча күтүүгө туура келет.

— Алар катуу чагабы?

— Кармамайын айтуу кыйын. Кана кармап көрчү. Илимге болгон кызыгууң канчалык деңгээлде экенин текшерип көрөлү. Бирок апаңдан тил угарың турган иш. Андан көрө

[17] Жыйырма үч миллиметрге барабар узундук өлчөмү.

токтотконуң эле дурус.

— Анда үйгө алып кетпейлиби. Пити деген ысым берем.

— Кэлпурния, тажрыйба кыла турган жандыктарга ат берүүнүн кажети жок экенин жакында өзүң түшүнөсүң.

— Эмне үчүн? – дедим чыбыкка жармашкан жылдыз куртту үстү тешилген, бир литрлик банкага салып жатып.

— Себеби, тажрыйбадан объективдүү жыйынтык чыгарууга тоскоол болот.

— Анын эмнесине тоскоол болмок эле, чоң ата?

Чоң атам ары жактагы издерге алаксып, аягына чейин жооп берген жок.

— Түлкүнүн изи окшойт, – деп чоң атам өзүнчө күбүрөнүп койду. – Бир эмес, экөө экен. Жакшы. Байкуштар чөөлөрдөн качып, жер оодарып кетти го деп жүрдүм эле.

Үйгө келсек, Сэм Хьюстон менен Ламар килейген жаян балык көтөрүп келишиптир. Таразага тартышса, эки килограммга чукул чыгыптыр. Ачылган оозунун эки жагынан калем саптын калыңдыгындай муруттары сербейип турат. Түрү тимеле укмуш. Менин билишимче жаян балыктын көлөмү чоң болгону менен, өзү борпоң келип, кайырмакка түшүп калса, чыкканга анча деле тырышпайт. Ошондуктан, аны кармаган анча деле кыйындыкка турбайт. Суудан алып чыкканга караганда, аны сүзгүч канаттарынан урчуюп чыгып турган уулу нерсесине тийип албай, абайлап үйгө алып келгени дагы кыйыныраак экен.

Кечки тамакта ар бирибизге жүгөрүнүн унуна оонатылып, катыраганча куурулган балыктын бирден чоң бөлүгүн салып

беришти. Бирок ал дагы эле балыр жыттангансып жатты. Башкаларды карасам, баары эле лапылдатып, байкабай эле жеп жатышты. Мен балыкты жегим да, ал тургай карагым да келген жок. Анан калса өтө эле чоң экен. Теңештирсе кичинекей иним менен тең болот го дейм. Мынчалык чоң неме сууга сүзүп баратканда мени деле буттан алса керек. Бир күн да өзөнгө барбай калган күнүм болбогондуктан, бутумдан тиштеп, суунун түбүнө сүйрөп барып, көпкө коё бербей атканын элестетип кеттим. Бул балык бир кармап алса, коё бериши кыйын болот го дейм. Суунун үстүнө калкып чыгып, чачтарым Офелияныкындай суунун үстүндө жайылып жатканымда гана көрүшмөк. Балким, көмө турган эч нерсем калбай, көйнөгүмдөн башка эч нерсем табылбай калмак болуш керек. Көйнөгүм эле табылса, табытка салышып, акыркы сапарга коштошуу аземи болмок беле? Менимче, болбосо керек. Үзүлгөн колумду же бутумду таап алышсачы? Мисалы, генерал Жексондун мүчөсүн өзүнчө көмүшкөнү маалым, туурабы? Эгер башы эле калсачы? Өзүнчө көмүлсө керек.

Акыры бул тууралуу ойлонбой, унутууну чечтим. Кийин көпкө чейин сууга түшкөндө деңиз желмогузу, балык сымал – Левиафан мына-мына кол салчудай, бир туруп микроскоптон көргөн быжыраган майда тирүү организмдер туш-тараптан курчап алгандай элестетип жүрдүм. Эстегенде дене боюм дүркүрөп кетчү болду. Кээде көптү билгендин да терс жактары болорун, жашоонун кызыгы кетип, сезиминдеги отту өчүрүп коюшу ыктымал экенин ойлондум.

# 9-БӨЛҮМ

# ПИТИ

**Жибек курттун өзгөчөлүктөрү баарыбызга маалым болгондой, курт же пилла кезинде билине баштайт.**

Жай аяктап баратты. Эми убактымды фортепианого караганда илимге көбүрөөк бөлчү болдум. Бирок музыка сабагын калтыра турган болсом, түйшүгүн эки эсе тартып, жарым саат кошумча отурчумун. Жекшемби күнү кошумча эки саат (!) отургузуп коюшканына чыдабай, аягында качып кеттим. Дагы жакшы, күндөлүгүмдү ала чыкканга жетишип калдым. Түптүз китепканага чуркап барып, эшигин каккылай баштадым.

– Ойноп аткан болбосоң кире бер, – деди чоң атам.

Кирсем чоң атам колуна «Сууда жашоочу көзгө көрүнбөгөн тирүү организмдердин атласын» кармап алып, кагазга тартылган сүрөт менен салыштырып жатыптыр.

— Бүгүнкү маданий милдетинди аткардыңбы? – деди башын китептен көтөрбөстөн.

«Түшүнүктүү. Эшиктин үстүндөгү ачык жерден фортепиано ойногонум даана угулат турбайбы» деп ичимден ойлондум.

— Мага Генделдин «Суу үстүндөгү музыка» чыгармасы

абдан жагат. Кийинчерээк тажап кетип, музыканы таштап койбойсуңбу? Ашыкча жасаган нерседен адам жадап кетерин апаң — Маргарет түшүнөт чыгар.

— Эртеңден баштап апам жарым сааттан ойногонго уруксат берди.

Чоң атамдын артынан башымды арта салып, атласты карадым.

— Мен тарткан сүрөткө окшош экен, – дедим андан мурунку күнү күндөлүккө тарткан тирүү организмдердин сүрөтүн көрсөтүп. – Мен тарткан чокмор сымал тирүү жандык — *Volvox*тун дал өзүңдөй экен. Вольвокс деп туура айттымбы?

— Туура. Түзүлүшү укмуштай сонун экенби, карасаң. *Chlorophyta* түрүнүн ичинен мага эң жакканы ушул.

— Мына дагы бирөө.

Тарткан сүрөтүмдү карап алып, сыймыктана түштүм.

— Ар бир тарткан сүрөтүңдү күндөлүккө белгилеп чык. Кайра оңой таап алгыдай кылып, атластын бетин да жазып ал, – деп чоң атам кеңеш берди.

Бул жолкусунда кара калем эмес, сыя менен жазууну чечтим. Булгап албайын деп коркуп атып, бир гана жерине таамп кетти.

— Чоң ата, Питиге эмне берсем болот?

— Кимге дейсиң?

— Питигечи, жибек куртка.

— Кэлпурния, мен ар бир нерсенин майда-чүйдөсүнө чейин сага айтып беришим керекпи? Өзүң ойлонгонго аракет кыл. Алгач маселенин өзөгүн табышың керек. Биз аны каяктан таптык? Кандай бакта жашайт экен? Ошолордун баарын өз

алдыңча ойлонушуң керек.

— И-и. Түшүнүктүү! – деп, Питини тапкан бакты көздөй жөнөдүм.

Чоң атам туура айтат. Албетте, жибек куртка курсак тойгузгандан башка эмненин кереги бар. Азыр бакка чыгып, ачуу жалбырак жегенге убакыт коротуп эмне кылат?

Банканын ичин карасам, Питинин башы менен куйругу биригип жатыптыр, банканын оозуна жалбырактан шыкап, ары-бери сойлош үчүн чырпыктын ордуна калыңыраак бутак салып койдум. Күнүгө байкоо жүргүзүп турганга, банканы колибринин уясы менен көнөк баштар салынган мискей турган үкөктүн үстүнө коюп койдум. Баарын эле алып барып үкөктүн үстүнө коё берип, орун да калбай калды.

Бөлмөдөн чыгып кетип, жарым сааттан кийин кирсем, Пити катыратып жалбырак жеп атыптыр. Жибек куртка жалбырактын даамы жаккан-жакпаганын кантип билсе болот болду экен?

Кечке маал Питини карап коёюн деп кирсем, бутактын жанында кыймылсыз жатканын көрүп, уктап жатса керек деген ой кетти. Эки капталын тең карап, көзүн таппай койдум. Томпок айнек менен карасам, эки жылтыраган кара чекитти түк басып тургандыктан араң көрүндү. Бирок көзүнүн сурмасын көрө албай койдум.

Күндөлүгүмдү ачып, дароо: «Эмнеге жибек курттун көзүнүн сурмасы болбойт? Убактысынын дээрлик көбү күндүн алдында өткөн соң, кантип сурма керек болбосун?» деп жазып койдум.

Эртең менен эрте Тревис Питини көргөнү келип, мен күтпөгөн бир суроо берди:

— Атын эмнеге Пити деп койдуң? Анын эркек экени анықпы?

— Жо-ок. Көпөлөккө айланганда эле билбесем. Азырынча кандай көпөлөк болорун да билбейм.

Оюмда жаңы эле пайда болгон суроону күндөлүгүмө жазып койдум: «Көпөлөктөр да эркек жана ургаачы болуп бөлүнөбү? Балким, эркек же ургаачы болору пиллада жаткан кезде аныкталып жүрбөсүн?» Себеби, чоң атам сары аарылар ургаачы же эркек болору личинка кезинде аныкталат дегени эсимде. Ал эми адам баласы кыз же эркек болорун беш жашка чейин же балакатка жеткенче өз алдынча тандоо мүмкүнчүлүгү болбогону абдан өкүнүчтүү. Мисалы мен, кыз менен эркек баланын милдеттерин билген соң, сөзсүз эркек болууну тандамакмын.

Пити апама анча жага берген жок. Кооз көпөлөккө айланарын угуп гана араң чыдап жүрдү. Апам ажайып, кооз нерселерге абдан кызыкчу. Мындан улам жылына бир жолу Локхартта өткөн камералык оркестрдин концертине акча аябай барып, Остиндеги балетке бизди кошо ээрчитип алчу. Ал жакка баруу үчүн бир күн кечке поезд менен жол жүрүп, «Дрискилл» мейманканасында түнөгөнгө туура келчү. Автоматтан крем-сода кошулган балмуздак жеп, саат беште хрусталь бөлмөдө чай иччүбүз.

Ай сайын апам почта менен келген «Үй кожойкелери үчүн» жана «Кийимдердин үлгүлөрү» аттуу журналдарды

үзбөй окучу. Жаккан үлгүлөрдү кесип алып, колго жибек гүлдөрдү жасап, вазаларга салып, конок үйдү кооздогонду жакшы көрчү. Жазында үйдүн артында толгон-токой гүлдөр бажырайып ачканы менен, аларды негедир эч ким алып келип, вазага салбаганы таң калтырчу. Кээде мен терип келип, суу куйган кумганга салып койчумун. Алар өтө ажайып болгону менен, бир-эки күнгө жетпей соолуп калып, кумганда эскирген суу эле калчу.

Кыскасы, Питиге алдына салынган жалбырактан башка эч нерсенин кереги жок. Күнүгө окшош эле нерселерди кайталап жасай берүүдөн эч жадабайт. Жеп кайра уйкуга кетет же уктап кайра туруп жейт. Анда-санда артынан билинер-билинбес жашыл тоголок нерселер чууруп чыгып калат. Ошондуктан жаткан жерин күнүгө тазалап турууга туура келет. Бара-бара тазалай бергенден тажай баштадым. Жакында кооз көпөлөккө айланат деген үмүт менен гана өзүмдү-өзүм жооткотуп жүрдүм. Күндөн-күнгө семирип, кортойгон жоон сосискага окшоп баратты. Бир жолу башка жалбырак алып келсем, таарынгансып жебей койду. Убара кылганына ачуум келип, ыргытып жибере жаздап барып токтодум. Башка үй жаныбарлары мунун жанында биякта эле калат. Убарасы өтө эле көп экен.

Бир жолу чоң атама арызданам деп, өзүм кайра тил уктум.

— Кэлпурния, эсиңде болсун! Пити үй жаныбары эмес. Ал табияттын төмөнкү баскычына кирген жандык. Жогорку баскычка киргендер менен салыштырып болбойт. Себеби, аларды баккан алда канча кызыктуу. Чынымды айтсам, мага

да үй жаныбарлары көбүрөөк жагат. Тилекке каршы, курт-кумурскаларды изилдебей таштап коюга да болбойт. Анда биздин эмнебиз окумуштуу?

Ошентип, илимдин айынан курттун заңын да тазалаганга туура келди. Күндөрдүн биринде Пити эч нерсе жебей калды. Себебин түшүнө албай турдум. Күндөгү эле жалбырактарды терип келгендей болом, карасам искеп да койбогон болот. Ага кайра ачуум келди. Тойгондон кийин топурак көрүнүп калса керек деген ой кетти. Ыргытып жиберсем, чымчыктардан качып жүрүп, жели чыкса, анан ушинткенин көрөт элем.

Эртең менен пилласын түйө баштаганын көрүп таң калдым. Демек, анын семире баштаганы жөн жерден эмес турбайбы. Эс алып, анан жаңы ишке киришкени жаткан экен да. Мен болсо күнөөсүз байкуш куртту ыргытып жибере жаздаптырмын да.

Пити керели күнү кечке тынбай бозомук ичке жиптен пилла жасоо менен алек болуп жатты. Ал пилланын баш жагынан (чынын айтсам, башыбы же аягыбы даана билбейм) чыгып, жиптерди каршы-терши тартып, чапырыштырып түйүп атып, акырындан пилланын сөлөкөтү пайда боло баштаганын байкадым. Ар кайсы жагынан жиптер чыгып, чорноктун колунан чыккан ишке окшоп калды. Чынын айтсам, менин түймөм деле андан артык эмес. Экөөбүз бир бөлмөдө жашагандыктан, окшошуп баратсак керек.

Пити Эдгар Алан Понун «Сфинкс» аттуу чыгармасындагы куртка окшоп, пиллага акырындап сүңгүп кире баштады.

— Түнүң бейпил болсун, Пити! Жакшы түш көр! – дедим.

Пити түйшөлүп, ары-бери ооналактап атып, бир маалда тынчый түштү. Анан эки жумага чукул ордунан кыймылдабай жатты. Кызы, Пити таттуу уйкуда жаткан маалда, дене мүчөлөрү табышмактуу өзгөрүүгө дуушар болуп жатса керек. Менимче, бул өзүнчө эле бир керемет кубулуш. Бирок ар бир нерсесин майда-чүйдөсүнө чейин элестете баштасаң, дене боюң дүркүрөй түшөт. Оюңа жашоо жана өлүм тууралуу ойлор келе баштайт.

Бирок китепканадан күмүш түстүү металл пластинканын бетине түшүрүлгөн, таякем Кроуфорд Стилдин кепинге оролгон сүрөтүн көргөнүмдү эске албаганда өлгөн адамды жанынан көргөн эмесмин. Таякем үч жашында дифтерия оорусунан чарчап калган дешет. Сүрөттө көздөрү аңтарылып жатканы даана көрүнүп турат. Уктаган адамга таптакыр окшобойт. Андан ары жашоо жана өлүм темасын ойлонгон бойдон Гаррини издеп, сыртка чыктым.

— Гарри, өлгөн адамды көрдүңүз беле?

— Эмне болду?

— Эч нерсе болгон жок. Жөн эле сурап жатам.

— Сенин оюңа эмнелер гана келбейт. Кээде сенден чочуй турган болдум.

Менден алда канча чоң, күчтүү агам кантип эле менден коркуп кетсин? Күлкүнү келтирбесинчи!

— Менби? Чын эле сиз менден чочудуңузбу? Питинин дене мүчөлөрү өзгөргөнүн элестетип жатып, тирүүлөр жана өлгөндөр тууралуу ойлор келди. Эмки өлгөнгө мени да ээрчитип барыңызчы, макулбу?

— Койчу, Кэлли Ви!

— Анын эмнеси бар? Илимий кызыгуудан улам келип чыккан нерсе. Акыркы кезде Бак Медлиндин өңү жаман экенин байкап жүрөм. Ал канчаларга чыгып калды?

— Ага барып, оозун ачтырып, анан тишин санап көр.

— Тамашалап жатканыңызды түшүнүп жатам. Бирок анын тиштеринин баары эчак эле түшүп калса керек. Сиздин оюңузча анын өлөрүнө канча калды?

Бак Медлинди мектептен келатканда күн сайын көрчүмүн. Ал пахта тазалаган машинадан алыс эмес жердеги ачык середе өзү курдуу чалдар менен отурганын көрчүмүн. Термелген отургучтарда тамекиден чайнап коюп, биринен сала бири согушта баштарынан өткөргөн окуяларын айтып отурушчу. Ар ким өз окуясын далилдеп, талашып-тартышып жаткандарын байкап калчумун. Түкүргөн тамекилери челекке түшпөй эле, баары жерде калчу. (Туш тарапка бүркүлгөн күрөң нерседен бут коёрго жер калбай калчу. Абайлап баспасаң өзүңдөн көр дегендей.) Ал чалдарга эч ким деле көңүл бурчу эмес. Курулай талкуудан тажаганда, эчак эскилиги жетип, бетиндеги чекиттер өчүп, көрүнбөй калган доминону алып чыгып ойноп калышчу. Тарсылдатып тизип, утуп баратканда кыйкырык-сүрөөн угула баштачу.

— Гарри, айтсаңыз. Бак мырза өлгөндө чын эле алып барасызбы?

— Кэлли, мени жакшылап тыңдап, эсиңе бекем түйүп ал. Антип айтканга таптакыр болбойт.

— Мен анын өлүмүн деле каалаган жокмун. Жөн гана

кызык болуп жатат. Чоң атамдын айтымында кызыгуу бул өбө... өбөл...

— Өбөлгөбү?

— Ооба, дүйнөдөгү бардык нерселерди илимий көз караш менен баалоого өбөлгө түзөт деген.

— Болуптур. Бүгүн музыканы кайталадыңбы? Браун айым эртең келерин билесиң да, ээ.

— Сиз да апамдан кем калбайсыз го. Жок, кайталай элекмин. Азыр барып отурам. Музыка сабагын дагы канча жыл алышыбыз керек? Мен жадап кеттим. Эмнеге экөөбүздөн башкасына музыканы таңуулашпайт? Менин оюма коюшса, эчак андан алда канча кызыктуураак иш менен алектенмекмин.

— Чоң атамдын китепканасында кечке отура берген сыяктуу иш мененби?

— Ооба.

— Өткөндө сураганымда, толук жооп бербей койгонсуң. Чоң атам менен кечке эмне тууралуу сүйлөшөсүңөр?

— Билесизби, ар кайсы нерселерди талкуулайбыз. Мисалы, коңуз, жылан, мышык, чөө, бак-дарактар, көпөлөктөр жана колибри чымчыгы сыяктуу нерселерди. Андан тышкары аба ырайы, булуттар, шамал тууралуу. Бул аймакта сейрек кездешкен аюулар, кундуз тууралуу да сүйлөшүп калабыз. Анан кит уулоого чыккан...

— Түшүнүктүү.

— Кээде түштүктөгү деңиздер жана Гранд Каньон тууралуу. Планеталар жана жылдыздар жөнүндө.

— Макул, макул.

— Дагы пекан жаңгагынан кантип спирт жасаса болорун. Тилекке каршы, ал тажрыйбасы толук ишке аша элек. Бирок мени айтты дебеңиз.

— Оозумдан чыгарбайм.

— Ньютондун мыйзамы, призма, микроскоп жана…

— Болуптур. Түшүнүктүү.

— Тартылуу жана сүрүлүү күчтөрү, линзалар жана призмалар…

— Макул.

— Дагы тамак-аш, жаан-чачын мезгили, табигый тандоо тууралуу. Гарри, сиз кеткени жатасызбы? Андан тышкары көнөк баштар, кур бакалар, кескелдирик жана бакалар тууралуу сүйлөшөбүз. Кетпей туруңузчу. Микробдор менен бактериялар жөнүндө. Ии баса, микроскоптон аларды өз көзүм менен көрбөдүмбү. Анан дагы көпөлөктөр, жылдыз курттар, албетте Пити тууралуу. Гарри, кеттиңизби?

Түн ичинде чычкан шытыратып жаткандай болгон дабыштан ойгонуп кеттим. Жакшылап тыңшасам, ал дабыш Питинин банкасы тараптан чыгып атыптыр. Бөлмөнүн ичи көзгө сайса көрүнгүс капкараңгы болгондуктан, терезе парданы жылдырып, банканы терезенин кырына койдум. Карасам, пилласы ушалангансып калыптыр. Антип-минткенче таң сөгүлүп, жерге жарык кире баштады. Көрсө, курт пилланы акырындап ичинен жей баштаптыр. Мени байкаган жокпу же көңүл бурган жокпу билбейм? Баары бир болуп калса керек. Бир маалда пилланын капталын тешип, канаттары чүрүшүп, капталына жармашкан семиз көпөлөк чыгып келатканын

көрдүм. Тилекке каршы, мен элестеткендей кооз эмес экен. Көпөлөк силкинип, канаттарын түзөй баштады. Питиге такыр окшобогондуктан, ага жаңы ат коюуну чечтим. Көпкө күттүргөн, сулуулугун даңазалаган ат болуш керек. Балким… Гүл десек кандай болот… Көпөлөктөр гүлдүн ширесин соруп жан сакташат эмеспи. Сапфир же Рубин деп койсокчу? Канаттарынын түсүнө жараша коюп койсокчу? Ал үчүн бир аз күтө туруш керек. Ошондой ой менен тамак ичкени жөнөдүм. Тамак учурунда:

— Пити пилладан чыкты, – деп баарына бир сыйра жарыялап койдум.

— Болсун. Канаттарынын түсү кандай экен? – деп апам сөзүмдү кубаттады.

— Азырынча белгисиз. Канаттары толук жазыла элек. Менимче ага жаңы ат коюш керек. Көпөлөк Курт Пити деген ат жарайбы?

— Балдарым, кандай сунушуңар бар? – деди апам.

— Анын атын… атын… Жөн эле Көпөлөк деп койсок кандай болот? – деди жети жашар Сал Росс.

— Жарайт, – деп апам анын сөзүн коштоду.

— Сулууке деп койсокчу? – деп Гарри сунуш киргизди.

— Жакшы ат экен, Гарри. Дагы сунуштарыңар барбы?

— Толук чыкканча бир аз байкап, күтө турсак дурус болот го дейм, – деп чоң атам сөзгө аралашты.

Башкасын билбейм, бирок чоң атамдын айтканында калет жок. Демек, билгени бар.

— Мага Сулууке деген ат жакты. Бирок чын эле күтө тур-

ганыбыз дурус, – дедим.

Сал Росс таарына түшкөнүн байкап:

— Сал Росс сунуш кылган Көпөлөк деген ат деле мага жагып атат. Көпөлөк-Сулууке деген кош ат коюп койсок деле болчудай, – деп кошумчаладым.

— Ал кыз экенби же эркекпи? – деп Тревис баягысын кайра баштады.

— Билбейм, – дедим оозума куймакты салып жатып.

— Кэлли, оозуңа тамак салып алып сүйлөгөнүңдү койсоң боло, бай болгур, – деди апам.

Тамак ичилип бүтөрү менен бөлмөмдү көздөй шашып жөнөдүм. Артымдан үч иним чурулдап, жаңы бере турган атты талкуулашып, ээрчип келатышты. Киреризбиз менен канаттарын жайып бутакка конгон, банкага араң батып турган эркек — Сулуукени көрүп селейип туруп калдык. Пити чоң, бозомук түстөгү, түктүү көпөлөккө айланыптыр. Мага дүйнөдөгү эң чоң көпөлөктөй сезилди.

— Аа-ий, кебетеси күлкүлүү экен. Ага эч нерсе болгон эмеспи? – деди Сал Росс таңыркап.

— Бул кадимки көпөлөк эмес эле, жетим көпөлөк турбайбы. Кэлли, шайтан көпөлөк экенин билдиң беле? – деди Тревис.

— Жок, билген эмесмин, – дедим көлөмүнө таң калып.

— Мынчалык чоң көпөлөк көрө элек болчумун, – деди Тревис.

— Мен дагы. Түрү жаман суук экен! – деп Сал Росс мурдун чүйүрүп койду.

Ичимден түрү суук экенин танбаганым менен, сыртымдан сыр билгизбегенге аракет кылдым. Жетим көпөлөк мынча чоң болору үч уктасам да түшүмө кирген эмес. Жаңы чыккандагысы ушунча болсо, мындан аркысын айтыш кыйын.

— Эми муну эмне кыласың? – деди Тревис.

— Эмне кылмак элем, изилдөөмдү улантам.

Чындыгында мындан ары эмне кыларымды өзүм деле так билбей турдум.

— Анын эмнесин изилдейсиң?

— Эмне менен тамактанарын, кантип көбөйөрүн, жашаган жерин, канаттарын канча аралыкка чейин кере аларын, жана башка ага тиешелүү нерселердин баарын.

— Анда аны кармаганга туура келет турбайбы, ээ? Мен болсом жанына жоломок эмесмин, – деди Сал Росс.

— Жаңы туулары менен эле кармай калмак белем. Бир аз көнсүн, – дедим.

— Кэлли, чоңураак банкага салбасаң, эскиси сынып кетчүдөй экен.

— Мындан чоң банканы кайдан табам?

— Бөлмөнүн ичине коё бересиңби? – деди Тревис.

— Билбейм.

— Мейли анда, мен барайын, – деп Сал Росс эшикти көздөй басты.

— Мен да кетейин. Болбосо мектепке кечигем, – деди Тревис.

— Эй! – деп алардын артынан кыйкырдым. – Коркпой эле койгула. Көпөлөктү чыгарбайм.

Эми кандай кылсам? Банканын ичинен Пити – Сулууке канаттарын тынбай каккылаган сайын, шатыраган, дирилдеген коркунучтуу дабыштар чыгып атты. Мектепке камынып жатып, көпөлөккө канча көңүл бурбаганга аракет кылсам да, шытыраган сайын чочуп кетип жаттым. Айла жок коё берет окшойм. Бирок ал тууралуу ойлонгондон да коркуп турдум. Сабакта отурганда, жакшы эле эстебегенге аракет кылдым.

Үйгө келгенде да астыңкы кабатта музыканы кайталоо менен алек болуп, дароо үстүнө чыкканга көңүлүм чаппай турду. Апам кийимимди которуп кел дегенде гана бөлмөмө жөнөдүм. Эшиктин оозуна жеткенде киргим келбей туткасын бир далайга чейин кармаган бойдон турдум.

Өзүмчө: «Көпөлөк банкадан чыгып кеткен жок болду бекен? Акыркы жолу ачкандан кийин кайра оозун катуу жаптым беле? Азыр бөлмөнүн ичин айланып, учуп жүргөн болсочу? деп ойлоно баштадым. Анан кайра өзүмдү-өзүм алаксытып: «Кэлпурния Виржиния Тейт минтсең шылдың болосуң. Сени болочок окумуштуу деп коёт. Бул жөнөкөй эле көпөлөк! Болгон айырмасы жетим көпөлөк экендигинде» дедим.

Бир аз жеңилдей түштүм. Эшикти ачсам, эч жакка кетпей эле, банканын ичинде экен. Банка тар болгондуктан, канаттары тирелип, жада калса кайрыла албай калыптыр.

— Кандай кылсак, Пити? Биринчи сенин кайсы түргө кирериңди аныктап алалы. Анан жашаган жериңди кеңейтүүнүн жолун издейбиз.

Чоң атамдын китеп текчесинен «Курт-кумурскалардын түрүн аныктоо» деген китебин алып, барактай баштадым..

Демек, *Lepidoptera* түркүмүнө кирген — ар канат көпөлөктөр, ал эми түсүнө жана көлөмүнө караганда *Saturniidae* шайтан көпөлөктөрүнүн түрүнө кирет экен. Шайтан көпөлөктөрдүн кайсы түрүнө киререрин аныктоо үчүн канаттарын жазып көрүш керек. Анткенге банканын ичинде орун жок. Чоңураак нерсеге салып же бош коё бериш керек. Чындыгында канаттары эле калдайганы болбосо, денеси анча деле чоң эмес. Мурутчалары түктүү, кооз келет экен. Мен аны шаштырып, пилласынан тезирээк чыгууга шарт түзүп бергенден улам, байкуш эми минтип банкада тыгылып жатат. Эми аны көз жаздымда калтыра албайм.

— Жүрү, Пити! Чоң атама барып, кеңеш сурап келели.

Банканы көтөрүп баратканда, көпөлөк кадам сайын тыбырчылап, канаттарын каккылап жатты.

Алдымдан Гарри чыгып, шайтан көпөлөктү көрөрү менен…

— Кудай өзүң сактай көр! Мунуң көпөлөк эмей эле, альбатрос[18] го, – деди.

— Ха-ха-ха.

Кошулуп күлгөндөн башка айлам жок болчу.

— Жанагы курт ушундай мокочого айланарын билдиң беле?

— Албетте, – дедим сыр бербей.

Гарри бир мени карап, кайра банканы карады.

— Шумдугуң кургур! Фентрессте шайтан көпөлөктөрдүн жарманкеси болсо, мунуң эч кимди алдына салгыдай эмес.

---

[18] Ири деңиз куштун бир түрү.

Жакшы ой экен. Мыкты чочко, уй, кыям жарманкеси болуп атса, шайтан көпөлөктөр арасында өткөрүүгө эмнеге болбосун. Туура жарманкеде балдар сүйгөн үй жаныбарларын тандашат. Ал жакка баягы эле ит, мышык, тоту куш сыяктуу үй жаныбарларын алып барып жүрүшөт. Мындай чоң шайтан көпөлөк алып барган эч кимдин оюна келбейт.

— Гарри, чын эле Питини жарманкедеги көргөзмөгө алып барсам кандай болот?

— Үй жаныбарына түк окшошпойт го, – деди Гарри күлкүсүн токтото албай.

— Окшошпосо эмне экен. Былтыр Дови Медлин деле эч нерсеси менен өзгөчөлөнбөгөн алтын балыгын алып барган. Калыстар тизилип отурушуп эле, жеңүүчүлөрдү аныктап коюшат. Өзгөчөлөнүп тургандыгы үчүн, балким, сыйлык Питиге берилип калат?

— Ким билет? Алса алып калат чыгар. Бирок жарманке дагы канча убакыттан кийин болот? Негизи шайтан көпөлөктөр канча жашайт? Кечке бул банканын ичинде кармай албайсың да, туурабы?

— Албетте. Ага ылайыктуу жер издештирип жатам. Бирок канча жашарын билбейт экенмин.

— Мен да билбейм. Биздин табият таануучубуз сен эмес белең. Менимче, ашып кетсе эки жума жашаса керек.

Ашканадан капыл-тапыл чыга калган апам банканын ичиндеги Питини көрүп, эси ооп карап калды.

— Кэлпурния, бул эмне?

— Апаке, бул баягы Пити, – деп үшкүрүндүм. – Кааласа-

ңыз, Сулууке деп атаңыз, – деп кошумчалап койдум.

Тилекке каршы, түрү суук немени кооз ат сактай албайт көрүнөт. Пити канаттарын шытыратып баштаганда апам чочуп, артка кетенчиктей түштү. Көзүн банкадан албай тиктеген бойдон бир ордунда катып калды.

— Татынакай көпөлө… көпөлөгүңө эмне болгон?

— Апаке, бул көрсө шайтан көпөлөк экен, – деп апама жакшыраак көрүнсүн деп банканы өйдө көтөрүп көрсөттүм.

Апам дагы арткараак жылды да:

— Муну көзүмө көрсөтпөй жогот. Бул килтейген күбө түшүрө турган көпөлөк турбайбы! Жүн кийимдерге түшсө оңдурбайт.

Ошентип айтканда, апам менен Сан-Хуананын жүн жуурkandар жана кышкы кийимдерге түшкөн күрөң майда курттар менен тынымсыз күрөшүп жүргөнүн эстедим. Андан арылуу үчүн кедр багынын таарындысын салып, лаванда майын колдонушканын көрүп калчумун.

— Пити жүн жебейт. Менимче, жебейт болуш керек. Ал гүлдүн ширесин эле соруп тамактанат го дейм. Эч нерсе жебеши деле мүмкүн. Түркүмүнө жараша болот. Чоңдорунун арасында эч нерсе жебеген түрлөрү да кездешет. Бирок азырынча тактай элекмин.

— Кандай болгону менен жумушум жок. Үйдүн ичине коё берчү болбогун. Муну тезирээк көзүмө көрсөтпөй жогот. Уктуңбу? – деп, колун шилтеп койду.

— Макул, апаке, – деп ызаланган бойдон, бөлмөмө жөнөдүм.

— Ка-ап. Эми көрсөтмөгө чейин жетпей калат турбайбы, – деди Гарри. – Алып барсаң албетте кызыктуу болмок. «Эй! Кэлпурния Виржиния Тейттин бакма көпөлөгүн карагылачы! Көрбөдүм дебегиле!» деп баарына жар салат элек.

— Бул жерде күлкүлүү эч нерсе жок. Көпөлөктү коё бергенге туура келет окшойт. Бирок алгач чоң атама көрсөтүп келейин.

Китепканага барсам, чоң атам жок экен. Лабораториясына кириш үчүн үйдү айланыш керек болчу, ал эми андан да кыскараак жол ашкана аркылуу өтчү. Бирок ашканага кирсем, башкалар да ар кандай суроолорду бере башташат. Ага карабастан банканы колтугума кыстым да, ашкана аркылуу өтүп кетүүнү чечтим.

— Алдагы эмне? – деп Виола шектенип сурады.

— Кайсы? Эч нерсе эмес, – деп арткы эшиктен чыгып бараткандa, Пити банканы шытырата баштады.

Бир аз чыдап турса болбойт беле? Түрүнө көнүп, көңүл деле бурбай калгам. Бирок ушул шытыратканы… Канча уксам деле чочуп, дене боюм дүркүрөй берет.

Чоң атам гроссбухту[19] окуп отурган жеринен:

— Кандайсыз? Мобуну карасаңыз, – деп банканы чоң атама сундум.

— Ай-ий! Укмуштай чоң го. Мынчалык чоң шайтан көпөлөктү өмүрүмдө биринчи көрүшүм. Кайсы түркүмгө кирерин аныктадыңбы?

— *Saturniidae* же *Sphingidae* го деп божомолдоп жатам,

[19] Маалымат жаза турган калың дептер же китепче.

— деп чет тилиндеги атын айтып жатканыма сыймыктана түштүм.

— Эми муну эмне кылайын деп жатасың?

— Питини жарманкедеги көрсөтмөгө алып барсамбы дегем. Бирок Гарри ага чейин өлүп калышы мүмкүн деп жатат. Сиз да баягыда Пити үй жаныбарларына кирбейт дебедиңиз беле. Апам болсо көзүнө көрсөтпөй жоготушумду талап кылды. Аны өлтүрүп же үлгү кылып кургатып, болбосо коё беришим эле калды.

Чоң атам мени жалт карады да, кайра экөөбүз тең банканын ичиндеги көпөлөккө көңүлүбүз бурулду.

— Мынчалык чоң көпөлөк сейрек кездешет. Кайра жолукпашы да мүмкүн.

— Билем. Ага ат койбо деп эскерткениңиз эсимде. Мен аны өз колум менен чоңойтуп алып, эми кантип өлтүрүп салам.

Күүгүм киргенде адаттагыдай эле жаркырак коңуздарды караганга сыртка чыктык. Бир туугандарымдын баары верандада үймөлөктөшүп турушту. Мен болсо Питини банкасы менен чөптүн үстүнө коюп койгом. Чоң атам болсо, бир колуна виски кармап, термелген отургучта бизди карап отурган.

Алгач Питинин кыймылдаганын эч ким көргөн жок. Бир маалда банканын кырынан ашып, чөптүн үстүнө кулап түшкөндө, тамдын бурчунан Аякс көрүндү. Пити канаттарын жая баштаганда, Аякс оңой олжого кубанып, кулактарын тикчийтип, секиргенге камынып жатканын байкабай калыптырмын.

Пити калкылдап учуп барып, кайра жерге конгон маалда, Аякс бир аттамдай эле жерде турган. Менин сейрек кездешүүчү үлгүмдү, илимий долбоорумду, Питимди тиштеп кетпегей эле деп жүрөгүм оозума тыгыла түштү! Ачуум кайдан келгенин билбейм, түз эле Аякстын алдын кесип чыктым.

— Аякс! – ушунчалык катуу кыйкыргандыктан, өзүмдүн кулагым туна түштү. Үнүмдүн ачуусунан бактагы көгүчкөндөр да туш-тарапка үркүп учуп, жүрөгү түшкөн Аякс далдырап, эч нерсени түшүнө албай токтоп калды. Бир маалда каргысынан кармасам, колуман суурулуп чыгып, мени ойноп жатат деди окшойт. Ит секирип ойноп жатканда, Пити бийигирээк көтөрүлүп, тоокторго окшоп, калдаңдап учуп баратты.

— Аякс, болбойт! – деп кайра айлана жаңырта кыйкыра баштадым.

Аякс ордунан жылбай туруп калды. Ошол маалда Пити дал Аякстын тумшугунун тушуна келип калган. Ит түшүнө албай мени карады. Себеби, анын негизги жумушу учуп бараткан нерсени кармаш эмес беле? Коркуп кетип, кайра итти кармаганы шашылдым. Карасам Пити калдаңдап учкан жер жашоочусунан, эми көркөмдүү аба жашоочусуна айланып кеткендей сезилди.

Кандай керемет! Өмүр бою учуп жүргөн немеден кем эмес. Каргысын үзүп жиберчүдөй жулунган Аяксты коё берип койдум. Эми кыйын болсо Питиге жетип алсын.

Инилерим дагы көргөн көздөрүнө ишенбей таң калып карап турушту.

— Аа-ий! – деп инилеримдин ооздору ачылып калды.

– Азаматсың, Кэлли! Биз мындай болот деп таптакыр ойлогон эмеспиз. Бул жетим көпөлөктүн иши эчак бүттү го дегенбиз.

Чоң атам карааны алыстап бараткан Питини карап, колундагы стаканын анын урматына ичип жаткандай өйдө көтөрдү.

Караңгы кирип кеткенине карабастан, далисте бир далайга чейин жалгыз отурдум. Уйкум кайда кеткенин билбейм. Жолдун жээгиндеги лилиялар гана агарып, асмандан түшкөн майда жылдызга окшоп турганы болбосо, көз таңылып, айлана көзгө сайса көрүнгүс капкараңгы болуп калган. Ошол маалда лилия гүлдөрүнүн жанынан шуу этип бир нерсе учуп өткөнсүдү. Гүлдөр термеле түштү. Бул эмне болду экен? Колибри кушубу? Колибри кечинде уччу беле? Менимче, учпайт болуш керек. Балким, жарганат болуп жүрбөсүн? Мүмкүн эмес. Пити болуп калса экен деп ичимден тиледим. Өзүмдү-өзүм ал Пити деп ишендирип койдум. Окуянын аягы жагымдуу бүтүшүн каалап турдум.

## 10-БӨЛҮМ

# ЛУЛА ӨЗҮ БАЙКАБАСТАН ИШТИН ЧАЛМАКЕЙИН ЧАЛГАНЫ

**Гвиана тоо чыйырчыктары, бейиш куштары жана башка ушул сыяктуу куштардын эркектери жана ургаачылары бир жерге учуп барып чогулушуп, куштардын эркектери кооз канаттарын жайып алышып, ургаачысынын алдында түрдүү кыймылдарды жасашат. Ал эми ургаачылары көрүүчү сымал сынап отурушуп, арасынан эң келишимдүүсүн тандап алышат.**

Жакын курбум Лула Гейтс концертте эл алдына чыгып, жүрөгү айланып, уят болгонун көпкө унута албай жүрдү. Эки айдай эки сөзүнүн бири эле концерт болуп, оозунан түшпөй койду. Анысынан тажап, бир күнү сөздү башка нерсеге буруу максатында:

— Сеники эч нерсе эмес. Андан да жаман учурлар деле болгон. Мисалы, Фредерик Шопендин маэстросу жөнөкөй адамдардын алдында да эмес, Пруссия ханышасы үчүн ойноп жаткан маалда кусуп жиберген, – дедим.

— Чын элеби? – деп Луланын маанайы дароо көтөрүлө түштү.

Албетте бул чындык эмес. Мен аны Луланын көңүлү көтөрүлсүн, башка нерсеге алаксысын деген ниетте оюмдан чыгарып койгом.

Азыр ойлосом Лула ошол кезде эң сулуу кыз болчу экен. Бирок мен аны байкачу деле эмесмин. Ак саргыл өрүлгөн, узун чачы фортепианодо ойноп жатканда эки жакка чайпалып, өзүнчө көрк берип турчу. Жашыл-көк түстөгү каректери бантигин алмаштырган сайын өзгөргөндөй сезиле берчү. Дагы бир мени таң калтырган нерсе бул: жайы-кышы дебей Луланын мурдунун үстү тердеп турганы болчу. Манжаң менен тийип койсоң сууланышып, бир мүнөткө жетпей кайра эле тердеп чыкчу. Анын эмнеси сулуу экенин билбейм. Мурдунун тердегени бизге жаман эмес, тескерисинче, кызык көрүнчү. Жашым кичүүрөөк болгондуктан, Лула мурдунун үстүндөгү терди сүртүп, кайра жаңы тер чыкканын күтүп ойногонго уруксат берчү. Бирок тер каяктан пайда болуп жатканын эч түшүнө алчу эмесмин.

Жалаң эркектердин арасында чоңойгондуктан, мындай курбу күткөндүн өзү эле кандай мааниге ээ экенин түшүнүп жаткандырсыз. Бирок айрым учурда Лула өтө эле назданып кетчү. Мисалы, мени менен жылан чогултканы барчу эмес. Түштүктөгү аскерлердин эски лагерине барарда буттары, чор болот, алдыман жылан чыга калат деген сыяктуу шылтоолорду издей баштачу. Сууга түшкүсү келчү эмес (бир жагынан чечингенден эринсе, экинчи жагынан жыландан абдан коркчу).

Экөөбүз мектепте да башынан бери эле чогуу отурабыз. Достошкондон бери деле кыйла убакыт өттү. Экөөбүздүн

достугубузду анын апасы да колдочу. Лула менен дос болсоң, коомдук абалыңды жакшыртууга өбөлгө түзүлөт деген ою болсо керек. Мүмкүн Тейттердин бирөөсүн күйөө бала кылып алайын деген тымызын ою бар чыгар. Себеби, биз жашаган аймакта эң оокат-аштуу эле биз болсок керек. Лулалар деле элден кем эмес жашачу. Атасы ат кармачу, музыкадан жеке сабак алганга мүмкүнчүлүктөрү бар болчу. Ашпозчусу болбосо да, үй кызматкер жумшашчу.

Тилекке каршы, Луланын жалгыз бир тууганы — Тодди оорукчан болчу. Ал мектепке да барчу эмес. Колуна эски жууркандын айрындысын кармаган бойдон, эртеден кечке бөлмөнүн бир бурчуна тыгылып алып, термелип отура берчү. Эч ким тийишпесе, үнү деле чыкчу эмес. Бирок колундагы чүпүрөктү алдың дегенче долуланып, кыйкыра баштачу. Ошону үчүн анын жанына эч ким жолочу эмес. Жада калса ачуусуна тийип албайлы деп, колундагы айрык чүпүрөктү кирлерге да аралаштырып жууй алышчу эмес. Анан ал чүпүрөгүнөн укмуштудай бир жыт келип турчу. Бирок жалпы жонунан алганда Луланын үйү биздикине караганда тынчыраак болчу.

Лула сайма саюу жана түймө түйүү боюнча ар дайым сыйлыктарды алып турчу. Чынын айтсам, мен ал жагын таптакыр өздөштүрө албай койдум. Бир сабак бою кантип жадабай сайма сайып, тор жака түйүшөт билбейм?

— Кэлли, бул фортепианодо ойноо үчүн жаңы пьеса жаттаган сыяктуу эле. Фортепианодо менден кем эмес ойнойсуң го, ошол сыяктуу эле жаттаганча улум-улам кайталап ойноп жаткандай элестет, – деди Лула.

Курбумдун сөзүн талдап көрүп, айтканында калет жок деген тыянакка келдим. Бирок эмнеге сайма саюу музыкадан мынча айырмаланат болду экен? Мисалы, чертип жатканда музыканын дабышы айланага сиңип жок болсо да, маанайы көтөрүлө түшөт. Регтаймды черте баштаганда жанындагылар бир жерге тура албай бийлей башташат. Сайма сайгандын эмне пайдасы бар? Көздүн жоосун алганы жана узакка сакталганы эле болбосо. Кээде андан киреше тапса болот. Бирок ушунчалык жадатма иш болгондуктан, жамгырлуу күндөрү үйдөн чыкпай отурган кезге ылайыктуу. Төркү үйгө кирип алып, сааттын чыкылдаган жебеси менен кошо жарышып, ийнени сайып, кайра сууруп алып машакаттанып отурушуң керек. Абдан кыбыр иш.

Бир күнү Лулага «Суза маршын» чогуу ойноону сунуштадым. Дабышы шайдоот жана шайыр чыккандыктан, минтип ойногон абдан купулума толду.

Түштөн кийин эшиктин алдында *Lepidoptera* түрүнө кирген көпөлөктөрдү карап отурсам Ламар келди.

— Кэлли.

— Эмне болду?

— Лула мени жактырабы?

— Албетте.

— Менин оюмду түшүнгөн чыгарсың. Мен ага жагамбы?

Кызык, он жашар Ламар мурда кыздарга көңүл бурганын көргөн эмесмин.

— Менден эмне сурап жатасың? Өзүнөн сурабайсыңбы.

— Кантип сурайм, – деп кызара түштү.

— Кадимкидей эле.

— Мм... билбейм, – деди Ламар уялыңкы түр менен.

— Сага кандай кеңеш береримди билбей турам... – деп жатып оюма бир нерсе кылт эте түштү. – Менимче, бул тууралуу Гарри менен кеңешип көрсөң туура болот го дейм.

— Туура айтасың, – деп Ламар сүйүнүп кетти. – Бирок бул тууралуу Лулага эч нерсе айтпа, макулбу?

— Кабатыр болбо. Айтпайм.

— Башкалар да билбесин, макулбу?

— Макул, эч кимге айтпайм.

— Рахмат сага, Кэлли.

Он төрт жашар Сэм Хьюстон андан кийин алдымдан тосуп чыгып, сөз баштаганча Ламардын айткандарын унутуп деле калгам.

— Кэлли, сенде сөз бар, – деп Сэм акырын шыбырады. – Сенин оюңча Лула Гейтс мени жактырабы?

— Эмне дейсиң?

— Акырынчы, кыйкырбай? – деп Сэм кабагын түйдү. – Жөн эле ага жагамбы деп сурап жатам.

— Өзүнөн сурабайсыңбы, – дедим.

Булардын баарына жин тийгенби?

— Кантип сурайм, – деп Сэм күңкүлдөдү.

— Анда Гарриге барып кеңеш сура. Ал мындай иштин жөнүн жакшы билет.

Мына сага, эки илхом бир келбейт деп ким айтты эле?

— Рахмат, Кэлли. Анда мен Гарриден сурап көрөйүн. Лула эч нерсе билбесин, макулбу?

— Макул.

— Сөз бересиңби?

— Сөз.

— Оозумдан чыгып кетсе, мүрт кетем дечи?

— Айтчу болсом, дароо мүрт кетем.

— Бакан оордук кылсам өлүп кетейин дечи.

— Өлүп кетейин.

— Толук айткан жоксуң. Жарабайт.

— Сэ-э-э-м!

— Толук айтсаң.

— Болуптур. Баканооздук кылсам, өлүп кетейин. Бар, жоголчу.

— Болду эми, ачууланба.

Сэм шашып-бушуп Гаррини издеп жөнөдү. Мен болсо башым ооруп баштаганынан чекемди ушалап көпкө турдум.

Эки күндөн кийин бурчта өзүмчө китеп окуп отурсам, он жашар иним — Тревис жаныма жылып басып келди. Өзүнчө эле кызарып-татарып, кызыктай болуп турду. Башынан бутунун учуна чейин карадым да:

— Сага эмне болду? – дедим.

— Жөн эле, сенден бир нерсе сурайын дегем, – деп таарына түштү.

— Лула Гейтс жактырабы деп сурагың келип жатабы?

— Жок, кайдагыны айтпачы, – деп үнүн бийиктете баштады. – Лула мышыктарды жакшы көрөбү деп сураганы аткам.

— Чынын айтсам, билбейт экенмин. Ал тууралуу эч нерсе билбейм, уктуңбу? Баарыңар тажатып ийдиңер. Бар Гарриден

сурабайсыңбы, – деп китебимди жаап, күңкүлдөгөн бойдон чыгып баратып: – Биринен сала бири тажатты, – дедим.

— Эмнеден чарчадың? Эмнени айтып жатасың? Ким ал биринен сала бириси?

Тревистин суроосуна жооп берген жокмун. Биздин шаардагы бир да бала менин бир туугандарыма асылып, Кэлли Виге жагамбы деп сурап көрбөсө керек. Сурашпаса коюшсун. Мага айырмасы жок. Мага баары бир. Уктуңарбы, баары бир!

Бир саат өтүп-өтпөй, сырттан боору эзилгенче күлүп, Гарри кирди.

— Мага улам бирин жөнөткөнүңдү токтотчу. Мени тажатып бүтүрүштү. Бир мүнөт да жанымды тынч коюшпай турган болушту. Сен өзүң кеңеш бере албайсыңбы? – деди Гарри.

— Эмне кеңеш беремди билбей койдум. Кадимки эле Лула тууралуу сөз болуп жатат. Алардын баарына эмне болгон?

— Сүйүү — бул жугуштуу оору сыяктуу нерсе. Алар ошого кабылышкан турбайбы. Мындай куракта адаттагы көрүнүш.

— Дегеле койсоң буларды. Андан көрө токтотушсун сүйүү-күйүүсүн, – дедим.

— Тилекке каршы, токтотуу кыйынга турат. Тескерисинче, ал барган сайын күчөй берет. Анан Лула аларды жактырат бекен? – деди Гарри.

— Анысын айта албайм. Эмне сурап көрөйүнбү?

— Эки оттун ортосунда калам десең — сура. Сенин ордуңда болсом кийлигишмек эмесмин.

— Ооба, билем. Андан көрө сиз айткандай сыр билгизбей жүрө берейин.

Албетте анын айтканында калет жок.

— Өтө берилип кетпе, – деди Гарри чыгып баратып.

— Ооба, сизден өткөн акылман жок эмеспи, – деп ачуум келип, артынан бир нерсе менен чаап жибергим келди. Колумда күндөлүктөн башка эч нерсе болбогондуктан, теңелбей токтоп калдым.

Эртеси күндөгүдөй эле чоң жолдон Лулага жолугуп, дагы эки көчө өткөнчө ар нерсени сүйлөшүп, мектепти көздөй бараттык. Бир маалда артымды карасам, үч иним ээрчишип келатышыптыр. Үчөө тең көздөрүн Луладан алышпайт. Шумдугуң кургур! Ушундай да болот экен ээ. Буларга эмне болгонун түшүнө албай турдум. Мынча сүйүүгө мас болгудай куракка жетише элек го. Элдин балдарындай эле болбойбу? Биздин үй-бүлө өзгөчө. Баары бир маалда сүйүүгө кабылганын ким көрүптүр?

Чоң танапис башталганда, үчөө тең мектептин короосунун жанынан аккан суунун аркы өйүзүндө шылтоо издеп турушту. Эки жаат болуп, бир өйүзгө балдар, экинчисине кыздар чогулуп алышкан.

Үчөө бакка жөлөнүмүш болуп, билгизбегенге аракет кылганы менен көздөрүнөн эле баары билинип турду. Көздөрүн жалжылдатышып, Лула тарапты карашса, Лула да билгизбей аларга көзүн сүзүп коюп жатты.

Лула экөөбүз секирип, ойноп жаттык. Секирген сайын алтын түстүү чачтары сербеңдеп, көйнөгүнүн этеги булаңдаган

сайын Ламардын жүрөгү болк этип кетип жаткансыды. Көзүмдүн кыйыгы менен Ламарды байкап коюп жаттым. Мындан бир эле ай мурда Лула жалаңкат көйнөкчөн корообуздун жанынан өтсө да байкашчу эмес. Эми мындай турпаттары менен каяка чейин барышат, айта албайм.

— Лула, – дедим ташты жерге чийилген сызыктын ичине ыргытып жатып.

— Ии?

— Эч нерсе эмес. Жөн гана...

— Сага бир нерсе болдубу, Кэлли?

— Сагачы…

Айтайын деп оозумду таптап барып, сөз бергенимди эстеп токтоп калдым. Бирок буга чейин сөзүнө турбагандан өлүп калган эч кимди көргөн эмесмин. Биринчилерден болуп да айткым келген жок.

— Эмне мага? – деп Лула кайра сурады.

— Довини оюнубузга кошуп албайлыбы, – дедим сөздү башкага буруп.

— Сен Довини жаман көрчү элең го.

— Жактырбайм деп качан айттым эле, – дедим сызыктан аттап баратып.

— Өткөн жумада айтып жатпадың беле. Жакпайт деп ачык эле айткансың.

— Диний көз караш менен алганда, анткенге болбойт. Оюнга кошуп алсак боло берет.

— Болуптур. Кааласаң кошуп алалы, – деп Лула таң кала түштү.

Бирок чынын айтсам, Довини анча жактыра бербейм. Айткандан кийин, айла жок чакырганы баратсам, дал ошол маалда Харботтл айым коңгуроону кагып калды. Дови шектенип мен жакты караган бойдон калды. Акыркы кезде элдин баары эле мени шектенгенсип карап жаткандай сезиле берчү болду. Эмнеге экенин билбейм.

Суунун оң жак өйүзү менен балдар, сол тарабын кыздар бойлой тизилип келатышты. «Эч кимге көрүнбөй кантип үйгө кетип калсам?» деген ой келди. Харботтл айым башка нерсени ойлонуп отурганымды байкап калды көрүнөт, дароо тактага чакырды. Анан Техастын тарыхы тууралуу улам-улам суроолорду жаадыра баштады. Тилекке каршы, суроосунун бирине да жооп бере албай койдум. Класстагылар шыбырашып, бири-бири менен түрткүлөшүп жатышты.

— Кэлпурния Тейт, биз сага жолтоо болуп жатат окшойбуз, – деди Харботтл айым.

— Эмнеге жолтоо болуп? Мен эч нерсе кылган жокмун.

— Мен дал ошол тууралуу айтып жатам. Башыңды үйгө унутуп калыптырсыңбы?

— Унутуп калган окшойм, Харботтл айым.

Класстагылар кыраан каткы түшүп күлө башташты.

— Башыңды унутуп калганың чын сыяктанат. Каяша айтпай жүр, Кэлпурния. Бар, тээтиги бурчка барып тур! Бир саат турасың! Дагы бир жолу какшык сүйлөсөң, таарынба! Көк тал чыбык менен чабам.

Ошентип, бүт класска шылдың болуп бир саат бою бурчта артты карап турдум. Чоң танаписте инилеримди эмне кылсам

деп канча ойлонсом да, оюма эч нерсе келбей койду.

Окуучулар шам-шум этип алганга берилген танаписте, ар ким тамак салган идишин көтөрүп, ар кайсы бактын түбүнө жайланыша башташты. Ламар менен Сэм Хьюстон достору менен нары жакта отурушту. Ал эми эң кичүү, сезимтал иним — Тревис Луладан көзүн албай, жалгызсырап отурганын көрүп, боорум ачый түштү.

— Тревиске эмне болгон? Эч жери ооруган жокпу? – деди Лула.

— Жазгы ысытма оорусуна кабылса керек, – деп койдум.

— Бирок азыр жаз эмес да, – деп Лула шек санагансып мени карады. – Жаныбызга чакырып алсакпы? Байкуш өзү жалгыз отурат, – деди Лула.

— Чакырбай эле койчу, Лула, – дедим.

— Эмнеге? Бүгүн негедир башкача болуп турасың, Кэлли.

Менби? Мен башкача болуп турамбы, ээ? Анын себебин билсең кана!

— Ага кабатыр болбой эле кой. Көңүл бурба! – дедим.

Күтүлбөгөн жерден Лула ордунан туруп, түз эле Тревисти көздөй басты. Лула жакындаган сайын Тревистин көздөрү чакчайып, жүзү ан сайын албырып баратты. Аны көргөн Ламар менен Сэм Хьюстондун кабактарына каар жаап, Тревис тарапты карагылары келбей, тетири бурулуп отуруп алышты.

Лула Тревистин жанына барып, бир нерсе деди. Сөздөрү мага таптакыр угулган жок. Бирок Тревис ордунан дароо ыргып турду да, Луланын артынан ээрчип жөнөдү. Улуу бир туугандар ичтери тарып, эмне кылар айлаларын таппай

турушту. Тревис болсо, кубанычы коюнуна батпай, жадырап келип, менин жаныма отурду.

— Салам, Кэлли. Лула мени жаныңарга чакырып келиптир.

— Түшүнүктүү, Тревис.

— Сонун орун таап алыптырсыңар. Лула, бутербродумдун жарымын бөлүп берейинби? Виола бүгүн этин абдан даамдуу бышырыптыр. Сени менен бөлүшүп жеген мен үчүн ырахат. Мындан башка дагы пирог бар. Пирогдун да жарымын берейинби, Лула? Кааласаң бүтүн боюнча деле берем. Шабдаалы менен го дейм. Азыр карап көрөйүнчү. Ооба, шабдаалы менен экен, – деп Тревис быдылдап жатты.

— Рахмат, Тревис, – деп Лула жылмайып койду. – Өзүмдүкүнө деле тоём.

— Лула, сага мышыктар жагабы? Биздин Чычканчы деген кампада жашаган картаң мышыгыбыз жаңы эле тууду. Апамдан уруксат сурап, балдарын өзүм карап жатам. Баарына ат коюп койгом. Аттарын айтып берейинби?

Мен болсо тажаганымдан үшкүрүнө баштадым. Он жашар балдар сүйлөп жатып, адамды ушунчалык жадатып жиберишет эмеспи.

— Бирөөсүнүн аты Жесси Жеймс, экинчисиники Билли Кид, дагы бирөөсүнүкү Док Холлидей, анан… – деп күңкүлдөп ар бирин санай баштады.

Ал мышыгыбыз баш-аягы сегизди тууган. Тревис сегизине тең Жапайы Батыштык бандиттердин атын коюп алган. Лула Тревистин айтып бергендерин чындап эле кызыгуу менен угуп жаткандай сезилди.

— Алардын ичинен эң сонуну — Жесси Жеймс. Өзү жол-жол, анан бутунун башына байпак кийип алгансып, учу аппак болуп турат, – деп иним кыткылыктады. – Кайда барсам жанымдан чыгарбай кошо алып жүрөм. Кааласаң келип көрүп кет, Лула.

— Сөзсүз келем. Мага да мышыктар абдан жагат. Биздин да мышыгыбыз бар болчу. Бирок апам үйгө киргизчү эмес. Бир жакка кетип калган окшойт, таппай калдым.

Инимдин оюн дароо түшүндүм.

— Сага... ошол мышыктардын бирөөнү аласыңбы, Лула? – деп Тревис акырын шыбырады. – Мышыктардын бирөөсүн сага берейин.

— Ой, Тревис, чын элеби? – деп Лула сүйүнүп кетти. – Абдан жакшы болмок.

Тревис Луланын жылмайганын карап, көзүн ала албай турду.

— Апамдан уруксат сурайын. Балким, эртең сабактан кийин чогуу барып көрөбүз?

— Жарайт, – деди Тревис кубанычы коюнуна батпай.

Укмушуң кургур! Он жашар иним кыз менен жолугушуу белгилеп жатканын көрүп, таң калып турдум. Артты карасам, улуулары көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй болуп, биз жакты карап турушуптур. Бул эмне деген шумдук?

Убакыт жылбай токтоп, сабак бүтпөй жаткансып сезилди. Өзүмдү таш бараңга алган мышыкка окшотуп койдум. Сабактан кийин Лула экөөбүз күндөгү жерден жолуктук. Барсак Тревис эчак эле ал жерге келип алыптыр. Бул дүйнөдө андан

бактылуу жан жоктой, өзүнчө эле жымыңдайт. Арыраак жакта таарынып, тырчыйышып, Ламар менен Сэм ал жерден кете албай айланчыктап жүрүшөт.

— Салам, Лула! Кандай, Кэлли! – деди Тревис. – Силер менен чогуу бассам болобу?

Бышкырып жиберсем, Тревис макул болгондой кабыл алды көрүнөт, бизден калбай ээрчип алды. Лула экөө жолду катар баягы бүтпөгөн мышыктарды айтып келатышты. Артта экөө кара ниет план түзүп келатканын жүрөгүм сезип жатты.

— Кэлли, эмне унчукпай калдың?

— Менби? Сабактан тышкаркы окуу боюнча кайсы китепти тандасам деп ойлонуп жатам.

Каяктагы китеп, эки бир тууганым биригип, Тревисти өлтүрүп коюшпаса экен деп кыжалат болуп келатканым менен иши жок. Бул тууралуу Гарри менен кеңешсемби. Бирок жинди кашайткан Минерва Гудекер айымдын торуна илингенден бери мындай маселелерди да Гарри менен талкуулагандан тартынып калгам. Чынын айтсам, Тревистен да, Луладан да, алардын мааниси жок сөздөрүнөн да качып кетким келип турду. Тилекке каршы, бир тууганымды чоң жолдо келаткан каракчылардын колуна салып берип коюп, кантип кетип калам.

— Кайсы китепти аларыңды чечтиңби? – деди Лула.

— А? Китептиби? Ооба. Азырынча чече элекмин. «Уурдалган» же «Сырдуу аралды» тандайт окшойм. Сенчи?

— «Жайдын акыркы розасын» же «Сүйүү тууралуу байыркы обонду» алсамбы деп жаткам, – деди Лула.

Албетте, Луланы эми балдар аңгемелери кайдан кызык-

тырсын. Анын адабий табити толук өзгөрүп, жалаң романтикалык поэзияларды окуур маалы келип калган көрүнөт. Тревис сөзгө кошулганга ыңгайлуу маалды аңдып келатты. Бирок бул темада айтканга эч нерсе таппай койду. Бир топко унчукпай ойлонуп баратты да:

— Ал китептер эмне жөнүндө, Лула? – деди.

Байкап турсам иничегим азамат экен. Тимеле суроону үстүнөн түшүп берип жатат. Эми Луланын бактысыз сүйүү жана ал үчүн өзүн курмандыкка чалган каармандар тууралуу узун аңгемесин чыдап укканга туура келет. Ошентип, биз чоң жолго жеттик. Лула бул жерден башка көчөгө кайрылып кетерде, Тревис жаны калбай ага кол булгалап, кечке Лула менен коштошуп жатты. Ары басарыбыз менен инимдин маанайы чөгө түштү. Азыр эле бактыга чөмүлүп турган Тревис, бир заматта үңүрөйүп калды.

— Жесси Жеймсти тандап алса эмне кылам? Ал менин эң сүйүктүү мышыгым да. Андан башкасын танда деп айтсам кандай болот? Ошентип айтып көрөйүнбү?

— Кабатыр болбой эле кой. Лула аны тандабайт.

— Кайдан билесиң?

— Сага жаккан нерсени албайт. Лула андай ач көз эмес.

Көңүлү тынчыганча менден дагы бир нече жолу кайталап сурады. Мен болсо Ламар менен Сэм Хьюстон жакын келип калган жокпу деп кылчактап артымды карап келаттым.

— Ламар менен Сэм эмнеге биз менен чогуу келген жок? — деди Тревис дал үй жакка бурула бергенде.

Тревиске боорум ачып, жүрөгүм кысылып турду. Байкуш

иним өзүнөн улуу, күчтүү, алда канча амалкөй агаларынын да Лулада көңүлү бар экенин кайдан билсин. Бир чапса эле жок болбойбу. Аларга салыштырганда Тревис жөжө болуп калат. Эмне кылсам экен? Аны кантип коргосом?

Кечки тамакты ичип жатканда, Ламар мисирейип, Сэм Хьюстон болсо тилин жутуп алгансып отурушту. Тревиске качан тийишип башташар экен деп күтүп жаттым. Тревис болсо эч нерседен капары жок, Лула менен мектептен чогуу келгенин айтып түгөтө албай жатты. Атам чыдай албай күлүп, апам болсо эмитеден кыз жандаганын жактырбай кабагын чытып турду. Чоң атам болсо адаттагысындай эле эч кимисине көңүл да бурган жок. Үстөлдүн үстүндө талкуулан-ган нерсенин бири да аны кызыктырбаган өңдүү. Менимче, китепканага тамак алып барып беришсе, жалгыз тамактанганча кайра сүйүнмөк болуш керек. Апам деле каршы болмок эмес. Ал эми чоң атамдан башкасынын баары сөзгө аралашпаса бир нерседен кур калгандай болушчу.

— Кэлли, бүгүн мектепте эмне болду эле? – деди апам.

— Эч нерсе деле болгон эмес.

— Кэллини бүгүн мугалим бурчка тургузду, – деп Ламар сөзгө кошулду.

— Ушакчы!

Муну уккан апам, дароо чын-төгүнүн териштирүү үчүн вилканы нары жылдырып койду.

— Ламар, чын айтып жатабы?

— Ооба, апаке.

— Харботтл айым бурчка тургуздубу?

— Ооба, апаке.

— Анын себеби эмнеде?

— Билбейм.

— Андай болушу мүмкүн эмес, – деп апам андан бетер ачуусу келди.

— Мугалимди укпаганы үчүн, – деди ары жактан Ламар. Ушакчыларды жек көрөм!

— Апаке, кечирип коюңузчу. Мен… мен сабактан тышкары окуй турган китеп тууралуу ойлонуп кетип, мугалимдин суроосун укпай калыптырмын.

— Мындан ары кайталанбасын уктуңбу, Кэлпурния. Эркек балдарга го айла жок. Кыз башың менен сага эмне жок экен. Мындай жүрүш-турушуң менен биздин үй-бүлөнү сөзгө калтырарыңды билесиңби?

— Эмне үчүн? Бул адилеттүүлүккө жатпайт, – дедим чыдабай кетип.

Баары унчукпай мени карап калышты. Ал тургай чоң атам да мени тиктеп калганын байкадым. Бир маалда чоң атам күтпөгөн жерден чалкалап туруп, боору эзилгенче күлүп баштады. Мына кызык! Баарынын башы эми чоң атам тарапка бурулду. Чалдын карсылдап күлгөнүнө эмес, каткырганда асма чырак шалдыраганына баары таң калып калышты. Аны көрүп алып өзүм да чыдабай күлүп жибере жаздадым.

— Кызың туура айтат, Маргарет, – деди чоң атам. – Алдагы соусту бери берип койчу.

Апам бир аз жумшара түшкөнсүдү. Эми жазалабайт чыгар. Гарри болсо мени карап, көзүн кысып койду. Ламар

болсо ичи күйүп, мени карап тилин сунду. Дагы жакшы, биздин үйдө тартип орноткон айрым адамдар мунун баарын байкашкан жок.

Тамактан кийин Тревис экөөбүз мышыктарды көргөнү сарайга бардык. Самандын үстүндө балдарын кайтарып жаткан Чычканчынын түрү мага чарчагансып тургандай көрүндү. Балдары үстүнөн ары бери секирип, тебелеп-тепсеп ойношсо, бечара кантип чарчабасын?

— Кэлли, билесиңби, Жесси Жеймске булардын эч кимиси жетпейт. Анын үнү да баарынан бийик. Алыстан эле угулат, – деди Тревис.

Жессини алып комбинезонунун боорундагы чөнтөгүнүн артына салары менен, ал мыёолой баштады. Көлөмүн карап туруп, үнү мынчалык катуу чыгарын чындап эле күтпөйсүң.

— Лула муну тандабайт деп ишендире аласыңбы?

— Албетте, Тревис. Айтпадымбы Лула андай эмес деп.

— Лула чындап эле жакшы кыз, ээ?

— Тревис, сага бир нерсе айтайынбы, – деп үшкүрүп койдум. – Ламар менен Сэм Хьюстон экөө да Луланы жактырарын билесиңби?

— Койчу?

— Жөн гана сага эскертип коёюн дедим.

— Ага көз салгандар көп болуш керек.

Ичимден Тревистин бул сөзүнө таң кала түштүм. Эңкейип Чычканчынын жонунан сыласам, мага сүйкөнүп эркелей баштады.

— Тревис, сен да ага көңүлүң түшүп жүрөбү?

— Мүмкүн.

— Анда капа болгон жоксуңбу?

— Эмнеге? – деди Тревис мышыктын мойнун кашып жатып.

— Ламар менен Сэм Хьюстон…

— Анын эмнесине капа болмок элем, – деп кайра мышыктын балдарын карады. – Эгер Жесси Жеймсти тандап алса чындап капа болмокмун? Бэт Мастерсонду алса кандай дейсиң? Сенин жеке оюң кандай?

— Ал кайсынысы?

— Тээтиги сарысы. Көздөрү Луланыкына окшоп кетет бекен? Жашыл-көк тартып турат. Көрдүңбү? Ошону тандаса экен, – деди Тревис.

Чиренип, кетенчиктеп качып жаткан мышыкты бери көтөрүп келди. Карасам, көздөрү чын эле Луланыкына окшош экен.

— Тревис, сен Луланын көздөрү мышыктыкына окшош болгон үчүн жактырдыңбы? – дедим.

— Болбогон кепти айтпачы, Кэлли.

— Эми Сэм Хьюстон менен Ламардын көйгөйүн кантип чечейин деп жатасың?

Тревис таң калып мени карап калды. Баары түшүнүктүү. Эмне кыларды ойлонбосо да керек. Мейли эми. Чоңойгондо баарын өзү түшүнөт.

— Болуптур. Оюңа эч нерсе албай эле кой, – деп жооткотуп койдум. – Баарынан да сенин мышыктарыңа эч нерсе тең келбейт.

Эртең менен Сэм менен Ламарды алдыга өткөзүп жиберип, Тревис менен ээрчишип мектепке жөнөдүм. Лула адатынча бизди көпүрөнүн жанында күтүп туруптур. Ак фартук, башына кочкул жашыл бант тагынып алыптыр. Көзү менен бантиги чагылышып, даана Бэт Мастерсондун көзүнө окшоп калыптыр. Инимди көрүп, чындап сүйүнүп кетти. Жолдо баратканда экөө иттер, мышыктар, аттар, мектебибиз, Хеллоуин жана Исанын туулган күнү майрамдары тууралуу ар нерсенин башын кобурап сүйлөшүп баратышты. Он эки жашар кыздын он жашар бала менен орток кызыкчылыктары болоруна таң калып келаттым. Мурда мындай нерсе оюма да келбептир. Сүйүнгөнүм Сэм менен Ламар бул жолу ага тийишкен жок.

Тилекке каршы, сабактан кийин иштин баарынын чалмакейи чалынды. Тревис Луланын жанына келсе, Ламар да аны жөөлөп келип алды. Мен алды жакта бараткам. Бирок бир жаман иш болорун сезип турдум.

— Салам, Лула, – деп Ламар сөзгө аралашканга аракет кылды. – Кел, китептериңди көтөрүп алайын.

Лула менен Тревис экөө тең кызара түшүштү.

— Рахмат, Ламар, – деп Лула таңгак китепти ага сунду.

— Кичинекей балдар менен достошуп алдыңбы? Андан көрө мен сыяктуу чыныгы жигиттер менен достошпойсуңбу, — деп Ламар Лулага булчуңдарын көрсөттү. – Кармап көрсөң.

Эх, Ламар! Ушунун эмне кереги бар эле? Байкуш Тревис менен Лула.

— Көзүңө кичинекей көрүнүп турамбы, – деп ары жактан

Тревистин чыйылдаган үнү чыкты. Үнүнөн эле али оозунан ууз кете элек бала экени билинип калды.

— «Көзүңө жаш бала көрүнүп турамбы», – деп Ламар Тревисти келекеледи.

— Тревисти жайына кой, Ламар, – деп чыдабай кийлигише баштадым. – Ага эмне тийишип жатасың?

— Кичинекей экениң ушул жерден билинип калды. Карачы, сага эжекең болушуп жатат. Ай, балакай.

Унчукпай койсо чектен чыгып баратат. Негизи бир туугандарымдын ичинен эң токтоосу — Тревис. Бир маалда Тревис китептерди жерге койду да, чуркап барып болгон күчү менен Ламарды жыга түрттү. Ламар артка кетенчиктеп барып, колунда көтөрүп бараткан Луланын китептери, кичинекей идиштеги тамагы жерге чачылып калды. Кызуу матадорго окшоп тамтаңдап барып, өзүн токтотуп туруп калды. Күтүүсүз чабуулдан кийин эсине келе албай кеңгиреп турганы эле болбосо, эч жери эч нерсе болгон жок. Бир аздан кийин кайра тийише баштады:

— Эй, балапан! – деп Ламар кыйкырды.

Тревис ызасына чыдабай, көзүнө жаш тегерене түштү. Анан бурулду да, чаңды сапырган бойдон чымын-куюн болуп, үйдү көздөй чуркап жөнөдү.

— Суу жүрөк! Балапан! – деп Ламар артынан дагы эле кыйкырып жатты.

Тревис коркконунан эмес, Луланын алдында кичинекей балага окшоп ыйлап, уят болбош үчүн качып кеткенин билип турдум.

Бир саамга баарыбыз үн катпай турдук да, Тревистин китептерин жерден чогулта баштадым.

— Мейли, анда. Мен үйгө кеттим, – деп Лула жөтөл аралаш күбүрөндү.

Ламар жардам бергенче шашып-бушуп китептерин жерден терип алып, үйүн көздөй чуркап жөнөдү.

— Эй, Лула! – деп аркасынан Ламар кыйкырып атты. – Лула, токтой турсаң!

Лула аркасын карабай баратты.

— Ламар, сенин жоруктарың кээде адам чыдагыс, – дедим ачуум келип.

— Эмнени айтып жатасың? Мага Тревис өзү биринчи кол көтөрдү го. Түртүп, чаап жибергенин көргөн жоксуңбу?

— Анткорлонбо. Апама баарын төкпөй-чачпай айтып берем.

— Ушакчы десе, – деди Ламар.

— Кара ниет, – дедим.

— Бакан ооз.

— Митаам десе.

— Сени менен чогуу баскым келбейт.

— Сени ким чогуу бас деп жатат?

— Алдыга мен басам.

— Жок, мен басам, – дедим ага өчөшүп.

— Бар, жогол!

Урушуп баратып, үйгө кантип жеткенибизди билбей калдык.

Биздин үйдө ушакчыларды, сөз ташыган кишини жаман

көрүшчү. Эмнеге экенин билбейм. Үйгө кирерим менен айтсамбы же айтпасамбы деп эки анжы болуп турдум. Төркү үйдөн апам чакырганда, ойлонгонго убактым да болбой калды.

— Кэлпурния, бери келчи. Кана, Тревиске эмне болгонун айтып бер.

— Ламардан сураңыз эмне болгонун.

Ошол маалда Ламар акырын көрүнбөй өтүп кетейин деп бараткан жеринен токтоп калды.

— Ламар, бас бери. Кана, иштин чоо-жайын төкпөй-чачпай айтып бер.

Тревис килемдин үстүндө, апамдын жанында чөк түшүп отурду. Көздөрү кызарып, ыйлаганы билинип турду. Ламарды жеп жиберчүдөй карап турду.

— Мектепте эмне болгонун айтып берчи, – деп апам Тревисти башы менен жаңсап көргөзүп койду. – Тревистен сурасам айтпай жатат.

Ламар таң кала түштү. Тревисти айтпайт деп ойлобосо керек.

— Ламар, угуп жатасыңбы?

Ламар үн дебей, башын шылкыйтып, бутунун башы менен килемди чукулап турду.

— Кэлпурния, буларга эмне болду эле? Мага тезирээк эмне болгонун айтып бересиң, уктуңбу? Бул өтүнүч эмес, буйрук деп кабыл ал. Кана, бир-эки дегенче айтасың, – деп апам ачууланып жатты.

Мен Тревис жакты карасам, ал мен тарапты таптакыр карабай койду. Эмне дээр шылтоо таба албай калдым. Болгонун

болгондой айтып бергенге туура келди. Тревис менен Ламар мени туура түшүнөр деп ишендим. Анткени, буйрукка баш ийбесе болбойт. Апам Лула тууралуу окуяны башынан аягына чейин унчукпай угуп турду. Таң калыштуусу ачуусу таркап кетти. Бирок капалана түштү. Катуу жаза деле берген жок. Кошумча үй тапшырмасын гана берди. Ушуну менен баары унутулат деп үмүттөнүп жатам.

Тилекке каршы, эркек балдар балалыгын кылат экен. Лула болсо ан сайын сулууланганын койбоду. Мен кыжалат болсом, Тревис менден бетер убайым тартып жүрөт окшойт.

Бир күнү Лула биздикине мышыктын баласын тандаганы келди. Ошол маалда бактыга жараша Ламар менен Сэм үйдө болбой калганы жакшы болду. Лула да мышыктардын арасынан бандиттердин ханышасы атанган — Белль Старрды тандаганда жүрөгүм ылдыйлай түштү.

Мектепке барганда да, келатканда да Ламар менен Сэм Хьюстондон коруна берип, чарчап бүттүм. Бир күнү кечки тамактан кийин үчөөнү эшиктин алдына чогултуп алып, бул көйгөйдү аягына чейин чечүүнү туура таптым.

— Бизди койго окшотуп, кайтарганыңарды токтоткулачы. Силерден өлгүдөй тажап бүттүм. Бизди жайыбызга койгула. Урушуп-мушташканыңарды токтотпосоңор Лула экинчи силер менен сүйлөшпөгүдөй кылам. Анан өмүрүңөрдүн аягына чейин андан үмүт кылбай эле койгула, – деп эскерттим.

Сөзүм мынча таасирдүү болоруна өзүм да ишенген эмесмин. Албетте, алардын оюнда мен алар ашык болгон сулуунун жакын курбусумун да. Ар бир сөзүмдү ишенимдүү айткан-

дыктан, ишенбеске чаралары калган жок.

— Эми мындан ары эмне кыларыңарды жакшылап угуп алгыла. Бизди эми мектепке чейин кезектешип узатып барасыңар. Дүйшөмбү күнү — Тревис, шаршембиде — Ламар, ал эми жума күндөрү — Сэм Хьюстон. Мен сөзүмдү айтып бүттүм, – деп какчыңдап койдум.

— Шейшемби менен бейшемби күндөрүчү? Ал күндөрү ким узатат? – деп Сэм Хьюстон чыйпылыктады.

— Эч ким. Уктуңарбы? Бизди өз жайыбызга койгула. Мен силер менен тамашалашкан жокмун. Башка сурооңор барбы?

Кудай жалгап, эч ким суроо бергенге даай алган жок.

# 11-БӨЛҮМ

# ТҮЙМӨ САБАГЫ

**Табигый тандоо мезгилинде балдардын келбети ата-энесиникине, ал эми ата-энесиники балдарынықына жараша модификацияланат.**

Бир нече апта катары менен мен киргизген система кынтыксыз ишке ашып жатты. Оюмда эч нерсе жок, Луланы үйгө фортепианодо чогуу ойногону чакырдым. Апаларыбыздын өтүнүчү менен белгилүү эки дуэтти эптеп жаттаганбыз. Баягы концерттен кийин эми эл алдында ойнобосубузду жакшы билчүбүз. Кудайым концерттин бетин ары кылсын!

Бир күнү өз башыма балээ үйүп жатканымды сезбестен, Луланы чогуу түймө түйөлү деп үйгө чакырдым. Апам көзүнүн кыйыгы менен карап туруп эле, Лула мага караганда жакшы түйөрүн байкап коюптур. Байкабай мындай катаны кантип кетирдим белбейм!

Бир нече күндөн кийин балээнин баары башталды.

— Кэлпурния! – деди апам калтыраган үн менен. – Кечке эле шарф түйө бербей, байпакка качан өтөсүң? Өз колуң менен байпак түйүп, жакын адамдарыңа тартууласаң, андан өткөн белек барбы? Азыр баштасаң Исанын туулган күнүнө чейин бир туугандарыңдын баарына байпак түйгөнгө үлгү-

рөсүң. Чоң атаң менен атаңа да белек кылсаң сүйүнүшөт. Бул оюмду кандай дейсиң? Жип салынган тор баштыкты конок үйгө алып келип берчи.

Качып кутулуу мүмкүн эмес экенин жакшы түшүнөм. Үшкүрүп, томпок айнекти нары жылдырып койдум. Жаңы эле *Viceroy* түрүнө кирген көпөлөктү катырып туруп, рамкага салып, чоң атамдын дал ошондой үлгүсүнүн жанына илип коёюн деп кыялданып отургам. Сырттагы жамгырды карап, кылдат иштерди күн жаркырап тийип турганда жасайын деп өзүмдү-өзүм сооротуп койдум.

Апамдын тор баштыгын көтөрүп кирдим. Ичинде түрдүү жип-шуулар, чоң-кичине илме шибегелер, темир шиштердин түрү бар экен. Апам баштыктын ичинен кочкул күрөң түстөгү жүндү сууруп чыгып, колуна түрө баштады. Анан мен аны түйдөк кылып түргөнчө, кулачын керип, эки колун бири-бирине тийгизбей кармап турду. Ачыгын айтсам, мен түймөгө такыр эле кызыкпайм. Бирок мага жипти бир артка, бир алдыга тартып түргөн жакты. Кээде жамгыр катуу жааган күндөрдө жасай турган иш окшойт. Апама ушул сыяктуу үйдөн чыкпай, тынч отуруп алып жасай берген майда жумуштар жагат. Түймө түйгөндө, апам баш оорусун да унутуп калат окшойт. Анткени, түймө түйүп жатканда «Лидия Пинхемди» сураганын бир да жолу көргөн эмесмин.

Ошентип, күндүн илеби да кайта баштады. Жакканга али эрте болсо да, мештин ооз жагына пекан жыгачтарын араалап, жыйып коюшкан. Ошондон улам жай аяктап баратканы сезилип турду. Тревис болсо конок үйгө Жесси Жеймс жана

Билли Кид аттуу мышыктарын алып кирип алып, түйдөк менен ойнотуп жатты. Түйдөктү ыргытып койсо, мышыктар килемдин үстүндө ары-бери чуркап кубалашканын карап, жыргап турду. Эшиктен Ламар баш багары менен апам ага граммофонду иштетип, Шуберттин ырларынан коюп коюусун өтүндү.

— Жим Боуинин байпагын баштай берсең болот. Себеби, көлөмү да башкалардыкынан кичинекей, өзүн деле жөнөкөй кыла бер. Оймо-чийме түшүргөндү шашпай үйрөтөм. Кана, азыр санап туруп, кырк илмек кыл да, үстү жагынан баштай бер, – деп мага төрт ичке шишти карматып койду.

— Төрт шишти тең колдономбу? Төртөөнү эмне кылам?

— Кайра-кайра кайыра бербей, айлантып түйүш үчүн керек, – деди апам.

Кудай сактай көр! Эки шиш менен араң түйчү элем, эми буларды кантип колдонор экенмин. Өмүрүмдө мынчалык корккон эмесмин. Калчылдап байпактын алгачкы илмектерин баштаганда, апам кылдат карап, үйрөтүп жатты. Шиштерим чүткөрдүн ийнелериндей эки жакка оркоюп, эбим келбей жатты.

— Аты жокко ороп алсаң, четтери тегиз, бирдей түшөт.

Апамдын айтканы менен жасасам, байпактын экинчи катары жакшыраак болду. Үчүнчүсү андан да жакшы болуп отуруп, кол көнгөндөн кийин, шыпылдап, жиптер бири-бирине өзү эле байланып калып аткандай сезилип калды.

— Эми, кызыл ашык жагы ичкерээк болуш үчүн тарта түйүшүң керек. Ии, ушинтесиң.

Барган сайын тоголоктошкон жүн бир калыпка түшө баштады. Бир киришсең убакыттын өткөнүн байкабай отура берет экенсиң. Купулума абдан толду деп айта албайм, бирок байпак түйгөн мен ойлогондой кыйын деле иш эмес экен. Ошентип, өз колум менен түйгөн, кичинекей, күрөң байпактын бир түгөйүн колумда кармап турдум. Бир топко чейин айлантып карап, жука байпак менен салыштырып жаттым. Апам да мени сүйүнүп карап турду.

— Мен да сендей кезимде, дал ушундай байпак түйгөм.

— Аа, жакшы, – дедим түйдөктөрдү жыйнаштырып, тор баштыкка салып жатып. – Жумушумду бүтүрдүм.

— Эмнени бүтүрдүң? Кайда баратасың?

Апам эмнени айтып жатканын түшүнбөй турдум.

— Экинчисин баштабайсыңбы.

— Экинчисинби? – деп ыйлактай баштадым.

Апам кызык го. Биринчисин бүтүргөнгө ансыз деле убактымдын баарын коротконумду көрүп турду го.

— Албетте, экинчисин башта. Анан дагы суранам, жайыраак сүйлөгөндү үйрөнчү, макулбу? Жим Боуи бир байпакты кийип алып кайда бармак эле?

— Билбейм, – деп ийинимди куушуруп койдум.

Аз жерден «билгим да келбейт» деп айтып ала жаздадым. Маа демектен куурчакка окшотуп, сөөмөйүнө кийип алсын. Мага эмне?

— Калгандарын качан түйөсүң? Мисалы, атаңа, чоң атаңа дегендей, – деп апам эскертип койду.

Ичимден баарын бирден санай баштадым. Алты агам,

атам менен чоң атамды кошсом, о-уй, ошондо канча бут болуп кетет? Анда ордумдан жылбай эртең, бүрсүгүнү, анын аркы күнү отурушум керек турбайбы. Мына сага. Жашоом көз алдыма чексиз созулган жүн жиптей элестей баштады. Эстеген сайын жүрөгүм опкоолжуп, көңүлүм айнып кетип жатты.

— Апаке, – деп үнүм аянычтуу чыкты. – Калганын эртең жасасам болобу? Көздөрүм аябай ооруп кетти.

Апамдын жүзүнөн көзүм ооруп жатканына ишенгенин түшүндүм. Кыязы, ансыз да одурайган, өңү серт кызы, башкасы бүткөнсүп эми көз айнек кийип калышын каалаган жок көрүнөт. Бул чындап эле жакшы шылтоо окшойт. Башка учурда да колдонуп көрсө болчудай. Калп эле шакыйым кармап калгандай да түр кылып көрүшүм керек экен?

— Болуптур, бүгүнкүгө жетиштүү болсун, – деди апам.

Апам дагы башка нерсе таап чыга электе кетип калайын деп, бир колума жип салынган тор баштыкты кармаган бойдон, төркү үйдөн атып чыктым. Бөлмөмө баштыкты таштап коюп, чымын-куюн болуп ылдыйды көздөй жөнөдүм. Барсам, чоң атам лабораториясында жок экен. Кызык, өсүмдүктөрдүн үлгүсүн чогултканы кеттиби? Мындай жамгырдан кийин өсүмдүктөрдү чогултканга эң ыңгайлуу шарт түзүлөт деп калчу чоң атам. Бирок мындай аба ырайында өсүмдүк эле чогултпаса, куштарды, курт-кумурскаларды табуу мүмкүн эмес. Алар күн тийгенде гана чыга баштайшат. Шам чырактардын бирин күйгүздүм да, эски, тамтыгы кетип жыртылган орундукка отурдум. Маңдайымда тизилген бөтөлкөлөр чыракка чагылышып жылт-жулт этип жатты. Ал эми чатырга тийген

жамгырдын тыпылдаган дабышынан уйкум келип, көшүп бараттым.

Ойгонуп кетсем, чоң атам өтмө катарынан өтүп, суу болгон плащын илгичке илип жатыптыр.

— Кутмандуу кечиң менен, Кэлпурния. Иштер кандай?

— Жакшы. Бүгүн кечке түймө түйүп, бир аз чарчап калыптырмын, – дедим.

— Ии, анан. Түймө түйгөн жактыбы?

— Түйгөндүн өзү жакшы эле экен, – деп болгонун болгондой айта баштадым. – Бирок өтө көп убакытты талап кылган жумуш экен. Исанын туулган күнүнө чейин үй-бүлө мүчөлөрүнүн баарына арнап, байпак түйүп бүтүшүм керек. Элестетиңиз, канча байпак болот. Сизге коздолбогон, жөнөкөй эле байпак жагабы? Азырынча оймо түшүргөндү үйрөнө элекмин.

— Ооба, мага жөнөкөй эле байпак жагат. Мен да түрлөп түйгөндү билбейм.

— Апей! Сиз да түйгөндү билесизби? – деп таң калып карап калдым.

— Түймөк тургай, тиккенди да билем. Менин полкумда түймөнү жакшы түйгөндөр көп болчу.

Менин таң калганымды байкады да, андан ары сөзүн улады:

— Жөө аскердик бөлүктө кызмат өтөгөн кезде эң маанилүү нерсе жоокердин өзүнө-өзүнүн тың болуусу. Эч кимдин жардамысыз, бары-жоктун баарын өзүң жайгарганга туура келет. Байпак керек болсо, карап отурбай өзүң түйүп алышың керек. Жаныңда аялың да, эже-карындаштарың да, сендей

неберелериң да болбосо эмне кыласың? Ал жакта сага кам көргөн эч ким болбойт. Үйдөгүлөр жөнөткөн майда-чүйдө тамак-аш, кийим-кече анда-санда бир келет. Бир жолу чогуу кызмат өтөгөн бир сержант баланын жылуу эки колкап салып жиберүүсүн өтүнүп, аялына Исанын туулган күнүндө жазган каты жайдын ортосунда келген. Мээлейи келгенче ал сержанттын эки сөөмөйүн тең үшүк алып кеткен. Дагы жакшы бармактары соо калыптыр. Ошондо да мүңкүрөп, башын жерге салганын көргөн жокмун. Мээлейин кийгенде, эки жагынын тең сөөмөй кире турган жери бош, шалактап турбасын деп, кесип туруп, тыпырайтып тигип алчу.

«Өзүн-өзү камсыз кылуу» деген бул мен үчүн жаңы идея. Ошол кезде жаш жоокер балдар, чоң атам билген түймөнү мен кантип үйрөнө албайын?

— Апаң сага эмитеден үйрөтүп баштаганы эң туура акыл деп эсептейм. Айтып жатпаймынбы, аскерде жүргөндө тамакты да өзүбүз жасачубуз.

— Чоң ата, булардын баарын сиз мени жооткотуу үчүн айтып жатасызбы?

— Кеп анда эмес, – деп чоң атам жылмайып койду.

— Апам жакында тамак жасагынды да үйрөтөм деп жатат. Ар жума сайын жаңы тамактын түрүн. Албетте, үйрөнгөн жакшы дечи. Бирок жаман жери үч саат убара болуп жасасаң, он беш мүнөттө эле аймап жеп кетишет го. Алардын аркасынан дагы ашкананы шыпырып, тазалап, үстөлдүн үстүн сүртүп, эс алганга чолооң тийбейт. Андан эмне пайда? Байкуш Виола кантип чыдап жүрөт билбейм? – дедим.

— Демек, Виола бул ишти абдан мыкты өздөштүрүп алган. Күнүгө бир нерсени кайталап жасай берсең, дасыгып каласың. Тамак жасаган эле эмес, мисалы, талаа иштери деле ошондой. Албетте, талаа жумуштарын жасоо алда канча оор. Виола, үй кызматчысы болгондугу үчүн талаага чыкпайт. Мисалы, анын Бастроптогу таяке-тайжеңелеринин баары талаа жумуштарын кылышат. Колдорунан кетмен-чот, жондорунан пахта жыйнаган мүшөк түшпөйт.

— Бирок атам мага кетмен кармаганга уруксат бербейт, – дедим.

— Эмне себептең экенин билесиңби?

— Жок.

— Атаң сендей кезинде аны талаага алып чыгып, бир күн кечке иштеткем. Эми эркек балдарына да үйрөтөт болуш керек.

— Магачы, үйрөтөбү? – дедим.

— Сен кызсың да. Талаа кыздын жумушу эмес. Менимче сени талаага эч качан чыгарбайт, – деди чоң атам.

— Түшүнүктүү. Баса, бүгүн эмне таптыңыз?

Ал чөнтөгүнөн көз айнегин алып чыгып, үстөлдүн үстүнө баштыгын койду да:

— *Sangre de drago* же ажыдаардын каны деп аталган дары чөптөн экини алып келдим. Индилер аны бүйлө сезгенгенде колдонушат. *Oxalis violacea* деген чөптү таап келдим, бирок андай чөп бизде деле көп өскөндүктөн алган жокмун. Андан тышкары *croton fruticulosus* аттуу дары чөп таптым. Таң калыштуусу ал чөптүн мындай кеч гүлдөгөнүн биринчи жолу

көрүшүм. Эл арасында аны сүт тикен деп коюшат. Кел, аны бакчага отургузуп көрөбүз, – деди чоң атам.

Курт-кумурскаларга караганда өсүмдүктөргө анча деле кызыкчу эмесмин. Ал эми жаныбарларга курт-кумурскаларга караганда андан да көбүрөөк кызыкчумун. Бирок чоң атамдын айтымында алар бири-бири менен тыгыз байланышта. Ошону үчүн бир түрдү толук изилдеп чыгуу үчүн баарын текши карап чыгууга туура келет. Чоң атамдын алаканындагы соолуй түшкөн дары чөптүн ары жак, бери жагын кылдат карай баштадым.

— Баягы экөөбүз тапкан мутант[20] буурчак эсиңдеби?

Анча кызыкпаганым менен, дал ошол буурчак негедир эсимде калыптыр.

— Ошол буурчакты таап берчи. Ушул бөлмөнүн эле бир жеринде жатат болуш керек. Аны дароо кургатканга жетишпей калгам, – деди чоң атам.

Банкалардын ичтерин карап атып, кургай түшкөн күрөң бутакты таптым.

— Чоң ата, мына мумутаныңыз.

— «Мутант» деп туура айтсаң.

— Туура жазылышы кандай? Суранам, сөздүктөн кара дей көрбөңүз.

— Болуптур. М-У-Т-А-Н-Т.

— Мумутан. Эми туура айттымбы? Анын мааниси кандай?

---

[20] Мутациянын натыйжасында жаралган организмдердин бирге жашоодо бири-биринен эриш-аркак пайда көрүүсү *(ген.)*.

— Дарвиндин эмгектеринде мутант деген сөз көп кездешет. Демек, ал бөлүмгө жете элек окшойсуң, ээ?

Ал китепти окуу оңой эмес экенин, жайдан бери окуп жатканымды чоң атама ачык айтууга туура келди.

— Чоң ата, дале жасалма тандоо тууралуу бөлүмдү окуп бүтө элекмин. Мен ойлогондон алда канча оор экен. Ошондуктан шашпай окуганга туура келип жатат, – дедим.

— Туура айтасың. Сенин курагыңа оорураак болуп калат го дейм, – деди чоң атам банканын ичин тиктеген бойдон. – Алдагы томпок айнекти бери берип койчу.

Банканын ичиндеги өсүмдүктү алып чыгып, жумшак кагаздын үстүнө койду. Бир мүнөттөй мутанттын ары жак, бери жагын карап, ичинен өзүнчө күңгүрөнүп сүйлөнүп койду. Мына кызык. Чоң атам дайыма оюн ачык айтып, бөлүшчү эле го?

— Эмне болду, чоң ата? – дедим чыдабай.

— Жүрү, жарык жакшы тийген жерге алып барып карайлычы.

Асманды коюу булут каптап турганы менен, лабораториянын ичине караганда, эшик жарыгыраак экен. Чоң атам томпок айнеги менен мутанттын тыяк-быягын шашпай карап жатты. Күтө берип, акыры чыдабай кеттим.

— Чоң ата, эмне экен?

— Билбейм.

Андан бетер таң калып калдым. Негизи чоң атам билбеген эч нерсе жок деп жүргөм.

— Тээтиги жериндеги бүгүлгөн жалбыракты көрдүңбү? Ии, ошол соолуп калган жалбыракты айтып жатам. Түшүн-

дүрмөсүндө мындай жалбырак тууралуу эч кандай маалымат жок. Сүрөттөрдүн арасынан да, Маллондун атласынан да таппай койдум.

— Анан? – дедим чыдамым кетип.

— Бул абдан кургап кетиптир. Эми мага таптакыр түшүнүксүз болуп жатат. Же бул өзгөрүүгө дуушар болгон, же биз буурчактын таптакыр башка, жаңы түрүн таап алдык.

— Жарабай калса эмне кылабыз, – деп оор үшкүрүп койдум.

— Кээде боло берет. Кел андан көрө жай отуруп, мындан ары эмне кыларыбызды чогуу ойлонолу.

Кайра лабораторияга кирип, буурчакты үстөлдүн көрүнүктүү жерине койдук да, чоң атам отургучуна отурду. Адатта эскирген отургуч кыйчылдап кетсе эле күлкүм келе берчү. Бирок бүгүн негедир ага чамам да келген жок…

Чоң атам маңдайындагы буурчактан көзүн албай телмирген бойдон отурду.

— Тээтиги эң үстүңкү текчедеги бөтөлкөнү алып түшпөсөк болбой калды. Кэлпурния, аны бери алып берчи. Ии, азаматсың! – деди чоң атам.

Оор, жашыл бөтөлкөнүн үстү чаңдан көрүнбөй калыптыр. Сыртында: «Эң мыкты Кентукки вискиси» деген жазуусу жана секирип бараткан асыл тукум жылкынын сүрөтү бар экен.

Чоң атам вискиден стаканга толтура куйду да, жутуп жиберди. Анан дагы экинчисин, анан үчүнчүсүн арты-артынан тартып жиберип, стаканды мага сунду. Баягы ликёрду эстеп кетип, жүрөгүм айланып кетти. Ал менин эси-көөнүмдөн

кеткис, көңүлүмдү көк таштай калтырган окуя болгон (өзгөчө өпкөм үзүлүп кетчүдөй жөтөлгөнүм).

Чоң атам өзүнчө ойго батып, менин абалымды байкаган деле жок. Стаканды чоң атамдын колунан алып, шашып-бушуп үстөлдүн үстүнө коё салдым. Анан демимди каткан бойдон, чоң атам эмне дээр экен деп күтүп турдум. Бир далайдан кийин гана чоң атам акырын шыбырады:

— Акыры көптөн күткөн күн да келди окшойт.

— Ошол күн экенинен күмөнүңүз жокпу? – деп мен да негедир шыбырап сүйлөй баштадым. – Дал ошол күн келгенин кайдан билсек болот?

— Буурчактын дал өзүндөйүн таап, казып келип, сүрөтүн тартып, картадан тапкан жерибизди так белгилешибиз керек. Анан фотоаппарат менен да сүрөткө тартып, Смитсон университетине жиберип көрөлү. Буурчактын өзүн да кургатып, жөнөткөнүбүз дурус болот го дейм. Анан алардан жооп күтүш керек, – деп оор дем алып койду. – Дагы куюп берейинби?

— Жок, чоң ата. Өзүңүз иче бериңиз, – деп толтурулган стаканды чоң атама сундум.

— Мейли, мен ичейин, ээ?

Ичип жиберип, мени карады да:

— Эми, кел ишибизди уланталы. Дал ушундай буурчак таап келип, сүрөттөп жазып чыгышыбыз керек. Бирди эле эмес, бир нече экземпляр алып келгенибиз дурус болот. Ичинен каалаганыбызды тандап алганга жакшы. Эң негизгиси аны тапкан жерди эстешибиз керек.

Мен банканы алып, сыртындагы жазуусун окуй баштадым. Чоң атам сыртына толук маалымат жазыш керек деп өзү үйрөтпөдү беле. Тапкан жерибиз жазылганынан шек санаган жокмун. Тилекке каршы, «мумутан» деген жазуудан башка эч нерсе жок болуп чыкты. Бутумдун астындагы жер астын-үстүн болуп кеткендей эле сезилди. Демим кысылып, көзүм караңгылап туруп калдым. Көздөрүмдү жумуп, балким, күңүрт жерден көрүнбөй калгандыр, табылган жери кантип жазылбай калсын деген башаламан ойлор кыйнай баштады. Көзүмдү бир сыйра жакшылап ачып-жумуп туруп, кайра карадым. Дагы эле эч нерсе жок. Демим кайра кысыла түштү.

— Кэлпурния, сага эмне болду? – деди чоң атам.

Мен болсо суудан чыгып калган балыкка окшоп, кышылдай баштадым.

— Өтө жоопкерчиликтүү учур экенин, толкунданып турганыңды жакшы түшүнөм. Отуруп, демиңди бир аз басып алчы, – деп чоң атам отургучту мени көздөй жылдырды. – Эмне апаңды чакырып келейинби?

— Жок, – деп башымды чайкадым.

Бир аз өзүмө келе түштүм.

— Вискиден бир аз куюп берейинби?

— Жо-ок, – деп коркконумдан катуу кыйкырып жибердим.

— Өзүңдү токтотуп, эмне болгонун түшүндүрүп айтып берчи, бай болгур, – деди чоң атам.

— Жанагы буурчакчы, – деп бышактап ыйлай баштадым. – Мен анын банкасынын сыртына эч нерсе жазбай коюптурмун.

Чоң атам колумдагы банканы акырын алды да:

— Алда, кызым ай! Чунак, кыз десе! – деди.

Акырын айтса деле сөзү чучугумдан өтүп кеткендей болду. Андан көрө чаап жиберсе жакшыраак болмок.

— Мени кечирип коюңузчу, – дедим бетимди алаканым менен жапкан бойдон бышактап. – Мен ал жерди сөзсүз таап берем. Сөз берем, чоң ата.

— Эмне болуп жазбай калдың экен? –деди чоң атам.

— Сиз кайра-кайра жаз деп эскерткениңиз эсимде, – дедим андан бетер шолоктоп. – Бир эмес, көп жолу кайталап айткансыз. Ошондо биз өзөндөн кайтып келатпадык беле, эсиңиздеби? Менин оюмдун баары Аякс кармап келген ташбакада болуп жаткан. Жаныбарлардын жашоо үчүн күрөшү тууралуу ойлонуп жүргөм, – дедим чөнтөгүмдөн бет аарчымды алып жатып.

— Чоң ата, мен ал жерди сөзсүз таап берем. Суранам, мага ачууланбаңызчы. Мен сөзсүз табам.

— Мен сага ишенем, – деди чоң атам жай гана.

— Азыр эле барып келеличи ошол жерге, – дедим чыйпылыктап.

— Кэлпурния, күүгүм кирип кетти.

— Тезирээк чыксак, караңгы киргенче жетишебиз! – деп банканы көтөрүп жөнөдүм. – Кара калем каякта? Калемди сөзсүз алып алышым керек. Азыр эле ушул жерде турбады беле.

— Токтоп турсаң, Кэлпурния! Караңгы кирип кетти деп жатам. Эртең барабыз. Андан көрө, азыр жакшылап эс ал да,

эстегенге аракет кыл. Өзөндөн келатканбыз дедиңби? – деди.

Кайра отургучту жылдырып, акырын четине отурдум.

— Көзүңдү жум да, жакшылап эстегенге аракет кыл, – деди чоң атам.

Көзүмдү жумсам деле ичим уйгу-туйгу болуп жатты. Өзүмдү алаксытып, оюмду бир жерге топтогонго аракет кылдым. Чоң атам үйрөткөндөй терең дем алып, эмне болгонун эстей баштадым.

— Кана, биринчи микроскопту алып, булуңга барганбыз.

— Ал эсимде. Кере-кере дем алсаң. Эми дагы жакшылап эстеп көр. Анан өзөндөн кайтып келатканбыз. Анан... – деди чоң атам.

— Өзөндөн кайтып келатканбыз, – деп чоң атамдын артынан кайталадым. – Анан, Аякс ташбака кармап келген. Өмүрүндө биринчи жолу кармап алган болчу. Мен ташбаканы коё бергени жатканда, сиз Аяксты алаксытып нары жакка алып кеткенсиз. Калгандардын баары эле Аякс менен байланыштуу нерселер болгондой болуп жатат. Башкасын эстей албай койдум, – дедим мукактанып.

— Азыр эстейсиң, – деп чоң атам ишенимдүү сүйлөдү.

Аякс менен мумутан. Мумутан менен Аякс. Анан...анан... экөө бири-бири менен байланыштуу болчу. Кандайча байланышы бар эле? Өзүмдү эс тутумду аралап өтүп, жоголгон издин артынан жанталашып чуркап бараткан тайгандай элестетип кеттим. Ары ойлонуп, бери ойлонуп, бирок такыр эстей албай койдум. Ошол маалда Аякс эмне кылып жатты эле? Мен анын бир нерсесине кыжырым келип жаткан. Анын

жөнсүз шыйпаңдап, ойной бергенине кээде чындап эле кыжырым келип кетет. Аа, ал Матильда деген иттин артынан кеткен. Анан эмне болду эле?

— Таптакыр эстей албай жатам, – дедим кыйналып. – Андан кийин бир нерсе болгон… Бирок эмне болгонун эстей албай жатам, – деп чекемди муштагылап койдум.

— Билесиңби, Кэлпурния. Менимче эртең менен эрте туруп, эстегенге аракет кылганың дурус болот го дейм. Биз ал буурчакты сөзсүз табабыз. Менин андан эч күмөнүм жок. Ошол жердин чеке-белинде өскөн ар бир чөптүн арасын карасак да табабыз.

Чоң атам банкадагы мутантты кайра карады да, терең үшкүрүп алды. Мени кыжалат болбосун деп, өзүнүн ичи ачышып жатканын билгизбегенге аракет кылып жатат окшойт. Чоң атамдын оор үшкүрүнгөнүн угуп, жүрөгүм кысылып кетти. Томпок айнекти көтөрүп алып, ар бир чөптүн түбүн жөрмөлөп карасам да, табам деп өзүмө-өзүм катуу сөз бердим. Лабораторияны бекиттик да, чоң атам экөөбүз тең үн катпастан үйдү көздөй бараттык. Өзүмдү эч качан мынчалык бактысыз сезе элек болчумун.

Анан дароо уйкуга кетти деп жатасыңарбы? Каяктан. Керебеттин үстүндө кыймылдаганга дарманым жок, өлүк немедей сулк жаттым. Күндөлүккө жаза турган менде дагы бир суроо пайда болду: Кантип Кэлпурния Виржиния Тейт ушунчалык акылынан айныды экен? Суроодо калет жок. Эң туура суроо. Чоң атам ар дайым үлгү тапкан жерди тактап жазыш керек экенин кайра-кайра эскертчү. Буга чейин эч

калтырбай жазып келип, дал олуттуу учурда ката кетиргеним кандай? Күндөлүккө дагы кошумча суроо: Чоң атам мени кечирген-кечирбегенин эми кантип билем? Кечирбей турган болсо эмне кылам? Мени такыр көргүсү келбей калса кантем? Анда менин ишимдин бүткөнү дей бериш керек.

Эртең менен турсам, көздөрүм шишип калыптыр. Апам түрүмдү көрүп, кабатырлана баштады. Тамак ичип жатканда, чоң атамды тик карай албай койдум.

Мектепте бир жерге отура албай, кыйпычыктап жатып, аз жерден Харботтл айымдын ачуусуна кайра тийип ала жаздадым. Мындай түрүм менен мектепти бүткөнчө жаза бурчунан кутула албайт окшойм. Харботтл айым мени тактага эсеп чыгарганга чакырды. Менден бул жолу да майнап чыккан жок.

— Кэлли, сага эмне болгон? – деп Лула чоң танаписте таң калып сурады.

— Баары жайында, Лула. Эч нерсе болгон жок, – дедим үтүрөңдөп.

Түрүмдү байкап, Лула менден качып, Дови Медлин менен ойногону кетип калды. Артынан: «Лула, кечирип койчу! Бери келчи!» деп кыйкыргым келип барып, токтоп калдым.

Аңгыча Харботтл айым коңгуроону каккылай баштады. Лулага окуянын чоо-жайын айтып бергенге кеч болуп калганын түшүндүм.

Сабактан кийин бутумду араң сүйрөп үйгө жалгыз бараттым. Инилерим менин маанайымды көтөрө албасына көздөрү жеткенде, алдыга басып кетишкен. Жолдо катар канча ойлонсом да, Аякстан башка нерсе акылыма келбей койду. Бир аз эс

алып, оюмду топтоп алсам жакшы болмок. Күнөөнүн баары ошол акылсыз итте болуп жатпайбы. Мен андан ташбаканы тартып алгам... Анан иттин каргысынан кармап тургам.... Себеби… анан… Анткени, ал тумшугун кашкулактын ийинине салып жибербеди беле. Анан…

— Ура! – деп болгон үнүм менен кыйкырып жибергенде инилерим да чочуп, эмне болгонун түшүнө албай туруп калышты. Бир буттап секирип, үнүмдүн бардыгынча кыйкырып жаттым. – Ура! Кашкулак! Кашкулак! Ал жердин кайда экенин эстедим! Мен ал буурчактын кай жерде экенин билем!

Ламар менен Сэм Хьюстонго жетип барып, китептеримди карматтым да:

— Ме, буларды үйгө ала кеткилечи. Мен мумутанды издешим керек болуп калды! – деп шашкалактадым.

Бадалдарды аралап, бугулар таптаган жол менен бараттым.

— Сен каякка? – деп артымдан Ламардын кыйкырганы угулду. – Мумутан деген ким?

Жүрөгүм алып учуп, бадалдардын арасын жиреп кетип бараттым.

Ал жерде килтейген кашкулактын ийини бар эмес беле. Көргөндө кайра келип, байкоо жүргүзүш керек деп ичимден ойлонуп койгом. Чоң атам ошол жерден алыс эмес аймактан жанагы буурчакты таап алган. Мен аны сөзсүз табам, сөзсүз. Баардыгы жайында болот. Чоң атамдын да көңүлүн жайгарам, – деп өзүмчө сүйлөнүп жаттым.

Үч саат дегенде каным катып суусап, колу-башымдын

баары тытылып, буттарым жоруп, кашкулактын ийининин дал үстүн басып жыгылып, кызыл ашыгымды оорутуп алдым. Кашкулак да ойгонуп кетти окшойт. Ачууланып, кышылдап, ийнинен чыгып келаткандай сезилди. Бутумдун ооруганын унутуп коюп, сүйрөп алып артымды карабай качып бараттым.

Күүгүм кирейин деп калган. Убактым аз. Караңгы кирип кетсе, кашкулак ийининен чыгып, ошол аймактагы момолой чычкан менен суурлардын тынчын ала баштайт. Колдон келсе, кашкулактын алдынан чыкпаганга аракет кылыш керек. Бутумду сүйрөп барып, эки арыштай нары жылып, ойлонуп туруп калдым.

Кана, биз өзөндөн кайтып, үйдү көздөй бет алганбыз. Демек, биз бул тарапка басканбыз... Бир жагынан бутум сыздап ооруп жатканына карабай, жерди тиктеген бойдон божомолдоп бараттым. Көзүмө кичинекей бир бадал урунду. Ушул беле? Бул буурчакпы? Кудайга миң мертебе шүгүр кылып, тизелеп отуруп калдым. Суранам, ошол буурчак болсо экен деп тилеп жаттым. Тамырын жулбай абайлап алып чыгайын деп, кургап калган жерди жанталашып, колум менен казып жибердим. Карбаластап атып, күрөк менен бир бөтөлкө суу алып алуу оюма да келбептир.

Беш мүнөттөй жерди тытып жатып, күшүлдөп буурчакты сабагы менен кошо жерден сууруп алдым. Тамыры бүтүн бойдон чыкты. Тизелеп отурган бойдон, демимди басууга, бутумдун ооруганына көңүл бурбаганга аракет кылып жаттым. Дагы бир аз эс алып отура турмакмын. Бирок баягы кышылдаган дабыш жакын жерден кайра чыкты. Каңылжарды жарган

бир жыт келе баштаганынан, артымды кылчайып карасам, кашкулак турат.

Ооруган бутумду сүйрөгөн бойдон, колумдагы буурчакты кармаган бойдон кантип качканымды билбейм.

Чымылдап чуркап отуруп, үйгө кантип жеткенимди билбей калдым. Дал ошол маалда Виола эшиктин алдында коңгуроосун кагып, тамакка чакырып жатыптыр. Тамакка кечиксем, дагы башымдан ылдый топурак болуп келатканымды көрүшсө чатак болот. Тамакка кечигип калсаң эч нерсе эмес. Бирок жуунуп-таранып, кийимимди которуп барбасам накта балээге калам. Жуунуп-тазаланып келмейин баары бир артка жөнөтүп, ашканага кийирбейт. Буурчакты да сууга салып коюшум керек. Бактарга жашынып барып, үйдү айланып өтүп, шып этип лабораторияга кирип кеттим. Эми даана кечиккени калдым окшойт. Алдыда түшүндүрүү иши жана жаза деген нерсе турган иш.

Кирсем лабораториянын ичи капкараңгы экен. Суу куйган идиш менен бош банка таптым. Таап келгеним чоң атам айтып жаткан буурчак деген үмүт менен суу куюлган банкага салып койдум. Кокус ал буурчак болбой калса, мен үчүн бул жашоонун маңызы жоголот. Үйдөн алыс тентип кеткенден башка аргам калбайт. Эшикке чыктым да, керебетимдин алдындагы калайга канча акча чогулду экен деген ой келди. Акыркы жолу санаганда жыйырма жети цент болгон. Аны жарманкеге барганга топтоп жаткам. Жыйырма жети цент менен каякка чейин узап барат болдум экен? Болуптур, Кэлпурния анча капалана бербе. Менимче ал дал ошол буурчак.

Ашкананын эшигин акырын ачсам, Виола жаңы эле куурулган этти табакка чыгарып жатыптыр. Сан-Хуана болсо көтөрүп кеткени даярданып туруптур.

— Кечигип калдыңбы? – деди Виола. – Бул жактан деле жууна бер.

— Кечиресиз. Апам мага ачууланган жокпу? – дедим карбаластап.

— Ачууланбай койчу беле.

Шашып-бушуп ашканадан жууна баштадым. Щётка менен тырмагымдын алдына шыкалып калган кирди болушунча жышып жаттым.

— Мени кечирип коюңузчу, – дедим.

— Жаңы эле кечирим сурабадың беле, – деди Виола.

Башымды шылкыйтып, тытылган, баткак болгон алжапкычымды карап койдум.

— Кел, мага чечип берсең, – деди Виола. – Эми айла жок, ушул бойдон киргенге туура келет окшойт.

Алжапкычымды чечип, раковинанын жанындагы илгичке илип койдум. Анан Сан-Хуананын артына жашынып, аксаңдап, тамак ичүүчү бөлмөгө жөнөдүм. Менимче, жанагыдан да катуураак аксап кирдим окшойт. Бир заматта сүйлөшкөндөрүн токтотуп, баарынын моюндары мен тарапка бурулду. Мен жерди тиктеген бойдон, баарынан кечирим сурап, отургучума жылып барып отуруп калдым. Агам менен инилерим бир мени карап, бир апамды карап, эмне болор экен деп күтүп турушту.

— Кэлпурния, тамакка эмне кечигип келдиң? Аксап жүрөсүңбү?

— Кашкулактын ийининин үстүн басып алып, түшүп кеттим. Абдан чоң экен. Бутумду кокустатып алдым окшойт. Кечиккеним үчүн кечирип коюңуздарчы. Сүйрөлүп отуруп араң жеттим. Азыр аябай ооруп жатат, – дедим.

— Болуптур. Тамактан кийин сүйлөшөбүз, – деди апам.

Бир туугандарым алардын көзүнчө жазалабасын билип, тамактарын иче башташты. Алардын ичинен жалгыз Жим Боуи:

— Кэлпурния, кандайсың? Сен кайда жүрдүң? Мен сени аябай сагынбадымбы, – деди.

— Жей Би, мен өсүмдүк чогултканы кеткем, – деп үнүм шайдоот чыкканда, апам менен чоң атам баштарын көтөрүп мени карап калышты. – Анан кашкулактын ийинине бутум түшүп кетип, кызыл ашыгым сынып кала жаздады.

— Анан мага көрсөтөсүңбү? Мен сынган бут кандай болорун көргөн эмесмин, – деди Жей Би.

— Анан, макулбу? – деп акырын шыбырадым.

Апам тамагын андан ары ичкенин улантты. Чоң атам болсо мени телмирип караган бойдон турду. Чоң атамдын түрүн көрүп, күлүп жибере жаздадым.

— Жей Би, мен өзгөчө бир өсүмдүк таап келбедимби. Чын айтам, башкаларга эч окшобогон өсүмдүк. Ишенбесең, лабораторияда турат. Көргүң келип жатабы? Тамак ичип жатканда, буурчак менен ойнобо, макулбу, – дедим.

Көзүмдүн кыйыгы менен чоң атамды карап коюп жаттым. Менден дагы эле көзүн албай тиктеп турду. Бир маалда алдыбызга куурулган эт келди. Эреже боюнча портвейн ичкенге

дагы жарым сааттай убакыт калган. Бирок чоң атам салтты бузуп, буга чейин боло элек жорукка барды. Ал портвейн келе электе эле, үстөлдөн туруп барып, сакалын майлык менен сүрттү да:

— Маргарет, тамак абдан даамдуу болуптур. Кечирип койгула. Силердин уруксатыңар менен, – деген бойдон зуу коюп чыгып кетти.

Отургандар дендароо болуп, эч нерсени түшүнбөй кала беришти. Ашкананын эшиги тарс жабылып, тапылдап тепкич менен түшкөн дабыш угулду. Мындай нерсе тарыхта боло элек болчу. Апам эмне болуп кеткенин түшүнө албай калды.

— Бул сен ойлоп тапкан ишпи? – деп апам мени сумсая карады.

— Менин буга эч кандай тиешем жок, – деп башымды шылкыйттым.

— Альфред, – деди апам атамды карап. – Уолтер чоң атабыздын ахыбалы жакшы элеби?

— Жакшы эле болсо керек, – деди атам да таң калып.

Жим Боуи жегиси келбей, буурчактар менен ойноп жатып, учурдан пайдаланып:

— Апаке, мен да кете берсем болобу… – деди.

— Болбойт. Ал эмнеси экен? – деди апам.

— Чоң атам деле чыгып кетпедиби…

— Болду, токтот Жей Би, – деди апам ачууланып.

Тамак жеп бүткөнчө эч ким сүйлөгөн жок. Мени болсо апам жазалап, үстөлдөн тургузбай дагы бир саат отургузуп койду. Эч ким калбай туруп кетти. Ал тургай Сан-Хуана да

ашкананы жыйнап бүттү. Ал күнү жаркырак коңуздар мелдешине да катышпай калдым. Ага өтө деле капаланган жокмун. Бирок лабораторияга барганга уруксат бербегендерине кыжалат болуп турдум. Колдорумду кырсылдата баштаганымды, өзүм да байкабай калыптырмын. Кызык, мындай нерсе сентименталдык романдарда эле болот го ойлочумун. Саат жаңыдан кага баштаганда ордумдан ыргып турдум да, чолоңдогон бойдон ашкана аркылуу чыкканга камындым. Виола Идабель деген мышыгына тамак берип, Сан-Хуана калдыратып идиштерди жууп жаткан. Ашкананын эшигин тарс эттирип жаап, чыгып баратсам:

— Эй! – деп Виола аркамдан кыйкырган бойдон калды.

Чыксам үйдүн артындагы короодо чоң атам тамекисин тартып, алдындагы мышыкты жонунан сылап, көктү карап, ырахаттанып отуруптур. Ашканада Сан-Хуананын казан-аяктарды калдыратып жууп жатканы дагы эле угулуп жатты. Караңгыда түнкү куштардын чыртылдаган үндөрү угулуп турду. Мен чоң атамдын жанына келип, туруп калдым. Тагдырым чечилгени жаткан мезгил келгендей сезилди.

— Кэлпурния, карачы кандай кереметтүү кеч, – деди чоң атам. – Кел отурасыңбы?

Чоң атамдын маанайынан улам бардыгы жайында экенин түшүндүм.

## 12-БӨЛҮМ

# ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ

**Бир эле түргө таандык жандуу организмдердин ички жана маанилүү органдарын ийне жибине чейин изилдей турган адамдар сейрек кездешет.**

Ишемби күнү эки дөңгөлөктүү араба менен чоң атам экөөбүз Локхартка жөнөдүк. Ата-энемден китепканага барам деп суранып чыктым. Чоң атам эч кимге деле айтпастан, Альберто деген атыбызды арабага чегип, сапарга даярдоолорун буюрду. Плантациянын иштерине аралашпай калганына кыйла убакыт болсо да, чоң атамдын сөзүн эч ким эки дебейт. Чоң атамдын атын укканда, алтын ачкычың бар немедей, сен үчүн баардык эшиктер ачылган сыяктуу болот.

Ошентип, кагаз кутуга салынган баа жеткис үлгүнү тиземе коюп, кош колдоп кармап бараттым. Чоң атамдын колунда тизгин менен чылбыр. Күн эртең мененкисин бүркөк болуп турганы менен, күн чыгып калабы деген ой менен, апамдын эски кол чатырын алып алгам. Чоң атам чакан карапа гүл челектеги топуракты калем менен жумшартып туруп, оюп, буурчакты отургузуп койгон. Сугарганга челекке кудуктун суусун алып алдык. Буурчакты ишенип менин колума тапшырганына өзүмчө сыймыктанып бараттым.

Узаган сайын буурчак соолугансып баратканын байкап, чочулай баштадым.

— Чоң ата, буурчак… чарчап калды окшойт, – дедим.

Чоң атам кылчайып бир карады да, анча маани деле берген жок.

— Андай боло берет. Өсүп турган жеринен жулуп алган үчүн го дейм. Бир аз суу куюп кой. Бүгүн жолго чыккандар үчүн аба-ырайы да сонун болуп турат, ээ?

Аба ырайы ойдогудай болгондуктан, көңүлүм тынчый түштү.

Чоң атам бир Моцарттын обонуна салып ышкырып, бир кызуу матростун ырын ырдап келатты. Узун жолду кыскартуу үчүн жолдо катар мага жаңы сөздөрдү үйрөтүп келатты.

Локхартка жетерибиз менен үстүндө «Өмүрүңүздөгү маанилүү окуяларды чагылдырган мыкты сүрөттөр» деген жазуусу бар Хофердин сүрөт салонуна кайрылдык. Ичине кирери менен, чоң атам Хофер мырзага келген себебибизди түшүндүрө баштады.

— Бул өсүмдүктү сүрөткө тартышым керекпи? – деп Хофер мырза таң калып, кайра-кайра сурап жатты.

Хофер мырза өз ишин, балким, жакшы билет чыгар, бирок сөзгө оңой менен түшүнбөгөнүн байкадым. Чоң атам талыкпай улам башынан түшүндүрөт, Хофер мырза болсо таңыркап, ийинин улам куушуруп коёт.

— Баары бир ага толук акы төлөгөнгө туура келет. Ал эми бир портреттин баасы бир доллар, – деди Хофер мырза.

— Жарайт, – деп чоң атам дароо макул болду.

Өзгөчө баа айтпаганына өкүнүп калды көрүнөт, Хофер мырза мостоюп туруп калды. Бир аздан кийин гана:

— Болуптур, сүйлөштүк. Студияга өтүңүз. Бул кыз сыртта күтө турсун, – деди.

— Жок, болбойт, – деди чоң атам. – Бул кыз да долбоордун мүчөсү катары катышышы керек.

Хофер мырза чоң атамды бир жалт карады да, үн катпастан бизди көшөгөнүн ары жагындагы бөлмөгө ээрчитип жөнөдү.

Негедир бөлмөдөгү ар түрдүү отургучтар, текчелер көзүмө тааныш көрүндү. Бир эле нерсени кайра-кайра көрө берсең тажайсың го, менде да ошондой сезим пайда болду. Бир маалда бул буюмдарды кайдан көргөнүмдү эстедим. Адатта көпчүлүк үйлөрдө кездешчү үй-бүлөлүк сүрөттөрдүн баарында бар. Демек, алардын баары сүрөткө бир жерден түшкөн турбайбы.

Хофер мырза бир кутуну аңтарып, ичинен бети жылмакай ак кагаз, экинчисинен сүрөт салган альбом алып чыгып, арасынан бети бодурайган кара кагаз сууруп алды.

— Бир сүрөттүн фону ак, экинчиси кара болсунбу? – деди Хофер мырза.

— Жакшы болмок, – деди чоң атам.

— Жарайт, – деди Хофер мырза дагы эле анчейин түшүнбөгөндөй. – Мага айырмасы жок. Акча силердики.

— Туура айтасыз. Жакында ал акча сиздики болот, – деди чоң атам тамашалап.

Көңүлү мынча көтөрүлгөнүн биринчи жолу көрүшүм. Менимче, виски деле ичкен эмес. Мени карап көзүн кысып

койду. Мен да кысайын десем, экөө тең жумулуп кетип жатты. Кой, тезирээк көз кысканды үйрөнбөсөм болбойт экен.

Хофер мырза ак кагазды дубалга илип, алды жагына буурчакты коюп койду. Камерасын сүйрөп келип, баш жагын ары-бери бурай баштады.

— Жакыныраак алсаңыз, – деди чоң атам. – Ар бир бөлүгү даана көрүнсүн. Өзгөчө алдагы капталында чыгып турган жалбырагы жакшыраак түшүшү керек.

— Мобу жалбыракты айтып атасызбы? – деп Хофер мырза андан бетер таң калды. – Ушуну тартайынбы?

— Ооба, дал ушунусу маанилүү, – деди чоң атам.

— Кана, камераны жакыныраак жылдырып көрөйүнчү, – деди сүрөтчү чекесин тырыштырып. – Антсем, даана көрүнбөй калат экен. Кандай кылсам?

Камерасын көтөрүп алып, буурчактын бир ары жагына, бир бери жагына чыгып, карап жүрдү.

— Жарык бул тарабынан көбүрөөк тийгидей кылыш керек экен. Ошондо даана көрүнүп, камерадан чыккан жарык кагазга түз тиет.

Буурчакты айланта ары жактан лампаларды сүйрөп келип коюп, тогузун тең күйгүздү. Жарык туура түшкүдөй кылып, лампанын баштарын ары-бери жылдырып, оңдоду да, камерасынан шыкаалай баштады.

— Мындан артык кыла албайм, – деди ал камераны тиктеген бойдон. – Алдын ала эскертип коёюн. Болбой калса да, төлөгөнгө туура келет.

— Сүйлөштүк, Хофер мырза. Түшүндүм.

«Болбой калса да төлөгөнүбүз менимче адилетсиз чечим. Бирок чоң атам азыр баарына даяр» дедим ичимден.

— Капталынан салаңдаган жалбырагы чыкпай калса да… – деп Хофер мырза кошумчалап койду.

— Макул, – деп чоң атам чөнтөгүн аңтара баштады. – Кааласаңыз азыр эле төлөй берейин.

— Жок, жок. Мен жөн гана эскертип коёюн деп жатам.

Камеранын чуңкур жерине магний порошогун салып, кара чүпүрөктүн алдына башын кийирди. Бир аздан кийин «чык» деген дабыш чыгып, бөлмөнүн ичи жарк дей түштү.

— Көздөрүңөрдүн карыкканы кеткенче, ордуңардан жылбай тургула, – деди сүрөтчү кара чүпүрөктөн башын чыгарып. – Шайтан алгырдыкы! Бир айым баягыда дароо басып кетем деп чалынып кетип, аз жерден бутун сындырып ала жаздаган.

Камерадан пластинаны алып чыгып атып, артында турганымды байкап калды да:

— Азыр айткандарым үчүн кечирим сурайм. Эч нерсе уккан жоксуз деп эсептейин. Суранарым, апакеңизге айткандарым тууралуу кайра айтпай эле коюңуз. Мен азыр келем, — деген бойдон, пластинканы көтөрүп алып, караңгы бөлмөгө кирип кетти.

Ал бөлмөдөн бизге шытыр-шутур эткен дабыштар угулуп жатты. Бир аздан кийин жыгач кыпчыткыч менен кургай элек сүрөттөрдү көтөрүп, Хофер мырза бөлмөдөн чыкты.

— Негизи мен кургай элек сүрөттү эч кимге көрсөтпөчүмүн. Менимче, сиздерге жагат болуш керек. Бирок кол менен кармабай тургула.

Карасам чын эле сонун чыгыптыр. Капталындагы жалбырак даана көрүнүп, буурчагыбыз тимеле бажыраят.

— Абдан сонун, – деди чоң атам. – Ишиңизди абдан мыкты аткардыңыз.

Хофер мырза мактаган сайын жүзү албырып баратты. Бирок сыр билгизбей башын ийкеп койду. Жанында киши болбосо, менимче бийлеп жибермек болуш керек.

— Жактыбы? – деп кайра сурады.

— Абдан жакты. Сизге өтө ыраазымын.

— Жалбырак тимеле бажырайып чыгыптыр, ээ? – деди Хофер мырза.

— Эң сонун. Мындан артык болбосо керек. Башка фондо да тартасызбы?

Чоң атам экинчи фон тууралуу эскертпесе, Хофер мырза бир күн кечке деле мактаса жадабай угуп тура берчүдөй.

Чоң атам айтары менен шыпылдап карапа идиштеги буурчакты көтөрүп барып, кара кагаз илинген дубалдын тушуна койду да, сүрөткө тарта баштады. Көзүмдү жумганыма карабастан, жарк эткен жарыктан көздөрүм тунарып эч нерсе көрүнбөй калганын сездим. Хофер мырза дагы мактасын дегенсип, экинчи сүрөттү көтөрүп келди. Бул жолкусунда өзүн долбоорго салым кошкон адам сыяктуу, чоң атамдан Смитсон институтундагы, Вашингтондогу жаңы түрлөр тууралуу суроолорду арты-артынан берип жатты.

Чыдабай буурчакты кайра кагаз кутусуна салып, сыртты көздөй бараткнымды көрүп, чоң атам:

— Кэлпурния, toктой турсаң. Хофер мырза, бизди да

чогуу сүрөткө тартып коёсузбу? – деп колумдагы кутуну ары коюп койду.

— Кэлпурния, сен бул жагына тур, мен болсо ары жагына турайын, – деди чоң атам.

Чоң атам сакал-башын оңдоп, мен көйнөгүмдү түздөдүм да, кыймылдабай түптүз болуп турдук.

— Кана, дем албай тургула, – деди Хофер мырза. – Кыймылдабай, демиңерди ичиңерге алгыла. Бир, эки, үч.

Бул жолкусунда жарык так маңдайыбыздан чагылышты. Мындай түрү менен сүрөтчү керикти деле кебелбей жыкса боло турган. Бир саамга көздөрүбүзгө эч нерсе көрүнбөй калды. Айлананы кар каптаган дал ушундай болсо керек деп элестетип койдум. Хофер мырза караңгы бөлмөдөн чыккан кезде гана көздөрүмдүн карыкканы жаңыдан тарай баштаган.

Хофер мырза үч сүрөттү катар коюп, сол жак бурчуна «Хофердин мыкты портреттери» деген мөөрдү басайын деп камынып баратканда:

— Мөөрдү артына коёсузбу, сураныч. Бул сүрөттөр илимий максат менен тартылгандыктан, бетинде ашыкча эч нерсе болбош керек, – деди. Сүрөтчүнүн муңая түшкөнүн байкай коюп: – Неберем экөөбүз эстелик үчүн түшкөн сүрөткө коё берсеңиз болот, – деп чоң атам кошумчалады да, үч күмүш долларды Хофер мырзага сунду.

Сүрөтчү кагазга сүрөттөрдү коюп, ортосунан жип менен байлап койду. Улам кетели деп камынсак эле, кетиргиси келбей ар нерсени сүйлөй берди. Токтоно албай ээрчип, арабага чейин барып, биз түшкөнчө буурчакты кармап турду. Анан

буурчак менен сүйлөшүп жиберчүдөй болуп, далайга чейин тиктеп турду. Кутудагы буурчакты колунан алып, тиземе коюп, кол чатырды ачарым менен, чоң атам арабаны айдап жөнөдү. Хофер мырза болсо жол жээкте биз узаганча кол булгалап турду.

— Жакшы баргыла. Саламатта болгула! Келип тургула. Жообун аларыңар менен мага да кабар берип койгула. Аларга сүрөт жакса, мага сөзсүз айтып койгула, – деп Хофер мырза артыбыздан кыйкырып жатты.

— Үйгө жетерибиз менен кат жазып, сүрөттөрдү керектүү дарегине салып жиберем, – деп чоң атам Хофер мырзага сөз берди. – Бирок жообун көпкө күтүүгө туура келет. Эң кыйыны ошол. Кэлпурния, буурчакка суу куюп койчу.

Жолду катар чоң атам экөөбүз тынбай бир матрос балладаларын, бир деңиз каракчыларынын ырларын кыңылдап ырдап келаттык. Маанилери балдарга ылайыктуу эмес экенине деле караган жокпуз. Алдыбыздан киши чыгып калса, дароо гимнди ырдамыш болуп калабыз.

Ошентип кечки тамакка чейин үйгө келип калдык. Жолдон чарчап, үстү башыбыз чаң болуп, жүдөп турганыбызга карабай көңүлүбүз куунак болчу. Буурчакты лабораторияга таштап, тамак ичкени жөнөдүк.

Сүйлөшүп отуруп, кечки тамак көпкө созулду.

— Локхартта эмне жаңылык бар экен? – деп атам кызыгып сурай баштады.

— Пахтанын баасы көтөрүлүп калган окшойт, – деди чоң атам. – Анан Кэлпурния экөөбүз сүрөткө түштүк.

— Сүрөткө? – деп Сал Росс кабагын бүркөдү. – Сен кандайча сүрөткө түшүп жүрөсүң?

— Маанилүү күндү белгилеп коёлу дедик, – деп чоң атам отургандардын баарын айланта карап чыкты. – Кэлпурния экөөбүз буурчактын жаңы түрүн ачтык деген божомолубуз бар.

— Жакшы болгон турбайбы, – деди апам жакшы түшүнүп-түшүнбөй сөзгө аралашты.

— Сөзүңүздөргө аралжы. Кайсы түрдү айтып жатасыздар? – деди Гарри кызыгып.

— Картошканы бери жылдырып койгулачы, – деди Ламар.

— Биз буурчактын жаңы түрүн таптык окшойт, – деп чоң атам кошумчалап койду.

— Аа, буурчакты айтып атасыңарбы, – деди Сэм Хьюстон.

Аа, буурчак деп коёт! Буурчакты ошол түшүнүп коюптурбу! Баштан ары бир койсо, көрөт элем ушинткенин. Бирок өзүмдү кармап, тамак ичилип бүткөнчө, ар ким ар нерсени айтса да чыдап, унчукпай угуп отурдум. Биринчи жолу үстөлдүн үстүндө сүйлөнгөн сөздөрдөн тажап кеттим. Калп эле мааниси жок сөздөр айтылып жатты. Алардын ичинен атам гана ток этер жерин сурады. Кантсе да эл аралап жүргөн киши, чарбанын ээси эмеспи. Ал буурчактын жаңы түрү эмне пайда алып келерине, тоютка жарар-жарабасына кызыкты. Бирок аягында суроолордон тажап, кулактын сыртынан кетире баштадым.

Тамак ичилип бүтөрү менен чоң атам экөөбүз китепканага кирип, эшигин илип койдук. Саатына чынжыр менен бекилген кичинекей ачкыч менен үстөлүнүн алдындагы үкөктү

ачып, ичинен сары кызгылт калың кагаздарды алып чыкты.

— Кэлпурния, чыракты күйгүзүп коёсуңбу. Кел, *Terra Incognita*нын эң караңгы бурчуна жарык берип кой. Билимдин жарыгын өркүндөтүп, картада белгиленген дагы бир ажыдаарды өчүргүч менен өчүрүп коёлу, – деди чоң атам.

Мен мештеги отту тутандырып, чуркап барып чырактарды көтөрүп келдим да, кичирээк үстөлдүн үстүнө топ жылдыздарга окшотуп тизип, күйгүзүп койдум.

Чоң атам калемин сыяга малып, ойлонуп асманды бир далайга чейин тиктеп туруп, кайра малды да, эски кол жазманын ыкмасын колдонуп жаза баштады:

*1899-жыл. Сентябрь айы.*

*Урматтуу мырзалар,*

*Сиздерге кайрылуубуздун себеби, Техастын борборунда, Остиндин түштүгүнөн кырк беш миль алыстыкта жайгашкан, Колдуэлл округуна караштуу аймактарда тынымсыз жүргүзүлгөн байкоолордун негизинде жаңы экземпляр табылды. Ал буурчактын жаңы түрү деген ишеничтебиз. Ошол себептен, сиздердин көңүлүңүздөрдү* ага бурууну чечтик.

Бир караганда бул өсүмдүк *Vicia villosa* аттуу түктүү тоют буурчагына абдан окшоп кеткени менен анын түшүндүрмөсүнөн жана сүрөтүнөн көрүп турганыңыздардай башка түргө кирет деген божомолубуз бар…

Буурчак менен капталындагы маанилүү жалбырагын эле эки барак кылып сүрөттөп чыкты. Мен болсо чоң атамдын артында, ийининен башымды арта салып карап турдум. Каттын аягын төмөндөгүдөй бүтүрдү:

*Терең урматтоо менен,*

*Уолтер Тейт жана Кэлпурния Виржиния Тейт.*

Анан отургучуна чалкалап отуруп калды.

— Биз өз ишибизди бүтүрдүк. Эми мындан ары эмне болорун байкап туралы. Болгону күтүшүбүз керек, – деди чоң атам.

Мен чоң атамдын ийининен сылап койдум. Ал болсо терең үшкүрдү да:

— Кызым, бул күндү канчадан бери күтүп жүргөнүмдү билесиңби? Бул күндү көрбөй калам го деп жүрдүм эле. Чынын айтсам, акыркы кезде мындай болоруна көзүм жетпей калган.

Иштин кыскача чоо-жайы ушундай. Жаңы түр. Сүрөттөр. Анан мен – чоң атамдын кичинекей эрмеги.

# 13-БӨЛҮМ

# ИЛИМИЙ КАТ

**Өсүмдүктөрдүн кайсы түргө кирери аныкталгандан кийин, урук өстүрүү боюнча адистер мыкты экземплярларды тандоону токтотуп, жөөктөрдү аралап, белгилүү стандарттан чыгып бараткан өсүмдүктөргө («отоо чөптөргө») дары чачып турушат.**

Буурчакты лабораториянын түштүк жагындагы терезенин текчесине коюп койдук. Ал тирилип кеткенче сарсанаа болуп жүрдүм. Күнүнө бир нече жолу суу кандай куюлуп атат, күн тике тийген жокпу же көлөкө болуп калган жокпу, жөргөмүш желе салып алган жокпу, шамал тийген жокпу, хлороз[21] оорусу же башка оору менен ооруган жокпу деп кабатырланып, текшерип турган көнүмүш адатка айланды. Айлан көчөк таап алып, личинкаларды жесин деп дароо буурчакка кондурайын десем, тескерисинче, жанталашып качып кетти. Буурчакка байкоо жүргүзгөнгө атайын сыртында мармар сызыктары бар жаңы дептер баштадык. Бөлмөнү жыйнаганда ыргытып жиберишпесин деп, буурчактын челегине төмөндөгүлөрдү жазып, чаптап койдум:

[21] Өсүмдүктүн жаш бутагынын жашыл түсү кетип, бозоруп калышы.

ТАЖРЫЙБА ЖҮРГҮЗҮЛҮП ЖАТАТ. БУУРЧАККА ТИЙБЕГИЛЕ. АКЫРКЫ ЖАНА ОЛУТТУУ ЭСКЕРТҮҮ БОЛСУН!

Кэлпурния Виржиния Тейт (Кэлли Ви).

Он эки күндөн кийин буурчакка тиешелүү биринчи кат келди. Карасак ал Хофер мырзадан экен. Смитсон институтунан жооп келген-келбегенине кызыгып сурап жазыптыр. Андан тышкары катта буурчактын сүрөтүн текчедеги үйлөнүү үлпөтүндө түшкөн кыздардын жана ымыркайлардын жыланачтап түшүргөн сүрөтүнө кошуп койсо, жаңы кардарлар кызыгып келе баштаганын, элдердин баары «отоо чөптүн» сүрөтүн эмнеге кошуп койгонун сурап жатышканы тууралуу жазыптыр.

— Кэлпурния, – деди чоң атам. – Бул сага да тиешелүү. Хофер мырзанын катына жооп жазып, көпкө күтүүгө туура келерин, эң аз бир нече айдан кийин жооп келерин эскерт. Албетте, бул иштин көзүн билбеген адамга түшүнүү кыйын.

Демек, жаңы тапшырма бул — илимий кат жазышуу.... Болгондо да өзүмдөн алда канча улуу киши менен. Катымды алгач кара калем менен жазгам. Катасыз, туура жазганыма көзүм жеткенде гана, китепкананын эшигин каккыладым. Чоң атам адаттагысындай эле:

— Ойноп каккылап жаткан болбосоң, кире бер, – деди.

Кирсем чоң атам катырылган кескелдириктеринин арасын аңтарып, үлгүлөрүнүн бири жоголуп кеткенин айтып күңгүрөнүп сүйлөнүп жатыптыр.

— Кэлпурния, беш тилкелүү сцинктин[22] үлгүсүн көргөн

[22] Кескелдириктердин бир түрү.

жоксуңбу? Төрт тилкелүү сцинк менен ала геккондун[23] ортосунда эле болчу. Мен аны каякка коюп койдум?

— Жок, аны көргөн жокмун. Хофер мырзага кат жаздым. Бир сыйра көз жүгүртүп коёсузбу?

— Хо…мырзага дейсиңби? – деп калтырап-титиреп тартманын ичин дагы эле аңтарып жатты.

— Баягы Локхарттагы сүрөтчүгө. Эсиңиздеби?

— Ооба, эсимде, – деп ооз учу менен жооп берди. – Каттын мазмуну жакшы болгонунан шегим жок. Жөнөтө бер. Кана бул тритондор[24], бул болсо саламандралар[25]. Калган сцинктер кайда?

Сүйүнгөн бойдон чыгып баратып, бир нерсени эстеп токтоп калдым.

— Чоң ата, катка чаптаганга менде марка жок экен, – дедим.

— Ме, муну ал да, сатып ал, – деп чөнтөгүнөн шашкалактап, он цент алып чыгып, мага сунду.

Бөлмөмө келип, жаңы калем уч, сактап жүргөн чоң форматтагы жылмакай ак кагаздарды алып чыктым. Керектүү нерселерди үстөлдүн үстүнө жайып алдым да, жазууга кириштим. Кат өтө деле узун болбогону менен, сыя тамызып албайын деп, кылдат жазганга бир сааттай убакыт кетти.

*1899-жыл. Сентябрь айы.*

*Урматтуу Хофер мырза!*

*Сиздин шаршемби күнү жөнөткөн катыңызды алдык. Чоң*

---

23 Булар да кескелдириктердин бир тукуму.

24 Кескелдирикке окшош, суу да да, кургакта да жүрүүчү жаныбардын бир түрү.

25 Кескелдирик сыяктуу сууда жана кургакта жашоочу куйруктуулар түркүмүнө кирген жаныбар.

*атам, капитан — Уолтер Тейт Смитсон институтунан дале кат күтүп жаткандыгыбызды билдирүүмдү өтүндү. Жооп келери менен сизге кабар берерин да эскертти. Буурчакка болгон илимий кызыгууңуз үчүн өзүнүн ыраазычылыгын билдирди. Терең урматтоо менен,*

*Кэлпурния Виржиния Тейт (капитан Уолтер Тейттин небереси).*

Калың, кооз, кызыл конвертке катты салдым да, тепкич менен ылдый жөнөдүм. Оюмда бүгүндөн калтырбай жөнөтсөм деп кыялданып бараттым.

Ылдый жакта Тревис менен Ламар оюнчук мылтык менен атышып, ковбой[26], инди болуп ойноп жатышыптыр.

— Эй, Кэлли, каякка баратасың? – деген сөздөрүнө көңүл бурбай, жандарынан өтүп кеттим.

Түшүндүрүп отургум келген жок. Эми алардын кызыккан нерсеси башка, меники таптакыр башка. Мындан керемет нерсе барбы!

Бутум-бутума тийбей чуркап отуруп, күйүгүп, үстү-башымдын баары чаң болуп, почтага кирип бардым. Биздин почточубуз — Граccел мырза текченин артында туруптур. Ал мага түшүнүксүз кишидей көрүнө берчү. Бирок эмнеси экенин так айта албайм. Тейт аттулардын баарына сыпайы мамиле кылчу. Ата-энеме кээде аша чаап, жагалданып жаткандай сезилип кетчү. Ал тургай балдарга да (өзгөчө Тейт атын алып жүргөн балдарга) өпкө-боорун чаап жиберчү. Бирок анысы мага негедир жасалмадай сезиле берчү.

---

[26] Түндүк Америкада малды атчан кайтаруучу адам – койчу, уйчу ж.б.

Почтага кирсем, телеграмма алганы келген Лула Гейтстин апасы менен сүйлөшүп туруптур. Тарбиялуу үйдө чоңойгон кыз катары, кезегимди сабырдуулук менен күтүп турдум.

— Кандайсың, Кэлли, – деди Гейтс айым мени көрөрү менен, – Үйдөгүлөр кандай жатышат? Апаңдын шакыйы кармаган жокпу?

— Саламатсызбы, Гейтс айым. Бизде баары жакшы. Өзүңүз кандайсыз?

— Кудайга шүгүр, баары жайында, – деди Гейтс айым.

Дагы бир аз сүйлөшүп тургандан кийин, апама салам айтты да, чыгып кетти. Мен конвертти почточунун колуна түз бербей, текченин үстүнө коюп койдум.

— Кана, биздин жаш бийкеч Локхартка кат жазган го дейм, – деп конверттин сыртын карады.

— Катка чаптаганга марка берип коюңузчу, – дедим мен да калп эле кичи пейил болумуш болуп.

Бирок бир аз сертирээк айтып жиберсем керек, Грассел мырзанын кабагы дароо бүркөлө түштү.

— Өтүнүч, – дедим бир топтон кийин.

Грассел мырза сыртындагы даректи окуду да:

— Эмне сүрө… сүрөткө түшөйүн дедиң беле?

Грассел мырза кимге жана каякка кат жазганыңа дайыма кызыгып сурай берчү. Бир жолу апам Грассел мырзанын мындай жоругуна ачуусу келип, «Кызматындагы абалынан пайдаланып, ар кимдин ишине кийлигише берүү адепсиздикке жатат» деп эскерткенин угуп калгам. Апамдын бул пикирине мен толук кошулам.

— Ооба, – деп мукактанып туруп калдым. – Грассел мырза...

Бирок анын суроосуна сыймыктануу менен жооп бердим:

— Ооба, сүрөткө түшмөкмүн, – дедим.

Грассел мырза жаман көзү менен карап койду. Караса карай берсин! Тыйынды аны көздөй жылдырдым. Грассел мырза марканы алып чыгып, артын суулап туруп, күү менен конвертке марканы былчыйта жабыштырды да:

— Эмне сүрөткө түшүү үчүн өзгөчө себеп барбы? – деди.

— Жок, – дедим.

Чалкалап алып сегиз центти санады да, колумду сундурган бойдон бир топко чейин бербей кармап турду.

— Бүт үй-бүлөңөр менен түшкөнү жатасыңарбы? – деди.

Тердеген алаканында кармап тургандыктан, тыйындар да былчылдап суу болуп кетиптир.

— Сиздин оюңузча кандай? – дедим майда акчаны чөнтөгүмө салып атып.

— Кечиресиң, сүрө…сүрөткө, бүт үй-бүлөңөр менен түшкөнү жатасыңарбы? Же сиз эле түшөсүзбү? Өзүңүз деле сүрөттөй болуп турасыз, – деди Грассел мырза.

— Ооба, – деп кыскача жооп бердим да, почтадан чуркап чыгып кеттим.

Баалуу илимий табылга тууралуу ага айткым келген жок. Ага айтпай калайын. Шаардагылардын баарына бир заматта жайып жиберери турган иш.

Кудай сактасын, бирок чоң атамдын божомолу туура эмес болуп калсачы? Мен кандай ахыбалда калам, элестетсеңиз?

Мен го мейли. Элдин баары чоң атамды күлкү кылып, шылдыңдашсачы? Андан көрө оозумдан чыгарбай эле койгонум артык. Чоң атамды эл алигиче сыйлайт. Себеби, өз убагында чоң атам пахта тазалаган машинаны курап чыгып, колунан келбеген нерсеси жок болчу экен. Анысына деле карабастан, кээде какшыктагысы келгендер да чыгары белгилүү болчу. Сабатсыз, адепсиз кээ бир адамдар чоң атама «профессор» деген ат коюп алышкан. Аны да шылдыңдагансыган үн менен айтышат. Балким, чоң атам алардын айткандарын кулагынын сыртынан кетирип коёр. Бирок мен анте албайм. Мен чоң атама абдан ишенем. Анын божомолдору туура чыкса экен. Менимче, туура чыгат. Туура экенинен шегим жок. Анткени, ушул убакка чейин чоң атамдын жаңылганын көрө элекмин. Кээде эле беш тилкелүү цинкти таппай калганы болбосо. (Андай бардык адамдарда кездешет эмеспи), башка учурда жаңылганын көргөн эмесмин.

Бир ай эмес, көпкө күтүүгө туура келерин жакшы түшүнүп турдум. Бирок чындап эле кыйын экен! Эң негизгиси бош отурбаш керек, болбосо убакыттын өтүшү кыйын болот. Олуттуу иштерди жасачу мезгил келди. Үлгүлөрдү топтоп, илим, окуу менен алектенип, иши кылып убакытты бош өткөрбөгөнгө аракет кылыш керек. Ошондо убакыт тезирээк өтөт го деген ойдомун.

Бардык нерсе менен алекетенүүгө даярмын, жалгыз гана үй жумуштары менен эле эмес.

# 14-БӨЛҮМ

# КЫСКА САПТУУ КЕТМЕН

**Жаратылыш... бардык нерсенин сырткы түзүлүшү башка бир жандууга ылайыкташтырылса керек.**

Чоң атам экөөбүз буурчакты көзүбүздүн карегиндей сактап, өстүрүп жүрдүк. Менин сүйүнгөнүм, аны бөпөлөгөн сайын көркүнө чыгып баратты. Биринчи бою узарып, сабактары терезенин текчесин бойлой, жогору карай өсө баштады. Чоң атам аны «пробанд» деп атап койду. Окумуштуулар эгерде үлгү өзүнүн кандайдыр бир жаңы касиети менен өзгөчөлөнүп турса «пробанд» деп атап коюшат экен. Аарылар чаңдаштырсын деп, күнүгө бакчага бир нече мүнөткө алып чыгып коюп жүрдүм. Чегиртке же башка зыянкечтерден коруп, жанынан карыш жылбай кайтарчу болдум.

Исанын туулган күнүнө карата байпак түйгөндөн качып, ар кайсы тажрыйбаларды ойлоп таап, шылтоо кылып жүрдүм. Жакында пахта териле баштаса, кыска саптуу кетменди колума алганга мүмкүнчүлүк болот деп үмүттөнүп жүрдүм. Себеби, биздин аймакта дагы эле ошондой кетмендерди колдонушчу. Чоң атамдын айтуусуна караганда, бир нерсени жакшылап түшүнүү үчүн, аны өзүң жасап же тажрыйбадан

өткөрүп көрүшүң керек экен. Чоң атам атамдын жаш кезинен тартып эле кетменди колуна карматып, талаада иштегенди үйрөтө баштаптыр. Ошондуктан, мен да убакытты текке кетирбей, жакында колума кетмен кармаганы камынып турдум. Тилекке каршы, биздин сарайдан кыска саптуу кетмен таппай коюп, узун саптуусун алып чыктым. Кетмен менен болгон алгачкы тажрыйбамды ишке ашыруу үчүн кетмендин дал ортосунан кармадым. Кетменди көтөрүп алып, үйдөн баштап элүү ярдга[27] созулган пахта талаасын көздөй бет алдым. Апамдын айтуусу боюнча чыныгы айым жашаган үйдүн эшигинин алдында көк шибер чөп өсүп, өз бакчасы болушу керек экен. Анда терезесинин түбүнөн баштап пахта өссө эмне болот?

Акыркы кезде пахтаны байкап турсам, улам барган сайын өзгөрүп баратат. Пахтанын башындагы жашыл кутучасы акырындап, аппак, жумшак гозолорго айлана баштады. Жерде өскөн акча деп ушуну айтып коюшат турбайбы.

Колума кетменди алдым да, күүлөнүп пахтанын түбүн чаба баштадым.

Чындыгында эле, оңой жумуш эмес экен. Күн барган сайын салкындай баштады. Бул жумушту мен нан табуу үчүн жасап жатпаганыма шүгүр кылдым. Талаада өмүр бою иштеп келген, муундары кызыл жүгүрүк болуп ооруган чалдарды көп эле көрүп жүрөм.

Ошентип, ойлонуп, эс алганы отурсам, үйүбүз тараптан шынаабаш үкүнүн үнүнө окшогон ачуу кыйкырыкты угуп, жүрөгүм оозума тыгыла түштү.

---

[27] Узундукту ченөөнүн англиялык өлчөөсү; бул – 0,9144 метрге барабар.

— Ай, сен ал жакта эмне кылып жүрөсүң? – деп кыйкырган бойдон Виола мени көздөй талпаңдап чуркап келатты.

Мен анын мынчалык ачууланганын биринчи жолу көрүшүм.

— Пахтанын түбүн жумшартып жатам, көрбөй турасызбы?

— Оо, Кудай! Эч ким көрө электе, тезирээк үйгө кир. Кудайым өзүң сактай көр! – деген бойдон Виола колумдан кетменди жулуп алды да, үйдү көздөй сүйрөп жөнөдү. – Мындай кылган кантип оюңа келди? – деди кызаңдап. – Акылың ордундабы? Кара түстүүлөрдү туурап ойноп көрөйүн дедиңби?

— Мен жөн эле көрүп көрөйүн дегем. Чоң атам...

— Ал чал тууралуу мага эч нерсе айтпа, уктуңбу? Таптакыр алжып калса керек. Ага кошулуп сен да акылыңдан айнып баратыптырсың, – деп Виола колумдан сүйрөгөн бойдон, урушуп баратты. – Кичинекей бала пахта тергенин көрдүң беле? Ак терилүү бала кетмен кармаган буга чейин тарыхта болгон эмес. Жөнөкөй үй-бүлөдөн болсоң бир жөн. Болгондо да Тейттердин үй-бүлөсүнөн чыккан бала кетмен кармайт деген эмне шумдук! Кудайым өзүң колдой көр!

Ашканага жеткенче алдыбыздан эч ким чыккан жок. Виола дагы эле эки жагын улам элеңдеп карап, колумдан тырыштыра кармаган бойдон коё бербей турду.

— Анча эмне болду? Эмнеге мынча ачууланып жатасыз? Мен жөн гана байкап көрөйүн дегем.

— Атаны Кудайым ай! Мага сабыр бере көр!

— Мага анча ачууланбаңызчы, – дедим.

— Азыр күйүккөнүмдү басып, бир аз отура турайынчы,

– деди Виола.

— Отуруңуз. Азыр лимонад алып келип берем, – деп чуркап жөнөдүм.

Виола үстөлдүн чекесине отуруп, кагаз менен желпине баштады. Шкафтын оозун ачсам, карапа идиште алмадан жасалган шарап туруптур. «Виолага шарап куюп берсемби? Балким, ачуусу тезирээк таркап кеткенине жакшы» деп ичимден ойлондум.

— Ме, муну ичип алыңыз. Жеңилдей түшөсүз, – деп стаканга куюлган шарапты сундум.

Стакандагыны карабай эле дароо ичип жиберди да, ордунан жылбай бир жерди тиктеген бойдон отуруп калды. Анда-санда бир желпигичи менен желпинип коёт. Мен болсо чуркап барып дагы бир стакан куюп келдим. Виола оор үшкүрүнүп койду. Акыркы кезде мен жандарына келсем эле эмнеге же шарап ичишет же оор үшкүрүшөт билбейм?

— Кэлли, сени бирөө көрүп калса эмне болот эле, билесиңби? – деди Виола.

— Эмне болот эле? – дедим камарабай.

— Апаң сенден чоң үмүт кылып жүргөнүн билесиңби? Жакында эле сенин келечегиңе кам көрүш керек деп жатканын уккам. Анан сенин кылганың бул. Мындай жоругуң жарабайт. Эл арасына сыноо үчүн чыга турган бойго жеткен кызга кетмен чапканга болбойт.

— Менин дейсизби? Келечегим тууралуу эмне сөз кылып жатты эле? Эмнеге?

— Анткени сен Тейттердин үй-бүлөсүнөн чыккан кызсың.

Атаң ири пахта талааларынын ээси болсо. Анан дагы менчик пахта тазалаган машинасы болсо, бул кылганың жарабайт, – деди Виола.

— Менимче ал атамдын менчик машинасы эмес, чоң атамдыкы го дейм.

— Менин сөзүмдүн төркүнүн түшүнгөн жок окшойсуң, Акылман айым. Эмне, эл арасына чыккың келбейби?

— Эл арасына чыгуу деген сөзүңүздү анчейин түшүнгөн жокмун. Бирок сиз айтып жаткан нерсе Гарри ээрчитип келген ойсокеге окшош болсо, анда андай болбой эле койгонум артык.

— Ооба, туура айтасың. Гарри жактырган ал кыз чындап эле ойсоке болчу. Бирок аны менен сени салыштырып болбойт. Сенин келечегиң али алдыда. Сени келечекте салтанаттуу кечелер, кычыраган жигиттер менен таанышуу күтүп турат. Буюрса, сага ашык болуп, артыңдан калбай ээрчий тургандар четинен чыгат.

— Мага толтура жигиттин эмне кереги бар? – деп чочуп кеттим.

— Азырынча ушинтип айта бересиң. Кийин минткениңди көрөм, – деп Виола ууртунан жылмайды.

— Жо-ок. Чын эле, мага андайдын эч кандай кереги жок.

— Керек деп жатпаймынбы. Апаңдын санаасын тындыруу үчүн керек, – деди Виола.

— А-а-а-а. Түшүнүктүү, – дедим.

— Муну кара, жөн койсо өзүн гана ойлойт, – деди Виола тамашага салып.

— Жок, андай эмес!

— Азыр буурчак кайтарган каракчыга окшоп жүрбөйсүңбү, эч нерсе менен ишиң жок. Бирок көз ачып жумганча эле созолонгон ак сөөк айым болуп чыга келериңден шегим жок, – деди Виола.

Виоланын акыркы какшыгына көңүл бурбаганга аракет кылып, укмаксан болуп, кулагымдын сыртынан кетирип койдум да, сөздү башка жакка бурдум.

— Апама да ошентип кам көрүшкөн бекен? – дедим.

— Менин билишимче, эл арасына алып чыгалы деген ниеттери ишке ашпай калган экен, – деди Виола.

— Эмне себептен?

— Аны сен апаңдын өзүнөн сурап ал, макулбу? – деди Виола.

— Согуштун айынанбы? Албетте, согуштун кесепети тийсе керек, – дедим.

Виола эч нерсе деп жооп бербестен, башын гана ийкеп койду.

— Бирок ал кезде согуш аяктап калган эмес беле? Кана, апам ал кезде..., – деп апамдын жашын колум менен санай баштадым.

— Акчанын тартыштыгынан улам. Кийин атасы келте оорусунан каза болуп калыптыр. Анан апаңдын келечеги тууралуу ойлонгонго чамалары да келбептир.

— Эми ошону үчүн менин келечегиме кам көрөйүн деп жатыптырбы? Өзү көрбөй калган нерсени мени көрсүн деп жатса керек? – дедим кадыресе чоң кишидей.

— Анын баарын өзүнөн сурап ал дебедимби. Андан көрө барып, бети-башыңды жууп келчи. Кебетең укмуш эле болуп калыптыр. Менин жүрөгүмдүн лакылдаганы дагы эле кетпей жатат. Кичине эс ала турайын. Оо, жараткан Кудай! Бизди колдой көр!

Мейли анда Виола эс алып алсын.

Апамдын жети баласынын ичинен мен — жалгыз кызмын. Албетте, апам мендей шанаңдаган, эркек баладай бейбаш кыз эмес, назик болсо экен деп тилеп жүргөн болуш керек. Өзүнө жолдош болсо экен деп кыялданып жүрсө керек. Ал тилеги ишке ашпай калды да эми. Мисалы, мен жада калса тыңдап чай куйганды билбейм, оймо-чийме түшүргөндү, түрлөп тамак жасаганды айтпай эле коёлу. Анда мен өзүмчүлгө киремби же өзгөчө кыз болуп эсептелемби? Апам үчүн мындай болуп жаралып калганым катуу сокку болсо керек? Менин өзүмчүлдүгүмдү же өзгөчө кыял-жоругумду го оңдосо болот. Ал эми апам катуу кайгырган болсо кантебиз? Бул көйгөйдү чечүү алда канча кыйыныраак. Албетте, мен апамдын капа болушун такыр каалабайм. Бул ойду канчалык унутайын деп аракет кылбайын, уйгактай жабышып, оюмдан такыр кетпей жатты.

Бөлмөмдүн терезесинен бактарды карап отурсам деле оюмдун баары баягыда. Апамды эмнеге капа кылдым? Бирок мен атайын жасаган жокмун да. Мен ушундай болуп төрөлүп калганыма күнөлүү эмесмин да? Кыял-жоругуңду ушундай кылып жаратып койсо, башың менен жатчу нерсе болсо керек? Оюмдун баары чар учкандай болуп жатты. Суроолоруma жооп таба албай, башым чыңалып ооруп чыкты.

Апамдын башы ооруганда ичкен дарысынан ичип алсамбы? Башымдын минтип ооруганына караганда апамдын так өзүн тартсам керек.

Балким, кыял-жоругумдун мындай болуп калганынын зыяны деле жоктур? Элдин сыноосуна салса, элге аралаша баштасам, балким, мага жагып калар? Бирок азыр эмес кийинчерээк болсунчу. Менимче, кандай болбосун анын жакшы же жаман экенин тактап билишим керек.

Олуттуу нерсенин жообун табуу үчүн талыкпаган аракет жумшаш керек деген чоң атамдын жакшы сөзү бар. Эми ошону жакшылап талдап, оң же терс тараптарын таразалап көрүш керек. Кудай жалгап, аны ийне-жибине чейин аныктап чыкканга, дагы алты-жети жылдай убактым бар экен. Менимче, жетиштүү эле болсо керек. Азырынча бул суроомо апамдан башка кишиден жооп ала албайм. Бирок дароо суроо берип баштасам да, туура эмес түшүнүп калышы мүмкүн. Дал ушуну кыялданып жүрүптүр деп түшүнүп алса эмне кылам? Анан кайра түшүндүрө албай жүрсөм. Башым ооруп, желкем кычышып чыкты. Кызамыгым кайра башталды окшойт?

Эртең менен турсам, апам бакчада жөөктөрдү аралап жүрүптүр. Күндөн сактанып башына кыры жазы шляпасын, колуна жиптен согулган мээлей кийип алыптыр. Апамдын айтымында ар бир аялзат эң алгач бети менен колун күндөн корушу керек экен.

Мен акырын жылып басып барып, апамдын жанына туруп калдым. Ичимден Виола апама биринчи айтып койгон жокпу деп шектене түштүм. Мен алек болуп жүргөн тажрыйбалар

апамдын купулуна толбосун жакшы билем.

Апамдын жанына барарым менен адаттагысындай эле, башымдан-бутума чейин бир сыйра карап койду.

— Баш кийимиң кана? Барып кийип келчи, – деди апам.

Чуркаган бойдон баш кийимимди кийип келгенге үйдү көздөй чуркадым. Дароо сөз баштабастан, бир чети көңүлүн башкага буруп, бир аз жайгарып алайын дедим. Илинип турган шляпамды кийдим да, кайра жанына бардым.

— Ии, ушинтсең. Гүлдөрдү отогонго жардам бересиңби? – деди апам жылмайып.

— Ооба, апаке. Сизден бир нерсе сурасам болобу? Магачы Виола айтты эле... Сиздин окуюн, элге кызмат кылайын деген үмүтүңүз ишке ашпай калды беле?

Апамдын өңү сумсая түштү. Таң калганын, ачуусу келгенин же өкүнүчүн айтканы жатканын биле албай турдум. Унчукпай розанын сабактарын кесип жатып:

— Ооба, тагдыр деген ошондой экен.

— Эмне тагдыр? – дедим.

— Мунун баарына согуштун кесепети тийди. Согуштан кийин тиричилигибизди араң кылып, эптеп жан сактап жүрдүк. Ачарчылык деген балээ башталды. Ата-энем мени окутмак тургай... башка маанилүү көйгөйлөрдү чечкенге чамалары жетпей калды.

— Анан атама жолугуп калдыңызбы? – дедим.

— Ооба, – деп апам жылмайып койду. – Бактым бар экен. Кудайым мени атаңа жолуктурду. Тилекке каршы, Агги таежеңдин багы ачылбай калды, – деп апам үшкүрүп койду.

Апамдын Агата деген эжеси турмушка чыккан эмес деп угуп жүрчүмүн. Көрсө, ал жапжалгыз көгөрүп кеткен бир үйдө мышык менен калыптыр. Өмүр бою Харвуд деген шаарда жашаптыр.

— Анда, сөзсүз эл арасына чыгып, сыноодон өтүүнүн кажети жок экен да, – дедим отоо чөптү жулуп жатып.

— Элге аралашып, сыноосунан өтүүгө милдеттүү эмессиң дечи. Бирок бойго жеткен кыздардын көпчүлүгүн мурдагыдай эле элдин арасына чыгарып, жакшы үй-бүлөдөн чыккан жигиттер менен тааныштырып жүрүшөт.

— Демек, мен да ошентишим керекпи? – деп баштагыдай тайсалдабастан түз эле сураганга өттүм.

— Сен менин жалгыз кызым экениңди жакшы билесиң да, Кэлпурния. Туурабы? – деди апам.

Апама азыр суроомо так жооп берген жоксуз десем, туура эмес кабыл албастыр дейм.

— Апаке, эл арасына бойго жеткен кызды чыгаруу дегендин маанисин жакшылап түшүндүрүп бере аласызбы? – дедим.

— Жакшы үй-бүлөдө тарбияланган кыз бой жеткенде, эл арасына чыгарып, өзү теңдүү жубай табууга шарт түзүүгө аракет кыла башташат. Өз ордун тапсын деген ниетте. Анын урматына арналган атайын кечелер, бий уюштурушуп, кызга көз жоосун алган кийимдерди кийгизишет, – деп апам көздөрүн жалжылдатып, берилип айтып берип жатты.

— Ал канча убакка дейре созулат?

— Бир жылга чукул болушу мүмкүн, – деди апам.

— Бир жыл бою кечеде жүрүшөбү? – деп таң калып калдым. – Андан ары эмне болот?

— Эмнени сурап жатасың?

— Бир жылга созулат деп жатпайсызбы, анан? – дедим.

— Анан эмне болмок эле, жаш бийкеч жаккан, ылайыктуу жигитке турмушка чыгат.

— Демек, айтып жаткан кечелердин баары кызды күйөөгө бериш үчүн уюштурулат экен да, – дедим.

— Мен аны башкача айтмак болчумун, – деп апам күлүп жиберди.

Башкача кандай айтса болот? Башка түрлүү айтканың менен мааниси өзгөрбөйт да.

— Апаке?

— О-у, алтыным?

— Анан мен да ошентип эл арасына чыгамбы? – дедим.

— Кэлли, – деп апам тигиле карады. – Ага чейин дагы көп бар. Албетте, андай болсо, сүйүнмөкмүн. Мен көрбөгөндү жок дегенде сени көрсүн деп тилеп жүрөм. Андай мүмкүнчүлүккө жетпей жүргөн кыздар канча?

— Атамдын бул тууралуу пикири кандай? Улам ар кандай көйнөк тиктирип, кечелерди уюштурганга канча деген акча кетет? – дедим.

— Сен акча жагына башыңды оорутуп эмне кыласың? – деп апам кабагын чытыды. – Атаң ушул маалга чейин эч нерседен кем кыла элек го. Менимче атаң деле менин пикиримди толугу менен колдойт деген ишеничтемин.

Менин оозумдан сөзүм түшүп, суроом түгөнүп калгансып,

дендароо болуп туруп калдым. Бул тууралуу чоң атама айтайын деп, кайра токтоп калдым. Анткени, чоң атамдын эмне деп айтарын сезип турдум.

## 15-БӨЛҮМ

# ПАХТАНЫН МОЛ ТҮШҮМҮ

**Белгилүү окумуштуу *Линнейдин* изилдөөсүнө таянсак, эгерде бир жылдык өсүмдүктүн кайсы бир түрү экиден урук берсе ... анын себилген үрөнүнөн кайрадан экиден урук алсак, анда жыйырма жыл ичинде анын саны миллионго жетет экен.**

Эки жумадан кийин атам жана башка ири жер ээлери Багыш клубундагы пахта терүү сезонун ачуу үчүн чогулушту. Бул жыл ичиндеги эң маанилүү күндөрдүн бири болуп саналчу.

Биздин талаадагы пахтаны тергенге жакынкы үч округдан жумушчуларды алып келишти. Жумушчулар эркек, аял, бала дебей таң заардан күн батканча тынбай иштеп жатышты. Түшкү тыныгууда гана алардын ичинен бир жумушчу Инжилден үзүндү окууру менен шам-шум этип алышып, кайра иштерин улантышчу.

Виоланын жанына ашканага дагы үч жардамчы кошуп беришти. Алар күн-түн дебей сырттагы эски таш ашканада казан-аяктан колдору бошобой, керели күнү кечке тамак жасашат. Күнүгө казан-казан жүгөрү ботко, чочконун майы кошулган буурчак, жер жайнаган нан бышырып, шире кай-

натып, арабага жүктөп, талаага жөнөтүп турушат. Андан тышкары бир челекке суу, экинчисине кофе куюп, жанына тамактарды жүктөп беришет. Үйдөгүлөргө тамак жасоо түйшүгү эми апама жүктөлдү.

Акыркы кезде апам кесип алган же жооруган жерин таңып алганын көп байкачу болдум. Өз алдынча таңып алганына караганда, майда-чүйдө нерселер менен Уокер мырзанын тынчын албайын десе керек.

Гарри болсо эртеден кечке арты чүмбөттөлгөн араба менен дүкөндөн жүгөрү жана буудай ун ташып жүрдү. Сэм Хьюстон менен Ламардын иши болсо пахтаны кабыл алган жер менен баа жазган тактанын ортосуна пахтанын салмагы жазылган кагаздарды ташымай. Кээде жумуш кылгандары үчүн бирден пенни алып жүрүштү. Ал кезде бир пенниге[28] он сормо момпосуй же бир жаңы калем келчү. Чабармандык эң кирешелүү жумуштардын катарына кирчү.

Атам болсо кечке пахта тазалаган машинасынын жанындагы конторадан чыга албай, биз жаткандан кийин, тээ түн бир оокумунда келип жүрдү. Талаа иштерине аралашпаган жалгыз чоң атам калды. Себеби, учурунда пахта тазалаган машинаны өз колу менен курап чыгып, отуз жыл бою талаа иштерине баш оту менен кирип иштеп келген экен. Эми чоң атама эч кимдин тийишкенге акысы жок болчу. Анан калса, чоң атам өзү деле талаа деген сөздөн тажап, уккусу келбей калган. Эми ал кара жумуштан биротоло чыгып, андан көрө лабораториясына

[28] Англиядагы, кийинчерээк жалпы Улуу Британиядагы акча бирдиги – бир тыйын.

кыбырап кирип-чыгып, таң атпай жонуна баштыгын асынып алып, талааны кыдырып жүргөндү артык көрчү.

Пахта тазалаган машина күн-түн тынбай иштеп жатты. Темир жана жыгач усталар иш токтоп калбасын деп анын маңдайынан чыкпай, иштегенин көзөмөлдөп жатышты. Тоодой болуп үйүлгөн пахталарды агрегаттын[29] ичине салганда, бери жагынан ныкталган таңгактар чыкчу. Аларды болсо Остин, Галвестон жана Жаңы Орлеанга жүктөп кетишчү. Чоң жана оор таңгактарды жалгыз киши көтөрө алчу эмес. Ал эми ал таңгактарды ирettеп жүктөгөнгө өзүнчө бир жөндөм керек болчу. Бул ар бир кишинин эле колунан келе берчү иш эмес болчу. Жаман жери түштүк тарапта жыл сайын сөзсүз бирөөнү оор таңгак басып калып көз жумчу.

Машинаны кыймылга келтирген кайыш кыйчылдап, бир калыпта кыймылдап иштеп турчу. Сегиз чакырым алыстыктан машинанын иштегени үйгө чейин угулчу. Башында эки-үч күн кулактын кужурун алып, кийин ал дабышка баары көнүп калышчу.

Мен өмүрүмдө океандын шарпылдаган дабышын укпасам да, жатарда машинанын дабышын океандын толкунундай элестетип уктаганга аракет кылып жүрдүм. Балалык сезимимде мен океандын толкунун ошондой го деп элестетчүмүн. Болгон айырмасы чалкып жаткан суунун ордунда жер жайнаган пахта болсо керек дечүмүн.

Жыйым-терим башталганда мектептен он күнгө таратышчу. Анткени, көпчүлүк үй-бүлөлөрдүн жумушчу алганга мүм-

[29] Бир жумушту кылуу үчүн бир канча машиналардын бир бүтүнгө кошулушу.

күнчүлүктөрү болбогондуктан, бала-бакырасы менен жапырт чыгып иштөөгө туура келчү. Мен болсо ашканада апама кол кабыш кылып, башыма түйшүк түштү. Эртеден кечке тынбай бир мүшөк ун элешим керек. Эртеси күнү колум сыздап ооруп, көтөрүлбөй калгандыктан, калем да кармай албай, күндөлүк да толтура албай калчу болдум. Аягында даттана бергенимден тажашып, башка жумуш беришти.

Ата-энеси талаага кеткен ондон ашык кичинекей баланы кароо жоопкерчилигин жүктөштү. Эң негизги милдеттеримдин бири ал балдарга короодогу короз менен тоокторду жолотпой карап туруу болчу. Короз менен тоокторубуз да буга чейин эч нерседен капарсыз, эч ким тынчын албагандыктан, ары бери кирип-чыккан көпчүлүктөн кыжалат болуп, кукулукташып чуркап, жандары тынбай калды. Албетте, Ламар менен Сэм Хьюстондун жыргап, акча тапканын көрүп алып, бул пайдасы жок жумушка моюнумдан сүйрөгөн иттей болуп араң чыдап жүрдүм. Бир күн кечке майда балдарды бир жерден чыгарбай карашым керек. Бир жагынан мынчалык оор жумушка акы төлөбөгөнүн эстеп алып, ачуум келип жүрдү.

Бир күнү бардыгы үстөлгө жаңы отуруп, тамак жаңы оозго тийгенде эле быдылдап, өз көйгөйүмдү айта баштадым.

— Кичинекей балдарды эмнеге мен карашым керек? – деп атамды карадым.

— Анткени, сен кызсың, – деп ары жактан Ламар сөзгө аралашты.

«Ага жооп берсемби, бербесемби?» деп ойлондум.

— Эмне үчүн балдарга мен баш-көз болушум керек? Ча-

барман болуп, кагаз ташыган менин деле колумдан келет. Эмне мен акча тапсам болбойбу? – дедим.

— Сен кызсың, ошону үчүн деп жатпаймынбы, – деди Ламар атаандашып жатканымды түшүнүп.

— Кыз болсом эмне болуптур? – дедим.

— Кыздар жасаган жумушка акы төлөнбөйт, билбейсиңби? – деп Ламар кыткылыктап күлө баштады. – Кыздардын добуш бергенге да, айлык акы алганга да укугу жок. Алар үйдөн чыкпай отурушу керек.

— Кыйын болсоң азыр айткандарыңды мектептен да айтып көр, – дедим жемимди жедирбегенге аракет кылып. – Мисалы, Харботтл айым айлык алып эле иштеп жатпайбы.

— Ал таптакыр башка нерсе, – деп Ламар күңк этти.

— Кандай айырмасы бар?

— Айырмасы бар деп жатпаймынбы, – деди Ламар.

— Эмне айырмасы бар экенин айтпайсыңбы? Кана? Ии, Ламар? – деп кекеттим.

Ансыз да чарчап араң отурган атам биздин ызылдаганыбыздан чарчап кетти окшойт, чыдабай:

— Болуптур, Кэлли. Күнүнө бирден никель[30] берип турсам ыраазы болосуңбу? – деди.

Акчаны укканда кудуңдап, дароо жаным жай алып отуруп калдым. Жумушун тартып албаганыма ичинен кымыңдап, Ламар да унчуккан жок. Бир маалда башка бир туугандарым да жумуш кылганына акы албагандарына четинен нааразы болуп чыгышты. Апам чыдабай кыйкырганда гана, тымпыйып оту-

---

[30] Күмүш сымал металл тыйын.

руп калышты. Ошону менен тамак ичип бүткөнчө кайра сөз козгошкон жок. Мен болсо ак сөөк айымдарга окшоп, жалаң аба ырайы, олуттуу иштер тууралуу ар нерсени айтып берип жаттым. Чоң атам бизди сыртыбыздан карап алып, күлкүсү келип жатканы билинди. Апамдын өңү кубарып, шакыйы кармап калганы билинип турду. Бирок эрежеге ылайык эч нерсени билгизбей улам сөзгө аралашып отурду.

Эртеси жыйырма тогуз баланы караганга бел байлап короонун арт жагына жөнөдүм. Акы төлөп жаткандан кийин аны акташ керек деген нерсени оюма бекем түйүп алгам. Балдарды улам өйдө туруп, төбөлөрүнөн санап коём. Көпчүлүгүнүн буттары баса элек болгондуктан, жерге отуруп алышып, жыргап чаңды сапырып ойноп жатышты. Короодогу ит менен мышыктарды көрүп чыйылдап кубанып, кыйкырып, артынан тамтаңдап чуркаганга аракет кылганы да бар. Улам ит, мышыктын арттарынан сойлоп жөнөшсө, ордуларына сүйрөп келип коём. Колдоруна тийгендин баарын оозуна салышып тажатышты. Кармап алышкан коңуз жана сөөлжандарды колдорунан араң алганга үлгүрдүм. Окуйм деп жаныма китеп алып алганымды кантейин. Көзүң мындай болсо эле бир нерсени бүлдүрүп турушат экен. Жаңыдан эмгектей баштагандары көрбөй калсаң эле жылт коёт. Кыйын болсоң артынан жетип ал. Бир жагынан тооктор кукулуктап, балдар үймөлөктөшкөн жерге улам келип тажатышты. Таш менен чаап тынбай кубалап турбасаң болбойт.

Бир маалда ары жакта Сал Росс карап турган. Тоокторго таш ыргытып жатканымды көрүп, чындап кызыга баштады.

Сыягы, мени бул жерде ойноп, жыргап жатат деп ойлосо керек. Биринчи Сал Росту кубалап жиберейин деп, кайра кызыгып турганын байкап, дароо жакшы ой келди.

— Сал Росс, менин жумушум абдан кызыктуу. Ишенесиңби? – дедим.

— Мен тоокторду таш ыргытып кубаласам эле баарынан тил угам, – деди Сал Росс.

— Чын элеби? Ал эми менин жумушум өтө мыкты. Кадимкидей ырахат аласың. Кээде өзүмдү Бекки Тэтчердей дагы эмес, Том Сойердей сезем, – дедим компоюп.

Эки мүнөткө жетпей Сал Росско балдарды таштап коюп, талаага бараткан чоң атамдын артынан антаңдап чуркап жөнөдүм.

— Чоң ата, мени күтө туруңузчу! – деп артынан кыйкырдым. Пекан дарактарын аралап кирип баратып, артына кылчайды да, мени көрүп, таң калып туруп калды.

— Мени менен барганыңа каршы эмесмин, бирок бул жерде эмне кылып жүрөсүң? Сени иштеп, акча таап жатат го десе, – деди чоң атам.

— Ордума Сал Росс калды, – дедим кебелбей.

— Ордума калды дегениң кандай?

— Утурумдук алмаша турууну чечтик. Кыскасы, мен аны жумушка алдым. Акыга иштетип жатам. Балдарды ал карап калды. Тоокторду таш менен кубалаганга уруксат берип келдим. Чоң таш менен эмес, майда таштар менен чапканга, – деп шашкалактап кошумчаладым. – Сал Росстун өзүнө да ал иш жакты. Мен болсо эми сизди ээрчип жүрсөм деле, төрт цент-

тен[31] чөнтөгүмө түшө берет.

— Түшүнүктүү. Кыйын турбайсыңбы. Чоңойгондо соодагер болоюн дедиңби?

Жакшылап байкасам, үнү мактап жаткандай эмес, тескерисинче, наразы боло түшкөндөй сезилди.

— Жок, чоң ата. Андай деле эмес. Менден соодагер деле чыкпаса керек, – деп ойлонуп туруп калдым да, чоң атамдын колунан кармап, сөздү башкага бурганга аракет кылдым. – Чоң ата, бүгүн да жаңы өсүмдүктүн түрүн издейбизби?

— Албетте, – деп чоң атам жылмайып койду.

Чоң атам экөөбүз жетелешип алып, өзөн тарапты көздөй жөнөдүк.

[31] Дүйнөнүн 55 өлкөсүндө колдонулган майда тыйын.

## 16-БӨЛҮМ

# ТЕЛЕФОН БАЙЛАНЫШЫ

**Азыркы мезгилде айрым түрлөрдүн тездик менен көбөйүү мүмкүнчүлүгү болгону менен, ал бардык түрлөрдү өз ичине камтыбайт. Себеби, жер бетине алардын баары батпай кетет.**

Биздин жашообузго, тагыраак айтканда, менин кичинекей дүйнөмө жана бардык калаа тургундарынын жашоосуна бир заматта чоң өзгөрүү кирди. «Белла» аттуу телефон компаниясы Остинден тартып Локхартка чейин байланыш чубалгыларын тарта баштады. Эми алтымыш чакырым алыстыктагы адам менен ичке зым аркылуу сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Бул ошол кездеги чоң жетишкендиктердин бири болчу. (Чындыгында, телефон менен сүйлөшүп дегендин ордуна, кыйкырышып десек туура болот го дейм. Анткени, телефон менен жай сүйлөшкөн ал кезде түшкө кирбеген нерсе болчу.)

Мындан жыйырма жыл мурда Остинге араба менен баруу үчүн туура үч күн кетчү экен. Он жыл өткөндөн кийин ал жакка жарым күндө поезд менен баруу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Эми болсо минтип Остиндегилер менен көз ачып-жумганча кабарлашуу шарты пайда болду.

Фентресстегилер коммутатор[32] менен телефонду (ал аймактагы жападан жалгыз телефон болчу) кай жерге коюуну кызуу талкуулап жатышты. Бири соода борбору болуп эсептелген — конторго коюлсун дешсе, экинчилери почтага койдурганга аракет кылып жатышты. Акыры шаардын мэри — Аксельрод мырза телефонду Фентресстин чок ортосундагы — газетанын редакциясы жайгашкан имаратка коюу чечимин кабыл алды. Ал эми редакция дал пахта тазалаган машинанын карама-каршы тарабында жайгашкандыктан, пахтага буйрутма алууга жана базар баасын билип туруунга ыңгайлуу шарт түзүлдү.

Телефон тууралуу укканда биринчилерден болуп, чоң атам өзгөчө сүйүндү. Ал тургай, басканда да шыпылдап, шайдоот боло түштү.

— Оо, Кудай! Өнүгүү аркылуу өзүнчө керемет нерселер жаралат десек болот. Кайран Алекс мырза, акыры максатына жеткен экен, – деди чоң атам.

— Алекс дейсизби? Белл мырзаны айтып жатасызбы?

— Дал ошол жигит тууралуу сөз кылып жатам, – деди чоң атам.

— Сиз аны тааныйсызбы? – деп таң калдым.

— Ооба, абдан мыкты жигит. Географиялык коомго мүчө болгон кезде таанышканбыз. Андан бери кыйла убакыт өттү. Сага айтып бере элек белем? Алекс мырза ишин жаңы баштап жаткан кездерде, карызга акча да берип калгам. Менде азыр да бир нече компаниянын акциялары бар. Остинге бир барганы-

[32] Телефон линияларын байланыштыра турган атайын техникалык жабдуу.

бызда унутпай текшере келишибиз керек экен. Менимче, азыр баасы көтөрүлүп калса керек, – деди. – Ий, Остинге барышым керек экенин таптакыр унутуп калган турбаймынбы. Андан көрө тезирээк чалайын.

Күндөр өтүп жатты. Шаардагы эки кишинин биринин оозунан телефон түшпөй калды. Гезит беттерине ишенчиликтүү, жоопкерчиликтүү, эмгекчил, жашы он сегизден жыйырма төрткө чейинки жаш бийкеч талап кылынат деген «Белла» компаниясынын жарыясы чыкты. Сыягы, ал компанияда иштеген жумушчулардын арасында деле ишке жоопкерчиликсиздер аз эмес көрүнөт. Себеби, телефончуларды орой, иштин көзүн билбеген, анда-санда сеп этип койгон, мурдагы телеграфчылардын арасынан эле тандап алышканын билчүбүз. Анан алар мыкты байланышты кайдан камсыз кылышмак эле.

Жарыяда ал жаш бийкеч байланышты гана көзөмөлдөбөстөн, кичи пейил жана шыңга бойлуу болуусу шарт болчу. Жумасына алты доллар айлыктан тышкары, жашай турган жер менен камсыз болот деп жазылган. Элестетсеңиз, буга чейин кыз киши алты доллар айлык алат деген тарыхта да болгон эмес! Арабакечке же темир устага эмес, кыз кишиге! Дагы бир жакшы жери офистен чыкпай иштеген жумуш. Мындай нерсе буга чейин эч кимдин түшүнө да кирген эмес. Айлык алып, элдин кадыр-баркына ээ болуп, көз карандысыз жашаган деген эч бир убакта болгон эмес. Мындан артык нерсе барбы?

Алдымдан биринчи чыккан инимден (биринчи эле колума түшкөн Жей Би болду) токтотуп сурай баштадым:

— Жей Би, чыныңды айтчы. Мен он жети жашар кызга

окшоп турамбы?

Мени башымдан ылдый бир сыйра карады да олуттуу (оозунда болсо толтура момпосуй) түр менен:

— Кэлли, чынын айтсам, сен андан да картаңыраак көрүнөсүң го дейм, – деди.

Бир жагынан муну укканыма сүйүнсөм, бирок беш жашар балага толук ишене албай турдум. Гарриден тактайын деп аны издеп жөнөдүм. Атканага барсам, ал ат жабдыктарын оңдоп жатыптыр.

— Гарри, мени көргөндөр он жети жашта деп ойлошобу? – дедим.

— Акылыңдан айнып калгансыңбы? – деди Гарри башын көтөрбөстөн.

— Жок, бери карасаң. Чачымды мындай кылып алсамчы? — чачымды экиге бөлүп кулагымдын артына кыпчып койдум. — Эми он жети жашар кыздай көрүнүп калдымбы?

— Чынымды айтайынбы? Кулактары шалпайган – спаниелге[33] окшоп калдың, – деп мени тигиле карады. – Жок, он жети жашар бийкечке караандабайсың. Сага эмне болгон? Дагы эмнени ойлоп тапканы турасың?

— Эч нерсени... – дедим.

Жок дегенде бир мүнөт саркеч, куру бар көйнөк кийген, телефончу — Тейт айым болуп кыялданганга мүмкүнчүлүк бергилечи. Бийик отургучка отуруп алып, ар бир телефон чалууга жооп берип, тыкылдап иштеримди так аткарып жатканымды элестетип алайын. Анан оор басырыктуу үн менен:

---

[33] Аңчы иттин бир түрү.

«Алло, борбордук телефон. Номериңизди айтып коёсузбу...» деп такылдап жооп берип атсам деп кыялдандым.

Анан жашымды эч кимге билгизбеш үчүн апамдын көйнөгү менен шляпасын көрсөтпөй кийип кеткенге да даяр болмокмун. Баарын тизмектештирип, пландап бүткөндөн кийин, бир ой мээме тык дей түштү. Биринчиден, шаардын жарымынан көбү атымдан бери билсе, калганы өңүмдөн таанышт да. Андан көрө кеч болуп кала электе мындай ойдон баш тартканым оң. Балким, ага карабастан....

Белгиленген күнү бою узуну деле, кыскасы деле, башына кайкалаган шляпа, аппак мээлей кийип, сунуш каттарын көтөрүп алышып, гезит редакциясынын алдындагы жыгач жол жээкте тизилип турушту. Өз кезектерин күтүшүп, бир нече саат бою тикесинен тик турушту. Арасында узун бойлуу болуп көрүнөйүн деп, буттарынын баштарына туруп алгандар да жок эмес. Кыздарды бирден киргизип, артты каратып, колдорун эки жакка жайдырып, манжаларынын башынан ийинине чейин өлчөп жатышты. Себеби, талапка ылайык коммутаторлордун колдору кыйналбай жеткидей узун болушу керек эле. Кечке жуук Стейплстик Гонория Гоатс аттуу айымды тандап алышканын билдиришти. Аны жаңы телефончу болуп дайындаары менен, Фентресстиктер наараз болушуп, күңкүлдөп ар нерсени айта баштышты. Арасында: «Албетте, Гонория Гоатс айымдын бою, колу-башы узун экенинде талаш жок, бирок өзүбүздүн аймакта андай кыздар калбай калыптырбы» дегендери да четтен чыкты. Себеби, телефон коюлган жер Фентрессте болуп жатпайбы. Негизи сегиз чакырым алыс-

тыкта жайгашкан Стейплстен келе турган бирөөнү жумушка алыштын кажети бар беле? Жумуш башталганда ал же көчүп келиши керек, же эки шаардын ортосунда самсаалап барып-келип жүрүшү керек. Аба ырайы бузулган кезде кантет? Андан башка күтүлбөгөн кырдаал болгон учурда эмне кылат?

Эки күндөн кийин Гонориа Гоатс жол баштыгын көтөрүп, көлөмү шкафтай болгон коммутатор менен керебет турган кичинекей бөлмөгө отурукташа баштады. Ал сутка бою иштегенге камынып жатты. Тамак-ашты ага бир көчө нары жактагы «Элси Белл» пансионунан ташый турган болушту. Накта ысырапкерчилик!

Кийинчерээк күтүлбөгөн бир көйгөй чыкты. Бул жерде Гонориянын кай жерден келгенинин да колунун узун болгонунун да тиешеси жок эле. Сыягы, телефон компаниясынын башчысы Гонориянын атасынын агасы — Гомер Рея Гоатс тууралуу эч кандай маалыматы болбосо керек (бирок шаар эли бүт билчү). Ал бечара талаада иштеп жүргөн жерден чагылган тийип, бирок Кудай жалгап өтө көп жери күйбөптүр. Эсучунан танып жыгылып жаткан жеринен Гонория көрүптүр. Бактыга жараша, Гоатс мырза аман калыптыр. Бирок кулагы таптакыр укпай калгандыктан, ар дайым рупор такап жүрүп калган. Ал окуядан кийин кээде себепсиз каткырып күлө берген да адат таап алган. Жанында турган айрым кишилер аны көрүп чочушса, айрымдарынын күлкүлөрү келчү.

Ошондон тартып, Гонория электр кубатынан катуу коркуп калган. Албетте, анын ордунда ким болбосун коркмок? Инструктор биринчи эле күнү келип, телефонду розеткага

туташтыр дегенде, ал бакырган бойдон артын карабай сыртка качып жөнөптүр. Электр өткөргүчүнөн жалбырттап жалын чыгып кетсе, байкесиндей болуп күйүп каламбы деп эси чыгып кетсе керек. Бечара кыз кийим-кечесин да таштаган бойдон көпүрөдөн өтүп, жолду катар үйүнө чейин шолоктоп ыйлап барыптыр. Эртеси күнү атасы баштыгын алдырганга башка бирөөлөрдү жөнөтүптүр.

Кийин Гонориянын ордуна телефончу болуп Бак Медлиндин жээни Мэгги Медлин иштей баштады. Бою Гонориядан кичирээк болгону менен тыңыраак болуп чыкты. Бирок кичүү сиңдиси Дови эжесинин кызмат абалынан пайдаланып, элдин кыжырын келтирчү болду. Телефонго жооп берген сайын: «Менин телефончу эжекемдин ою боюнча…» деп баштай турган адаты бар болчу.

Ал сөздү кечке кайталай берип, элдин тажатып жиберчү!

Ошентип, телефон компаниясы чубалгыларды Фентресске чейин тартып бүттү. Көптөн күткөн күн да келип, компаниянын төрагасы салтанаттуу ачылышка Остинден поезд менен келди. Гезит редакциясынын ичине эл батпай, үймөлөктөшүп сыртта күтүп турганы канча. Жалаң эркек сурнайчылар оркестри салтанат башталганча эле эки-үч мелодия ойноп жиберишти. «Багыш» клубунун андан чоңураак оркестри да келди. Баарынан чоң оркестр камсыздандыруу компаниясыныкы болду. Үч оркестр алмак-салмак музыкалык аспаптарда ойноп элди эриктирбегенге аракет кылып жатышты.

Бир маалда мэр менен компаниянын өкүлү чыгып, шаар

тургундарына бул күндүн өзгөчө мааниси тууралуу узун сөздү башташканда элдин баары зеригип кетишти. Анан шаардын мэри Аксельрод мырза салтка ылайык кызыл лентаны кайчы менен кесип, «Белла» телефон компаниясына караштуу Фентресстеги бөлүмүн расмий түрдө ачты. Эл шатыра-шатман кол чаап, шаардын төбөсү көрүнгөн адамдары бир-бири менен кол алышып, куттуктап жатышты. Ачылыш аземине карата элге бекер лимонад жана челектеги сыра таратылып жатты. Сэм Хьюстон да элге аралашып, сыранын даамын татып көрөйүн деген жеринен бизге кармалып калды.

Сааттын жебеси он экиге жеткенде телефон биринчи жолу шыңгырады. Телефондун шаңгыраганы айлананы жаңыртып жиберди. Элдердин айраң таң калып күтүп турушту. Телефон чалган штаттын сенатору экен. Ал атайын Остинден элге куттуктоо сөзүн айтуу үчүн чалыптыр. Андан тышкары биздин шаар өнүгүп жатканын, жыйырманчы кылымдын жетишкендиктери тууралуу айтты. Мэгги Медлин сенатор менен байланыштырары менен мэр кичинекей бөлмөгө кирип, болгон үнү менен кыйкырып сүйлөшүп жатты. Эми бизден сексен чакырым алыстыкта жүргөн адам менен байланышкан кеп болбой калды десек болот. Сенатор элге Остин базарындагы пахтанын эртең мененки баасын жарыялады.

— Кэлпурния, бул көз ирмемдин канчалык зор мааниге ээ экенин көрдүңбү? – деп чоң атам акырын шыбырады. – Мурда киттин майын чогултуп жана көмүр казып алгандан кийин уюштурулган салтанаттар эчак артта калыптыр. Дүйнө ушунчалык тездик менен өнүгүп баратат. Эскинин калдыкта-

ры көз көрүнө жоголо баштады. Сен ушул күндү өмүр бою эсиңе түйүп ал.

Бул аземге баягы сүрөт салондо («Өмүрүңүздөгү маанилүү окуяларды чагылдырган мыкты сүрөттөр» аттуу) иштеген Хофер мырза да, салтанаттуу ачылыштагы маанилүү көз ирмемдерди тартуу үчүн келиптир. Чоң атамдан буурчактан дайын жок экенин угуп, шаабайы сууй түштү. Ишинен алагды болуп, чоң атам менен сөзү бүтпөй жатканын мэр көрүп калып эскертүү бербесе, дагы канча турмак билбейм. Элдер бир туруп көчөгө тизилип, бир туруп жолду бойлой топ-топ болуп улам сүрөткө түшүп жатышты. Хофер мырза адатынча улам кара кездеменин алдына башын култ этип киргизип, магний порошогу салынган лотокту шыпылдап улам көтөрүп, жарк-журк эттирип, элди тынбай сүрөткө тартып жатты.

— Кана, ордуңардан кыймылдабай тургула! – деп эскертери менен баары дем албай туруп калып жатышты.

Фотоаппараттын жарыгы күн нуру менен чагылышып, көздү уялтып жиберди. Ошол маалда «тырс» деген дабыш чыгып, Хофер мырза бир аздан кийин сүрөттөрүбүздү алып келип берди. Карасак, баарыбыз сүрөткө мостоюп, катып калгансып түшүп калыптырбыз. Мен болсо өзүнчө эле терең ойго чөмүлүп калыптырмын. Жалгыз гана чоң атам Чешир мышыгына окшоп күлүп түшүптүр.

# 17-БӨЛҮМ

# ҮЙ ЖУМУШТАРЫ

**Табиятта өз алдынча жан багып кете тургандардан бул жарык дүйнөгө келгендердин саны алда канча көп болгондуктан, жашоо үчүн тынымсыз күрөш орун алат. Тактап айтканда, мындай күрөш бир же ар башка түргө киргендер ортосунда, андан тышкары жашоодогу физикалык абалдар ортосунда байкалат.**

Мен кааласам да, каалабасам да турмушка чыкканча үй жумуштарын үйрөнө турган мезгил келди. Кем-карчы такыр болбогон бай үй-бүлөдөн же өңү серт кыз болуп эле күйөөгө чыкпай калбаса, менин билишимче, ар бир эле бойго жеткен кыз турмуш куруу тууралуу кыялданса керек. Кээ бир кыздар турмушка чыкканча мугалим же медайым болуп иштегенге үлгүрүшөт. Менимче ал кыздар абдан жолдуу. Биздин телефон операторубуз Мэгги Медлин буга мисал боло алат. Кызматы жана айлыгы бар, эч кимден көз каранды эмес. Жалгыз Белл мырзадан башка эч кимди тоотпойт.

Шаарда жалгыз телефон бар кезде анын иши абдан жеңил болчу. Эртеден кечке кылган иши бир ордунан жылбай, телефонду мойнуна арта салып коюп, коммутатордун маңдайында

алма жеп, гезит окуп отурмай болчу. Телефон шыңгыраган кезде телефонду розеткага туташтыра салып, чаңкылдаган үн менен: «Алло, борбордук телефон. Номериңизди айтып коёсузбу?» деп бир эле сөздү кечке кайталай берчү. Шаар боюнча жалгыз номер болсо деле, эреже боюнча ушунтип айтышы шарт болчу. Мектептеги кыздардын баары ага көз артышчу. Ойногондо да аны туурап, картондун учуна узун жип байлап алып телефон кылып ойношчу. Телефончунун жашоосу бизге жыргал сезилчү.

Бара-бара телефон кеңири жайылып, ар бир үй жеке телефон койдура башташты. Мэгги күнү-түнү бутунан байлаган немедей коммутатордун жанынан карыш жыла албай, телефон компаниясынын кулуна окшоп жаны тынбай иштечү болду.

Ал эми биздин буурчак болсо күндөн-күнгө көркү чыгып, дүркүрөп өсө баштады. Бирок Вашингтондон келе турган кабарды дагы деле күтүп жаттык. Чоң атам адаттагыдай эле өз иштери менен алек болуп жүрдү. Мен болсо үй жумуштарынан кичине колум бошой калса эле лабораторияны көздөй жөнөчү болдум.

Ишемби күндөрдүн биринде эртең менен апам сайма сайып отурган. Чоң атамдын көпөлөк кармаган торун ийиниме асынып, эски балык кармаган тор баштыкты көтөрүп, сыртка чыгып бараткнымды апам байкап калып:

— Кэлпурния, сен кайда жөнөдүң? Токтой тур, – деди.

Мен эшиктин туткасын кармаган бойдон туруп калдым.

Апам башымдан ылдый караганда, эмне кыларымды билбей оңтойсуздана түштүм.

— Жаңы үлгүлөрдү чогултуп келгени өзөн жакка барып келейин дегем, – деп капталдап, акырын жылып басып, эшикти ачып чыгып баратканда, апам кайра:

— Кана, бери кирчи. Сенин үлгүлөрдү чогултканыңа каршылыгым жок, – деди. – Бирок акыркы кезде үй ишине аралашканыңды таптакыр койдуң. Мен сендей кезимде тиккенди да, тордоп жамагандын баарын билчүмүн. Ал тургай тамактардын түрлөрүн да сонун жасачумун.

— Мен деле тамак жасаганды билем, – дедим кебелбей туруп.

— Ии, айтчы. Кайсы тамактарды жасай аласың? – деди апам.

— Сендвичтин ичине сыр коюп, жумуртканы сууга чалараак бышырганды. Дагы жумуртканы тоголок бойдон катуураак кылып бышырганды, – деп кошумчалап койдум.

— Оо, Кудай. Абалыбыз мен күткөндөн да начар турбайбы, – деди апам.

— Эмнеси начар экен? – дедим.

— Сенин тамак жасаганды билбегениңди айтып жатам.

— Виола бар да. Мен эмнеге тамак жасап, убара болмок элем?

— Анан? Чоңоюп, өз алдынча үй-бүлө күткөндө кантесиң? Баары сенин оозуңду тиктеп ачка отурушабы? – деди апам.

Виола мен төрөлө электен баштап эле биздин үйгө ашпозчу болуп келиптир. Менимче, ал кезде Гарри деле төрөлө элек болсо керек. Кыскасы, Виола илгертеден эле тамак жасап келатат десек болот. Бирок мен Виола бар деп ишенип жүрсөм, жыргал жашоомо чекит коюлганы турат окшойт.

— Менин үй-бүлөмө деле Виола тамак жасап берсе болбойбу? – дедим.

Апам бир топко чейин унчукпай турду да:

— Болуптур, бул тууралуу кийин шашпай сүйлөшөбүз. Азыр бара бер, – деди.

Шашып-бушуп артымдан жоо кубалап келаткандай болуп, эшикке чуркап чыктым. Апамдын айткандарын канчалык эстебейин десем деле, сыздап ооруган тишке окшоп, оюмдан такыр кетпей жатты. Маанайым чөгө түштү. Себеби, бисквит бышырсам, таштай катуу, сайма сайсам кыйшайган, тигиштери ийри-буйру болуп калганын апам көрүп, чалкасынан кетип жүргөн.

Апам болсо качан болсо жанына бир баштык толтура жамай турган, тиге турган нерселерди: шейшеп, жака, жеңдерди чогултуп алып отурчу. Андан тышкары ар апта жыйырмага чукул нан бышырчу. Дагы жакшы, үйдүн ичин жыйнаганга Сан-Хуана жардам берчү. Дүйшөмбү сайын шейшеп жууганга башка аялдар келип, бир күн кечке сарайдын ичинде аларды кайнатып, жууп атышчу.

Виоланын негизги жумушу болсо күн алыс төөк союп, жүндөрүн жулуп, түрлөп тамак бышыруу болчу. Ал эми Альбертонун милдеттерине чочколорду тандап союп, эттерин жиликтеп, бөлүштүрүү кирчү.

Апам керели күнү кечке жаны тынбай чуркап жүрсө деле, иши такыр бүтчү эмес. Жанталашып бир жумушту бүтүрө салып, экинчисине киришкенин көрүп калчумун. Ал жумуштар күн сайын, жума бою, жыл бою кайталана берчү. Тимеле

жадатып жиберет го адамды.

Ал күнү да жолум болуп, өзөн жактан сейрек кездешүүчү — кызыл ала калдыркан кармап алдым. Көпөлөктөрдүн бул түрү көзгө илешпей, өтө тез учкандыктан оңой менен кармалбайт. Алып барып, чоң атамды бир сүйүндүрөйүн деген ой кетти.

Көпөлөктөрдү кубалап жүрүп, тамак жасашым жана сайма сайышым керек экени таптакыр эсимден чыгып кетиптир. Үйгө келгенден кийин да калдыркандын канаттарын чойгулап, суктанып карап отуруп, дагы бир саат кантип өтүп кеткенин байкабай калыптырмын. Калдырканды катырып туруп, керебетимдин башына илип коюуну чечтим.

Бирок бул жоругум тоготпостукка, мурдун балта кеспегендикке, жакындарымдын ишенчилигин актабагандыкка кирерин билген жокмун.

Мектепке барсам Харботтл айым кыздардын баары колго жасаган буюмдарын чогултуп, жарманкеге коюш керек экендиги тууралуу жарыя кылды. Кудайым өзүң колдой көр! Мен үчүн түймө түйгөндөн өткөн азап иш жок. Бул жаңылыкты угарым менен тынчсыздана баштадым. Себеби, улам тийипкачып, улам бир жерин чолуп, атыраңдатып токуган буюмдарым бар экенин эстедим. Жумшагыраак айтканда, начар токулган деп койсок болот. Бирок алардын токуду деген аты эле бар болчу. Меникине караганда Питинин пилласы төөлүк өйдөрөөк десек болот го дейм. Жаңы эле түйгөн, үстөлдүн үстүндө турган жол-жол шарф болсо коён жутуп алган питондун эле өзү. Жомоктогу каардуу эргежээл Румпельштильцен

кооз түймөмдү мүшөктүн жибиндей ыдыратып салгандай элестеттим.

Мен токуп жатканда апам көзүн албай улам карап турганга аракет кылчу. Бул саам колу бошобой калып, көз жаздымда калса керек. Айла жок токуган буюмдарымдын бардыгын көрсөткөнгө туура келди. Апамдын жанына келдим да, эч нерсе айтпастан, түймө салган баштыкты сундум.

— Муну сен түйдүңбү? – деди апам.

— Ооба, апаке.

— Кандай дейсиң? Бул иш менен мактанса болобу? – деди апам.

Ичимден «Мактанса болобу дегени эмнеси?» деп ойлондум. Какшыктап жатабы? Муну менен эмнени кыйытып айтканы жатат деп күтүп турдум.

— Кэлпурния, мен сенден сурап жатам, – деди апам.

— Жок, муну менен мактана албайм го, – деп түшүнүп-түшүнбөй эле шашкалактап жооп бере салдым.

— Мактана тургандай иш кылганга аракет кылса болобу? – деди апам.

Апам мени жакшылап ойлонсун деген ниетте айтты. Бирок менин башыма бир дагы алгылыктуу ой келбей жатты. Бир маалда ичимде кайнап турган нерсени балп эттирип айтып салдым.

— Апаке, менимче бул абдан тажатма, майда жумуш.

Оюмда кандай болсо ачык эле айтып койдум. Бирок сөзүмдүн аягына чыга электе эле, чоң ката кетиргенимди сезип калдым.

— Демек, тажап кетем дечи, – деди апам.

Апам тоту куштай, өз сөзүмдү өзүмө кайталап айтып калганда, анын артында бир нерсе жатканын жакшы билчүмүн.

Баса, тоту куштар тууралуу айта кетсем, өтө кызык куш. Көп жыл жашагандыктан, кийинки муундарга чейин калган учурлар көп кездешет. Бир жолу чоң атам жүз жыл жашаган, төрт жүзгө чукул сүйлөм билген тоту куш тууралуу айтып берген. Үнүн адамдыкынан айырмалай алчу эмеспиз дейт…

— Кэлпурния, сен…

Биздин үйдөгүлөр андай тоту куш бакканга уруксат бербесе керек (чоң атам тоту куштар абдан кымбат деп жүргөн). Кичирээк эле какаду[34] же кыргый тоту куш багып алам десемчи… Апам мага бир нерсе айтып жаткандай болду окшойт… Көбүрөөк токуп колдоруңду көнүктүрүш керек деп жатса керек…

— Көбүрөөк токуп, колуңду көнүктүргөнгө аракет кылсаң боло…

Атаганат, эч болбосо кыргый тоту кушум болсочу! Ага деле сүйлөгөндү үйрөтүп алсам болот болуш керек.

— Мен сендей кезимде…

Кокус менин наардуу кыргый тоту кушум боло турган болсо, үйдүн ичине учурганга уруксат беришмек беле? Жок, менимче уруксат беришмек эмес. Эмеректердин бетине жаба чыча берип, шалтактап, бети көрүнбөй калса кантебиз. Анда ал тоту куштун ишинин бүткөнү десек болот.

Башка дагы бир көйгөй ашканада жыгач себетти ээлеп жаткан Идабель аттуу мышыгыбыз. Андан көрө бөлмөмдөн

---

[34] Австралия тотуларынын бир тукуму.

чыкпай учуп жүрө бергени жакшы. Таң атары менен керебетимдин кырына отуруп алып, кулагымдын түбүнө келип сайрап берсе кандай керемет…

— Кэлпурния!

Апамдын үнүн угуп, чочуп кеттим.

— Эмне болду, апаке? – дедим элеңдеп.

— Менин айткандарымды угуп жатасыңбы? Менимче мен дубалга эле айтып жатат окшойм!

Апам менин башка нерсеге алаксып, укпай жатканымды кайдан билип койду?

— Акыркы жолу эскертип жатам. Жакшылап угуп тур! Андай токуганың жарабайт. Өтө начар болуп калыптыр. Аракет кылып үйрөнүшүң керек. Сенин колуңдан келет деп ойлойм. Мени угуп жатасыңбы? Көптөн бери Харботтл айым эскертүү берип, кат жөнөтпөгөнүнө таң калып жатам, – деди апам.

Кантип эле жөнөтпөй калсын, бир эмес эки жолу жөнөткөн.

— Бүгүндөн тартып жарманкеге даярданып башташыбыз керек. Мага күнүгө жасагандарыңды көрсөтүп турасың, уктуңбу? – деди апам.

Мына сага! Баары бүтүп, эми кол өнөрчүлүк менен колум бошобой калат турбайбы. Эми накта тажаткан жашоо башталат экен да. Мейли эми, алдын ала кабатыр боло берүүнүн кажети жок. Көбүнчө, жетөөбүз апамдын жети жагынан чыкканда, апам кимибизге эмне дегенин унутуп калчу эле. Кээде хамелеондой болуп, бир туугандарымдын арасында

турсам деле байкабай калмайы бар эле. Ошондуктан, тартип бузбай, кыйкырып сүйлөбөй, элдин шары менен жүрө берсем, балким, айткандарын унутуп калат чыгар. Бирок бул саам үмүт азыраак. Себеби, мен үйдө жалгыз кыз болгондуктан, апамдын биринчи милдети мени келечек турмушка даярдоо. Эми накта катуу көзөмөл башталат.

Ошентип, күндөр биринин артынан бири чубап, өз нугу менен өтүп жатты. Кол эмгеги боюнча үйгө берилген тапшырмалардын баарын кайрадан оңдоп чыкканга туура келди. Мынчалык көп үй тапшырма берүү менимче өтө адилетсиздикке жатат. Дагы эки саат отурсам, караңгы кирип кетет экен деген ойдо ордумдан ыргып турдум да, шуулдаган бойдон эшикти карай жөнөдүм. Төркү үйдө апам кетирилген чыгымдарды эсептеп отуруптур, мени көрө коюп:

— Кэлпурния, дагы өзөн тарапка баратасыңбы? – деди.

Ичимден кармалып калганыма кыжалат боло баштадым.

— Ооба, апаке, – дедим жалпаңдап, дүйнөдө менден өткөн ийкемдүү кыз жоктой түр кылып.

— Кана, биринчи мага сайган сайманды көрсөтчү, – деди.

— Эмнени? – дедим кабагымды чытып.

— Мага ушинтип сүйлөгөнүң туурабы? Ооба, кызым. Биринчи сайманды алып келип көрсөт, анан гана өзөнгө барар-барбасыңды айтам. Баш кийимиң кана? Күндөн бетиңе сепкил түшүп кетет, – деди апам.

Сепкил? Каяктагы сепкил? Күн эчак батып, күүгүм кирип кеткени менен иши жок апамдын. Моюнумдан байлаган иттей сүйрөлүп, бөлмөмө жөнөдүм.

— Катып калгансыбай тезирээк бассаң, – деди апам.

Апам ошенткенде дароо өзүмө келе түштүм. Кызык, апам менин оюмду кантип билип алат? Акырын бутумдун учу менен басып барып, бөлмөмө кирдим да, эшигин жаап алдым. Тор баштыктагы түймө, саймаларымды бирден алып чыгып, карай баштадым. Мунусу төрт бурчтук эмей эле, ийрейип барып, ромбго окшошуп калыптыр. Түшүргөн тамгаларымдын баары оң жакка жантыгынан жатып турат. Кызык, алар эмнеге тегиз болбой калган? Кантип бирдей кылып сайганды үйрөнөм? Баары болбосо да, жарымынан көбүн адырандатып аткытып, чала жасаптырмын. Бирок кандай жасаганымдын кимге кереги бар?

Акыркы суроого буйдалбай жооп бере алам. Эмнегедир акыркы кезде апамды мен жасаган нерсенин бардыгы кызыктыра берчү болду. Сыягы, башкалар да менин ишиме кызыгат көрүнөт. Эмнеге экенин билбейм. Чындыгында мени эч ким жаса деп мажбурлабаса, эч нерсе менен ишим жок жүрө бермекмин. Бул туура эмес экенин түшүнүп эле турам.

Ачуум келип, колумдагы жип-шууну ары жакка ыргытып жибердим.

Жанагы кеткен бойдон, төркү үйгө эки саат дегенде араң келдим. Үйгө тапшырма «Кош келиңиздер» деген сөздү сайма менен түшүрүп саюу болчу. «Кош к...» деп сайып бүткөндө карасам, тамгаларым кыйшайгансып көрүнгөндүктөн, баарын кайра сөгүп салып, «К» деген тамганы башынан сайып баштагам.

— Жанатан бери кылган жумушуң ушубу? – деди апам.

— Апаке, бул чоң тамга болуп турбайбы! Көрүп жатасызбы, баш тамга!

— Болуптур. Кыйкырбай акырын сүйлөчү. Жакшы, абдан тыкан болуптур. Жакшылап аракет кылсаң, үйрөнүп кетчүдөйсүң.

Апамдын ушул «аракет кылсаң...» деген сөзү тимеле көкөйгө көк таштай тийип бүттү.

— Апаке, бара берсем болобу? – дедим.

— Кечки тамакка кечикпей келип кал, – деди апам.

Апам төркү үйдөгү асма шамды күйгүзүп жатканда, шашып-бушуп сайманы ары жакка ыргытып жиберип, эшикти көздөй чуркадым. Караңгы эчак кирип кетиптир. Ушундай болмок! Эми кайдагы үлгү чогултмай.

Дароо гезитке чыккан макаланы элестетип жибердим: «Жаш табиятчы кыз алтындай убактысынын баарын пайдасыз саймага коротуп жатыптыр. Бул илимий коом үчүн чоң жоготуу. Бардык илим чөйрөсүндөгүлөр буга өтө капа».

Өзөндү көздөй бутум-бутума тийбей чуркап бараттым. Баары бир мен жеткенче көз байланып, эч нерсе көрүнбөй калды. Ошол маалда Виола коңгуроосун шаңгырата баштады.

Жуунганы ашканага кирип, Виолага суроонун артынан суроолорду жаадырып бере баштадым.

— Виола айтсаң, мага тиккендин, тамак жасагандын эмне пайдасы бар? Эмне үчүн керек экенин түшүндүрүп берчи суранам, – дедим.

Бошобой жатканын көрүп туруп, алаксытканым туура эмес экенин жакшы түшүнүп турдум. Мен суроо берген маал-

да Виола соустун ичиндеги бүртүктөрдү кетирип чалып жатыптыр. Ага байыркы грек тилинде сүйлөп жайткансып, таң калып мени бир карап койду да:

— Сенин суроону жакшы түшүнгөн жокмун, – деп соусту андан бетер катуу чала баштады.

Оо, Кудай! Ушундай да жооп болобу? Мындай сыяктуу суроолор күнүмдүк жашообуздагы көнүмүшкө айланып, эч ким ага маани бербей калса керек. Жооп берүүгө ашыккан кишини көрө албай койдум. Балким, бул суроонун маанисин өздөрү жакшы түшүнбөйт чыгар? Анда кантип жооп беришмек эле? Эгер чындап эле анын жообу болбосо, анда айла жок тагдырыма баш ийигүүгө туура келет. Кандай деген азап!

Тамактан кийин бөлмөмө барып, кийимимди которуп, колума китебимди алдым. Чоң атам берген Ч. Диккенстин китебинин бардык томдорун кызыгуу менен окуп бүтүп, «Оливер Твистти» жаңы баштагам. Жакшылап талдап көрсөм, ал бечаранын жашоосу меникинен алда канча оор экен.

Бир маалда суусап, ылдый түшсөм, атам менен апам төркү үйдө сүйлөшүп отурушуптур. Эшиги кыйшайып ачылып калгандыктан, сөздөрү даана жаңырып угулуп турду.

— Кызыбызды эмне кылабыз? – деп апам оор үшкүрүндү.

Бутумду шилтеп баратып, бир орунда каткан бойдон туруп калдым. «Кызыбызды» десе, демек, мени сөз кылып жатышат. Менден башка биздин үйдө кыз жок да.

— Эркек балдар го өз оокаттарын кылып кетишет. Бул кызды эмне кылыш керек? Атаң небересинин мээсине жалаң Диккенс менен Дарвинди куюп салыптыр. Китепти көп

окугандын да кесепети тийиши мүмкүн деп корком. Өзгөчө калыптана элек кичинекей балага терс таасирин тийгизбей койбойт. Тестиер кыз болсо деле, – деди апам.

Сөздөрүн угуп: «Биз өтө олуттуу иштерди жасап жатабыз! Бизде сейрек кездешүүчү өсүмдүктөр да бар!» деп аз жерден кыйкырып жибере жаздадым. Бирок тыңшап жатканымды билип калбасын деп токтоп калдым.

— Анын эмнеси жаман? – деди атам.

— Керели күнү кечке көпөлөк кармаган торду көтөрүп алып, саксаңдап чуркап жүрөт. Эмдигиче же тиккенди, же тамак жасаганды билбейт, – деди апам.

— Аны менен тең кыздардын баары эле билет дейсиңби? Туура айтамбы?

— Жада калса, өз алдынча ботко жасай албайт. Бышырган бисквитин болсо… эмнеге окшоштурушумду билбей турам, – деди апам.

«Эмнеге окшош болмок эле кадимки ташка. Менимче андан башка ылайыктуу сөз деле жок болсо керек» дедим ичимден.

— Чоңойгончо үйрөнөр? – деди атам.

— Альфред, ал бөлмөсүнө бакаларды алып кирип алыптыр, – деди апам.

— Бакаларды?

«Жалган! – деп дагы кыйкырып жибере жаздадым. – Алар бака эмей эле, көнөк баштар».

Апамдын акыркы айткандары атамды биротоло ойго салып койду окшойт, таптакыр үнү чыкпай калды. Анан апам

менен атам бир топко унчукпай отурушту. Атам бул көйгөйдү кантип чечүүнүн жолун издеп жатса керек. Жүрөгүм лакылдап, демим кысылып бараткандай сезилди.

Башка кыздарга окшошо албасам, эмне кылайын? Демек, башка түркүмгө таандык болсом керек да. Чынын айтсам, башка кыздарга окшошкум да келбейт. Бирок баары тууштараптан кыйнай берсе, айла жок эми ошолорду тууараганга туура келет окшойт. Бардык аялзаты сыяктуу эле үйүмдү, күйөөмдү, балдарымды бакканга моюн сунам да. Табият таануучу болом деген кыялым ишке ашпай калабы? Эң өкүнүчтүүсү күндөлүгүмдөн да баш тартып, өзөнгө барбай калам го? Алардын баарынан баш тартсам, ансыз деле сайма сайып, тамак жасагандан башка жумуш деле калбайт. Азырынча мындай тажатма иштерди мага таңуулап жасатып жатышкандарына карабастан, булт берип качып кеткенге мүмкүнчүлүк табылып жатат. Кийин эмне кылам… Буларды ойлогондо жер астын-үстүн болуп, денем бир ысып, бир чыйрыгып кетип жаттым. Үлгү чогултуу деген түшүнүк анда түшүмө да кирбей калат турбайбы. Ишим барган сайын оорлошуп баратат. Мурдараак байкасам эмне. Эми накта тузакка түштүм окшойт. Өзүмдү бир буту капканга түшкөн койотко[35] окшотуп койдум.

Атам бир топтон кийин гана апамдын сөзүнө кайрадан аралашты:

— Түшүнүктүү. Бакалар дечи. Маргарет, эмне кылалы деген оюң бар?

— Чоң атасынын жанына көп жибербей, Виола экөөбүз

[35] Америка чөөсү, ит сымалдуулар тукумундагы жырткычтардын бир түрү.

алаксытып, жаныбыздан чыгарбашыбыз керек го дейм. Сайма сайганды, тамак жасаганды жакшылап үйрөтөм деп өзүнө да айткам. Өзгөчө тамак жасаганды. Ар жума сайын жаңы тамактын түрүн жасаганды үйрөтүшүм керек болуп жатат, – деди апам.

— Ал тамакты биз байкушка бересиңерби? – деди атам.

— Анан эмне кылмак элек, Альфред, – деди апам.

Көзүмдөн кантип жаш таамп кеткенин байкабай калдым. Жалгыз кызын кулдай эзгени жатса, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, атам шылдыңдап күлгөнүнө ызаланып кеттим.

— Маргарет, мен сага ишенем. Баары өзүңдүн колуңда. Заман кандай оорлоп, барган сайын түйшүк көбөйүп бараткանын көрүп жатпайбызбы. Башың ооруган жокпу, жаным? – деди атам.

— Жакшы эле, Альфред. Анча деле ооруган жок.

Атам ордунан туруп, басып келип, апамдын чекесинен өөп койду.

— Дарыңды алып келип берейинби?

— Жок, рахмат. Жөн эле кой.

Атам кайра ордуна барып отурду да, гезитти шытыратып, барактай баштады. Ал эми менин тагдырымды ошентип, көз ачып-жумганча чечип коюшту.

Дубалга жөлөнгөн бойдон, кыймылдаганга дарманым келбей бир далайга чейин турдум. Жүрөгүм кысылып, ичимде бир боштук пайда болгондой сезилди. Кана, ички дүйнөмдүн бош жерин эми өзүңөрдүн пайдалуу иштериңер, тамактын түрлөрү, кооз түймө менен толтура берсеңер болот.

Ары жакта тепкич менен ылдый Жим Боу жылаңайлак бойдон түшүп келатты. Мени көрө калып, чуркап келип, көпкө чейин коё бербей кучактап турду.

— Рахмат, Жей Би, – деп акырын шыбырадым.

Анан экөөбүз жетелешип, тепкич менен өйдө чыгып бараттык.

— Кэлли Ви, сыркоолоп калган жоксуңбу? – деди Жей Би.

— Бир аз сыркоолоп калган окшойм, – дедим.

— Сага бир нерсе болгонун мен дароо билем.

— Чын элеби. Билип коёсуңбу?

— Эч качан оорубачы, Кэлли. Мен сени абдан жакшы көрөм, – деди Жей Би.

Менин бөлмөмө кирип, бүрүшүп койнума жатып алды.

— Эсиңдеби, өткөндө ойнотом деп сөз бергенсиң.

— Кечирип койчу! Анда чоң атама алаксып калбадымбы, – дедим.

«Эми мындан ары чоң атама барганга да убактым болбойт» дедим ичимден.

— Ал Чоң Таман Уоллес тууралуу билеби? – деди Жей Би.

— Билет.

— Мага Чоң Таман Уоллес жөнүндө айтып береби?

— Чоң атамдын өзүнөн сурап көр. Айтып берет болуш керек. Бирок анын колу көбүнчө бошобойт.

«Эми мен жок, үлгүлөрү менен өзү жалгыз алышат турбайбы» деген ойго кеттим.

— Сурайт болчумун, – деп иним акырын шыбырады. – Бирок мен андан абдан корком. Болуптур анда, Кэлли. Түнүң

бейпил болсун! Ооруба!

Эшикти акырын жаап, Жей Би чыгып кетти. Көзүм илинип баратып, оюма кайра капканга түшкөн койот келди. Андан көрө мен да капкандан кантип бошонуунун амалын табышым керек.

# 18-БӨЛҮМ

# ТАМАК ЖАСАГАНДЫ ҮЙРӨНҮҮ

**Негизи кыйынчылыктын артынан дайыма ийгилик коштоп келери күтүлөт эмеспи...**

Чоң атама бармак тургай, үй иштери мени тегирменге салган ундай жанчып, майдалап салгандай сезилди.

— Кэлпурния, биз тамак ичкен бөлмөдө күтүп жатабыз, – деген апамдын ылдый жактан үнү угулду. Ушунте бергени көңүлүмө да тийип бүттү.

Бөлмөмдө чоң атам берген «Эки шаардын икаясы» аттуу китепти жаңы эле окуп баштагам. Китепти ары жакка жылдырып койдум. Бирок апамдын чакырганына жооп берген жокмун.

— Кэлпурния, бөлмөңдө экениңди билем. Угуп туруп укмаксан болуп жатканыңды дагы билип турам. Тезирээк ылдый түш! – деди апам.

Үшкүрүнүп, китептин ортосун лента менен белгилеп коюп, сүйрөлүп ылдыйды көздөй жөнөдүм. Акыркы кезде өзүмдү өлүм жазасына тартылган илгерки ак сөөктөрдөй элестетип кетчү болдум. Бирок кандай гана оор кырдаал болбосун, алдыңдан чыга калып, кылычтарын жалаңдатып турса да...башыңды бийик көтөрүп, өлүмгө тике карашың керек

экенин жакшы билем.

— Кебетеңди бузбай эле койчу. Сага болгону тамак жасаганды үйрөтөлү деп эле чакырдык, – деди апам киреримменен.

Виола экөө үстөлдүн үстүн жалтырата сүрүп коюп, мени күтүп жатышыптыр.

Үстөлдүн үстүн карасам мармар такта, калай челекте шекер, үбөлүк, бир чоң мискей жашыл алма, лимон тизилип туруптур. Алыстан үстөлдүн үстүндө турган китепти көрүп, кандай китеп экенин билбесем да, сүйүнүп кеттим.

— Бул китептен тамак жасоонун түрдүү ыкмаларын таба аласың. Автору — Фанни Фармер аттуу айым экен. Азырынча ушуну колдоно турсаң болот. Кийинчерээк өзүңө башкасын сатып берем. Бул китептен ашканага тиешелүү нерселердин бардыгын таба аласың.

Ал китептен мен кызыга турган нерселерди табарымдан күмөнүм бар болчу. Апам чоң атама окшоп, ал китепти мага кош колдоп берди. Бир нече ай мурда чоң атам мага өзгөчө бир калың китепти дал ушинтип бергени эсиме түштү. Апам мени карап жылмайып койду. Виола болсо билмексенге салып, эч сыр билгизбей нары жакта турду.

— Кана, бүгүн алма пирогун жасоодон баштайбыз. Эгер камырга бир аз лимон ширеси менен кабыгынан кошуп койсоң, өзгөчө бир даам берет. Анын негизги сыры ушунда, – деп жылмайып, кичинекей балага түшүндүрүп жаткансып, ар бир нерсени талыкпай бирден айтып берип жатты.

Мен болсо калп эле өзүмдү кыйнап, апамды улам карап,

жылмайымыш болуп коём. Апам улам шектенгенсип мени карап калып жатканына караганда, өңүмдөн жактырбаганым билинип жатса керек. Виола болсо көздөрүн улам ала качып, мени тике караган жок.

— Сага бул иш сөзсүз жагат деген ишеничтемин, – деп апам дагы эле мени ынандыруунун аракетин кылып жатты.

— Балким, – дедим.

— Виола сага камыр жууганды үйрөтөт. Камыр жууган жагынан ал алдына киши чыгарбайт, – деди апам.

— Кана, Кэлли айым, чуркап барып ун салган үкөктөн эки чөйчөк ун алып келе кой.

Виолага таң калып калдым. Мени айым деп атаганын биринчи жолу угушум.

— Эми, чарага акырындан сал, – деди Виола.

Апам китебин ачып алып, жекшемби күнкү кечки тамакка даамдуу эмне жасасам деп барактап жатты. Виола болсо мага камырды кантип жууганды үйрөтүүнүн аракетин кылып жатты. Буга чейин ашкана аркылуу өтүп баратып, Виоланын пирог бышырып жатканын миллион жолу көргөм. Сыртынан караганда андан оңой нерсе жоктой сезилчү. Виола тамак жасаар алдында курамына кошулчуларды өлчөгөнүн эч качан көргөн эмесмин. Баарын көз болжол менен кошуп, жасап жатканда сезип турат. Унду акырындан себелеп салып, чочконун майынан көз болжол менен кошуп, ысык суу менен муздак сууну чабыштырып алып жуура баштачу. Анан эле камыр даяр болуп калчу. Муну жинди киши деле беш мүнөттө үйрөнүп алат деп ойлочумун.

Ошентип арадан бир саат өттү. Мен болсо дагы эле күшүлдөп-бышылдап үчүнчү чара камырды жууруп бүтө албай жаттым. Мурунку эки чарадагыны жугундуга төккөнгө туура келди. Апам менен Виола демдерин ичтерине катып, араң эле чыдап карап турушту. Биринчи жууруганымда камыр суюк, арасынын баары бүртүк болуп калды. Экинчисин тескерисинче таштай катуу кылып жууруп салгандыктан, жая албай койдук. Камыр туш кагаздын клейинен бетер үбөлүккө жабышып, айламды кетирди. Чачым, этегим, колдорумдун баары камыр болду. Камыр болбогон жер жок, үстөлдүн үстү деле камыр, ал тургай насостун кармагычына чейин камыр болуптур. Жууруп жатканда ыргып кетсе керек, шыптан салаңдап турган чымын жабыша турган кагазга да жармашып калыптыр. Ал жакка чейин кантип ыргып кеткенин билбейм.

— Эмкисинде жоолук салынып алчы, макулбу? – деп апам үшкүрүнүп койду.

— Ии, десеңиз, – деп Виола кошулуп койду.

— Эми мындай кылалы. Виола камырды аягына чейин жууруп бүтүрсүн. Сен болсо алмаларды тазалай бер. Ортосун кесип салыш керек. Кана, бир колуңа алманы, экинчисине бычакты карма. Абайла, колуңду кесип алба, – деди апам.

Апам айткандай кылып колума бычак менен алманы аларым менен бармагымды шарт кесип алдым. Дагы жакшы, каным эки эле алмага тийип кетти. Виола аларды жууса деле, кызгылт түс калып калды. Бирок баарыбыз эч нерсе болбогондой түр кылып турдук. Апам колумду байлаганга пластырь издеп жөнөдү. Виола экөөбүз бир топко чейин унчугушпай

маңдай-тескей отурдук. Мен үшкүрүп, жаагымды таянган бойдон шалдырап отуруп калдым. Үстөлдүн үстүнө коёюн десем, башымдын баары камыр болот. Мышыгыбыз – Идабель менин капа болгонумду сезгендей себетинен чыгып, бутума сүйкөнө баштады. Сылайын десем колумдун баары камыр. Виола колунун учу менен чарага ун, бир аз май салып, суудан кошту да, бир заматта былжырап жабышпаган сонун камыр жууруп койду. Мени колу ачышат деп аядыбы же кайра жемиштердин баары кан болот дедиби, айтор лимонду өзү аарчыды. Бир аздан кийин апам пластырь таап келип, колума чаптап берди.

— Кэлли айым, эми меш ысыптырбы текшериш керек, – деп Виола буйрук берди.

— Кантип текшерсе болот? – дедим

— Колуңду салып көр. Эгер бир мүнөткө жетпей ысып чыкканын сезсең, демек, орточо температурада ысыды дегенди билдирет.

— Тамашалап жатасызбы? Чын эле, колумду ичине чейин салып турушум керекпи? – дедим.

— Ооба, салып көрөсүң, – деди Виола камарабай.

— Өтө ысып кеткенин кантип билем?

— Ысыгынан колуңду жакын алып бара албай каласың.

— Термометр салып көрсөк эмне болот? – деп бурк эттим.

Мен тамаша сөз айткансып, апам менен Виола боору эзилгенче күлө баштašты. Албетте, аларга күлкүлүү. Мештин оозун ачсам, ажыдаардын үңкүрүнөн бетер бетиме ысык дем ургандай болду.

— Кана. Коркпой эле кой, – деп Виола мени чыйралткан-

дын аракетин көрүп жатты.

Буга чейин Виола канча жолу мешке колун салып, аман-эсен эле жүрбөйбү деген ой кетти. Кере дем алдым да, колумду мештин ичине саларым менен ысыгына чыдабай тартып алдым.

— Ох, ий! – деп колумду силкип жибердим. – Менимче ичи орточо даражада ысыса керек. Бир аз ысып кеткен да болушу мүмкүн.

— Кесилген алмаларды табага салып, шекерден үстүнө себелеп чык, – деп алаканын тосту. Үстүнө дагы бир сыйра алмаларды тизип, аралаштырбайсың. Мына, минтип. Анан үстүнө камырды жайып туруп, жаап коёсуң.

Мештеги камырды улам текшерип турганга колума калак сымал ашкана шайманын карматып койду. Айтканга оңой болгону менен жасай келгенде канчалык кыйын экенин эми сездим. Камыр колго илинбей чууруп, жабышып, сыйрып алсам, бырышып-тырышып калып жаткан. Ал эми Виола он мүнөттүн ичинде эле үч пирог жасап койду. Сыртынан карап туруп, бооруң ачып кете тургандай эле көрүнүш экен.

— Меники анча болбой калды, – деп үшкүрүнүп койдум.

— Четтерин бүйрүп койсоң, коозураак болот. Ии, ошентип. Кел, дагы бир жолу аракет кылып көрсөң, – деди Виола.

Кесилбеген соо колум менен четтерин чымчып, бүйүрө баштадым. Баштагыга караганда алда канча жакшы болду. Бирок ар дайым көрүп жүргөндөргө Виоланын колунан чыкпаганы, үйрөнчүк жасаганы дароо байкалып турат.

— Эми, акыркы нерсе калды, – деди Виола.

— Дагы эмнеси калды? – деп оор дем алдым.

— Кел, камырдан үстүнө Кэллиге келген «К» тамгасын жасап коёбуз. Аны дал ортосуна жабыштырып коздоп коёбуз, ким жасаганын баары көрүшсүн. Үстүнө жылтырап туруш үчүн жумуртка сүйкөгөндү унутпа.

Мен куртка окшогон үч камыр жасап, пирогдун үстүнө жабыштыра баштадым. Узунураагын тигинен, эки кыскасын капталына жармаштырып, айткандарындай кылып үстүнө жумуртка сүйкөп чыктым. Мешке салардан мурда баарыбыз тизилип ишибиздин жыйынтыгын карап турдук.

— Пирог буюрса даяр, – деди Виола.

— Абдан сонун болду, – деди апам.

— Ооба, – дедим мен.

Тамак ичилип бүтүп, Сан-Хуана кир табактарды чогултуп кетип, десертке кезек келгенде апам бардыгынын тынчтануусун суранып, жарыя кылганы ордунан турду.

— Балдарым, менде жакшы бир жаңылык бар. Бүгүн алма пирогду Кэлли өз колу менен жасады. Баарыңарга жагат деген үмүттөмүн, – деди апам.

— Апаке, мен да пирог жасагым келип жатат! – деди Жим Боуи.

— Эркек балдарга болбойт.

— Эмнеге?

— Аларга кийин пирогду аялдары жасап берет, – деди апам.

— Азыр аялым жок болсочу?

— Жаным менин, буюрса чоңойгондо татынакай келин-

чегиң болот. Анан сага абдан даамдуу пирогдорду бышырып берет. Кэлпурния, пирогду кесип коёсуңбу, – деди апам.

Анда мен деле чоңойгондо аял алып алсам кантет? Жакшы ой экен. Кызарып бышкан «К» тамгасын бойлой кесип жатсам, үстү упурай баштады. Жакшынакай кылып бөлөйүн дегенге болбой, ажырай баштаганынан, бардыгына кашык менен салып бергенге туура келди. Атам бир пирогду бир апамды, кайра апамды анан мени алмак-салмак карап, жылмайып койду. Бир туугандарым чурулдашып, алдындагы пирогдорун топтошкон күчүктөрдөй болуп бир паста күкүм калтырбай жеп коюшту. Жарым күн жасаган пирогум туура төрт мүнөткө жетпей желип калды. Убактымдын баары пирог жасаганга кеткенин эстегенде мактагандарына да кайыл болуп кеттим. Бүгүн кечке күндөлүк менен өзөндү мындай эле коёюн, же үлгү чогултканга, же чоң атама барганга эч колум тийген жок. Чоң атамды карасам, пирогду майда чайнап, ойлонуп отуруптур.

## 19-БӨЛҮМ

# ТАЖРЫЙБАНЫН ИШКЕ АШЫШЫ

**Буга чейин адам баласы тандоо жолу аркылуу чоң натыйжаларга жетсе болоруна күбө болдук жана тирүү органикалык жандыктарды өз пайдабыз үчүн шартташтырып алуубуз зарыл экенин да жакшы түшүндүк...**

— Кэлпурния, лабораторияга келип-кете аласыңбы? Колуң бош болсо, кол кабыш кылып кетчи, – деди чоң атам.

Үй жумушунун түйшүгүн тартып баштагандан тартып, маанайым да, кулк-мүнөзүм да кескин өзгөрө түшкөн. Ушул мезгилдин ичинде адамдардан оолагыраак боло түшкөнүмдү байкадым. Кээде эч ким менен сүйлөшпөй калсам, өздөрүнчө күңкүлдөшүп, балыктын майын берүү тууралуу айтып калышканын кулагым чалып калып жатты. Алар да кызык экен! Капканга түшкөн адамга балыктын майы кантип жардам берсин?

Чоң атам Исанын туулган күнү майрамына арнап кезектеги байпакты жаңы эле түйө баштаганымда чакырып калды. Чоң атам мени бир аз да болсо үй түйшүгүнөн кутула турсун деп жатса керек деген ой кетти. Дароо мааниси жок иштерди

жыйыштыра турса деле болот деген ой келди да, түймөнү нары жылдырып койдум. Анан бөлмөмдөн шашып-бушуп чуркап чыгып, тепкичтин кырына отуруп ылдыйды карай зуулдаган бойдон шыпырылып түштүм.

— Басып отурбай тез жетүүнүн ыкмасын тапкан турбайсыңбы, – деп чоң атам жылмайып койду. – Менимче, төмөндү көздөй түшүүгө тиешелүү Ньютондун мыйзамы тууралуу талкуулоого ылайыктуу мезгил окшойт.

— Бүгүн сиз, ой, кечиресиз, биз эмне кылабыз? – дедим.

— Тээ июль айында эмен челекке куюп койгон, экөөбүз даамын көргөн виски эсиңдеби? Азыр ошонун эмне болгонун көрүшүбүз керек.

Чоң атам экөөбүз ээрчишип алып, ашканадан өтүп баратсак, Виола ун элеп жатыптыр. Жанында баягы эле Идабель аттуу мышыгы айланчыктап жүрөт. Үстөлдүн үстүндө жаңы эле жуурган бир нече субала камыр турат. Өтүп баратсак Виола көзүнүн кыры менен бизди көрүп калып, бир сааттан кийин тамак даяр болорун эскертип койду.

Лабораториянын текчелеринде ар түрдүү бөтөлкөлөр толуп калгандыктан, бир нече жылдан бери турган бөтөлкөлөрдүн арасынан табуу оңой иш эмес болчу.

Ага чейин буурчагыбыз урук байлап калганын көрүп, конвертке чогултуп салдык да, сыртына тиешелүү маалыматтарды жазып, банканын ичине салып, шкафка коюп койдук. Лабораториянын ичине киргенде эле пекан жаңгагы, көк жана чычкандын жыты аралаш жыттанды. Чычкандардан арылуу үчүн эшиктеги мышыктардын бирөөнү алып кирип, коё

бериш керек болуп калыптыр. Чоң атам китепчесин ачты да, кабагын чытып, сөөмөйү менен ар бир жазуу жана сандарды кылдат окуп жатты.

— Мына, кара. Өзүңдүн колуңду таанып жатасыңбы? №437, 10-июль деп турат. Ал челекти кайсы жагына коюп койдук экен? – деди чоң атам.

Ал эмен челектин көлөмү жоголуп кете тургандай кичине деле эмес болчу. Менимче, чакан лабораториянын ичинен бир нерсе жоголушу мүмкүн эмес. Болгону ал жакта кереги жок, жарабай калган үлгүлөр, мурда жана кийин өткөрүлгөн тажрыйбалардан калган калдыктардын баары аралашып жаткандыктан, арасынан жакшылап караганга туура келет. Издеп жүрүп, эмен челекти үстөлдүн алдынан таап алдык.

— Абайлап, чайкабай алып чык. Тунмасы аралашып кетпесин. Кана, эмне болгонун көрөлүчү, – деди чоң атам.

Мен жакшыраак көрүнсүн деп, шамдардын баарын жагып койдум. Чоң атам болсо үстөлдүн үстүн бошотуп, челекти акырын койду да, оозундагы жыгач тыгынды суурул алып, стаканга саргыл-күрөң түстөгү коюу суюктукту куйду. Стаканды жардыргыч зат кармап тургансып, чыракка жакыныраак алып барып, өйдө көтөрүп алып, эки жагын шыкаалап карап жатты. Бир көз айнегин тагынып, кайра алып салып карап көрдү. Стакандын ичиндеги суюктук туптунук болуп көрүндү. Бирок менин угушумча, кээде он эки жыл турган, мыкты виски деле адам өлүмүнө алып келиши мүмкүн экен.

— Бул вискиде чөкмө жокко эсе десек болот, — деди чоң атам.

— Анын болгону жакшыбы же болбогонубу? – дедим.

— Албетте, болбогону жакшы. Ушул маалга чейин кыйраткан виски көрө элекмин. Үстүндө эмне гана калкып жүрбөйт. Сага түсү жактыбы?

— Сонун. Апамдын акак шурусуна окшоп кетет экен. Негизи түсү ушундай болуш керек беле?

— Дал ушундай болуш керек деп айтуу кыйын. Азыр биз белгисиз бөлүмгө өткөнү турабыз.

Чоң атам өзүн кармап, сыртынан эмоциясын билгизбегенге аракет кылганы менен, көздөрү жалжылдап, илимге жаңылык киргизгендей кубанып турганы байкалды.

— Мунун жытын көрөлүчү, – деп уулуу зат сымал мурдуна акырын алып барды да, жыттап туруп, бир сыйра чыйрыккансып титиреп койду.

Стаканды мага сунары менен, үркүнчөк атка окшоп артты көздөй кетенчиктей түштүм. Сыягы, чоң атам өткөндө аз жерден мага виски берип, өлтүрүп ала жаздаганын унутуп койсо керек. Ал окуядан кийин кадимкидей көңүлүм калып калыптыр.

— Чоң ата, бул жолкусунда мага ичире албайсыз. Баягыда эмне болгону эсиңизден чыгып кеттиби?

— Аа, ооба. Туура айтасың. Жаман болгонуң эсимде. Мындан ары кайталанбайт. Жок, ичпей эле кой. Жөн эле, жыттап көрсөң, – деди чоң атам.

Стаканды алдым да, мурдума такадым. Ачыган пекан жаңгактын жыты тимеле каңылжарымды жарып жиберди. Жытынан жүрөгүм айланбаганы менен, пекан жаңгагынан

жадап калсам керек.

— Жыты пекан жаңгагынан жасалган пирогго окшоп кетет экен, – дедим.

— Кана, эми чындап сынап көрөйүн, – деп чоң атам тост айтчудай болуп стаканын өйдө көтөрдү. – Мени менен бирге кереметтүү саякаттарга чыккан шеригим — Кэлпурния үчүн, сенин сак-саламаттыгың үчүн, – деп стакандыгыны ичип жиберди.

Чоң атам вискини ичип жибергенден кийинки түрүн азыр да күнү бүгүнкүдөй элестетип турам. Биринчи ал таң калгансып, кайра бир аз ойлонуп, анан бир жерди теше тиктеген бойдон бир далайга чейин турду да, ууртунан жылмайып койду.

— Бул тажрыйбам ишке ашканына өзүм да таң калып жатам, – деди чоң атам.

— Эмне дейсиз, чоң ата? Эмне тууралуу айтып жатасыз? – дедим.

— Буга чейин мындай тажрыйбаны менден башка бирөө жасаганынан күмөнүм бар.

— Жакшылап түшүндүрүп айтсаңыз, – деп чыдабай кайталап сурай баштадым.

— Билесиңби, мен пекан жаңгагынан мышыктын сийдигине окшоп кеткен кадимки виски жасоого жетиштим, – деди чоң атам камарабай.

Чоң атамдын бул сөзүн укканда эмне дээримди билбей, оозумду ачкан бойдон туруп калдым.

— Демек, бул тажрыйбадан эмне сабак алсак болот? – деди чоң атам.

Мен унчукпай чоң атамды карап турдум.

— Биз мындан ары да илгери үмүт менен, саякатка чыккан кемебизди токтотпой, сапарыбызды улай беришибиз керек дегенди билдирет. Менин сөзүмдүн төркүнүн түшүнүп жатасыңбы? – деди чоң атам.

— Жок, – деп кыска жооп бердим.

— Аны сага мындайча чечмелеп берейин. Биз айрым ишке ашпай калган тажрыйбаларга капа болбой, тескерисинче, чыйралышыбыз керек жана изденүүбүздү токтотпой мындан ары да улантышыбыз керек. Тажрыйба ишке ашты деген сөз, тажрыйба аягына чыкты дегенди билдирет. Ошол учурда, менин ичимде кандайдыр бир боштук пайда болгондой сезиле берет.

— Китепчеге эмне деп жазайын? Мышыктын сийдигине окшош экен деп жазайынбы? – дедим.

Чоң атам карсылдап күлүп:

— Мейли, жакшы оюң бар экен. Албетте, болгонун болгондой жазыш керек. Эми канакей, кызым, калемиңди колуңа ал да, азыр көргөн нерселериңдин бардыгын жазып кой, – деди.

Бул өзгөчө күндү баса белгилеп жазбаса болбойт деген ойдо кара сыя менен эмес, кызыл сыя менен жазууну чечтим. Чоң атам да мунумду туура көрүп, макул болду. Калем сапты кызыл сыяга малып алып, ар бир тамганы кынаптап жазып чыктым да, чоң атама сундум.

— Азаматсың! Бирок алдыгы жериндеги «сыйдик» деген сөзгө «ы» эмес «и» тамгасы келет, – деп оңдоп койду.

# 20-БӨЛҮМ

# ТУУЛГАН КҮН

**Жеке — бул бир ата-энеден төрөлгөн балдардын ортосундагы негизги жана майда-чүйдө айырмачылыктар... Албетте, бир түргө таандык жеке организм коёндой окшош болот деген пикирге эч ким кошула албайт.**

Арадан кыйла убакыт өтсө да, баягы буурчактан дале кабар жок. Күндөрүм биринин артынан бири чубап, сабакка даярдык, музыка сабагы жана Виоладан ашкана сырларын үйрөнүү менен өтүп жатты. Айла жок этти түрлөп бышырганды (камырдын ичине уйдун этин салып жана койдун этин мешке мактап бышырганды) да үйрөндүм. Мындан тышкары тооктун этин, балыкты, окраны[36] бышырганды да үйрөнүп алдым. Нандын түрлөрүн: ак ундан, кара буудай унунан, жүгөрү ундан жасай баштадым. Анан дагы жүгөрү ундан куймак жасаганды да үйрөндүм.

Бирок үйрөнүп жаткан мен эмес, ашкана сырларын үйрөтөм деген Виола эки чарчачу болчу. Мен да андан кем эмес чарчаганыма карабай, колум бошой калса эле, чоң атамдын

---

[36] Чыгыш ашканасында кеңири колдонулган, беш кырдуу, буурчакка окшош өсүмдүк.

китепканасын көздөй чуркаган адат таап алгам.

Ошентип, билинбей октябрь айы келип калды. Октябрь мен жана үч иним үчүн өзгөчө ай. Анткени, төртөөбүз тең ушул айда төрөлгөнбүз. Дагы бир өзгөчөлүгү туулган күндөрүбүздүн артынан дароо эле Хэллоуин майрамы келет.

Быйыл апам ар бирибиздин туулган күндөрүбүздү өзүнчө өткөрүүгө чамасы келбей турганын айтты. Ошону үчүн Ламарды, Сал Росссту, Сэм Хьюстонду жана мени чакырып алып, мындайча сөз баштады:

— Балдарым, быйыл баарыңардын туулган күндөрүңөрдү бириктирип, бир эле чоң майрам уюштуруп коёлу деп чечтик. Баарыңарды бирден куттуктабай эле, жалпы куттуктап коёбуз. Менимче, чогуу кылсак абдан шаңдуу болот. Силер кандай дейсиңер? Ар бириңер өз досторуңарды чакырып, чоң салтанат менен өткөзсөк болот, – деди апам.

— Эмне дейсиз?

— Бул адилетсиздикке жатат!

— Ушундай да болмок беле?

— Коюңузчу апа-а-а-а!

Апам бизден мындайды күтпөсө керек. Кубангандарынан бир буттап секирип башташат деген го? Бирок апамдын бул чечими туура эмес. Туш тараптан наразы болуп бир топко чейин ызылдадык. Апам тажап кетип, өз оюнан кайтат го деп ойлогом. Бирок бардыгы мен ойлогондон башкача чыкты.

— Болдугула, жетишет! – деп апам кыйкырды. – Түшүнсөңөр боло! Төрт туулган күндү катары менен өткөргөн оңой экен деп жатасыңарбы? Виола экөөбүздүн ага алыбыз кел-

бейт. Бир айда төрт жолу майрамдык дасторкон жазганга мажбурласак, Виола кол шилтеп басып кетпейби. Баарын таштап коюп, артын да карабай кетип калат. Виоланы жаман көзүңөр менен карабай эле койгула. Бул анын пикири эмес.

— Кэлли Ви жардам берет да, – деди Ламар. – Тамак жасаганды жакшы эле үйрөнүп калды го. Карап турбай жардам берсин. Мисалы, мен туулган күнүмдүн өзүнчө өтүшүн каалайм.

Ламарды жутуп жиберчүдөй карап турганымды байкай коюп, чочуп кетти.

Ары тартышып, бери тартышып жатып, акыры апам жеңип чыкты. Туулган күн кечесине даярданганга туура бир апта убакыт кетти. Апам, Виола жана Сан-Хуана аягында баспай калышты (менин туулган күнүм болгондуктан, шок инимдин сунушуна карабастан, мени убактылуу иштердин бардыгынан бошотушту). Төртөөбүз эч кимге угузбай, бири-бирибизге армандарыбызды айтып жүрдүк.

Ошентип, октябрдын биринчи ишембисинде төртөөбүздүн орток туулган күндөрүбүздү белгилей турган болдук. Бир жагынан шаңдуу көрүнгөнү менен, экинчи жагынан ар бирибиздин ичибизде кичинекей таарынычтар бар экени сезилип жатты.

Виола толгон токой тамак-аш даярдагандыктан, Сан-Хуана ташыганга үлгүрбөй чуркап жүрдү. Альберто болсо, жамгыр жаап жибербесин деп, чоң чатыр тигип койду. Каалоочуларды улам бирден «Күндөй» деген тиштенчээк Шотландия понисине мингизип, чатырды айланта жетелеп жүрдү. Альберто

понинин чылбырын колунан чыгарбай, тырышып кармап жүрдү. Анткени, кокус тумшугун бошотуп койсо, дароо башын артка буруп туруп, жонунда отурган кишинин бутунан тиштеп алган адаты бар болчу.

Бирок майрамдын шаңы менен баарыбыз таарыныч, талануу деген нерселерди унутуп койдук. Анткени, кечке эле обу жок таарына бергендин мааниси жок болчу. Буга чейин Фентресс аймагы боюнча бул сыяктуу кече уюштургандар болбогондуктан, кечеге кичинекей баладан тартып, чоңуна чейин келишкен. Бири пони минсе, экинчиси бенгал шамын күйгүзүп кармап алган, калгандары тарсылдактарды жарып, чоймо оюнун ойноп, алманы жипке байлап алып ыргытып, крокет жана така оюндарын уюштуруп, көңүл ачып жатышты. Жеңүүчүлөргө ар түрдүү сыйлыктар, кагаздан жасалган таажылар жана түркүн-түстүү желектер белекке берилди.

Таттуу рулет жана торттор үстөлдүн үстүнө батпай калды. Чоңдор үчүн муздак килкилдек эт, үстүнө өрүк ширеси жаба куюлган ысык сан эт, оозду дуулдаткан хрен кошулган эттин тилимдери коюлган. Ал эми балдар үчүн кыям кошулуп жасалган таттуу токоч, бал муздак, пекан жаңгагы кошулган пирогдор, лимон кошулган меренга[37] пирогдорун бышырышкан. Үстөлдүн дал ортосунда төрт катар шоколаддан жасалган торт көз жоосун алып турду. Ар бир катардын капталында туулган күндүн себепкеринин аты крем менен кооздолуп жазылган. Эң үстүндө мага арналган он эки, Ламарга арналган он төрт, Сэм Хьюстонго арналган он беш жана Сал Росско арналган

---

[37] Жумуртканын агы, шекер жана каймак кошулуп жасалган десерт.

сегиз, жалпы кырк тогуз шамды бир жакканда, айлана жап-жарык боло түштү. Бир караганда тортубуз күйүп жаткандай көрүндү. Менимче, мындан ары да туулган күндөрдү чогуу өткөрө турган болсок, башка ыкма ойлоп табыш керек же болбосо торттун көлөмүн мындан да чоңойтуш керек.

Кеченин башында бардыгы өз орду менен, кызыктуу болуп жаткандай сезилген. Бирок кече ортологон сайын башаламан боло башталды. Баягы эле Аякс деген итибиз үстөлдүн үстүндө турган сосисканы сүйрөп түшкөнүн байкап калышып, кичинекей балдар артынан бакырып-өкүрүп кубалап алышкан. Аякс кайдан жеткирмек эле. Оозундагы сосисканы качып баратканда эле ап этип жутуп койгон.

Ал күнү менин негизги милдетим Сал Росско күптү болгуча тамак жедирбей көзөмөлдөп туруу болчу. Айтканга оңой болгону менен иш жүзүндө аткаруу мен үчүн кыйынга турду. Себеби, тортко келгенде, Сал Россту канча караба, курсагын көтөрө албай калганча, тойгонун билбей жей бермей жайы бар болчу.

Атам менен апам конокторду колдорунан келишинче сыйлаганга аракет кылып жатышты. Чоң атам болсо нары жакта өзү теңдүүлөр менен сыра ичип, чер жазып отурду. Чоң атам бизге белекти Остинден алдырайын десе, кандайдыр бир себептерден улам бир аптадан кийин жөнөтө турган болушуптур. Чоң атамдан кызыгып, эмне белек экенин билүүгө канчалык аракет кылсак да, айтпай койду. Бир маалда уйкусу келди көрүнөт, акырын билинбей китепканасына кирип кетти.

Тревис, Ламар менен Сэм Хьюстон эртеден бери Күндү тегеренген планеталарга окшоп, Лула Гейтстин артынан калбай жүрүшөт. Биринен сала бири Луланын жанын койбой: «Лула, дагы бал муздак жейсиңби?», «Лула, дагы торт салып берейинби?», «Маанайың жакшы элеби, Лула?» деп алмак-салмак сурап, көзүнүн кареги менен тең айланып жатышты.

Мага антип кызыккан киши да болгон жок. Албетте, аларсыз деле кааласам торт жеп алам дечи. Мен үчүн анын оорчулугу деле жок. Азырынча өзүмө-өзүм кам көргөнгө алым жетет.

Лула менен апасы экөө сүйлөшүп турганынан байкап турсам, мурдунун үстү дагы эле тердеп, жайылган сары чачы күн нуруна чагылышып, жылтырап, алтын менен күмүштү аралаштырып койгондой көрүнүп турду.

Гейтс айым болсо улам Тревис менен Ламарды алмак-салмак карап, өзүнчө эле сүйүнүп, жылмайып турду. Менимче, келечекте Лула экөөнүн бирөөнө турмушка чыкса деген аруу тилеги бар окшойт. Гейтс айым үчүн алардын кимиси болсо айырмасы жок, иши кылса Тейттердин үй-бүлөсүнөн чыккан жигит болсо болду көрүнөт.

— Кэлли, – деди Гейтс айым, – Баягы жарманкеңер эмне болду? Иштер жылып жатабы? Мактагандык эмес, бирок мен өз кызымдын жөндөмүнө өзүм таң калып жүрөм.

— А-а-а…, – дедим.

Андан башка эмне деп айтам?

— Менимче, Лула саймасы үчүн сөзсүз сыйлык алат болуш керек. Илме шибеге менен да сонун түйөт, – деп Гейтс айым кызын мактап бүтө албай жатты.

— Ии, жакшы, – дедим эмне дээримди билбей. Чындыгында эле сөзгө эмне деп кошулушумду билбей жаттым. Анан сөз таппай апкаарып да бир топко чейин турдум. Дагы жакшы ары жактан Тревис келип калып, сөзүбүзгө аралаша баштады.

— Гейтс айым, биздин Кэлли Ви Исанын туулган күнүнө карата баарыбызга байпак түйүп жатат. Туура айтамбы, Кэлли?

— Ооба, айтмакчы. Мен байпак түйүп жатканымды айтам деп унутуп койгон турбаймынбы, – дедим.

— Күн суктаганда жылуу байпагың болсо сонун да. Кышка чейин бүтүрөсүң да, ээ? – деди Тревис.

— Албетте, Тревис, – деп Гейтс айым күлүп жиберди. – Менимче Исанын туулган күнүнө чейин кенен жетишсе керек. Туура айтамбы, Кэлли? Байпак түйгөн анча деле кыйын эмес.

Ичимден Гейтс айымдын айтканына кошула алган жокмун.

— Мисалы, Лула бир түгөй байпакты бир күнгө жеткизбей түйүп коёт, – деп Гейтс айым кайра мактана баштады.

— Чын элеби? – деп Тревис Гейтс айымдын айтканына таң калып, анан мени карады.

Сөздөрүнүн аягына чыкканча чыдабай кеттим.

— Лула, жүрү пониге минип келебиз. – дедим. – Андан коркпой эле кой! Альберто тиштетпей кармап турат. Эгер корксоң, мен биринчи барып минип келейин.

— Жүрү кеттик, Кэлли, – деген бойдон чуркап кеттик.

Тревис кичинекей болгону менен, Гейтс айымды жалгыз

таштап кетпеш керек экенин түшүнүп, Луланы көзүнүн кыры менен караган бойдон калып калды. Ой, шумдугуң кургур! Кимден көңүл алышты билгенин көр. Мындан кыйын бала чыкчудай.

Ары жакта жайыл дасторкондун жанынан өтүп баратып, Сал Росс эч кимге байкатпай эки чоң кесим торт көтөрүп кеткенин көрүп калдым. Бул таттуута такыр тойбогон иниме көз салып турушум керек экенин таптакыр унутуп койгон турбаймынбы. Анын бул адаты жакшы эмес. Сегизге чыгып, эси киргидей деле болду. Өзү деле ойлонбойт беле? Мен кантип анын артынан кечке аңдып жүрө бермек элем? Керек болсо бүгүн менин да туулган күнүм.

Нары жакта «така» оюнун ойной турган аянтча бар болчу. Ал жердегилерге Гарри көз салып жатты. Болбосо Сэм Хьюстондун ар кай жакка такаларды ыргыта бермей адаты бар. Бирок бул ирет, Кудай жалгап ал Луланын бөлөсү Ферн Спиттин жанынан чыккан жок. Ферн колунан күндөн калкалай турган ак түстөгү кол чатырын түшүрбөй, Сэмдин жанынан наздатып нары-бери өтүп жатканын байкадым.

— Кэлли, – деди Лула. – Эмне бүгүн маанайың пас. Бир жериң ооруп турабы?

Ага баштан аяк баарын айтып берейин деп, кайра бул сайма жана түймө ханышасы менин көйгөйүмдү түшүнө албайт го деген ойдо токтоп калдым. Курбу болуп жүргөндөн бери кыйла убакыт болсо да, акыркы кезде көз караштарыбыз дал келбей жүрөт. Байкабай капканга түшүп калганыңды эң жакын курбуңа да түшүндүрө албасаң, кандай өкүнүчтүү?

Сөзүмдү эмнеден баштаарымды билбей бир топко чейин турдум да, акыры болгон күчүмдү жыйнап, акырындан жиптин учун кылтыйтып чыгара баштадым:

— Мен… менчи түймө, сайма сыяктуу нерселерди өлгүдөй жек көрөм. Мындай иштер колумдан да анча келе бербейт. Анын үстүнө бүт өмүрүмдү ага арноону каалабайм, – дедим.

— Анан эмне кылайын деп жатасың? – деди Лула.

— Азырынча өзүм деле билбейм.

— Харботтл айымдай мугалим болгуң келеби? Анда турмушка чыкпай жүрүшүң керек. Анан турмушка чыкпай кантип жашамак элең?

— Билбейм.

— Баарынын тең өз үй-бүлөлөрү болуш керек, туурабы? – деп Лула ойлоно түштү. – Же Мэгги Медлинге окшоп телефончу болуп иштейин деп чечтиңби? Тилекке каршы, ал да бойдок. Бирок айлыгы көп. Албетте, өзүң акча тапканга не жетсин…

— Чынын айтсам, азырынча эмнени каалларымды өзүм деле билбейм, – дедим.

Сөзүмдү айтып бүтө электе, оюма бир нерсе кылт эте түштү. Айлана жапжарык боло түшкөндөй сезилди. Каалаган нерсемди эми таап алгандай болдум. Мурда бул ой эмнеге акылыма келген эмес? Бардыгы айдан ачык эле көрүнүп турган нерсе экен. Эми ал каалоомду сыртымдан айтыш керек. Дүйнө жүзүнө кыйкырып, жар салып чыксамбы? Биринчи Лулага айта берсемби?

— Менимче… – деген бойдон апкаарып туруп калдым.

– Менин каалаганым университтете билим алуу.

— Чын элеби? – деди Лула. Анын таң калганын же каршы болуп жатканын ажырата албай турдум. – Мисалы, мен тааныгандардын ичинен бири да университетте окуган эмес. Аа, токтой тур! Харботтл айымчы?

— Жок, ал кесиптик окуу жайды эле бүтүргөн. Ал жакта окуп бүткөндөн кийин сертификат гана берилет.

— Университетте эмне кылышат? – деди Лула.

— Эмне кылмак эле? Окушат, – дедим.

— Эмнени окушат?

— Бары жоктун баарын үйрөнүшөт, – деп компоюп койдум. Чындыгында, университетте эмне кылышарын өзүм деле жарытылуу түшүнчү эмесмин. Оюмдан чыгарып эле урдуруп айтып койдум. Лулага билбейм деп айтып отурмак белем.

— Илимдин түрдүү тармактары боюнча билим алышат. Университетти бүтүргөндөргө атайын диплом берилет, – деп кошумчалап койдум.

Азыр Лула менден «Дипломдун эмне пайдасы бар?» деп сураса эмне деп жооп берем. Өзүмдөн-өзүм эле чочулай баштадым. Луланын берген суроосуна жооп бере албасам, кийин деле менден жыргаткан бирөө чыгаарын Кудай билет деген ойлор келе баштады.

— Лула, кел андан көрө пони минип келебиз, – деп колунан сүйрөдүм. – Жүрү кеттик.

Лула жылмайып, мурдунун үстүндөгү сепкилдей болгон майда терди колу менен аарчып салды да, экөөбүз тиштенчээк понини издеп жөнөдүк. «Така» оюнун ойногон аянтчада

Гарри Ферндин жанынан чыкпай, жагынуунун аракетин кылып жатканын байкадым. Сыягы, кезектеги махабат дастаны башталганы калса керек деп ойлоп койдум.

Эртеден бери пони минип, тажаган балдар менен согуш оюнун ойноону чечтик. Жарандык согуштагы Фредериксбергде жана Чанселлорсвиллдеги катуу салгылаштарды туурап, жыгач кылычтар менен чабышып, замбиректер менен атышымыш болуп ойноп жаттык. Ойногондордун ичинен Сэм Хьюстондон башкасынын баары баатырдык наам берилбегенине таарынышып, оюндун кызыгын кетирип салышты. Сэм Хьюстон баатыр болгусу келбей калганынын өзүнчө себеби бар болчу. Ал бир жолу чоң атамдын китепканасынан согуш мезгилинде тартылган Мэттью Брэдинин жүрөк үшүн алган сүрөттөрүн көрүп алып, андан көрө баатыр деген наамсыз эле жашаган артык экенин түшүнгөн. Оюнчулардын бири да душман тарап болгусу келбегендиктен, кезек менен алмашып ойноого туура келди. Акырында эч ким душман болгусу келбей, бир тарап болуп ойной бергенден тажап кетишти.

Согуш оюну бүтөрү менен дарбыздын данегин алыс түкүрүү боюнча мелдеш уюштурдук. Бул оюнда Ламар алдына эч кимди салган жок.

Эң аягында бири-бирибизге белек тапшырууга кезек келип жетти. Инилерим мага кичинекей баштыкчага салынган кызгылт мыя момпосуй беришти. Сэм Хьюстон бут кийимимди эңкейбей байлаш үчүн атайын таяк, Ламар чымкый кызыл түстөгү, төөнөгүчтөрүмдү сала турган жаздыкча, Гарри «Үй-бүлөлүк шаңдуу ырлар» аттуу музыканын ноталарын белек кы-

лышты. Апам менен атам болсо батист кездемесинен, чекелери тордолгон, аппак көйнөк жана ичине коёндун жүнү салынган үйгө кийген эки тапичке беришти. Анткени, үйгө кийген тапичкелеримдин баары эскирип, батпай калган. Мен болсо ал күндүн себепкерлерине китептин ортосуна салынчу чөп катты өз колум менен Техастын желегин тартып белек кылдым.

Кече аяктап, адаттагыдай эле фейерверк атканга кезек келгенде, баары чарчап, басканга дармандары калбай калганы билинди. Коноктордун арасында ыйлап жатканы, таарынганы, өзүнчө эле боору эзилип күлүп жатканы, чекеси томуюп, көгөрүп калганы да бар. Бул мындай майрамдардын бардыгында эле кездеше турган көрүнүш.

Кетерде карасак Довинин көзүн да бирөөлөр байкабай көгөртө коюшуптур (чынын айтсам, мен эмне болгонун так билбейм, бирок өзүм деле бир муштап калганга каршы эмес болчумун). Акыры ошону көрмөк. Чын тийбес болгон кандай экенин түшүнгөн чыгар.

Коноктор үйлөрүнө тарап кетишкенден кийин, жатканы камынып жатып, апам бөлмөсүнө дарысын алып кирип баратканын көрдүм. Ары жакта баш оорунун дарысын ичип, чекесине муздак чүпүрөктү коюп алып Виола жатты. Ага өмүрүндө биринчи жолу эки күн катары менен дем алыш берилсе керек. Сан-Хуана менен Альберто кайсы жагынан баштап жыйнаарын билбей баштары катып турушту. Альберто понини атканага жетелеп баратып, эртеден бери балдар минип чарчатышкандыктан, күндөгүдөй тиштегенге алы келбей калганына таң калды.

Аптанын аяк ченинде чоң атамдын Остинден буйрутма кылган белеги келди. Килтейген кутуну көрүп, сүйүнүп, баарыбыз чыдамсыздык менен күтүп жаттык. Жаңы алып келгенде баарыбыз кудуңдап кубанып турдук. Бирок дагы бир жолу эскерте кетейин, бул кубанычыбыз көпкө созулган жок.

Кутунун эки жак капталында жел кире тургандай тешиги бар экен. Гарри жыгач кутуну ача баштаганда, далиске баарыбыз үймөлөктөшүп алып күтүп турдук. Бир маалда Гарри кутудан торго салынган тоту кушту алып чыкты. Мындай белек алыш чоң атамдын оюна кайдан келгенин билбейм.

Элестетип жатасызбы, ал жөнөкөй тоту куш болсо бир жөн. Менимче башынан тартып куйругунун учуна чейин үч футтай (кечиресиз, бир метрдей) болот го дейм. Төшү сары, жону көгүлтүр, канаттары ачык кызыл түстөгү укмуштай чоң Амазон тоту кушу экен. Алгач көз жоосун алган коздугуна суктанып бүтө албай жаттык. Көрсө, чоң атам аны Остинден чыккан гезиттердин бириндеги жарыя аркылуу тааптыр. Тоту куштун ээси картайып, кийин каза болгондон кийин кайра сатыкка коюлган экен. Демек, бул деле картаң тоту куш көрүнөт. Мынчалык кооз тоту кушту биринчи жолу көрүшүм. Бирок тумшугу өтө чоң экен. Абайлабаса, жанына жакын барсаң, көзүңдү деле оюп алчудай.

Бир маалда баарыбыз тоту куштун торунун ары жак, бери жагына чыгып таң калып карап жүрсөк, ал кебелбей тумшугу менен илгичти түртүп ачып туруп, сыртка чыгып кетти. Сыягы, бул көнгөн адаты окшойт. Анан учуп барып тордун үстүнө конду да, канаттарын тумшугу менен тазалап, чокчосун

үрпөңдөтүп силкип туруп, башын бир жагына кыйшайтып алып, бизден көзүн албай тиктеп турду.

Аны көргөндөрдүн баары таң калып, ордуларынан жылбай карап турушту. Анткени буга чейин тоту кушту эч кимибиз минтип жанынан көрө элек болчубуз.

Апам таң калып да, балдарына тийбегей эле деп кабатырланып да жатты. Бирок тоту куш апамдын оюн сезгенсип, күтпөгөн жерден бир жолу катуу ышкырып туруп, «Биздин жаштык кездерде, Мэгги» аттуу ырды созолонто ырдай баштады. Ырдын аягын бир топко чейин созуп туруп бүтүрдү. Мына кызык! Бул жөн гана дал келгендикпи же кандайдыр бир сыйкырдуу күчтүн жардамыбы? Тоту куш апамдын аты Маргарет экенин жана бул анын сүйгөн ырларынын бири экенин кайдан билип койду? Ырдап бүтүп, сары көздөрүн топтоголок кылып, тикчийип, ирмебей апамды тиктеп турду. Чындап эле бардыгын алдын ала билген касиети бар болсочу? Дагы жакшы буту чынжыр менен байланып турат.

Тоту куштун аты — Полли экен. Чоң атам төртөөбүздүн туулган күнүбүзгө арнаган белеги болчу. Апамдын көнгөндөн башка аргасы барбы?

Ошентип, ал тоту куш биздикинде жашап калды. Тилекке каршы, көп өтпөй жер которуугa туура келди. Тоту куштун тумшугу уркуйуп, тырмактары оркоюп, капкара болгондуктан кишинин жүрөгүнүн үшүн алып турчу. Сырткы кебетеси эле жүрөктү түшүргөн каардуу болсо жакшы эмеспи, бара-бара өзүнүн да ачуусу тумшугунун учунда экени байкала баштады. Атам менен апамдан тартып, майда балдар, мышык, күчүгү-

бүзгө чейин жүрөктөрүн түшүрүп бүттү. Бирок бирибиздин оюбузга дагы бутуна байланган чынжырды чечип койгон келген жок.

Жанына тамак же суу койгону, алдына салган кагазды алмаштырганы эле барбасак, баары бир чакырым алыс жерден айланып өтүүгө аракет кылчу болушту. Качан көрбө тумшугун тордун ичине илинген моллюсканын кабыгына сүртүп жатчу. Моллюсканын кабыгын жакын жерден көргөнгө жакшы эле кызыктым, бирок тордун жанына барганга даабай койдум.

Байкашымча, Полли жалгыздыкты жакшы көрөт экен. Кечке ар нерсени күңкүлдөп сүйлөп, деңизчилердин ырларын бир обонго салып ырдап, ышкыргандан эч бир тажабайт. Кээде байкабай турсаң, үрөйдү учуруп, чаңырып жиберген адаты бар.

Барган сайын андан тажап, торунун үстүн чүпүрөк менен жаап койчу болдук. Үйдөгүлөр тоту куштан тажап, көрөйүн деген көздөрү калбай калды. Бирок белекке келгендиктен, бири дагы ачык айта албай жүрдү. Кутула турган күндү күтүп, чыдагандан башка арга калган жок.

Бир күнү асмандан тилеп жүргөн нерсебиз жерден табылды. Апам чакырган коноктордун бири, Пертл айым келгенде тоту куш көнүмүш адатына салып, сөксө керек. Эмне дегенин даана билбейм, айтор Альберто тоту куштун торун энтеңдеген бойдон атамдын конторасына жеткирип, анан О'Фланаган мырзага берип салып кутулушту.

Менин угушумча башкарманын жардамчысы болуп иштеп жүргөн О'Фланаган мырза мурда соода флотунда деңизчи болгон экен. Өзү ушундай чоң куштарды жакшы көрчү дешет. Мурда Эдгар Аллан деген бакма каргасы бар болчу экен. Каргасы картайганча «Эч качан» деген сөздү үйрөтүүгө аракет кылып келиптир. Бирок каргасы бир да жолу ооз ачпастан, картайганда бир гана ирет «чайк» этип туруп, туурасынан кулаган бойдон кете бериптир. Тоту кушубуз сүйлөрүн угуп алып, төбөсү көккө жеткенче сүйүнүптүр. О'Фланаган мырза өзү деле чейрек өмүрүн туздуу сууда өткөргөндүктөнбү, тамаша сүйлөгөндү жактырчу эмес. Полли экөөнүн кызыкчылыгы бир, жактырган ырлары окшош болгондуктан, издешпей табышкандай эле болду. Эртеден кечке экөө жалгыз үйдөн чыкпай ырдай бергенден жадашчу эмес.

Чоң атам тымпыйып, тоту куш тууралуу кеп козгобогонуна караганда, андан кутулганына бизден бетер сүйүнүп жүрөт окшойт.

# 21-БӨЛҮМ

# ТУКУМ УЛОО САЛТЫ

**Тандоо ыкмасын бардык үй-бүлө мүчөлөрүнө, анын ичинде жеке адамга да колдонууга болот. Анын жардамы менен каалаган натыйжага жетишүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.**

Гарри менен Ферн Спитти жакындан тааныштыруунун жолдорун издей башташты. Бул ачык түрдө эмес, бүдөмүк түрдө ишке ашырылды. Тагыраак айтканда, Гейтстердин жээни Ферн эки жумага капыстан конокко келип калгандыктан, Гарри экөөнү кечки тамакка чакырып коёлу деп шылтоо кылышты.

Гудекер Минерва айым менен Гарри кол үзүшкөндөн бери туура эки айдын жүзү болгон. Андан бери Гарри акырындап өзүнө келип, жараланган жүрөгү айыга баштаган. Сыягы, Ферн айым Локхарттагы элдин арасына жаңыдан чыгып, ылайыктуу жигиттерге көз салып жүрсө керек. Локхарт Остин шаарынан кыйла кичине болгондугуна карабастан, жылдын башынан бери беш жаңы үй-бүлө пайда болуп, бакубат жашап жатышат. Муну кыздарын жакшы жерге берүүгө кам көргөн апалардын эмгегинин үзүрү десек болот. Башкача айтканда, кыздарын соодалашып жатып сатканга эле бара-

бар. Апам ушул сыяктуу жаңылыктарды Локхарттан чыккан жергиликтүү гезиттерден жолуктуруп калганда көздөрү жалжылдай түшчү болду. Апамдын ою дароо мага кеткенинен күмөнүм жок.

Ошентип Ферн айымды жолуктургандан бери Гарринин жасанып-түсөнмөйү кайра башталды. Өтүгүн күзгүдөй кылып жалтырата майлап, кийимин кычырата үтүктөп алып, конокко кетти. Биздин Гарри абдан келишимдүү, бир топ жигиттин алды болгондуктан, аны көргөн кыздар жактырбай койбойт.

Эртеси болгон жаңылыкты мага Лула төкпөй-чачпай айтып келди. Кыскасы, Гарри менен Ферн тамактан кийин сыртка чыгышып, жарым сааттай асма отургучта сүйлөшүп отурушканын айтты. Демек, оолак, караңгы жерде отурган болушса, аларга чиркейлерден башка тоскоолдук кылган эч ким болбосо керек.

— Анан кучакташыптырбы? – деп сурадым. Кучакташкан эмне экенин өзүм деле жакшы билбегендиктен, Лула билсе керек деген үмүттө сурап койдум.

— Эмне дейсиң? – деди Лула. – Эмнени айтып жатасың?

— Кулагына бир нерсе деп шыбыраптырбы? – дедим.

— Аа? – деди Лула. – Эмнени шыбырадыбы дейсиң? Бир нерсе деп шыбыраганын кайдан билмек элем?

— Болуптур анда. Ферндин колун кармадыбы? – дедим.

— Мен өзүм көргөн жокмун да, – деди Лула.

— Анан өбүшүшүптүрбү? – деп ачык эле сураганга өттүм.

— Эмнелерди эле айтып жатасың? – деп Луланын ачуусу келе түштү. – Ой, Кэлли! Алар бири-бирин али жакшы таа-ный элек да!

— Туура айтасың, Лула. Мен аны түшүнүп турам. Бирок адамдар кээде бири-бирин өпкөнүн көрүп калчумун. Өбүш-көнүн көрдүңбү деп жөн эле сурап койдум. Ага анча эмне кызаңдадың? – дедим.

Лула кызарып-татарып, мурдунун үстү ого бетер тердеп чыкты. (Күндөлүккө жаза турган суроо: Эмне себептен Лула-нын мурду тердей берет? Башкалардыкы эмнеге тердебейт?)

Лула чөнтөгүнөн бет аарчысын алып чыгып, мурдунун үстүн аарчып койду.

— Сен антип сураганга кантип дитиң барды? – деди Лула.

— Сураган себебим, кеп менин бир тууган агам тууралуу болуп жатат. Ферн менен качып кетип, жашырын үйлөнүп албасын деп тынчсызданып жаткам. Аа, баса. Ферн сенин таежең болуп калат, ээ? Анда экөөбүз тууган болуп калышы-быз мүмкүнбү? Ишене албай турам. Чын эле тууган болуп калсакчы? – дедим.

Гарринин ишине кийлигишпешим керек экенин билип эле турам. Мен үчүн өткөндөгү окуя жакшы эле сабак бол-гон. Бирок, бирөө-жарым аны көрүп калып, мага айтып келе турган болсо, анда…

— Лула, сен күйөө тууралуу ойлонуп көрдүң беле? – дедим.

— Мүмкүн. Ал тууралуу бардык эле кыздар ойлонот бо-луш керек, – деди Лула.

— Турмушка чыкканда күйөөң өпсө унчукпай, кайра аны да өбүшүң керек, – дедим.

— Жок, жок, – деди Лула.

— Жок эмес. Ошентиш керек, – дедим. Баарын билген адамдай түр кылып башымды ийкеп койдум. – Ошондуктан чогуу жашап жүрүшөт да.

— Сөзсүз өбүш керекпи? – деди Лула.

— Ооба. Мыйзамга баш ийиш керек, – дедим.

— Андай мыйзам тууралуу укпаптырмын, – деп Лула ишенбей турду.

— Сен кандайча уккан жоксуң? Бул Техастын белгилүү мыйзамдарынын бири. Баса, менин бир туугандарым сага көз салып жүргөнүн билчү белең?

Оозумдан бул сөз кантип чыгып кеткенин байкабай калдым. Үчөөнө тең оозумдан чыгарбайм деп сөз бергеним эсиме түштү.

— Ий, шайтан алгырдыкы! Сага айтпашым керек болчу, – дедим.

— Кэлли, тилденбечи, – деп Лула айткан сөзүмө таң калып калды.

— Кечирип койчу, Лула. Бул сыр бойдон калышы керек болчу. Азыр айткандарымды унутуп эле койчу! – деп чыйпылыктай баштадым.

— Кимиси көз салып жүрөт? – деп Лула апкаарый түштү.

— Кимиси дегениң кандай?

— Меничи… мени жактырып калган кимиси деп жатам.

— Кана, өзүң тапчы. Негизи мен сага айтпашым керек

болчу, – дедим.

Бул сырды кечке кантип ичиме сактап жүрө бермек элем. Менимче, Луланын билгени дурус эле го дейм.

— Болуптур, мынча болду аягына чейин айта берейин. Ламар, Сэм Хьюстон жана Тревис үчөө сага ашык болуп жүрүшөт, – деп балп эткизе айтып салдым.

— Оо, Жараткан! – деп Луланын жүзү албыра түштү.

— Менимче, арасынан эми бирөөнү тандашың керек. Айтсаң, сага кимиси көбүрөөк жагат? – дедим.

— Мен… билбейм, – деди Лула.

— Койчу. Бирөө да жакпайбы? Сени жакшы түшүнөм. Сенин ордуңда мен болсом деле ушинтмек болушум керек. Айтсаң, сенин оюңча алардын ичинен кимиси эң келишимдүү? Гарри го сени жактыргандардын ичинде жок, – дедим.

— Жалпы жонунан баары эле жакшынакай, – деп Лула ого бетер кыпкызыл болуп чыкты.

— Туура, баары тең жакшынакай. Бирок сага кимиси көбүрөөк жагат?

— Баары эле жагат.

— Аа, жакшы. Сен кимисин жактырарыңды айтпайсыңбы, – дедим.

Лула жооп бербестен мурдунун үстүн аарчый баштады.

— Сенин ордуңда болсом, эч ойлонбостон Тревисти тандамакмын. Үчөөнүн ичинен эң мыктысы — Тревис. Менимче анын жүзүнөн өпсөң да жагымдуураак болсо керек. Негизи өпкөндү баары эле жактырат окшойт. Болбосо, өөп эмне Кудайдын азабы, туура айтамбы? – дедим.

— Менин апам менен атама жакпаса керек. Бири-бирин өпкөнүн такыр көргөн эмесмин, – деди Лула.

— Менин ата-энем Исанын туулган күнү майрамында бирин-бири бетинен өөп куттукташат. Бир жолу кечинде далистин караңгы жерине жеткенде атам апамдын белинен кыса кучактап, өпкөнү жатканын көргөм, – дедим.

Фермада жашагандын бир жери, мүнөт сайын эле же тоок, же чочко, же уй же мышык тууган болот. Улам чоңойгон сайын менде алар кайдан пайда болот деген ой келе баштады. Иттер жана мышыктар болсо качан көрбөйүн, караңгыда жандары тынбай эле кубалашып жүрүшөт.

Ар кайсыны ойлонуп кетип, Луланын эмне дегенин укпай калдым.

— Лула, жаңы эле эмне дедиң? – дедим.

— Жанаачы… Тревис… мени жактырат деп жаттың беле? — деди Лула.

— Ооба. Менимче Тревисти эле тандаганың оң. Беркилердин ичинен эң мыктысы эле — Тревис, – дедим.

— Бирок, бир жаман жери Тревис менден кичүү да. Мен он экиге толдум, Тревис болсо араң он бирге чыкты, – деди Лула.

— Ооба, – дедим сыр билгизбей.

Анткени, Тревис онго эле чыккан. Тревистин алгачкы сүйүүсүнө тоскоол болбой, жашы тууралуу айтпай эле коёюн деп чечтим.

— Лула, эми сага айтарым, эч кимге оозуңдан чыгарба. Кыскасы, сен эч нерсе билбейсиң, мен да сага эч нерсе айткан жокмун. Анан айтып салып жүрбө? – дедим.

Лула эч кимге айтпайм деп сөз берди. Үч жолу түкүртүп коёюн деп, аша чаап кетпейин дедим.

Кечинде үйгө келсем, Гарри бирөөгө кат жазып отуруптур.

— Салам, Кэлли! – деди Гарри.

— Сиз кыздын бетинен өөп көрдүңүз беле? – дедим.

— Аны эми эмнеге сурап жатасың? – деп Гарри таң кала түштү.

— Жөн эле кандай болот деп кызыгып жаткам, – дедим.

— Бир эле жолу өөп көргөм, – деп Гарри жылмайып койду. – Мага жаккан.

— Эмнеси жакты эле?

— Аны чоңойгондо өзүң түшүнөсүң.

— Кимди өпкөнүңүздү айтсаңыз.

— Кэлли, мен аны сага айта албайм. Эркектер андай нерселерди айтпайт.

— Эмне үчүн? Мага айта берсеңиз болот. Мен сырды жакшы катам, – деп айткан сөзүмдөн кайра күмөн санай түштүм. – Минерва Гудекерди өптүңүз беле?

— Жок, аны эмес. Аны колунан гана кармагам.

— Анан кандай болду эле? Жакты беле?

— Ооба, жаккан. Эми, бар кетчи нары, – деди Гарри.

— Эмнеси жакканын айтпайсызбы? – дедим.

— Бар кет деп жатпаймынбы. Сен жаман кызсың. Мени жалгыз калтырып кетчи, – деди.

Менимче, Гудекер айымды эстеп, жараланган жүрөгү кайра ооруй түштү окшойт.

— Аны дагы эле ойлоп, санааркап жүрөсүзбү? Эмне үш-

күрүгүңүз таш жарып калган? – дедим.

Эгер Минерва Гудекер айымдан биротоло кутулган болсок, Гарринин бул үшкүрүгүн жөн гана романтика катары кабыл алса болот.

— Ооба, бир кезде катуу убайым тарттым, – деди Гарри.

— Азырчы?

— Азыр өтүп кетти. Эми мени жайыма коюп, бар кетчи.

Шарт бурулуп кетип баратсам, Гарри кайра чакырып алып, такып сурай баштады:

— Токтосоң. Эмне эле анча кызыгып сурап калгансың? Жигит таап алдыңбы? Алгачкы сүйүүң болсо керек, ээ? Бизден жашырып жүргөн окшойсуң?

— Жо-о-о-к, жок, жок, – деп чыдай албай күлүп жибердим. — Жок, деп жатпаймынбы.

— Эмне үчүн жок? Кэлли, бир күнү сенин артыңдан хрусталь туфли көтөрүп бир ханзада келери ажеп эмес, – деди Гарри.

— Антип айтпаңызчы, – деп байкемдин моюнунан бекем кучактап алдым. Негедир көзүмө жаш тегерене түштү. – Адамдар эмне себептен баш кошушат? Мен да сөзсүз турмушка чыгышым керекпи? Өмүр бою эч кимибиз эч жакка кетпей чогуу жашай берсек болбойбу?

— Ага азырынча башыңды оорутпай эле кой, бөбөгүм. Убагы келгенде баарын өзүң түшүнөсүң, – деди Гарри.

— Эмнеге баары эле «убагы келгенде» дей беришет, – деп башымды Гарринин бооруна жөлөдүм. – Ушинтип айта бергендеринен тажап кеттим.

— Бир кезде мага деле ушинтип айта беришчү.

— Сизге да айтышчу беле? – дедим.

— Албетте, айтканда кыжырыңды келтирерин билем. Элдин баарына эле ушинтип айтышат. Мен дагы кур калбай айтып калайын деп жатпаймынбы. Кел, чачыңды саксайтпай тарап берейинчи.

— Гарри, – деп ар бир сөзүмдү иргеп айтканга аракет кылып жаттым. – Сиздин оюңузча… мен мугалим боло аламбы?

— Мугалим дейсиңби? Чын эле мугалим болоюн деген оюң барбы? – деди чачыма бантымды тагып жатып.

Башкалар тургай Гарри менен да кыялдарым тууралуу бөлүшүүдөн тартынып турдум.

— Кандай дейсиз, менин колумдан мугалим болгон келеби?

— Эмнеге келбесин? Апам менен атама бул оюңду айттың беле?

Гарринин бул суроосуна жооп берген жокмун.

— Бирок… и-и… билбей жатам…телефон оператору болсомчу? – дедим.

— Колуң узарып өсүп кетсе, эмнеге болбосун? Бантигиңди жакшылап байлаганча кыймылдабай тура турчу. Ии, болду эми, – деди Гарри.

— Гарри…мм…сиздин оюңузча менден…, – деп ойлонуп туруп калдым. Оюмду топтоп, кайра сурадым. – Кандай дейсиз, менден илимпоз чыгабы?

— Илимпозбу? Аны айтыш кыйыныраак го дейм, туура айтамбы?

Гаррини тикирейип тиктеп турдум. Анткени, олуттуу

суроо чечилип жатканда, көздү тике караш керек деп угуп калгам.

— Түшүнүктүү. Бул да чоң атамдын таасири экен, ээ? Башыңды айлантып салган жок беле? Чоң атамдын жанынан чыкпай кечке жүрө бергениңдин натыйжасы. Кэлли, чынын айтсам, илимпоз деген кол жеткис нерсе. Андайды элестетүү да өтө кыйын, – деди Гарри.

— Эмнеге? – дедим өзүмдү токтотуп. – Анын эмнеси кол жеткис экен?

— Ушул маалга чейин аялдардын илимпоз болгонун уга элекмин. Кантип жан сактайсың? Каякка барып иштейсиң? Менимче, турмушка чыгып, очор-бачар болгондон кийин эле, бул кыялдарыңдын баары унутулат. Өз үйүңдүн болушун каалайсың да, туурабы?

— Ансыз деле өз үйүмдө эле жашап жатпаймынбы, – дедим анча түшүнө бербей.

— Менин сөзүмдүн төркүнүн түшүнгөн жок окшойсуң, – деди Гарри.

— Гарри, эгер мен чындап илимпоз болом деген чечим кабыл алсам, мага жардам бере аласызбы? – деп агамдын көзүн кайрадан тигиле карадым.

— Эмне жардам кылганды айтып жатасың?

— Азырынча өзүм деле билбейм, – дедим. Себеби, ал тууралуу эч кандай планым деле жок болчу. – Кадимкидей эле, жардам. Керек болуп калса деп жатам.

— Эмне деп жооп беремди билбей турам, алтыным. Бирок «жок» деген жокмун, – деп сөзүн оңдоп койду. – Чынын

айтсам, сенин эмне каалаганыңды анча түшүнгөн жокмун.

— Мен үчүн бул абдан олуттуу нерсе..., – дедим мукактанып.

— Албетте, колумдан келген жардамымды сенден аябайм. Сен мени өзүң жакшы билесиң. Мындай жардамга татыктуу болбосоң да жардамымды эч аябайм. Гудекер айым тууралуу бакан ооздонгонуңду билип калганыма карабастан, жардамымды аябайм. Бар эми, бөлмөңө. Мен бул катты аягына чейин жазып алайын, – деди Гарри.

Кат тууралуу угарым менен сүйүнүп кетип, сөздү башкага бура баштадым.

— Бул ашыктык тууралуу катпы? – дедим.

— Сенин ишиң болбосун.

— Ферн Спиттиге жазып жатасызбы?

— Мен сени жолуңа түш дебедимби, – деди Гарри.

Ошентип, Гарри мага жардам берер-бербеси тууралуу ачык айтпай койду. Бул тууралуу чоң атама айтып көрүшүм керек. Лула менен Гарриге айтып көрүп, көнүгүп калдым окшойт. Эми тайсалдабай айта берем. Бир чети чоң атама айтпай, кийинкиге калтыра бергенде да болбойт.

Гаррини төбөсүнөн жыттап алдым да, сыртты көздөй жөнөдүм. Үйдөгүлөрдүн баары адатынча жаркырак коңуздарды карап, чурулдап сыртта жүрүшүптүр. Бирок күндүн илеби кайтып калганга чымын-чиркейлер да азая түшкөнү байкалды. Жай бою «Фентресс жаркырак коңузу» аттуу медалды улам бирибиз сүйрөп тагынып жүрүп, жиби эскирип, үзүлөйүн деп калыптыр.

Далистин аркы башында чоң атам отургучунда термелип отурду. Жалгыз отурганын көрүп сүйүнүп кеттим. Колума күндөлүгүм менен калемимди кармап алып, акырын жанына отургучту коюп отурганга камындым. Чоң атамдын тамеки тартканын байкап турсам, учу куду жыркырак коңузга окшоп, жылтырап күйүп турат экен. Азыр жаркырак коңуздардын баары чогулуп келип, чоң атамдын тамекисин айланып кетпей койсо эмне кылабыз? (Кайрадан күндөлүккө жаза турган суроо пайда болду: Жаркырак коңуздар күйгөн тамекини өздөрүнө окшоштуруп алышы мүмкүнбү? Эгер тамекини жаңылышып окшоштуруп алышса, коркунучка дуушар болушу мүмкүн.)

Ошентип чоң атам өзү сөз баштаганча, унчукпай күтүп отурдум.

— Кэлпурния, менин отургучумда эмне өчүң бар эле? – деди чоң атам күтүлбөгөн жерден.

Карасам, байкабай чоң атамдын термелген отургучунун капталын калем менен чукулап атып, тешип салыптырмын.

— Сени канчадан бери көрө элекмин? – деди чоң атам.

— Тамак жасаганды үйрөтөбүз деп колумду бошотпой жатышпайбы. Турмушка чыкканча үйрөнсүн деп жатышат окшойт, – дедим.

— Аа, туура. Ар бир адам баласы өз эмгегинин натыйжасын көрүп кубанат эмеспи, – деди чоң атам.

— Мен сизден мактоо сөз угайын деп айтып жаткан жокмун, – деп муңая түштүм.

Чоң атам экөөбүз дагы бир топко чейин унчукпай отурдук. Кызыл ашыгыма бир чиркей конуп алып, чагып атканы

сезилди. Ага ого бетер кыжырым кайнап чыкты. Бир маалда канымды тоё ичип алып, учуп кеткенин байкабай калыптырмын. Анан каалгый учуп келип, жерге конгонун көрүп, бут менен тебелеп салдым. Өйдө учайын деп, ач көздөнүп канымды соро берип, курсагын көтөрө албай калса керек. Бутум менен бассам, былч деп, полго каны чачырай түштү. Эх, кайран, чиркей! Ач көздүк түбүңө жетти окшойт. Дароо ач көздүк тууралуу ойлоно баштадым. Албетте, дүйнөдө жакшы нерселер абдан көп. Бирок, жаманга мисал катары бул жерде жаткан чиркейди келтирсек болот. Бул чиркей (тагыраак айтканда, ургаачы чиркей), балким, тамак таап жеген жагынан алдына эч кимди салбаган болуш керек, бирок ач көздүгү минтип түбүнө жетип, жаш бойдон бөөдө өлүп отурат. Ага кайгырып, көз жаштарын төгүп, аны тегеректеп ыйлай турган неберелерин да көрбөй калды. Кызык, чиркейлердин жашоосу деле адамдардыкы сыяктуу шарттaшкан болду бекен? Бирок булардын баарын ойлоно берүүнүн кажети жок. Андан көрө чоң атамдын пикирин күтүп турайын. Балким, чоң атам да аял киши өмүр бою үй иштери менен гана алектениши керектигин айтар.

Ошол маалда далистин берки башында Тревис жаркырак коңузду биринчи көрүп, сыйлык алып жатканын көрдүм. Чоң атамды күтө берип чарчаганда катуу жөтөлүмүш болуп:

— Чоң ата…, – деп андан башка эч нерсе айта албай токтоп калдым.

— Угуп жатам, Кэлпурния, – деди чоң атам.

— Кыздарчы… кыздар деген илимпоз боло алабы? – де-

дим. Үнүмдүн калтырап жатканын чоң атам байкамаксанга салып койду. – Же боло алышпайбы?

Чоң атам тамекисин соруп, чогун күл табакка түшүрдү да:

— Апаң менен атаңдан сурап көрдүңбү? – деди чоң атам.

— Жок, сураган жокмун. Эмне деп сурамак элем? Сураган оюма да келген жок, – дедим.

— Менимче, бул тууралуу алар да өз пикирин айтышы керек. Кандай дейсиң? – деди чоң атам.

— Апам менен атам эмне дээрин билип турам, – деп муңая түшкөнүм үнүмдөн билинип калды. – Ашканадан чыкпай калганымдын себебин эми түшүндүңүзбү? Сизге бул суроону берип жатканымдын себеби да ошол.

— Түшүнүктүү. Эсиңдеби баягы өзөндүн жээгинде отурганда Коперник жана Ньютон тууралуу сүйлөшпөдүк беле?

— Албетте, эсимде, – дедим.

Андай нерселер унутулбаса керек.

— Ошондо Кюри аттуу айым жаңы элементти ачкандыгы тууралуу сөз кылганым эсиңдеби? Андан тышкары Максвелл айымдын шынаабаш үкүлөрдү изилдегени тууралуу айтып бергем, – деди чоң атам.

— Эсимде жок, – дедим.

— Ковалевская деген айымдын теңдемелери тууралуу айткандарымчы? Бёрд айымдын Сандвич аралына саякаты тууралуучу?

— Эстей албай жатам.

— Абдан баалуу маалыматтарды кулагыңдын сыртынан кетиргениңди байкадыңбы? – деп чоң атам күңгүрөнүп койду.

Ызаланып, көзүмө жаш тегерене түштү. Мен анчалык баалуу эмне жаңылыкты укпай калдым экен?

— Кэлпурния, мени кечирип кой, – деди чоң атам. – Бул менден кеткен ката. Мектебиңердин окуу системасын айтып бергенден кийин өзүм деле ойлонушум керек болчу. Мектепте илимдин олуттуу тармактарына көңүл бурулбагандыгын айтып бергениңде деле анча маани бербептирмин. Андан көрө, кел азыр сага аял окумуштуулар тууралуу жакшылап айтып берейин.

Чоң атамдын ар бир сөзүн кыя кетирбей акылыма түйүп алганга аракет кылып жаттым. Дүйнөгө болгон көз карашыма чоң атам кадимкидей өзгөртүү киргизгендей сезилди. Бирок чоң атам аял окумуштуулар тууралуу айтып берип жатканда бир аз күмөн санап тургандай көрүндү. Балким, мага жөн гана ошондой сезилгендир?

Жатар маал болду. Апам баарына бейпил түн каалап, жаткандын камын көрө баштады. Акыркы кезде, чоң атам экөөбүз дал сөздүн кызуусуна кирип калганда сөзсүз бирөө тоскоол болорун байкачу болдум. Жайма-жай отуруп сүйлөшө албай калдык.

Ошол күнү баарыбыз бир добуштан «Фентресстин жаркырак коңузу» аттуу медаль менен кийинки жайга чейин кош айтышып, 1899-жылдын жай мезгилин расмий түрдө жабык деп жарыяладык.

Ал кечте Тревис көргөн жаркырак коңуз жайдын эң акыркыларынан болсо керек. Келерки жайда жаркырак коңуздар кайрадан чыгарын билип турсам деле, негедир алар таптакыр

жок болуп кетчүдөй сезим пайда болуп, кыжалат болуп турдум. Бирок алиги жаркырак коңуз башкалардан артта калып, жалгыз калган болсо өтө аянычтуу. Кокус минтип жалгыз калып калсаң, маа демектен колуңа фонарь кармап алып булгаласаң да эч ким көрбөсө керек. Бирок бул дүйнөдө кулк-мүнөзү мага окшош киши бар болду экенби? Же мен жалгызмынбы? Дүйнөдө мага окшогондор бар экенинен шегим жок.

# 22-БӨЛҮМ

# АЛКЫШ КҮНҮ

**Үй түркүмдөрүнө таандык мыкты өзгөчөлүктөрдүн бири алардын тез адаптация[38] болушу, болгондо да жаныбардын же өсүмдүктүн өз пайдасы үчүн эмес, адам баласынын муктаждыгына жана каалоосуна жараша ылайыкташуусу.**

Эртеси күндөгүдөн эрте турдум. Көзүмдү ача элек жатып, кандайдыр бир өзгөрүү болгонун жүрөгүм сезип турду. Кызык, ал кандай өзгөрүү болду экен? Анын үстүнө абдан үшүп, чыйрыгып калыптырмын. Ойгонсом, көк муштум болуп тоңуп калгандай сезилди! Күн дароо сууп, абанын температурасы түндө кескин төмөндөп кетсе керек. Амарилло түздүгүнөн келген агымга окшоп турат. Үшүгөндөн колдорумдун үстүлөрү да бүдүрөйүп чыгыптыр. Бөлмөмдүн ары жак, бери жагынан жууркан издеп таппай койдум. Аптаптуу жайдан кийин, суук эрте келет деген эч кимдин оюна келген эмес. Анын үстүнө кышка эч ким кам көрүп баштай элек болчу. Бөлмөнүн ичи суугураак болгондуктан, уйкум дароо ачылып, өзүмдү сергек сездим. Үстүмдөгү шейшепти нары ыргытып, бир сыйра керилип алдым. Жалаңкат шейшеп менен дагы

[38] Организмдин айлана-чөйрөнүн шартына ийкемделиши.

бир аз жата турсам, калтырап баштамак болдум бекен? Бирок аны тажрыйбадан өткөргөнгө азыр убакыт жок. Себеби, мени алдыда жаркыраган сонун күн күтүп турат.

Кийимдеримдин арасынан жылуусун таппай коюп, жайкы жука көйнөкчөн ылдый жакка түштүм. Ашканадан Виоланын «Мажүрүм талдын бутактары ийиилгенде» аттуу ырды кыңылдап ырдап жатканы угулду. Кирсем, жаңыдан мешке от тамызып жатыптыр. Нары жакта Идабель аттуу мышыгыбыз муштумдай болуп түйүлүп жатып алыптыр. Артымдан ашканага кашемир[39] шалы жоолугун көйнөгүнүн үстүнөн жамынып алып апам кирди. Шалы жоолугу алыстан келатканда эле камфара[40] жыттана баштады. Атам менен апам жаңы үйлөнгөндө, бал айын Галвестондо өткөзүшкөн экен. Ошол жактан атам ушул шалы жоолукту апама белек кылыптыр. Элдердин айтымында Галвестон шаары соода борбору болуп эсептелчү. Ал жерге дүйнөнүн бардык булуң бурчунан товар алып келишкендиктен, бар-жоктун баарын тапса болот экен.

Апам ал шалы жоолукту жамынып чыккан сайын атам:

— Наристенин денесине окшоп жупжумшак болуп турганын кара, – деп көзүн кысып койчу.

Апам болсо оңтойсузданып, жүзү албырып чыкчу. Күбө менен чычкандан коруу үчүн, арасына түрдүү дарыларды сала берип, бир бөтөлкө сасык атыр куюп койгондой жыт сиңип калган. Жазга чейин салынып жүрүп жыты бир аз кете түшчү.

---

[39] Жүндөн токулган жука кездеменин бир түрү.

[40] Медицинада жана техникада колдонула турган тунук жана абдан жыттуу зат. Жүндөн жасалган буюмдарга күбө түшүрбөө үчүн да колдонулат.

Бирок жай келери менен кайра эле баягы дарыларды салып туруп, жыйнаганга туура келчү.

Эртең менен Виола жасаган пекан жаңгагы кошулган таттуу токоч менен кайнатылган ширени бир заматта ичип койдук. Чоң атам болсо китепканада жаткан оңуп кеткен кышкы пальтосун Сан-Хуанага тазалатканга көтөрө келиптир. Аны кайра-кайра бензол менен сүртө берип, чоң атам өтүп баратканда да лабораториянын ичиндегидей жыт келип турчу.

Үйдүн артында жүргөн мышыктар да үшүгөнүнөн бүрүшүп жатып алышыптыр. Аякс менен берки иттерибиз болсо жандары тынбай ары-бери чуркап жүрүшөт. Аба ырайы сууктап кеткенине карабастан, бардыгынын көңүлдөрү куунак, маанайлары көтөрүңкү экенин байкадым.

Узак каникул ичинде мектепти абдан сагынып калсак керек, бири-бирибизден ашып энтеңдеп чуркап, жарышып бараттык. Харботтл айым дагы ал күнү өтө кубанып, эч кимге жаза да берген жок, бурчка да тургузган жок. Сабактан кийин Лула экөөбүз үйгө жеткенче жип менен секирип ойноп бардык. Жайдын ысыгында ал оюнду таптакыр ойнобой калганбыз. Улам жипке чалынып, жыгылып кала жаздап жатканда гана жай ичи боюбуздун өскөнүн жана жиптин кыскарып калганын байкадык. Мектептен кийин узунураак жип кестирип алганы атамдын конторуна бардым. Бирок атам бирөө менен олуттуу бир маселени талкуулап, колу бошобой койгондуктан, О'Флананг мырзага кайрылууга туура келди.

— Кире кой. Албетте, кесип берем. Алгач кирип Полли менен учурашып чык, – деди О'Флананг мырза.

Поллиге жаңы конушу жакса керек, кебетеси кадимкидей оңоло түшүптүр. Бирок түрү баягыдай эле жүрөк түшүрчүдөй болуп, үңүрөйүп отурат.

— Полли өзү картаң болсо да, алдына эч кимди салбайт, – деп О'Фланнанг мырза тоту куштун канатынан сылап койду.

Бери жактан карап туруп, анын ачуусу келип, тырмагы менен колун апчып албагай эле деп кабатырланып турдум. Бирок Полли, тескерисинче, көздөрүн сүзүп, башын О'Фланнанг мырзанын төшүнө жөлөп эркелей баштады. Бир маалда күтүлбөгөн жерден:

— Полли жакшы бала, – деген тоту куштун адамча сүйлөгөн үнү жаңырды.

— Жакшы. Албетте, абдан жакшы бала, – деп О'Фланнанг мырза бери жактан коштоп койду. – Кэлпурния, кааласаң жакын келип, сылап көрсөң болот. Мен болсо барып жип кесип келе коёюн.

Чынын айтсам, тоту кушту сылайын деген деле ниетим жок болчу. Ал тикирейип менден көзүн албай карап турду. Бир туруп чогу үрпөйүп, кайра ылдый жатып калганын байкадым. Бир аздан кийин Полли жапайы мышыкчасынан мага айбат кылып, ызырынып баштаганда, эмне кыларымды билбей кетенчиктеп барып, эшикке жөлөнүп калдым. Дагы жакшы, ошол маалда эшиктен жипти көтөрүп алып О'Фланнанг мырза кирип калды.

— Узунун канчалык кылайын? – деди О'Фланнанг мырза.

О'Фланнанг мырза учурунда келип калганына абдан сүйүнүп жаттым. Эми тоту куш жаңы кожоюн, жаңы конуш

тапканына чындап кубанып турган болсом, биз менен чогуу жашабай калганына эки эсе кубанып турам.

Мектептен келгенден кийин баарыбыз жууркандарды жана кышкы кийимдерди сыртка ташып берип, Сан-Хуана менен Альберто күнгө жайып жатышты. Жеңил жууркандарды чаң чапкыч менен бир сыйра күбүш үчүн кермеге илдик. Үйдүн ичинен буулугуп, кутура баштаганда, апамдан тил укчубуз. Ал эми жууркандарды илип алып каалашыбызча чаң чапкыч менен чапсак боло турганын укканда, бирибизден сала бирибиз жанталашып ташып жүрдүк. Бизге мындай мүмкүнчүлүк табылбай эле тургандай сезилди.

Оор жүн салынган жууркандардын алдына шейшеп салып, күнгө какшысын деп жерге жайып койдук. Ал жууркандарды ит, мышык, тооктордо тебелетпей кезектешип карап жаттык. Апам болсо төшөктөрдүн үстүнө уксус кошулган сууну чачып жүрдү. Төшөктөр күн көрүп, тазарсын деп апам жыл сайын ушинтип жайып, уксус сээп турчу. Апамдын айтканы баарыбыз үчүн мыйзам сыяктуу болгондуктан, ага эч ким каршы чыга албайт.

Менимче ошол кезде апам колунда болгон каражатты пайдаланып жүрсө керек. Мисалы, ал кезде жугуштуу дифтерия же шал жана келте оорулары кеңири жайылып, бирок ооруну алдын алчу ыкмалар жокко эсе болчу. Бактыга жараша, биз Остиндей ири шаарда жашабагандыктан, ал ооруга кабылган жокпуз.

Аба ырайы сууктап баштаганда, элдин баары Алкыш күнү  майрамына камына башташты. Күн жылуу кезде ал

майрамды эч ким деле эстеген эмес.

Ошентип, быйыл майрамга чейин үндүктөрдү бакканды Тревиске табышташты. Анын үстүнө короо жайнаган үндүгүбүз деле жок болчу (Тревис болгону үч үндүктү караш керек болчу). Бир үндүктү өзүбүз союп жесек, экинчисин жумушчуларга, үчүнчүсүн шаар четинде жашаган кедей-кембагалдарга бермекпиз. Бул жыл сайын кайталанган, салтка айланган көрүнүш болчу. Тилекке каршы, милдетти Тревиске жүктөп жатып, абдан чоң ката кетиргенибизди алгач байкаган эмеспиз. Көрсө, балдардын ичинен жаныбарларды сүйгөн, эң жумшак мүнөздүүсүнө ишенип алыптырбыз.

Тревис ошо эле күнү үч үндүккө тең дароо Режи, Том Турка жана Лавиния деген ат коюп койду. Эртеден кечке алардын жандарынан чыкпай, канаттарын чырпык менен кырып, тазалап, жерге чөгөлөп отуруп алып, үндүктөрдөй кукулуктап, бир нерселерди сүйлөшүп жатты. Үндүктөр да Тревиске кайда барса, артынан калбай ээрчип алышып, жаман көнүп алышты.

Башында атам менен апам Тревистин бул жоруктарына анча маани беришкен жок. Бирок баары эле ачык оркоюп көрүнүп, эчак эле сокур жана кулагы керең Хелен Келлер деле байкагыдай болгон.

Ноябрь айынын баштарында Виола экөөбүз үндүктөрдү көрүп коёлу деп короого кирген күндөн тартып, балээнин баары башталды. Сыягы, ага чейин Тревис эч нерседен капарсыз жүрсө керек. Виола экөөбүз короого кирсек, Тревис дөңгөчтүн үстүндө, тизесине Режини отургузуп алып, аны менен

кобурашып сүйлөшүп, колу менен жүгөрү берип отуруптур. Бир маалда маңдайында турган Виоланы көрө коюп:

— Бул жерде эмне кылып жүрөсүң? – деди.

— Тревис, алтыным. Биз бардык нерсени туура кабыл алганга үйрөнүшүбүз керек. Айрым учурда жашоонун ачуу чындыгына баш ийүүгө туура келет, – деп Виола сөз учугун чыгара баштады. – Тревис, калган үндүктөр кайда? Мен аларды көрөйүн дегем.

— Жок, кет бул жерден, – деп Тревис кыйкырып, дароо эле айбат кыла баштады. Тревистин мындай кыялын биринчи көрүшүм. – Тезинен бул жактан кетип кал деп жатам!

Виола короодон чыгып, түз эле апама арызданганы жөнөдү.

— Тревисти бир нерсе кылбасак, үндүктөргө абдан көнүп алыптыр, – деди Виола.

Апам болсо атама барып арыздана баштады.

— Атасы, үндүктөрдү Альбертого өткөзүп берсек кантет? — деди апам.

Атам Тревисти чакыртып, сөз баштады:

— Балам, үй жаныбарларына анчалык көнүп, байланбаш керек. Биз өзүбүз фермада жашасак, анан сен мындай обу жок жосундарды кылганың жарабайт, – деди.

Тревис түз эле мага келип:

— Кэлли, түшүнсөң. Алар менин эң жакын досторум. Мен кантип аларды сойдуруп коюп карап турам? – деп ыйламсырады.

— Тревис, Алкыш күнүндө үндүк союп жеген салтка ай-

ланган нерсе экенин жакшы билесиң да. Үндүктөрдү ошону үчүн багып жүрүшпөйбү. Аны өзүң деле жакшы түшүнсөң керек, – дедим.

— Досторуңду жегенге кантип дитиң барат. Режиге эмне деп айтам, – деп ызасына муунуп, араң чыдап турду.

— Бул тууралуу Режиге айтпай эле койгонуң дурус. Сен кандай дейсиң? – деп кошумчалап койдум.

— Ошенткеним туура болот окшойт, – деди.

Эртеси эртең менен ашканада, Виоланын жанында болчумун. Виола болгон каруусу менен камырды ийлеп жатып, бир заматта эле ийине келтирип койгонун карап таң калып отургам.

— Ии, Кэлпурния. Эмнени ойлонуп жатканыңды ортого саласыңбы? – деди Виола күтүлбөгөн жерден.

— Эмнени айтып жатасыз? – дедим.

— Азыр эмнени ойлонуп жатканыңды айтпасаң деле билип койдум. Баары эле чекеңе жазып койгондой көрүнүп турат, – деди Виола.

Мына кызык! Менин эмнени ойлонуп жатканымды баары билип турушабы?

— Виола, мен Алкыш күнү жана Тревис тууралуу ойлонуп жатам. Эмне айла тапсак экен? Үндүктөрдү сойсок, Тревис үчүн бул катуу сокку болот, – дедим.

— Апаңа бул көйгөй тууралуу айттым, – деди Виола камырдын үстүнө ун себелеп жатып. – Атаң дагы андан кабардар. Мен колумдан келген нерсенин баарын жасадым. Кана, айтчы! Сенин кандай пландарың бар? Кулак сенде.

— Менимче, башынан эле ага үндүктөрдү каратпаш керек болчу. Бул бизден кеткен чоң ката, – дедим.

— Менин ага тиешем жок, – деп Виола мени карады.

— Эмне быйыл Тревистин кезеги беле? – деп бир туугандарымды бирден санай баштадым. – Былтыр үндүктөрдү Сэм Хьюстон караган, мурдагы жылы Ламардын кезеги болчу. Демек, быйыл…быйыл менин кезегим болмок турбайбы.

— Чын элеби? – деди Виола.

Кечке ойлонуп отуруп, Тревистен өзүмдүн кезегимди өткөрүп алууну чечтим. Тревиске караганда мен кантсе да илимий сыноолордун далайын башымдан өткөргөм жана бышып калгам десем болот. Ага салыштырмалуу айрым жандыктар илим үчүн курмандыкка чалынарын, айрымдары минтип Ыраазычылык майрамында союларын жакшы түшүнөм. Ошондуктан, тез арада бул ишти өз колума алышым керек деген бүтүмгө келдим. Бул иш менин колумдан келеринен күмөнүм жок.

Эртеси Тревис үндүктөргө жем берип, үйгө шашып кирип бараткан жеринен токтотуп:

— Тревис, үндүктөрдү деле тооктун бир түрүндөй элестете берсең болот. Тоокторду күн алыс эле союп жеп жатпайбызбы. Тоокторду анча деле аябайбыз да, туурабы? – дедим.

— Каяктагы тоокторду айтып жатасың? Тооктор менен үндүктөрдүн айырмасы асман менен жердей. Мисалы, үндүктөр өз аттарын билишет, күнүгө менин жолумду сагалап тосуп турушат, – деди Тревис.

— Алар тоок эмес экенин мен деле жакшы билем. Бирок

тоок деп элестетип көрсөң, өзүңө жеңилирээк болот деп жатам, – дедим.

Тревис менин айткандарымды ойлонуп туруп калды.

— Же болбосо, үндүктөрдү Полли деп элестетип көрбөйсүңбү. Сен Поллини жаман көрчү элең го. (Поллини үйдөгүлөрдүн эч кимиси жакшы көрчү эмес.)

— Мен Поллиден коркчумун. Ал эми үндүктөрдөн такыр коркпойм. Алар колго абдан көнүп алышты, – деди Тревис.

— Тревис, суранам. Түшүнчү. Үндүктөр менен ойнобой эле койчу. Мен сага чын дилимден айтып жатам. Бул тамаша эмес, – дедим.

Эки күн өтпөй Режи кашаанын капталындагы кичинекей тешиктен качып чыгып кетиптир деген имиш угуп калдык.

Албетте, ага келесоо эле киши ишенбесе, баары Тревистен шек санап жатышты. Тревис караманча кашайып, моюнуна эч нерсе албай койду. Эртеси инимдин уятын чыгарып, үндүк кайра үйдү таап келип алыптыр. Тосмонун жанында адатынча Тревис качан тамак берет деп күтүп отуруптур. Чынын айтсам, андан ары эмне болгонун өз көзүм менен көргөн жокмун. Бирок Ламардын айтымында Тревис ызаланып, өңгүрөп ыйлап, үндүктү жакын жердеги бадалдын арасына айдап, кийирип жибергенге канча аракет кылганы менен, даяр тамакка көнүп калган үндүк кеткиси жок дейт. Альбертого атам кашаанын тешиктеринин баарын бүтөп чык деп буйрук берди. Өзү болсо кашаанын ичин бир сыйра карап чыкты да, экинчи ирет Тревис менен сүйлөшкөнү ээрчитип кетти. Бул жолкусунда сүйлөшүү жабык эшик аркасында өттү.

Майрам жакындаган сайын, Тревистин жүзү кубарып, өң алеттен кетип, тынчсызданып жүрдү.

Мен болсо Гарриден кеңеш сураганы баргам. Бирок анымдан эч кандай майнап чыккан жок.

— Мындай нерсе баарыбыздын эле башыбыздан өткөн, – деди Гарри.

— Бирок Тревистей болуп эч ким үндүктөргө ат койбосо керек. Анын кандай ахыбалда жүргөнүн көрүп жатасызбы? – дедим.

— Бул жолкусунда негизи сенин кезегиң болчу да, туурабы? Сенден эмнеге аттатып кеткенибизди билесиңби? – деди Гарри.

— Ооба, кезегим болчу экенин билем, – дедим.

— Кезегиңди Тревиске берели деген кеңешти атаңа мен бергем.

— Сизби? Эмне себептен?

— Атам экөөбүз сени жандыктарга жакын, ошол себептен сага кыйыныраак болот деген бүтүмгө келгенбиз, – деди Гарри.

— Силердин бул жоругуңарды мен жакшы түшүнө албай турам. Байкуш Тревис айласын таппай кыйналып жүргөнү менен жумушуңар жок, – деп ачуулана түштүм.

— Анан сен кандай сунуш киргизейин деп жатасың? – деп Гарри үшкүрдү.

— Эч кандай айла таппагандан улам сизге келип отурбаймынбы, — дедим.

— Чоң атамдан кеңеш сурап көргөн жоксуңбу? – деди Гарри.

— Жок, чоң атама баргандан тартынып жатам. Анткени, чоң атам көбүнчө жандыктар да жан сактаганга укуктуу деген көз караштагы карманат. Алкыш күнүндө үндүктөр союлбай калып жүрбөсүн, – дедим.

Үйдөгүлөрдүн баары Тревисти сөзгө тартып, көндүргөнгө аракет кылып көрүштү. Тилекке каршы, ал мурдагыдан бетер үндүктөрдүн жанынан чыкпай калды.

Эки күндөн кийин төркү үйдө апам бир нерсе тигип жатканын көрүп, жанына бардым.

— Апаке, менде бир жакшы ой пайда болду. Алкыш күнүндө дасторконго сүрсүгөн эт койсок кандай болот? – деп сөз баштадым.

— Сүрсүгөн эт деген Исанын туулган күнү майрамында желет, – деп апам жамап жаткан жеңди теше карады.

— Сүрсүгөн этти эки жолу жесек эмне болмок эле? Эмне айырмасы бар? – дедим.

Бирок Тревис торопойлорду да жакшы көрөрүн билчүмүн. Бактыга жараша бул жолку төлдө эч кимисине ат койгонго жетише элек болчу.

— Тревис кайдагы бир үндүктөрдү жакшы көрөт экен деп, майрамдык маанайды буза албайм, – деди апам.

Үйдүн ичинде чечимди ар дайым апам кабыл алгандыктан, сөзүн эч ким эки кыла алчу эмес. Бирок болгон күчүмдү жыйнап, дагы бир кичинекей сунуш киргизип көрүүнү туура таптым.

— Апаке, биздин үндүктөрдү башкага алмаштырсак кандай болот? Жок дегенде Тревис өзү баккан үндүктөрдү жебе-

ген болуп калат, – дедим.

— Анын машакаты көп да, – деп апам үшкүрүп койду. – Болуптур, аныңарга макул болоюн. Бирок алардын салмагы биздин үндүктөрдүкү менен бипбирдей болсун. Мага Тревисти жиберип ийчи. Ага бул ойду өзүм айтып көрөйүн.

Короого барсам, Тревис адатынча Режи, Том, Турка жана Лавиниянын маңдайында, топурактын үстүнө чөгөлөп отуруп алып, сүйлөшүп жатканын көрүп:

— Тревис, сени апам чакырып жатат, – дедим.

— Үндүктөр тууралуу сүйлөшөм дейби? – деп жадырай түштү. – Менин чымчыктарым жөнүндөбү? Сойбойбуз дегени жатса керек, ээ? Кудай жалгап, уруксат бергени калган го?

Бир буттап секирген бойдон үйгө кирип кетти.

— Тревис, Алкыш күнүн сөзсүз өткөрөрүбүздү жакшы билесиң. Жаңы эле Кэлли абдан жакшы бир сунуш айтты. Мага бул ой абдан жакты. Эгер дал биздин үндүктөргө окшош үндүктөрдү тапсаңар, алмаштырууга даярбыз. Бирок салмагы бирдей болушу шарт, – деди апам.

— Алмаштыралы дегениңиз кандай? – деди Тревис.

— Сенин үндүктөрүңдү башкаларга берип, алардыкын биз алабыз.

— Анан мен барып көрүп турсам болобу? Чын элеби?

— Жок, алтыным. Көргөнгө болбойт.

— Анда алмаштырыштын эмне кажети бар?

— Майрамда өзүбүздүн эмес, чоочун үндүктү соёбуз. Сен тааныпбаган үндүк болот. Рональдды жеп жатканыбызды каалабайм деп атпайсыңбы, туурабы? – деди апам.

— Режини? – деп Тревис шолоктоп ыйлай баштады.

— Ии, макул. Режини деп коёлучу. Алмаштырсак өзүң да бизге кошулуп үндүктүн этин жейсиң. Сүйлөштүкпү?

— Жок, мен мындай сунушка макул эмесмин, – деп Тревис андан бетер ызаланып ыйлады.

— Жетишет. Барып бети-башыңды жууп кел. Минтип ыйлаганыңды экинчи көрбөйүн, – деп апамдын ачуусу келди.

Кызык, эмнеге Тревистин колун үндүктөрдөн бошотуп, башка жумуш менен алаксытпай карап отурушат билбейм. Балким, бир жумушту аягына чейин чыгарганды үйрөнсүн деп жатышкандыр? Мен билгенден фермада күнүгө жок дегенде бир жаныбар же төрөлөт же өлөт. Негизи эркек болгондон кийин мындай көрүнүшкө эчак көнүп бүтүшү керек болчу. Өтө эле жумшак жана сезимтал болгондун мындай убакта кереги жок. Себеби, турмуш өтө татаал нерсе экенине күбө болуп жатпайбызбы. Фермада жашаган малдын жашоосу кандай татаал экенин айтпай эле коёюн.

Мен өз сунушумду Тревистен башка бир туугандарыма айтып, алар менен чогуу ылайыктуу үндүктөрдү иликтей баштадык. Андан улам биздин шаардын тургундарынын көпчүлүгү үндүккө караганда тоокторду көбүрөөк кармай турганы маалым болду. Акыры тапкан үндүктөрүбүз Тревистикинен бир аз чоңураак болуп чыкты. Сураштырбаган кишибиз калган жок. Мектептегилердин баарына, мэрдин жеке өзүнө, шаардын аркы башында жашаган Альбертонун бир тууғандарынын баарына айтып чыктык. Бак Медлин шаардын аяк-башына тезирээк жайып жиберсин деген үмүттө кагазга жарыя жа-

зып туруп, почтонун сыртына чаптап кеттик. Өзүм баргым келбей, бакан ооз почточу Грасселди сөзгө тартканы Ламарды жиберип ийдим.

Бул планды ишке ашыруу үчүн болгон аракетибизди жумшап, натыйжасын күтүп жаттык. Майрам жакындаган сайын Тревис үңүрөйүп, чүнчүп баратканын сездик. Акыры чоң атама кеңеш сурап кайрылгандан башка айла калбай калды.

— Тревис дегени кайсынысы эле? – деди чоң атам камарабай.

— Он жашка жаңы чыккан уулу. Акыркы кезде бырылдап эле ыйлап жүрөт го. Ошол, – дедим.

— Аа, түшүнүктүү. Эми эстедим. Ага бир нерсе болгонбу же ичинде мите курт барбы деп жүрбөймүнбү, – деди чоң атам.

— Мите курт деле болбосо керек. Апам бизге тынбай эле дары берип турат. Чоң ата, андан көрө бизге кеңешиңизди бериңизчи. Ага кандай жардам кыла алабыз? – дедим.

— Кэлпурния, жашоо менен өлүм жанаша жүрөт. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш жана тастыкталган факт. Аны токтотуу мүмкүн эмес, – деди чоң атам.

— Демек, бизге жардам бере албайм деңизчи, – деп кайрылып кетүүгө камындым. – Албетте, өзүңүз айтып берген жарганаттын бул жерге тиешеси жок дечи. Эгер майрамда ошол жарганатыңызды союп жесек, кандай ахыбалда болот элеңиз?

— Кэлпурния, бул сен үчүн маанилүүбү?

— Жок, Мен үчүн эмес. Бирок Тревис үчүн өтө олуттуу

нерсе. Демек, мен үчүн да мааниси зор дегенди билгизет, – дедим.

— Анда жакшы, – деди чоң атам.

Майрамдын алдында атайын Тревиске келдим.

— Тревис, биз алмаштырганга үч үндүк таптык. Бирок сен ал жерде болбошуң керек. Үндүктөрүң менен алдын ала коштошсоң болот. Бул эң туура чечим деп ойлойм. Мага ишенип кой, – дедим.

— Эмнеси туура, – деди Тревис ыйлагысы келип. – Ойлосом жүрөгүм тимеле тилип салгандай ачышып жатат.

— Андан башка арга жок. Түшүнчү, – дедим.

Тревис караңгы киргенче короодон чыкпай ойлонуп отурду. Мен экинчи кабаттан аны карап турдум. Аягында ар бир үндүктү кучактап чыкты да, башын канатына катып бир топко чейин турду. Бир аздан кийин чуркаган бойдон үйгө кирип кетти. Менин бөлмөмдүн жанынан шолоктоп ыйлап өтүп барып, эшигин тарс жаап алды.

Таңга жуук короодо биздин үндүктөрдүн ордуна башка үндүктөр пайда болуп калыптыр. Түстөрү таптакыр башка, жаңы эле жулмалашкансып, куйрук жагындагы жүндөрү бирин-серин болгон үндүктөр экен. Апам эң негизгиси салмагы бирдей болгонуна эле сүйүнүп турду. Альберто түшкө чейин баштарын кыя чаап союп салды. Ал эми Сан-Хуана жүндөрүн жулуп, тазалап жатты. Үндүктү карап алышып, өздөрүнчө испан тилинде бир нерсени талкуулап жатышты.

Түштө үндүктөр Виоланын колуна түштү. Ал үчөөнүн ичинен бирөөсүн тандап, кечки майрамдык дасторконго бы-

шырышы керек болчу.

Сан-Хуана экөөбүз күмүш идиштердин ичтерин аарчып бүтүп, сандыктан таенем берген гүлдүү кооз сервизди алып чыктык. Сынбасын деп ичтерине саман салып коюшкандыктан, табактарды жакшылап тазалап, сүртүп чыктык.

Виола чымын-куюн болуп, тамекинин жалбырагын улам чайнап коюп, майрамга дүр-дүйүм тамак даярдоонун камын көрүп жатты.

Тревис болсо бир күн кечке бөлмөсүнөн чыкпай бекинип отурду. Бирок анын жанына барып, ахыбалын билүү эч кимдин оюна келген жок.

Саат алты ченде үйдүн ичинен түрдүү тамактын жыты келип жатты. Виола адатынча коңгуроону кагып баарын тамакка чакыра баштады. Тревис да бөлмөсүнөн чыгып, элдер менен чогуу тамак ичүүчү бөлмөгө баратты. Ага эч ким деле көңүл бурган жок.

Тамак жээрдин алдында атам Кудайга шүгүрчүлүк келтирип, алкышын айтып, дубаларын окуп бүткөндөн кийин, үндүктүн этин кесүүгө камынды. Мен табактын гүлдөрүн карап алаксып кетиптирмин. Тревис башын шылкыйтып жерге салган бойдон отурду. Дасторкондун четине отургандан бери оозунан бир да сөз чыккан жок. Бирок апамдан айбыгып өзүн кармаганга аракет кылып ыйлаган жок. Биз да ага көңүл бурбастан, бири-бирибизге үндүктүн эти салынган табактарды узатып жаттык. Ал күнү апам да Тревистин сөзгө аралашпаганына көңүл бурбастан жайына койду. Кудай жалгап менин колумдун үстүнүн тамтыгы жок тытылганын, чоң атамдын

тырмактарынын алдындагы боёк кетпей калганын эч кимиси байкаган жок.

Баарыбыз ичине жүгөрү нан, кургатылган жемиш жана ышталган устрица[41] салынып бышырылган үндүктү, куурулган үндүктүн бөйрөктөрүн, ичегисинен жасалган чучукту тамшанып жеп жаттык. Андан тышкары дасторкондун үстүндө таттуу картөшкө, мешке бышырылган картөшкө, жашыл буурчак, төө бурчак, оозго салса эрий турган жүгөрү пудинг[42], окра кошулуп бууга бышырылган помидор, чочконун эти кошулуп жасалган капуста, маринаддалган кызылча, пияз жана каймак кошулуп куурулган шпинат коюлган. Десертке пекан пирогу, лимон пирог, кургак жемиш кошулган кекс, кычкыл алмадан жасалган пирог (бир күн мурда Виоланын бутуна чалынбай, ашкана бош кезде өз колум менен жасаган пирог. Менин майрамга кошкон салымым десек болот) даярдалган. Пирогдордун түрү буфетте катары менен тизилип турду. Кечээ күнү болгон окуяга баары тең кыжалат болгондоруна карабастан, бүгүн майрамдык маанай менен, көңүл ачып, жыргап отурушту.

Гарриге биринчи жолу үндүктүн төшү туш келгендиктен, ичинен эмне каалоо айтарын ойлонуп отурду. Сан-Хуана пирогду кесип баштаганда, Гарри ордунан туруп Тревистин жанына барды да, төштүн жарымын ага карматты. Тревис буркуюп албай коёбу десем, тескерисинче, Гарринин колундагы төштүн бир учун кармап тартып жатып, чоңураак жагын

[41] Жегенге жарай турган деңиз моллюскасынын бир түрү.

[42] Ундан же күрүчтөн, жумуртка, сүт, мейиз ж.б. аралаштырылып бышырылган таттуу тамак.

жулуп алды. Баарыбыз туш тараптан чыгып, анын каалоосун кызыгып сурай баштаганда, Тревис бир жерди тиктеген бойдон акырын шыбырады:

— Мен артында кичинекей арабасы бар кичинекей коделегим болушун каалайм. Атын Осси деп коём. Болгон каалоом ушул, – деди.

— Коделекти эмне кыласың? – деди Гарри.

— Коделек деген себебим анын эти желбейт да, туурабы? — деди Тревис.

— Ооба, берекем. Менин билишимче эшектин эти желбейт, – деп апамдын көзү жашылдана түштү.

— Демек, Оссиме эч ким тийбейт. Менин жалгыз гана каалоом ошол, – деди Тревис.

Бардыгы тымтырс болуп унчукпай отуруп калышты. Бир маалда беш жашар иним капыстан сөз баштады:

— Биз эмне коделектин этин жеп жатабызбы? Мен коделекти жегим келбейт. Анын көздөрү жалжылдап турат, – деп сөзүнүн аягына чыга электе эле тынчсыздана баштады.

— Жок, Жей Би бул коделектин эти эмес, – деди апам. – Бул үндүктүн эти. Тезирээк жей салбасаң, таттуу жебей каласың.

— Биз Тревистин үндүгүн жеп жатабызбы? – деп Жей Би такалап сурай баштады.

— Жок, бул башка үндүк, – деп шашып кеттим. – Үндүктөрдү алмашабыз деп жатканыбыз эсиңдеби?

— Аа. Эмкисинде үндүктөргө мен жем берсем болобу? – деди Жей Би эч нерседен капарсыз.

Анын суроосуна эмне деп жооп беремимди билбей туруп калдым.

— Жок, – деп апам кесе айтты. – Кийинки кезек Сал Росстуку.

— Эмдиги кезек меники, – деп мен кепке аралаштым.

Бирок айтарын айтып алып, ичимден кайра өкүнүп турдум. Үнүмдү жакшы эле ишенимдүү чыгарып айтайын деп баратып, аяк жагында каргылдана түштүм. Баары мени таң калып карап калышты. Эми кайра баш тартканга кеч болуп калды. Себеби, чоң атам экөөбүз эчак эле макулдашып койгондуктан, ал үстөлдүн наркы башында отуруп алып, мени кубаттап жатты.

# 23-БӨЛҮМ

# ФЕНТРЕССТЕГИ ЖАРМАНКЕ

**Адамдын кыялдары жана кылган аракети кандай туруксуз! Алардын мөөнөтү да кандай кыска! Демек, алардын натыйжасы да табияттагыга салыштырмалуу алда канча начар...**

Харботтл айым мектептеги бардык кыздардын кол эмгектерин жарманкеге койдурмак болду. Апам да мугалимимдин пикирин колдогондуктан, эч аргам калган жок. Апам менен Виола бөлмөмө келишип, керебетимдин үстүнө жайылган сайма, түймөлөрдүн арасынан алгылыктууларын тандап жатышты. Алардын ичинде үч иниме түйүп бүткөн күрөң түстөгү жүн байпактар, кембагал бирөөнө берем деп түйгөн кичинекей ымыркайга чак кофта, эки жагы чоюлган тор жака бар болчу. Ал эми курак жууркан толук бүтө элек болчу. Бирок аным деле анча көңүл толгудай эмес болуп калган. Мага караганда Луланын оорулуу иниси Тодди Гейтс жакшыраак түйөт болуш керек.

Апам жууркანды көргөндө эле, четке жылдырып койду. Виола экөө илгери үмүт менен баштыктагыларды четинен алып чыгып карай башташты. Улам үшкүрүнүп, таңдайларын такылдатып, баштарын чайкап коюшат. Алардын ичинен кол-

го илине турганы эле тор жака экен деген бүтүмгө келишти. Тор жаканы кагазга ороп жатып, апам бир жерди тиктеген бойдон, ойлонуп туруп калды.

— Эми бул кагаздын сыртына аты-жөнүңдү жазыш керек да, – деп өңү бузула түштү. – Атың сөзсүз жазылышы керек.

— Жазбай койсок эмне болот? – деп сунуш киргиздим. – Жазылбаса кайра жакшы болмок.

— Алтыным, сен аны түйүп баштаганда ойлонушуң керек болчу, – деп апам кызаңдай түштү. – Бул жерге сенин аты-жөнүң жазылганы менен, жалпы үй-бүлөгө сөз келет. Мааниси жок кепти айта берүүнүн кажети эмне?

Апам телмирип бир нерсени катуу ойлонуп турду. Харботтл айымдан тактап сурап көрсөмбү? Бирок сураганда эч нерсе өзгөрбөйт да. Жасаган буюмга баары бир аты-жөнүмдү жазып, жабыштырууга туура келет. Эмнеси болсо да Кудайдын айтканын көрөбүз. Балким, бул мен үчүн чоң сабак болор.

Эркек балдардын жарманкеге катышуусу шарт болбогону менен, Тревис өз каалоосу менен катыша турган болду. Ал жарманкеге аппак, жүндөрү сеңселген, ангор коёнун алып барууга даярданып жатты. Жүнүн улам тарап, түшкөн жүндөрүн жип ийирген аялга алып барып, апасына жибектей жип ийритип берип жүрдү. Тревис коёндон тышкары бир жашар ноопазды да алып барсамбы деген ою болгон. Бирок Гарри учурунда ойлоно калып, жеңүүчү орунду ээлеген торпоктордун келечеги катаал болуп каларын эскерткенде, Тревис дароо ал ойдон баш тартты. Жарманке башталганга чейин Тревис коёну «эттүүлөр» эмес «жүндүүлөр» категориясына

кирерин мүнөт сайын эскерте берип, үйдөгүлөрдү эле эмес, уюштуруучуларды да тажатып жиберди.

Сэм Хьюстон болсо пекан жыгачынын бетине Мак Кинлей аттуу президенттин сүрөтүн чегип түшүрүп, «Өспүрүмдөр арасында өтүүчү жыгачты оюп сүрөт тартуу» тармагы боюнча ат салыша турган болду.

Мен түйгөн тор жаканы эске албаганда, жалпы жонунан ал күн жакшы башталды. Жарманкеге баратып, баарыбыз жыйым-терим мезгилинде тапкан майда-чүйдө акчаларыбызды сала чыктык. Менде Сал Росс менен бөлүшкөндөн кийин да, балдарды караганым үчүн беришкен жыйырма центим бар болчу. Акчамдын жарымына ошол кезде жаңы чыккан «Кока-Кола» суусундугун сатып алууну чечтим.

Ал күнү күн чайыттай тийип, асман апачык, көпкөк болуп турду. Жарманке болчу жер үйдөн эки чакырым гана алыс жайгашса да, чоң атам баш болуп, баарыбыз арабага түштүк. Тревис Банни аттуу коёнун тоок салган торго салып, тизесине коюп алды. Бирок ал тордун ичи коён үчүн өтө эле тар болгондуктан, жүндөрү ар кай жагынан сапсайып чыгып турду. Жулунуп калган жүндөрү асманга каалгып учуп кетип жатты. Жарманке болчу жерге жеткенде, арабаны катары менен тигилген чатырлардын жанындагы шиберлүү талаага токтотуп койдук. Биздин арабадан тышкары, ал жерге ойду келди коё берген түрдүү арабалар батпай кетиптир.

Араба токтоору менен апам баарыбызга бир сыйра эскертүү берип чыкты. Андан кийин ар кимибиз ар кай жакка тарай баштадык. Тревис Баннисин көтөрүп алып, майда үй

жандыктары коюлган жерге алып жөнөдү. Мен болсо колумдагы кагазга оролгон тор жаканы эч кимге көргөзбөй бекем кармап алып, «Үй тиричилигине тиешелүү буюмдар» деген жазуусу бар чатырдын жанына бардым.

Кетип баратып, колго жасалган торттордун жанынан өттүм. Чымын конбосун деп торттордун үстүнө жабышкак кагаздарды илип коюшуптур. Алардын жанында пикникке көтөрүп барганга ылайыктуу токулган тор баштыктарды тизип алып, жаш бийкечтер турганын көрдүм. Эреже боюнча эң көп акчаны ким сунуштаса, ошо киши өзү каалаган бийкеч менен барып тамактанып келет экен.

Ал эми жарманкеден түшкөн каражат ыктыярчы өрт өчүргүчтөр тобунун муктаждыктарына жумшала турган болуптур. Менимче, бул жарманкенин дагы бир максаты, бойго жеткен кыздарды алып чыгып, жигит менен тааныштыруу окшойт.

Мен шашып-бушуп колумдагы кагазга оролгон жаканы калыстарга кармата салдым да, башка чатырларды кыдырып келүүнү чечтим. Айлана өзгөчө шаңга бөлөнүп, туш тараптан оркестрдин үнү, вальстын музыкасы жаңырып жатты. Кетип баратып, жолдон бир туугандарым менен классташтарыма кезиктим. Нары жакта Сэм Хьюстон шакекчелерди таамай ыргытуу боюнча оюндан утуп, темир ышкырык утуп алганын көрдүм. Лула да дал ошондой ышкырык кармап алыптыр. Бирок анын жүзүнөн кубаныч байкалган жок.

Андан ары кетип баратып, «Жашооңуздагы жаркын окуяларды чагылдырган мыкты сүрөттөр» деген жазуусу бар чатыр

көзүмө урунду. Жанында Хофер мырза адатынча чебелектеп, келген-кеткендерди сүрөткө тартып чуркап жүрөт. Жарманкеге атайын жасанып келген, чөнтөгү калың адамдар көп болгондуктан, Хофер мырзанын ити чөп жеген мезгил болчу. Кудай жалгап, жанына жеткенде Хофер мырза жаш жубайларды сүрөткө тартуу менен алек болуп жатып, мени байкаган да жок. Чынын айтсам, арты-артынан буурчак тууралуу сурап жаза берген катына жооп жазгандан да тажап калгам. Аны эчак эле илимий кат катары кабыл албай калгам.

Чатырларды айланып келип, «Үй тиричиликке керектүү буюмдар» деген чатырга кайра келдим. Ичинен түрдүү дүрдүйүм тамактардын жыты келип жатты. Көп өтпөй секичеге шаардын мэри Аксельрод мырза чыгып, жеңүүчүлөрдүн аттарын жарыялай баштады. Алгач эң жаш катышуучулардын аттарын жарыялоодон баштады. Жөнөкөй нан бышырып келгендерден тартып, таттуу токоч, жемиш кошулган пирог жана башка пирогдордун түрлөрүн жасагандарды айтып келип, кол өнөрчүлөрдүн тизмесин окуй баштады:

— Тордоп түйүү боюнча, үйрөнчүк кол өнөрчү катары, үчүнчү орунду Кэлпурния Виржиния Тейтке ыйгарабыз!

Эмне? Кандайча?

— Кана, Кэлпурния Тейт бул жердеби? Бери келе кой, – деп мэр жанына чакырды.

Калың топту аралап барып, секичеге чыктым. Бирин-серин кол чапкандарга аралаш, чатырдын ары жагынан бирөөлөрдүн кыйкырык-сүрөөнү угула баштады. Жаңылышпасам алар менин бир туугандарым болсо керек. Аксельрод мырза

көйнөгүмдүн жакасына ак тасмадан жасалган гүлдү төөнөп койду. Канча карасам да, элдин арасынан апамды көрө албай жаттым.

— Экинчи орун болсо Дови Медлинге ыйгарылат!

Дови жылмайып секичеге чыкты да, менин жаныма жанаша туруп алды. Мэр анын көйнөгүнүн жакасына кызыл гүл төөнөдү. Дови кубанычы коюнуна батпай, сыйлыгын улам карап, күлүп жатты. Дагы жакшы, биринчи орунду ээлесе, бул жерден түртүп түшүрө албай калышмак окшойт. Анда артты карап туруп, мага тилин сунгандан деле кайтмак эмес. Довинин сырын мен жакшы билем. Антеринен эч күмөнүм жок.

— Эми урматтуу айымдар жана мырзалар! Балдар жана кыздар! Биринчи орунду... Лула Гейтс аттуу кызыбыз ээледи! Кана, Лула Гейтстин урматына чогуу «ура» деп бир кыйкырып коёлу!

Лула секичеге чыкканда, менин жаныма турса экен деп күтүп жатсам, Довинин жанына барып туруп калды. Мэр басып келип Луланын көйнөгүнө көк түстөгү гүл төөнөдү. Мен дагы деле дендароо болуп, ылдый жакта турган туугандарымды көзүм менен издеп жаттым.

Мына кызык! Мен кандайча сыйлыкка илинип калдым экен? Мен түйгөн тор жака сыйлыкка татырлык эле болсочу. Дагы бир дүркүрөгөн кол чабуудан кийин, секичеден акырын ылдый түштүм. Элди аралап өтүп бара жатсам, туш тараптан далыга тапташып, куттуктап жатышты.

— Азаматсың, Лула! – дедим. – Сенин ишиң чындап эле мактоого татырлык болчу. Ага эч кимдики тең келе алмак эмес.

Негизи менин ичи тардык сапатым жок. Өзгөчө байгелүү орунга илинбесимди даана билген учурда, бирөөгө эч качан көз артпайм.

— Сен аны кайдан билесиң? – деп Дови тырчый түштү.

Жаныбызда эч ким жок болсо, чымчып туруп, бурап алмакмын.

— Рахмат, Кэлли, – деп Лула назик жооп берди. – Сенин эмгегиң да туура бааланды деген ойдомун.

— Кептин баары мен бул сыйлыкка татыктуу эмес экенимде болуп жатпайбы, – дедим.

Чындыгында эле, байге жыңылыш берилип калганына көзүм жетип турду. Эми апам укса, кубанганынан жүрөгү жарылып кетет го.

Бир маалда жаныбызга Гейтс айым басып келди.

— Азаматсыңар, кыздар! Мына, аракет кылса берекет болот деген ушу.

— Саламатсызбы, Гейтс айым! Бул жерде Лула накта азамат. Ал бул сыйлыкка чындап эле татыктуу, – дедим.

— Рахмат, Кэлпурния! Сен дагы татыктуусуң деп ойлойм, — деди Гейтс айым.

— Чынын айтсам, эмне дээримди да билбей турам. Сиз менин ишимди көрдүңүз беле? Кааласаңыз чогуу барып көрүп келели, – дедим.

— Барат элем, бирок Луланын жүндөн жасалган буюмдары жана саймалары да көргөзмөгө коюлган, – деди Гейтс айым.

Аларга ийгилик каалап, кол өнөрчүлүккө тиешелүү буюмдарды карап келүүнү чечтим. Элди аралап отуруп,

тордоп түйгөн буюмдардын жанына келдим. Тор буюмдар жакшылап көрүнсүн деп, кара баркыттын үстүнө жайып коюшуптур. Чоңдор жасаган тор буюмдар тимеле көз жоосун алат. Ичке жиптен түйгөн жакалар, майлыктар жөргөмүштүн желесиндей үлбүрөп турат. Алардын жанына бирин-экин өспүрүм кыздардын иштерин кошуп коюшуптур. Өзүм түйгөн чоюлган жаканын жанына жакыныраак барып карай баштадым. Кара баркыттан аттатып түйбөй кеткен жерлери даана көрүнүп турду. Карасам, кагазда менин атым бажырайып жазылып, тор жаканын үстүнө бекитилип турат. Ий, бетим! Бул кыйшык жака бүт дүйнө жүзүнө даңаза болгону эле жетишпей турду эле.

Дагы эле күмөн санап, меникинен башка иштерди карай баштадым. Көрсө, кыздар түйгөн тор буюмдар болгону үчөө эле экен. Ишимдин сыйлык алганынын таржымакалын жалгыз мен эмес, ошол жердеги бүт калайык калк билип турганын эстегенде уялганымдан жерге кирип кетүүгө даяр болуп турдум.

Эми тор буюмдарды токугандан көңүлүм үч көчкөн журттай калды. Эркиме коюшса шишти колума алайын деген ниетим жок. Бирок өмүрүмдү тор токуганга арноону максат кыла албасымды, бул жаатта өтө чоркок экенимди ойлоп алып, ардана түштүм. Же жашоомду илимге арнай албасам, же кол өнөрчүлүк колумдан келбесе, анда эмне кылышым керек? Менин бул жашоодо ордум кандай? Бул олуттуу суроого жооп берүүдөн айбыгып турдум. Өзүмдү алаксытайын деп, «Башталыш» тууралуу китептеги динозаврлар жөнүндө

чоң атамдын айткандары эсиме түштү: «Бир нерсени чексиз сүйөрдөн мурда, анын маанисин терең түшүнүүгө аракет кылуу керек». Мисалы, илим жаатында белгилүү бир тармакты берилип сүйгөндүн кажети барбы? Эң негизгиси аткарган ишинди сүйүшүң керек.

Ойлонуп кетип баратып, чатырдан алыстап кетиптирмин. Жакамда төөнөлгөн гүлдү чечип салсамбы деген да ой келди. Жумушту жасаганда кызыгуу менен аткарбагандан кийин, сыйлыктын баркына кайдан жетмек элем. Төшүмдөгү гүлдү чечкени колумду сунуп баратып токтоп калдым. Чечиш керек экенин акылым менен сезип турсам да, колдорум ага баш ийбей жатты. Бул таймаштын айласын кантип табууну ойлонуп баратып, суусундук саткан чатырга жетип калыптырмын. Ичимден, алгач эңсеп жүргөн кока-коланы ичип алып, анан көйгөйдү чечейин деген бүтүмгө келдим. Менимче, «эң таттуу жана сергитүүчү» суусундукка так өз маалында келдим көрүнөт. Себеби, адам көбүнчө моралдык маселелерден чарчайт эмеспи.

Жаңы чыккан суусундукка катарынан кезекке тургандарды карап жатсам, алды жагымда Грассел мырза туруптур. Аны көрүп ого бетер шаабайым сууй түштү.

— Кандайсың, Кэлли, – деди ал шадырандап. – Байгеге илинсең керек, ээ?

Сөөмөйүн гүлгө такап баратканда, артты көздөй секирип качканга үлгүрүп калдым.

— Ооба, тор жака токуганым үчүн беришти, Грассел мырза, – деп андан тезирээк кутулуунун амалын издеп, ооз учу

менен жооп берип койдум.

— Үйдөгүлөр кандай жатышат?

— Жакшы, рахмат.

Бир маалда жаныбызга сүйүнүп-сүрдүгүп Тревис чуркап келди. Анын мынча сүйүнгөнүн көптөн бери көрө элек болчумун. Боорунда чоң көк гүл төөнөлүп жүргөнүн байкадым. Мага көрсөтүп, мактанганы чуркап келиптир. Мен аны алды жагыма кезекке тургузуп койдум.

— Оу, бооруңдагы гүл укмуш го, – деп Грассел мырза таң калымыш болду. – Бул сыйлыкты эмнеге алдыңар? Аа, «Мыкты ангор коён» дейби? Туура, ангордун жүнү — кирешенин булагы болуп эсептелет. Азамат, жаштайыңдан иштин көзүн билген, билерман жигит турбайсыңбы.

— Рахмат, Грассел мырза, – деди Тревис. Ал мынчалык мактоо угам деп күткөн эмес окшойт. – Банни менин эң сүйүктүү жандыгым. Аны сатайын деген оюм жок. Менимче, ал дүйнөдөгү эң чоң жана жүнү эң жумшак коён, – деди Тревис.

— Аны сатып эмне кыласың, – деп Грассел мырза коштоп койду. – Коёнду төлдөтүп баккандардын деле кирешелери аз эмес.

Муну укканда Тревис ого бетер кызыгып калды. Ал көпчүлүк убактысын мышыктарга бөлгөндүктөн, ушуга чейин Жесси Жеймс менен Бэт Мастерсон ишке жарайт деп эч ойлогон эмес.

— Демек, сатуунун кажети жок деңизчи? – деди Тревис.

— Албетте, кереги жок. Элдер сенден Баннини бир саатка сурап кетип, ургаачы коёну менен кошуп, андан тукум алы-

шат, – деди Грассел мырза.

— Анан кайра алып келип беришеби?

— Ооба.

— Ал үчүн акча төлөп беришеби? – деди Тревис.

— Накталай санап беришет. Эч кам санаба.

— Шумдугуң кургур! Сиздин оюңузча Банни ага каршы болбойбу?

— Банниге жакпаса мага кел, – деп Грассел мырза көзүн кысып, мыйыгынан күлүп койду. – Жумушка жанталашып барып турат. Бөркүңдөй көрүп кой.

Тревис жаңы дүйнө ачып жаткансып, ойго чөмүлүп турду. Кезекте тургандар улам жылып отуруп, суусундук саткан текчеге жакындап калдык.

Мен дүкөнчөнүн алдына илинген кызыл-ала кока-коланын жарнамасын окумуш болуп, Грассел мырзага артымды салып туруп алдым. Артында турган бир киши менен узун жомокко кирип, алаксып калганына сүйүндүм. Биздин кезек келгенде, беш центтен берип, үстүндө көбүгү бар суусундукту акырын көтөрүп, четке чыктык. Тревис ууртады да:

— Ой! Кытыгым келип кетти! – деди.

Оозума стаканды такап турсам, көбүктөр оозумду тызылдатып жиберди. Жутсам тамагымды кычыштырган таттуу даам калып калды. Кандай керемет суусундук! Мунун даамын таткандан кийин эми сүт менен сууну кантип ичер экенбиз? Кыйын болот го.

Бирден стакан кока-коланы ичип жиберип, кайра кезекке турдук. Бул жолкусунда болгон акчабызга, экиден стакан

алып, ырахаттанып, улам көбүктөрүн карап, жайдан ичүүнү чечтик. Көңүлүбүз көтөрүлүп, кадимкидей сергий түштүк. Ичип бүтүп, Тревис байкабай карт кекиргенине боорубуз эзилгенче күлдүк.

— Апамдын көзүнчө кекире көрбө, – дедим.

— Жок, жок, – деп туруп, Тревис андан да катуу кекирди. – Апамдын жанында кекирбей калайын.

Жаныбыздан Лула менен Гейтс айым өтүп кетишти. Луланын боорунун баары оюнчук тагылган балатыга окшоп, түрдүү гүлдөр тагылып жүрөт. Тревис экөө бири-бири менен кол булгалашып учурашышты да, Тревис антаңдап артынан чуркап жөнөдү.

Үч кишиден үчүнчү орун алганымды улам эстеп кыжырым келип жатты. Андан көрө чоң атам эмне кылып жүрөт болду экен?

Ары жактан шудуңдап Ламар чуркап чыкты. Ал да сыягы Луланы таппай жүрөт окшойт.

— Ламар, чоң атамды көргөн жоксуңбу? – дедим.

— Тээтиги машиналар коюлган чатыр жактан көргөм. Чоң атам эртеден бери ошол чатырдан чыга элек. Алдыгы уйлар турган жердин жанында. Кэлли, беш цент карызга бере тура аласыңбы? – деди Ламар.

— Ишенесиңби, өзүмдө да бир тыйын калган жок, – дедим.

— Сага сыйлык беришкен жокпу? – деп Ламар таң калып сурап койду.

— Сыйлык дейсиңби? Күлкүнү келтирбечи. Болгону бул тасмадан жасалган гүлдү беришти. Болгону ошо.

— Тасманын эмнеси сыйлык? Анан эмне жыргап жатасың? Андан көрө акча беришсе жакшы болмок экен. Тир атайын десем, акчам калбай калыптыр, – деди Ламар.

— Акчаң көп эле эмес беле? Анын баарын эмне кылдың? – дедим.

— Эч нерсе, – деп Ламар тултуюп таарына түштү.

— Акчаңдын баарын сормо момпосуйга коротсоң керек, ээ? – дедим.

Ламар суроомо жооп берген жок. Эмне кылса ошо кылсын. Анын акчасынын мага эмне тиешеси бар.

Ошентип, машиналар коюлган чатырды көздөй жөнөдүм. Барсам, чоң атам дагы эле кетпей ошол жерде отуруптур. Албетте, бул жерде болбогондо анан кайда болмок эле. Өзүм деле жакшылап ойлонсом, сурабай эле таап алмак экенмин. Чоң атам мал менен пахтага кызыкпаганын деги билебиз.

Чатырга жакындаган сайын, чатырдын тешиктеринен тамекинин түтүнү чыгып, каңылжарды жарып турду. Чатырдын ичиндеги эркектердин бири калбай тартканда, ичи күйүп жаткандай эле көрүнөт экен.

Тамекинин жытынан жөтөлүп, түтүндү аралап, соко менен эгин баскан машинанын жаңы түрүн таң калып карап турган топ эркектин жанына бардым. Бирок элдин көбү чатырдын төр жагында экен. Элди аралап өтүп баратып, палаткадан чыгып келатышкан Гарри менен Ферн Спиттиге жолугуп калдым.

— Гарри, чоң атамды көргөн жоксузбу? – дедим.

— Ал ичинде жүрөт. Эртеден бери чапталып калгансып,

бир жерден чыкпай турат, – деди Гарри.

— Ал жерде эмне бар экен?

— Автоунаа!

Ферн экөөбүз алыстан эле бири-бирибизге кол жаңсап, учурашып, анан кайра дал ошентип коштошуп койдук. Гарри Ферндин колунан кармап алыптыр.

Чатырдын ичине кирсем, кишинин көбүнөн бут коёрго жер жок. Түртүшүп отуруп, төркү бурчуна чейин беш мүнөт дегенде жеттим. Анысы аз келгенсип тамекинин жытына думугуп калайын дедим. Дагы боюм кыскараак болгону жакшы болуптур. Үстү жакта түтүндөн эч нерсе көрүнбөй, көз ачышат. Жакын барып, көргөн көзүмө ишенбей турдум. Шумдугуң кургур! Атсыз араба да болот экен, ээ.

Аны кантип сүрөттөп берсем? Шамалдай тез, сырты көздү уялтат, тумшугу кооз, отургучтары кара кайыш менен капталган. Анын ичинде чоң атам, гипноздоп койгонсуп, рулун ары-бери бурап отурат. Жанында турган узун бойлуу бир киши чоң атама ар кайсы рычагын көрсөтүп, улам кулагына бир нерселерди кыйкырып коёт. Көрсө, ал киши унаанын ээси экен. Чоң атам эртеден бери бул автоунаа үчүн толгон акча сунуштап, улам үстүнө эки, үч анан беш эсе кошуп берерин айтып, ээсин көндүрө албай жатыптыр.

Бир маалда унаанын ээси жерге түшүп:

— Кечиресиздер! Бул автоунаа сатылбайт! – деди.

Чоң атамдын жанына барып, жеңинен тарттым. Ал мени көрдү да, унаа ээсине дагы бир нерселерди айтып жатты. Бирок эмне дегенин уга албай койдум. Неберем келди деген

окшойт, унаанын ээси мени көтөрүп туруп, чоң атамдын жанына отургузуп койду. Элдин баары бул көрүнүштү жактырып, кыйкырык-сүрөөн менен коштоп жатышты. Ызы-чуудан кулагым тунуп, эч нерсе угулбай калды. Бир жагынан кулагым тунуп, экинчи жагынан бутум кайышка жабышып калгандыктан, кыймылдаганга дарманым келбей отурдум. Оюмдун баары кайышка суу болуп чапталышып калган көйнөгүмдү чыгарышта болуп жатты. Бир маалда мени кайра көтөрүп жерге түшүрүп коюшту. Чоң атам болсо аркы эшигинен түштү. Биз жерге түшөрүбүз менен, кезекте камынып турган дагы эки киши унаанын ээси башын ийкээр замат кирип отуруп калышты. Бирок аны от алдырып, айдап көрөйүн деген эч кимдин оюна да келген жок. Алар үчүн машинанын ичине отуруп, эки жагын карап, колдору менен кармалап көргөндүн өзү эле бакыт болчу.

Чоң атам колумдан жетелеп, сыртка алып жөнөдү. Чуру-чуудан, тамекинин жытынан, кишинин көптүгүнөн эсим ооп, жыгылып кала жаздадым. Эсимден танып жатып калсам жакшы болмок экен. Эстен танып жыгылган кандай болорун билип калмакмын. Тилекке каршы, элдин жыштыгынан кулай турган жер да калбай калыптыр. Анан эмне тикемден турган бойдон жыгылмак белем! Алым кетип, шалдыраган бойдон, сыртка таза абага чыктык.

— Чоң ата, жанагы автоунааны сатып алайын деп жаттыңыз беле? – дедим.

— Караманча кашайып, көнбөй койду. Бирок ага таарынган деле жокмун. Андан көрө үйгө тезирээк барып, кат

жазайын…жок, Массачусетстеги Дьюри фабрикасына чалып, дал ушундай автоунаага буйрутма кылайын. Кандай эле? Аа, ичтен күймө кыймылдаткыч! Элестет, төрт аттын күчүнө барабар деген эмне шумдук! – деди чоң атам.

— Чоң ата, мен өзүмдү жаман сезип турам. Сиз бара бериңиз. Мен эс ала турайынчы, – дедим.

— Жүзүң албырып турат. Сага эмне болгон?

— Тамекинин түтүнүнөн окшойт. Азыр жакшы болуп кетем, – деп үнүм араң жан чыкты. Айтарым менен көзүм караңгылап барып, жерге кулап түштүм.

Түшүнүктүү. Демек, эстен танган ушундай болот турбайбы. Мага кызык болуп жүргөн. Китептеги каарман айымдардын эси оогондо же жумшак отургучка отуруп каларын, же жанындагы сүйгөн мырзасы кулап баратканда тосуп каларын билчүмүн. Жумшак отургучка жөн эле кулап калбастан, наздданып барып, керилип жатып калганда, ары-бери чымылдап чуркашып, кооз бөтөлкөдөгү тузду жыттатары менен эсине келери маалым болчу.

Мен болсо кыйылган даракка окшоп, талп этип кулап түштүм. Дагы жакшы катуу жерге кулап, башым жарылып калбай, чөптүн үстүнө кулаптырмын. Эсиме келтириш үчүн туз жыттатып отурбай эле, бир чака муздак сууну башымдан ылдый жаба куюп жиберишиптир. Көзүмдү ачсам, дароо көпкөк асман көрүндү. Андан дагы мени тегеректеп турган баштар көрүндү. Асман учу кыйыры жок көк мелжип, ортосунда гана коёндун жүнүндөй аппак булут турат. Үйдөгүлөрдүн бири калбай мени тегеректеп, чыдамсыздык менен күтүп

турушуптур. Кызык, менин үстүмө бир чака сууну кайсы шумпай куйду экен?

— Бөбөгүм, кичинекейим, мени угуп жатасыңбы? – деген Гарринин үнү мага алыстан жаңырып угулуп жаткандай сезилди.

Гаррини карап турсам, көзүмө экөө болуп көрүндү.

— Угуп жатам, Гарри, – деп үнүм кырылдап чыкты.

Жакшылап карасам, агамдын жанында Ферн тургандай көрүндү. Ал дагы ары-бери чайпалып жаткандай, чайпалган сайын башындагы шляпасы асмандын жарымын тосуп калгандай сезилди. Мен Ферн менен мурда он чакты жолу жолуксам деле, бул жолкусунда эмнегедир:

— Сиз менен таанышканыма абдан кубанычтуумун, – дедим.

Айтарым менен тургандардын ичинен бирөөсү чаканын түбүндөгү сууну кайра үстүмө жаба куюп жиберди.

Жетишет! Шөлбүрөп ордумдан турдум да, сууга түшкөн чычканга окшоп, силкинип койдум. Анан тургандарды бир сыйра кыдыракей карап чыктым. Жанымда чоң атам кан тамырымдын сокконун текшерип жатыптыр.

— Кана, Кэлпурния! Айтчы, чабыкчы жөргөмүштөр кайсы түркүмгө кирет?

— *Opiliones* түркүмүнө, – дедим.

«Мага эмне эле баары жабышып калган».

— Жакшы, эсине келди, – деди чоң атам.

— Мага суу чачканыңарды токтоткулачы! – дедим кыжырым келип.

«Кана чоң атамдын жанында Тревис менен Сэм Хьюстон турат. Алардын жанында чака көрүнбөйт. Артымда тургандардын биринде болсо керек» деп ичимден ойлонуп жаткам.

Аңгыча баары буттан-колдон алып, мени жерден тургузуп, алмак-салмак лимонад куюп ичиришип, бирөөдөн сурап келген эки кишилик арабага көтөрүп барып салышты. Эки аттасам үйгө жеткидей аралык калса деле, жыгылып калганымдан коркуп калышты окшойт.

Апам менен атамды таппай коюп, мени үйгө Гарри жеткизмей болду. Ал эми Ферн артыбыздан калбай ээрчип келатты.

Бет маңдайымдан муздак шамал урганга, тез эле сергий түштүм. Шалдырап турганда баары тегеректеп, кам көргөнү жагып жаткан. Өзүмө келгенден кийин алардын ашыра камкордугунан тажай баштадым.

Эшиктин алдынан бизди Виола тосуп чыкты. Бизди көрүп:

— Оо, Кудай! Гарри мырза, эмне болуп кетти? – деп чебелектеп сурай баштады.

«Баары жайында. Коногубуздун көзүнчө антпей эле койсо» дедим ичимден.

— Виола, баары жайында! – дедим кадыресе чоң кишидей болуп. – Бир аз эстен танып калыптырмын. Суранам, анча кабатырланбачы.

— Ооба, Кудайга шүгүр! Тез эле эсине келди, – деди Гарри. – Чатырдын ичинде дем жок, ысыктан жана түтүндөн көңүлү айный түштү окшойт. Спитти айым, отурсаңыз. Чай ичесизби? Же муздак лимонадбы?

Спитти айым дароо чай ичкенге макул болду. Виола чай даярдаганы ашканага кирип кетти. Чай даяр болгончо Ферн Спитти айым экөөбүз төркү үйдө отурдук. Көзүмдүн кыйыгы менен бутунан башына чейин карап чыктым. Минерва Гудекерге караганда алда канча жагымдуу экен. Чачтары сапсары, модадан калып калган болсо да, мага жакты. Ак жүздүү, көздөрү көпкөк, бели ипичке, өзү назик жан көрүнөт. Эстен тандырган сулуу болбосо да, жылдыздуу, жүүнү тирүү, чыйрак. Мостойгон Гудекер айымдай кайдан болсун. Бул жолкусунда агамдын тандоосун колдогонго туура келет окшойт. Үйдөгүлөрдүн баары үчүн бул кубанычтуу кабар болот го деймн.

Ферн мени карап жылмайса, мен да мыйыгымдан күлүп коюп отурдум. Мештин үстүндөгү сааттын чыкылдаганы эле угулуп турду. Ошол маалда Виола кооз сервиздин идиштерине чай көтөрүп кирди. Мени жалт бир карап алды да:

— Кэлли.

— Оу.

— Жыгылгандан кийин жата турсаң жакшы болмок, – деди.

— Жакшы болуп калдым, – дедим.

— Менимче, ордуңдан турбай жата турганың оң, – деди Виола.

— Чай ичким келип жатат.

— Бир аз жата турчу, макулбу.

— Ии, макул.

— Чайды азыр бөлмөңө алып келип берем, – деди Виола.

Бөлмөмө кирип кетсем, кайрадан эч кимге керегим жок

болуп калам да. Бир жагынан чекеме муздак чүпүрөк коюп алып, «Кенч аралын» окуп жатканым деле жакшы. Ошентип, конок үйдөн шыңгыраган идиштин коштоосунда чыгып бараттым. Сан-Хуана кумганга муздак суу менен сүлгү алып келип берди. Виола бир топтон кийин келди. Коноктorго арналган сервизден жөнөкөйүрөөк идишке чай куюп келиптир. Мени ал бөлмөдөн чыгарып салганына актанып жаткандай сезилди.

— Кэлпурния, абайла түшүп кетпесин. Сындырып алсаң…

— Билем, билем, – дедим.

-Виола идишти үкөгүмдүн үстүнө коюп жатып, көзү сыйлыгыма урунду.

— Ой! Сага сыйлык бериштиби? Кандайча?

— Өзүң тапканга аракет кылып көрсөң, – деп үңүрөңдөдүм.

— Эмне калыстардын баары сокур бекен?

— Күлкүнү келтирбечи.

— Аа, билдим. Болгону үч эле киши коюптурбу?

— Ооба.

— Аны ар кимге айта берүүнүн кажети жок. Анан дагы бир жолу айтып коёюн, идишти сындырып алба…, – деди Виола.

Айтып бүтөр замат Виола чыгып кетти. Мен болсо фарфор идиштин сыртындагы оймо-чиймелерге кызыгып карап отурдум. Цивилизациянын өнүккөнү деп ушуну айтса болот. Анан чайдан ууртап коюп, бир туруп китептеги каракчыларга

аралашып, кайра туруп тоту куштар менен туздуу деңизде сүзүп бараткандай элестетип турдум.

# 24-БӨЛҮМ

# ГАРРИНИН КЕЗЕКТЕГИ МАХАБАТЫ

**Бечел адам өзү ойлоп тапкан тандоо жолу менен мынчалык жетишкендиктерди багынтса, анда...**

Балыктын майы. Маңдайымда мен жек көргөн суюктук куюлган кашык пайда болду. Эки сааттан кийин, арабанын кыйчылдаган дөңгөлөгүнүн дабышы угулуп, апам, атам, кичүү инилерим жарманкеден кайтып келишти. Эгер апам менин бүгүн эстен танып жыгылганымды угуп, ооруп калды деген бүтүмгө келсе, балыктын майынан кутулуу кыйынга турат. Апам үйгө кирери менен Гарри Ферн экөө жарманкеге кайра барышканын, чатырдын ичиндеги үп менен тамекинин жытынан менин көңүлүм айнып барып, эсим ооп жыгылып калганымды төкпөй-чачпай айтып берди. Эгер үп менен тамекини баса белгилебесе, апамдын сүйгөн дарысын берип баштамак. Менимче, апам Гарринин сөзүнө ынанып калды окшойт. Мен эч нерсе болбогондой, төшүмө сыйлыгымды тагынып алып, декилдеп апамдардын алдынан тосуп чыктым.

— Карагылачы, мага сыйлык беришпедиби. Сонун бекен? – деп сөөмөйүмдү такадым.

Дүйнөдөгү эң жагымсыз суюктуктан кутулуу үчүн эмнеге гана барбайсың.

— А-ий! Сыйлык! – деп туш тараптан коштоп кыйкырып жатышты.

Апам ишене албай, бирок кубанып турду. Балыктын майын берерин айтпаганы менен, кабатырланып:

— Өзүңдү жакшы эле сезип турасыңбы? Жүзүң албырып турат. Альфред, дарыгер Уокер мырзаны чакыртсакпы?

— Менимче, өңү жакшынакай эле. Бирок сен кабатырлансаң…

— Апаке, мен жакшы болуп калдым. Сыйлык алганыма өтө кубанып жатам.

— Эмнеге сенин төшүңдөгү гүл ак, ал эми Тревистики көк түстө? – деп ортодон Жей Би сөзгө аралашты.

— Жей Би, бул менин Тревиске караганда кыйыныраак экенимди билгизет, – дедим.

— Чын элеби, Кэлли?

— Жок, тамашалап жатам. Чындыгында, көк түстөгү гүл акка караганда өйдөрөөк. Башкача айтканда, Тревис менен Банни мелдеште биринчи орунду ээлешти.

Апам күмөн санап, айыбымдын баарын качан ачар экен деп күтүп жаттым. Бирок, тескерисинче, сыйлыгымды улам карап, кубанып турду. Кызык. Чын эле түрү эч нерседен шектенбегендей го. Маани берген жокпу же көргөзмөнү караган жокпу? Балким, менин токуган торумдун жанындагы Лула менен Довинин кол эмгектерин апам көрө электе алып кетип калышкандыр. Апамдын көңүлү бүгүн өтө жайдары. Чындык-

ты айтам деп маанайын чөгөрүп албаймынбы?

— Билесиңби, Жей Би? – деп угуза катуу айта баштадым. – Быйыл көргөзмөгө тор буюм алып келгендер аз экен.

— Анан?

Көзүмдүн кыйыгы менен карасам, апам Тревиске алаксып калыптыр.

— Катышуучулардын деңгээли деле өтө жогору эмес экен, – дедим андан бетер үнүмдү катуулатып.

— Кандайча?

— Биздин ордубузда болсо, сыйлыкты бардыгы эле алмак. Түшүнүп атасыңбы, Жей Би?

— Эмне кыйкырып сүйлөп жатасың? Бооруңдагы гүлдү чечсең, көрүп берейин. Мен бул сыйлык тургай «Фентресстин жаркырак коңузу» аттуу сыйлыкты да колума кармап көргөн эмесмин. Мен да сыйлык алгым келип жүрөт.

Апам мени уккан жок окшойт, артын кылчайып карап да койгон жок. Жанатан берки эр жүрөктүгүм заматта кайда жоголуп кетти билбейм. Боорумдагы сыйлыгымды чечип, (сыйлык деп атоого болобу?) инимдин жакасына төөнөп койдум. Жей Би сүйүнгөн бойдон кире бериштеги кийим илгичтин жанында турган чоң күзгүгө көрүнгөнү чуркап кетти. Апам болсо шляпасын койгону үстүңкү кабатка чыкты.

— Апаке, Гаррини көрдүңүзбү? – дедим.

Апам бир колу менен тосмону кармап, экинчиси менен шляпасын чечкен бойдон, тепкичте туруп калды.

— Ферн Спитти узатып кетти.

Үнүнөн жактырган-жактырбаганы анча билинген жок.

— Анан?...

— Эмнени сурап жатасың? Анан ошол, – деди апам.

— Жөн эле билейин дегем..., – дедим.

Үйдөгүлөрдүн пикирин билейин дегем. Бирок кийлигишейин деген ниетим жок болчу.

— Кэлпурния, сага тиешеси жок нерселерге кийлигишпей жүр. Узун кулактык жакшылыкка алып барбайт, – деп апам бөлмөнүн ичине кирип баратып айта кетти. – Суранам сенден, алардын ишине кийлигишпе.

Апам бөлмөнүн эшигин жаап кирип кетти. Мына, айтпадым беле, апам менин оюмду билип коёт десем ишенбейсиңер. Кээде коркуп кетчү болдум. Демек, кулак түргөн жакшы эмес турбайбы, ээ? Аны менен эмнени айткысы келди? Апам күлкүнү келтирет да. Эми Ферн тууралуу жакшы пикирде экени маалым болду. Гарри менен Ферндин сүйлөшкөнүнө каршы болбосо, агамды университетте окутам деген планы эмне болот? Билбейм, иши кылып, башым айланып калды.

Эки күндөн кийин Гаррини Ферндин ата-энеси конокко чакырышты. Үйү биздикинен бир топ эле алыс экен. Ал жактан аябай кеч келди. Эртең менен деле эч ким эч нерсе сураган жок. Тамак ичип жатканда бир-эки суроо берейин деп тилим кычышып барып, апамдын айткандарын эстеп, унчукпай отуруп калдым.

Жекшемби күнү Ферн ата-энеси менен биздикине конокко келишти. Эки үй-бүлө бири-бирин жакшы тааныса деле, чакырууларды расмийлештире беришкенине түшүнбөйм. Эмнеге тамакка дебей, чайга деп чакырышат? Сыягы, балдар

аралашапасын дегени го? Дагы бир себеби, эгер чайга деп чакырсаң, чоң атамды китепканасынан сүйрөтсөң да келбейт. Ошону үчүн чайга деп чакырышса керек?

Майда балдардын баарын ойногону эшикке чыгарып жатканда (кубалап чыгып жатканда десек деле болот), Ферндн көрүп калдым. Өзүнө куп жарашкан кызгылт көйнөк, ага окшош ичке жибек тасма жана майда канаттар менен кооздолгон шляпа кийип алыптыр. Гудекер айымга караганда алда канча чырайлуу десем болот.

Ашканага кирсем, Виола тортту жасап бүтүп, үстүн кыртылдак шариктер менен кооздоп атыптыр. Сан-Хуана көпкө турсун деп суусуна шекер кошуп койгон гүлдү, нанды жана таттууларды күмүш подноско салып, ташып жүрүптүр. Мага көңүл бөлгөн киши болгон жок. Баары эле чымылдап чуркап жүрүшөт. Виола менен Сан-Хуана экөө тең татынакай кара көйнөк, алдына кычырата крахмалданган аппак алжапкыч тагынып алышкан.

Сыртка чыгып, түз эле лабороторияны көздөй жөнөдүм. «Ойно» десе сөзсүз ойношум керекпи? Андан көрө убактымды чоң атамдын жанында, пайдалуураак иш менен алек болуп өткөргөнүм артык эмеспи. Мага чоң атам бардык нерсеге кулак түргөн, бирөөнүн жашоосуна кызыккан жаман деп айтып көрө элек. Тескерисинче, менин дилгирлигимди өтө баалап, мактап келет.

— Кутмандуу таңың менен, Кэлпурния. Сени чайга чакырышкан жокпу? – деди чоң атам.

— Апам коноктор кеткиче үйгө жолобогула деп, чыга-

рып жиберди. Мени көрүп үркүп кетишет деп коркуп жатса керек, – дедим.

— Ошенткен го, – деп чоң атам сөзүмдү коштоп койду. — Бирок Маргарет сенин эмнеңден коркот деп анча кабатырланганын билбейм.

— Мен да билбейм, – дедим.

— Болуптур анда. Кел, андан көрө тажрыйба жүргүзгөнгө тээтиги мензурканы[43] даярдап бере аласыңбы?

Чоң атам экөөбүз лабораторияда олуттуу иштер менен алек болуп жатканда, үйдүн ичинен никелешүү аземинде коюлчу музыка жаңырып жатты.

— Бизде эң күлкүлүү нерсе, бул кыздар жасанып, сулуу болгонго аракет кылганы. Мисалы, жаныбарлар дүйнөсүндө, тескерисинче, эркектер көңүл бурдурууга болгон аракетин жумшашат. Мисалга алсак, көпчүлүк куштар же тооздор ошентет. Эмне себептен адамдарда бардык нерсе башкача?

— Негизи жаратылышта тандоо ургаачы тарабынан ишке ашырылат. Анын көңүлүн өзүнө бурдуруу үчүн эркеги болушунча жасанып, алдында койкоңдоп өзүн көрсөтөт. Азыр болсо агаң топ кыздардын ичинен ылайыктуу кыз тандаганы жаткандыктан, кыздар ага жагынуунун арбайын согуп жатышат.

— Ий, түйшүгү көп экен! Түрдүү көйнөк, шляпа, чач жасалгасы. Баягыда концерттин алдында апам менин чачымды жасаш үчүн бир күндөй убактысын короткон. Анан дагы корсет кийгендеричи! Парсонс айым жайында чытыраган корсетин чечпей жүрүп, улам эле эстен танып кулай берчү.

---

[43] Аптекада же лабораторияда суюктук өлчөнө турган бөлүмдүү идиш.

Аялдар азап тартып, аны эмнеге кийип алышат билбейм.

— Мен да түшүнбөйм. Обу жоктук. Чоң энеңдин андайы жок болчу.

— Чоң ата…

— Угуп жатам, Кэлли.

— Чоң апам жөнүндө айтып бериңизчи.

— Эмнени айтып берейин?

— Баарын. Мен чоң энем тууралуу бир дагы жолу уккан эмесмин. Мен төрөлө электе каза болду беле?

— Ооба, туура айтасың. Кийин жашы өткөн сайын кыялы бузула баштаган. Эсиңдеби, согуштан кийин Элгинге барып, өлгөн жоокердин үй-бүлөсүнө кол кабыш кылып көпкө жүргөм деп айтып бербедим беле.

— Чоң энем да илимге кызыкчу беле? – дедим.

— Өтө деле кызыкчу эмес. Ал кезде согуштан кийин көпкө чейин өзүбүзгө келе албай жүрдүк. Бар-жоктун баары урап, талкаланган болчу. Чарбачылыкты өнүктүрөйүн десем, аны окуп, өздөштүргөнгө убактым жок эле. Убактымды эч нерсеге жеткире албай жүрдүм. Алдагы мензурканы бери берип койчу. Чоң энең колунан көөрү төгүлгөн уз киши болчу. Кээде колу бошоп калганда романдарды окуганды жакшы көрчү.

— Чоң ата, тор токугандыгым үчүн сыйлык албадымбы, – дедим.

— Чын элеби? Кол өнөрчүлүккө кызыкчу эмес элең го?

— Азыр деле кызыкпайм. Токуган торум деле кыйраткан тор эмес болчу. Апам капа болбосун деп, үч иштин ичинен

үчүнчү орунду алганымды айткан жокмун, – дедим.

— Ага эч кабатыр болбо! Мен деле тор токуган жагын кыйраткан эмесмин.

Чоң атам мени какшыктап жаткан жокпу? Түшүнө албай турам. Экөөбүз жанаша отуруп алып, кыбырап ишибизди жасап жаттык. Бир маалда Виола тамакка чакыра баштады. Бул дагы эстен кеткис көз ирмемдердин бири! Көптөн бери чоң атам менен отурганга мүмкүнчүлүк болбой жүргөн.

# 25-БӨЛҮМ

# ИСАНЫН ТУУЛГАН КҮНҮ МАЙРАМЫ

**Балким, бир кезде байыркы галактика сырларын изилдөөчүлөр сыяктуу, суунун түбүнөн чыккан үлүлдүн кабыктары жандуу затка кирбейт чыгар. Алар деңиздин жээктеринде жашаган моллюскалар сыяктуу таштан жасалган деген ойго мен да кошулмакмын.**

Чоң атам менен көбүрөөк убактымды өткөргөнгө акыркы кезде мүмкүнчүлүгүм аз болсо да, анын жанында өткөргөн ар бир көз ирмемим баа жеткистей сезилип жүрдү. Убакыт зымырап өтүп, Исанын туулган күнү майрамына аз эле убакыт калган. Мен Виоланын бутуна чалынып, ашкана сырларын өздөштүрүп, дагы эле ашканадан чыкпай жүрөм. Менимче, Виола менден мурдагыдан да көбүрөөк жүдөчү болду. Себеби, бир жагынан тамак жасап суй жыгылса, экинчи жагынан мага да ар бир нерсени үйрөтүүгө туура келип жүрдү.

Анысы аз келгенсип, Жей Би келип алып, ар кайсы суроону берип, башын оорутат.

— Кэлли, Исанын туулган күнү майрамы качан болот?

— Мына карасаң, – деп манжаларым менен көрсөтүп,

түшүндүрүүгө аракет кылып жаттым. – Мына, сөөмөйүм деген — бүгүн, ортонум болсо — эртең, аты жок — бүрсүгүнү, анан чыпалак — Исанын туулган күнү болот. Түшүндүңбү?

— Ии.

— Эми жакшы түшүндүңбү?

— Ооба.

— Анда жакшы, – дедим.

— Анан Исанын туулган күнү майрамы качан болот, Кэлли? – деди Жей Би.

Күндөлүккө жаза турган дагы бир суроо пайда болду: «Чоңоюп келе жаткан адам баласы убакытты качан айырмалай баштайт?» Мисалы, биздин Жей Биге караганда, опоссум убакытты жакшыраак билет болуш керек. Жей Би мындай түрү менен мени жинди кылып бүтүрөт го?

Күндөлүккө жазган акыркы сүйлөмүмдү кайталап окуп койдум. Чоң атам илимий жазууда өз пикириңди эмес, далили бар фактыга таянып жазышың керек деп үйрөткөн. Ошону үчүн аны кайра өчүргүч менен өчүргөнгө туура келди. Дагы кара калем менен жазганым жакшы болуптур.

Атам менен Альберто эмендүү токойдун арасынан жапыз кызыл карагай (негизи биздин аймактарда ийне жалбырактуулар жакшы өспөйт) кыйып келишти. Жей Би аны көрүп абдан кубанды.

— Кэлли, карасаң! Балаты, балаты! Биз Исанын туулган күнү майрамын майрамдайбыз.

Эми түстүү кагаздардан балатыны коздогонго оюнчук жасап, ар бир бутагына кичинекей мом шамдарды жабыш-

тырып чыгыш керек. Гарри жылтырак кагаздан жылдызча кесип, эң төбөсүнө орнотуп койду. Балатыбыз өтө эле кичинекей болгондуктан, төбөсүнө жетиш үчүн отургучтун деле кереги жок болчу. Эң түбүнө карга окшотуп, пахта салып койдук. Кар дегенди өз көзүбүз менен көрбөсөк да, көп эле угуп жүрчүбүз.

Фентресстин жашоочуларынын ар кимиси ар кайсы салттарды карманчу: кээ бир үй-бүлөлөрдө белектерди бири-бирине Исанын туулган күнү майрамынын алдында беришсе, кээ бирөөлөр Исанын туулган күнү кирип келген маалда тапшырышчу. Аймактагы чиркөө кызматкери Корнелиус Баркердин айтымында, динде белек берүү маанилүү эмес, ал курулай эле акча коротууга жана ысырапкорчулукка жатат экен. Бирок, эр болсоң жети балага ошону түшүндүрүп көр. Апамдын аларды ынандырууга алы жетпей койду. Ал тургай Баркер мырзанын аракети да текке кетерин билип турду.

Баркер мырзаны үйдөгүлөр бир айда бир конокко чакырып турушчу. Менин байкашымча, ал келгенде чоң атам негедир өзгөчө кубанчу. Алар бири-бирин Уолтер жана Корнелиус деп аттарынан айтышып (апама анткендери жакчу эмес), жолуккан сайын кен байлыктар жана "Башталыш" китебинде жазылган нерселерди кызуу талкуулаганды адатка айландырып алышкан. Апам салтты бузбоо максатында Баркер мырзаны Исанын туулган күнү майрамы күнү чиркөөдөн кийинки убакта келип тамак ичип кетүүсүн өтүндү.

Таң заардан үйдүн баарын жалтырата жыйнап, жууптазаламай башталды. Канча чака ысык суу кетти, билбейм.

Апам баарыбызды кире беришке тизип алып, бирден эринбей тазалыгыбызды текшерип чыкты. Балдардын моюнунун кирин, кыздардын тырмактарынын алдын жакшылап карап чыкты. Бирок бул жолкусунда Кудай жалгап эч кимибизди кайра жуунганга жиберген жок.

Күн ачык бирок чыкыроон болуп турду. Баарыбыз жылуу пальтолорубузду кийип, моюн орогучтарыбызды оронуп алып сыртка чыктык. Иттер артыбыздан ээрчип албасын деп, Гарри аларды сарайга камап койду. Чоң атамдан башкасынын баары чиркөөгө барганы камынып жаттык. Чоң атам тынч эле, мештеги отту өчүрбөй карап турам деп үйдө калды. Альберто менен Сан-Хуана атка арабаны чегип, Мартиндейл аймагындагы Ыйык Гваделупа храмын көздөй бет алдык. Виола башка чиркөөгө бармай болду. Виола менен чиркөөсүн көрүп келгени сурансам эле, апам мага такыр уруксат бербейт. Виола барган ал чиркөөнүн жанынан кез-кез өтүп калам. Имараты абдан эскирип, кулаганы калган, бирок ичинен дайыма шаңдуу ырлар жаңырып угулат. Менимче, чиркөөлөрдүн бири да ага тең келбейт окшойт.

Жолдо кетип бараткanda, биз шам чырактарды күйгүзүп, Исанын туулган күнү майрамына тиешелүү ырларды созолонто ырдап бараттык. Мен Жим Боуинин колунан кармап, асмандагы топ жылдыздарды көргөзүп келаттым.

— Тээтиги топ жылдызды көрдүңбү? Алар *Canis Major* менен *Canis Minor* деп аталат. Чоң жана Кичине Жетиген дегенди билдирет.

— Бирок асманда жылдыздан башка эч нерсе көрүнбөйт

го, — деди Жей Би түшүнө албай.

— Байыркы заманда адамдар аны ар түрдүү жаныбарларга окшоштуруп коюшкан, – дедим.

— Бирок алар Аякска да, Матильдага да эч окшобойт экен. Кэлли, сен оюңдан эле чыгарып айтып жатат окшойсуң? Апам ойдон чыгарып айткан жаман болот деген, – деди Жей Би.

Асманды жакшылап карап, жаркыраган чекиттерди итке да, буйволго да, арстанга да окшоштура албай жаттым. Байыркы доордо жашаган адамдардын фантазиясы чексиз болсо керек.

Бир көчөдөн кайрылганда, туш тарабында жаркырап күйгөн шамдар коюлган чиркөө көрүндү. Биздин үй-бүлөбүз ар дайым отуруп жүрчү узун отургучтан орун алдык. Гарри музыкалык аспапта ойногону камынып жаткан Браун айымга жардам бергени кетти. Браун айым органдын баскычтарын бирден терип, тээгин буту менен тыкылдатып, берилип чертип жатты. Гарри болсо ноталарды ачып бергенге араң жетишип турду. Элдин баары бир ооздон «Периштелер ырын» созолонто ырдап жатышты. Ошол учурда буга чейин эч жактырбаган Браун айымга ичим жылый түштү.

Сыйынып бүтөр замат Баркер мырза биз менен чогуу жөнөдү. Улуулар алдыга басып кеткенден пайдаланып, Сэм Хьюстон мени катуу чымчып алды эле, мен да жөн калбай түртүп жиберсем, чалчыкты кечип кетти. Ырас болот! Буту суу бойдон үйгө чейин барса, мындан ары тийишкенин коёт.

Үйгө жакындаганда эле, мордон таттуу тамактардын жыттары келе баштады. Виола үйгө бизден мурун эле келип ка-

лыптыр. Чоң атам экөө босогодо бизди күтүп турушуптур. Баарыбыз чогуу төркү үйгө кирдик. Балатыбызда жагылган шамдар көздү уялтып жалт-жулт этип турду. Меште болсо үлбүрөп от күйүп жатты. Буфеттин үстүндө хрусталь идиште гвоздика кошулган шарап, жанында балдар үчүн шире даярдап коюшкан. Быйыл Гарри чоң кишилердин катарына киргендиктен, шарап ичкенге уруксат беришти.

Атам менен апам салтка айланган куттуктоолорун айтып, бири-бирин өөп куттуктап жатышты. Биз алардын бири-бирин өпкөнүн бир жылда бир эле жолу көрчүбүз. Бирок бул жолкусунда Баркер мырза отурганын эстей коюп, апам уялып кетти. Атам сыр билгизбей апамдын колунан өөп, кулагына бир нерсе деп шыбырап койду.

Баркер мырза чоң атамдан баягы буурчактын кабарын сурап отурду. Бул жагынан чиркөө кызматкери болсо да, Хофер мырзадан айырмасы жок окшойт.

— Жок, Корнелиус. Азырынча эч кандай кабар ала элекпиз, – деп чоң атам тамекинин түтүнүн өйдө жакка үйлөдү. – Илимде шашып иш жасоого болбойт. Ал өтө кылдаттыкты талап кылат.

Биринчи эле алдыбызга тамактардан ышталган эт тартылды. Бирок бир туугандарым тамакка да кайыл болуп, отургучта тынч отура албай калганын байкап, апам белектерди алып чыкты. Баркер мырзанын белек тууралуу оюна эч ким маани берген жок. Ал бир балага берген белекти көрүп, мынча акчаны болбогон нерсеге чачып, балдарды өтө эркелетип жаткандарын өзүнчө баамдап отурду.

Жалпы үй-бүлөлүк белек — жаңы стереоскоп[44] болду. Апам аны балдар кезек менен колдонушарын айтты (бирок балдардын колуна берерин Кудай билет). Стереоскоптон тышкары «Ири Египет сфинксинин[45]», «Ак түстөгү парк — Чикагодогу оюн-зоок паркынын» жана «Эскимостордун таң калыштуу жашоосунун» сүрөттөрү бар болчу. Балдардын ар бирине бирден, кышында сейрек кездешүүчү жана кымбат апельсин жемишин беришти. Мен өзүмдүкүн жебей катып койдум.

Жей Бинин эски термелген жыгач ат оюнчугу сынып калгандыктан, жаңысын белек кылышты. Бул жолку белегинин жону кадимки ийленген уйдун терисинен, куйругу чыныгы аттыкынан, ээри кайыштан жасалыптыр. Сал Росско дөңгөлөгү бар жаңы жыгач оюнчуктарды жана бөлтүрүк оюнчук белек кылышты. Тревиске коёндорду туура багуу жана сатыкка даярдоо боюнча китеп жана коёндун жүнүн тараган тарак белек кылышты. Тревиске коделек алсам деп кыялданып жүргөнүн билчүмүн. Бирок бул белектерине ал абдан сүйүндү. Ламарга транспортири бар сызгыч жана компас алышыптыр, ал эми Сэм Хьюстонго «Шерлок Холмстун окуялары» аттуу китеп беришти. Үйдөгү бой жетип турган, кычыраган жигитибиз — Гарриге кочкул көк түстөгү костюм алып келишиптир. Аны кийсе, накта кыздар артынан ээрчий тургандай болуп калды.

Мен болсо жүн байпактардын түгөйлөрү бири-бирине окшобой калганына карабастан, арнап түйгөндөн кийин белек кылууну чечтим. Эң кенже иниме түйгөн байпактын жиптери

[44] Сүрөттөрдү дөмпөйтүп көрсөтүүчү оптикалык аспап.
[45] Байыркы Египетте – киши баштуу кылып тартылган арстандын сүрөтү.

бөлтөк-сөлтөк, кыйшык болуп калган. Улам чоңуна түйгөнүнүн кебетеси оңолуп отуруп, эң улуусунуку кадыресе чоң киши түйгөндөй, түзүк болуптур. Атам менен чоң атамдын байпагына жеткенде оймо-чийме кошконду үйрөнүп калгам. Мен жасаган буюмдар канча жолу кызуу талкууга алынды. Акыркы кезде апамдын уяткарганы азайды. Бирок өтө мактап жибергенин да көрө элекмин (Мактаса да жөн гана көңүл алуу үчүн болушу мүмкүн).

Апама белекке алкакка салынып, катырылган гүлдү белек кылдым. Атам болсо татынакай кызыл түстөгү, чекеси кара янтарь болгон сөйкө берди. Мен атама Остинге иштери менен барганда кийсин деп, ачык жашыл түстөгү чакмак бешмант белек кылдым.

Виола күйпөлөктөп ашканадан чыга албай жүрдү. Ага белекке жыттаганы тамекинин жалбырагын жана кызыл түстөгү момозуй юбка белек кылышты.

Чоң атама алыскы Куба өлкөсүнөн бир куту сигара алдырышыптыр. Капкагында узун кош этек юбка кийип, бийлеп жаткан кыздын сүрөтү бар экен. Кутусу да баалуу буюмдарды сактоого ылайыктуу көрүнөт. Ламардын ал кутуга көзү түшүп турганы билинди. Бирок чоң атамдан коркконунан сурай албай турду.

— Сура, сурай бер, – деп Ламарга акырын шыбырадым. — Эмне тиштеп алмак беле.

— Сени тиштебеши мүмкүн. Бирок мен баары бир корком, – деди Ламар.

— Накта суу жүрөк турбайсыңбы, Ламар, – деп аны ар-

данта баштадым. Ардантып койсоң эдиреңдеп тоону томкоргонго даяр экенин жакшы билчүмүн.

Айтканымдай эле, Ламар ордунан шарт туруп, чоң атамдын жанына басып барды.

— Чоң ата, алдыгынын кутусун мага бере аласызбы? Бошогондо.

— Албетте, берем…Тревис, – деп чоң атам таң кала түштү.

— Рахмат, – деген бойдон Ламар ордуна барып отурду.

— Көрдүңбү? Анын тилин таап сүйлөшсөң абдан жакшы, — деп эч кимге угузбай Ламардын кулагына шыбырадым.

— Мени Тревис дебедиби, – деди Ламар.

Чыдай албай күлүп жибердим.

— Анысы эч нерсе эмес. Негизгиси кутуну сага берем дедиби? – дедим.

— Эмне эле боорукер болуп калгансың? Ал куту, балким, өзүңө керек болуп жүрбөсүн? – деди Ламар.

— Мага анын кереги жок. Менде андайдан кана, экөөбү, жок үчөө бар.

— Сага жыргал болгон турбайбы, – деди Ламар.

Кээде ал кыжырыңа тийип жиберет.

Эми мага берген белектерди айта кетсем: кичүү инилерим бырышкан-тырышкан баштыкка салынган сормо момпосуй, улуулары чачыма байлаган лента, ата-энем атым жазылган күмүш медальон, анан дагы кагазга оролгон бир нерсе беришти. Менимче, ал китеп болсо керек. Ура! Албетте, менин сүйүктүү китебим. Керебетимдин жанындагы китеп текчесине дагы бир баа жеткис китеп кошулду. Белекке алган китебим көлөмдүү

жана өтө оор болгонуна караганда, сөздүк окшойт. Же энциклопедиябы? Шашып сыртында капталган кагазды сыйрысам, дароо «Илим» деген сөз көзгө урунду.

Мына сага! Кандай керемет! Бир жагынан бул китепти колума кармап турганыма сүйүнсөм, андан да өтүп кубанткан нерсе, атам менен апамдын акыры менин жашоодо кызыккан нерселеримди түшүнгөнү болуп жатат. Атам менен апамды алма-салмак карап, кубанычым коюнума батпай турду. Алар да мени карап жылмайып коюшту. Сыртын толук сыйырып, карасам «Үй тиричилик илими» деген жазуу көрүндү.

Түшүнө албай китепти тиктеген бойдон, телмирип карап турдум. Бул эмне? Кайсы тилде жазылган? «Үй тиричилик илими» автору Жосайя Жарвис дейт го. Бул эмне дегенди билдирет? Бул жерде баары мен күткөндөн алда канча татаал окшойт. Колум карышып, китептин бетин ача албай калдым. Мазмуну бар бетин араң ачып, окуй баштадым: «Оорулуу адамдар үчүн тамактар», «Эң мыкты маринаддар жана туздалган жашылчалар», «Тактарды кетирүү ыкмалары». Шумдугуң кургур! Бул эмне?

Отургандардын баары сүйлөшкөнүн токтотуп, мени карап калышты. Бурчта гана термелип жаткан жыгач ат оюнчуктун кыйчылдаганы угулуп турду. Мен дендароо болуп апамды карадым. Апам болсо, Баркер мырзанын алдында уят кылба деп ишарат кылгандай, мени карап, кабагын түйдү.

— Ии, Кэлпурния белегиң жактыбы? – деди апам.

Кэлпурния эмне демек эле? Дей тургандай жооп калган жок. Ошол маалда китепти мештин оозуна ыргытып жи-

бергим келип турду. Ал от тутанткандан башка эч нерсеге пайдасы жок. Дагы үнүмдүн бардыгынча: «Бул деген адилетсиздик!» деп кыйкыргым келип жатты. Алдымдан чыкканын уруп, сабап, тиштеп, качып кетким келип жатты. Чоң атамдан да качкым келип турду. Элестетсеңер, чоң атамды да көргүм келген жок. Ушул маалга чейин ал билип туруп, мага заман өзгөрөт, кыздарга мамиле өзгөрөт деп үмүт берип келгени менен, өзү эч качан эч нерсе өзгөрбөсүн билсе керек. Мурдагыдай эле, кыздар үй күчүк болуп, жаңыча жашоо улантпасын мага эмнеге айткан жок. Ата-энем мага бир кеңешип, оюмду сурап койбостон өздөрү эле тагдырымды чечип койгонун өз кулагым менен уккам. Аларга каршы пикир айтууга укугум жок, баш ийүүгө тийишмин. Чоң атам болобу же башкасы болобу, мага эч ким жардам бере албайт. Моюнума эчак эле сыйыртмак салып коюшкан.

— Кэлпурния?

Мен жашоодон абдан чарчадым. Ал тургай ачууланганга да дарманым калбай калды. Мындан ары күрөшүүгө да алым келбейт. Мен үчүн бул ат көтөргүс жүккө барабар болуп турса да, болгон күчүмдү жыйнап туруп, калп жылмайдым да:

— Рахмат, – деп акырын шыбырадым. Оозумдан араң бир сөздү кыйнап чыгардым. Ал сөздү да анткорлонуп, өзүмдү кыйнап туруп айттым. Көзүмө жаш тегеренип, эч ким көрбөгөн жакка кетип калгым келип турду.

Ошол маалда Жей Би оюнчук аттан кулап түшүп, бакырып ыйлай баштады. Баары ага алаксып ызы-чуу болуп жаткан кезде, белектеримди чогултуп, конок үйдөн чыгып кеттим.

Бөлмөмө барып, караңгы терезени тиктеп отурдум. Эки мүнөт өтпөй шам чыракты көтөрүп, Баркер мырза үйдөн чыкканын байкадым. Шам чырактын жарыгы жаркырак коңузга окшоп кетти. Сал Росс менен Жей Би тепкичке отуруп алып, каткырышып, ар нерсени сүйлөшүп жаткандары угулуп жатты. Мен кийимимди которуп, төшөгүмө жатып алдым. Керебетимдин жанындагы үкөктүн үстүндө, колибри чымчыгынын уясынын жанында турган белектеримди: чачка таккан лентаны, медальонду, китепти карап жатып, көзүм кантип илинип кеткенин байкабай калыптырмын. Аягында ыйлаганга да дарманым калбай калган болчу.

## 26-БӨЛҮМ

# СҮЙҮНҮЧТҮҮ КАБАР

**Негизи куштардын тумшугу менен буттары таза болгону менен, баары бир баткак өзү жабыша берет. Бир жолу бир кекиликтин бутуна жабышкан, чоңдугу тоют чөптүн уругундай болгон, 22 гран[46] каткан топуракты күбүп түшүрдүм.**

Бир нече ай бою конок үйдөгү үстөлдүн үстүнө жайылган эсеп-кысап кагаздарынын арасынан башка катты издеп, күтүп жүрдүм. Бирок таппаганда, шаабайым сууй түшчү болду. Исанын туулган күнү майрамынан үч күн өткөндөн кийин, бизге кат эмес, телеграмма келди. Ал кезде телеграмманы көргөндө элдер чочуп кетчү. Иш адамдары соодага тийиштүү нерселерди телеграмма аркылуу кабарласа, жөнөкөй адамдарга көбүнчө телеграмма жакындарынан бирөө каза болгондо келчү. Телеграмманы үйгө телеграф кызматчысы — Флеминг мырза велосипед менен жеткирип келди. Согушта ал катардагы аскердик кызмат өтөгөндүктөн, чоң атамдын отрядында болбосо да, абдан сыйлачу.

Мен маанайым суз жолдун четиндеги арыктардын ичине суунун өлчөмүн белгилеп койгон чийиндерди карап жүрсөм,

---

46 Салмсис чени, бул 0,062 граммга барабар.

Флеминг мырза келатыптыр. Чийиндер болсо-болбосо да, үйдө камалып, белекке алган китебимди окуганча деп чыгып кеткен элем.

Телеграфчы велосипединен түшүп:

— Кэлли Ви, Тейт мырзага телеграмма келиптир. Ошону алып келгем, – деди.

Демек, атама келген го. Кимден кабар келди экен? Ойлонуп туруп калдым. Картаң Вичитада жашаган жеңебиз каза болсо керек. Бирок мен аны бир да жолу көргөн эмесмин.

— Телеграмма Вичитадан бекен? – дедим.

— Негизи мен мындайларды айтпашым керек. Бирок сен абдан билгиң келип жатса айта берейин. Телеграмма Вашингтондон келди, – деди Флеминг мырза.

— Эмне дейсиз? – дедим.

— Вашингтондун каягынан экенин билбейм.

— Атамдын Вашингтондо тааныштары жок болуш керек.

— Бул телеграмма сенин атаңа эмес, капитан Тейтке келди.

— Кимге дейсиз?

— Сенин чоң атаңа, – деди телеграфчы.

Оозумдан сөзүм түшүп, селейип туруп калдым.

— Аны кечиктирбей Тейт мырзанын өз колуна тапшырышым керек, – деди Флеминг мырза.

— Мен деле берип коё алам!

Телеграфчы мени акшырая карады да:

— Ал эмне дегениң? Мен сага бере албайм! – деди.

— Бере бериңиз деп жатам!

— Сен эмне деген кызсың? Тарбиялуу үйдө чоңойгон кыз

кантип сендей болсун! Телеграмма деген чоң кишилердин колуна берилет. Компаниянын эрежеси боюнча он сегиз жашка толгондорго гана уруксат.

— Анда, кечирип коюңуз!

— Мен өз милдетимди чоң жоопкерчилик менен аткарууга далалат кылган адаммын, – деди Флеминг мырза.

Менин жүрөгүм лакылдап, сыртка чыгып кетчүдөй сого баштады.

— Флеминг мырза жүрүңүз! Тезирээк! – деп Флеминг мырзанын жеңинен сүйрөй баштадым.

Флеминг мырза бышылдап-күшүлдөп, күйүгүп, бир колу менен велосипедди сүйрөп баратты. Элүү чакырымдык жол түгөнбөй, арышыбыз арбыбай, үйгө жетмегибиз тозок болду. Кээде жаман түш көргөндө, сормо сазга тыгылып, кыйналасың го, мага дал ошондой сезилип турду.

Эшиктин алдына жеткенде Флеминг мырза менин колумду силкип түшүрдү да, баш кийимин оңдоп кийе баштады. Мен болсо үйдүн ичин жаңыртып, кыйкырдым:

— Чоң ата! Сиз каяктасыз?

Конок үйдөн апамдын үнү чыкты:

— Кызым, эмне анча кыйкырып жатасың. Үйдө Пертл айым бар. Кирип учурашпайсыңбы, – деди апам.

Апамдын сөзү кулагыма кирген да жок. Ары-бери чуркап, чоң атамды издеп жүрдүм. Китепкананын эшиги бек. Эмне кылсам болот? Каяктан издейм? Эмне кылар айламды таппай бир жерде эле чимирилип жүрдүм.

Апам эңкейип, артымда турган Флеминг мырзаны көрдү.

Телеграмманы көбүнчө жөн жибербесин билгендиктен, өңү кубара түштү. Флеминг мырза эмне кыларын билбей учурашайын деп, шапкесин кармаган бойдон.

— Саламатсызбы, Тейт айым! Алагды кылсам айып этпеңиз. Тейт мырзага Вашингтондон телеграмма келиптир.

— Каяктан дейсиз? Вашингтондон?

— Шумдугуң кургур! – деп ары жактан Пертл айым сөзгө аралашты.

— Флеминг мырза, кирип туруңуз. Капитан өзөн тарапка сейилдегени кеткен. Коллекциясына үлгүлөрдү чогултуп жүрөт. Чынын айтсам, каягында экенин так айта албайм, – деди апам.

— Мен…мен билем! – дедим кудуңдап.

Эдиреңдеп чуркап чыктым. Эшик жабылып бараткандa апамдын Пертл айымга:

— Кечирип коюңуз! Менин кызым…, – деп жатканын кулагым чалып калды.

Чоң жол бүтөрү менен, бугулар жердеген калың бадалдуу аймактагы бир аяк жолго салдым. Жанымдын бардыгынча, бир туруп бугуну, бир туруп куйругун шыйпаңдатып бараткан түлкүнү элестетип чуркап бараттым. Өмүрүмдө мынчалык катуу чуркап көрө элек болчумун.

— Келди! Чоң ата келди! Вашингтондон! – деп үнүмдүн бардыгынча кыйкырып бараттым.

Булуң тараптан таппай койдум. Каяка кетип калды? Каяктан издейм? Түштүк тарапты көздөй суунун жээги менен чуркап жөнөдүм. Улам чоң аталап кыйкырып коём. Аралчанын

жанындагы аскага келсем ал жерде да жок. Ал жерде тирүү жан көрүнбөйт. Пахта тазалаган машина турган плотинаны көздөй чуркадым. Эмне кыларымды билбей ыйлайын деп калдым. Чоң атам жүргөн жерлердин баарын карап чыктым. Башка күндөн да бүгүн каяка кетип калды?!

Чуркап баратып, эменге конуп, сайрап жаткан кызыл куйрук жаман сарыны да чочутуп жибердим. Күйүгүп, үнүм чыкпай калды. Бутумду шилтеген сайын, ичимден «Чо-оң а-та, чо-оң а-та» деп кайталап келаттым. Пекан жаңгагынын жанына жеткенде балдарын ээрчиткен каманды көрдүм. Көзгө илбей арасын жирип өтүп кеттим. Шашып баратсам, эмне бутка чалынып жүрүшөт деп ачуум келди.

Келатып, таза аба менен дем алсын деп сыртка тору менен кошо Поллини чыгарып коюп, карап турган О'Фланаган мырзаны көрдүм. Ал дарыянын жээгинде тамекисин тартып, суунун шарпылдаганын тыңшап туруптур. Мени көрүп, Полли чогун үрпөйтүп, көзүн албай тикирейип карап калды.

— Чоң атамды көргөн жоксузбу? – дедим күйүгүп.

О'Фланаган мырза көргөн жокмун дегендей түр кылды.

— Эмне болду? Жайчылыкпы? – деди кабатырланып.

Жооп бербестен жолдун наркы өйүзүндөгү гезит редакциясынын имаратын көздөй чуркадым. Эшигин шарт ачып, контордун ичине кирип бардым. Мэгги Медлин коммутатордун маңдайында сендвич жеп отуруптур. Мени көрүп чочуп кетти.

— Чоң атамды көргөн жоксузбу?

Жооп берем деп, какап кала жаздады.

— Жок, бүгүн көргөн жокмун. Жайчылык элеби?

Кайрылып чуркайын деп баратып, О'Фланаган мырзанын курсагын сүзүп, токтоп калдым. Көрсө, ал менин артымдан келатыптыр.

— Кэлпурния, сага эмне болду? Бирөө сыркоолоп калдыбы? – деди О'Фланаган мырза.

— Догдур чакырайынбы? – деди Мэгги Медлин.

О'Фланаган мырзанын оң жагынан буйтап, сол жагы менен өтүп кетейин десем кармап калды. Мынчалык семиз кишинин шамдагай болорун билбептирмин. Ал ийинимден кармап, силкилдетип жиберди.

— Кэлпурния, сага эмне болду? Ооруп турасыңбы? Же бирөө ооруп калдыбы? Айтчы, бай болгур!

Күйүккөнүмдөн дем ала албай жаттым. Шайым ооп калыптыр. Бүттү. Үмүттүн баары үзүлдү. Эми менин эч кимге керегим жок экенин түшүндүм. Мурда бир жакка ар дайым чогуу барчу элек. Эмичи… Мындай кылганы эмнеси? Эмнеге мен өз укугум үчүн күрөшкөн жокмун? Көптөн күткөн күн келсе, кайда кетип калды? Мурда каякта болбосун оңой эле таап алчумун. Бүгүн эмне болду? Балким, жаңы бир аймакта, үлгүлөрдү чогултуп жүргөндүр? Балким, ал жерди мен билбейт чыгармын. Эч ким көрбөгөн жерде. Өзү гана билген аймакта. Менсиз…

Күндөлүккө жаза турган жаңы суроо пайда болду: «Эмне үчүн?» Жооп: «Себеби, Кэлпурния деген кыздан тажап, жалгыз болууну самагандыктан. Ага бары-жоктун барын үйрөткөндөн тажагандыктан». Ошондойбу, Кэлпурния! Дал ошондой! Туура!

Демимди араң басып:

— Жок, О'Фланаган мырза. Баары жайында, – деп жооп бердим.

Башыма кайдагы бир ойлор келе баштады. Өткөндө чоң атам китеп окуп отурганда, уруксат сурабастан китепканага кирип барып, ага тоскоол кылып, таарынтып алган жокмунбу? Балким, атам менен апам кыз кишиге туура эмес тарбия берип жатат дегендиктен, эркек неберелерине көбүрөөк көңүл бөлүүнү чечкендир? Же баягы буурчак өскөн жерди эстей албай койгондо менден түңүлүп калганбы? Бирок андан кийин ал жерди таап берип, чоң атам мени кечиргендей болбоду беле? Апам үй жумуштарын, кол өнөрчүлүктү үйрөтө баштаганын айтканымда, эмнеге алкап койду экен? Мага «Үй тиричилик илими» деген китепти белек кылганын көрүп туруп, эмнеге бир сөз айтып койгон жок? Балким, чыныгы илимге мени татыктуу эмес деген ою бардыр? Булардын баарын ойлоп, бугум ичиме батпай, бышактап ыйлай баштадым.

— Оо, Кудай! Сага эмне болду, кызым? – деп О'Фланаган мырза башымдан сылап койду. – Болду эми, ыйлаба. Болду. Жүрү апаңа жеткизип коёюн.

— Жок, рахмат, О'Фланаган мырза! Эч нерсе болгон жок, — деп ого бетер шолоктоп ыйладым.

— Чын элеби? Өңүң кубарып турат, – деп кабагы бүркөлө түштү. – Эмне бирөөлөр тийиштиби?

— Жок, эч ким тийишкен жок. Мен чоң атамды таба албай жатам.

О'Фланаган мырза сөзүмө ишене бербей турду. Чөнтөгүмдөн жаңы эле алып чыккан бет аарчым чылпылдап суу болуп кетти. Канчалык өзүмдү токтотоюн десем да, токтоно албай булкулдап ыйлай бердим.

— Ме, менин бет аарчымды, – деп О'Фланаган мырза чөнтөгүнөн алып чыгып берди. – Азыр мага кереги жок. Алып калсаң деле болот. Жүрү эми апаңа жеткирип коёюн.

Ыйлаганымды токтотпосом О'Фланаган мырза кетпесин түшүндүм. Бет аарчы менен бети-башымды сүртүп, мурдумду тазалап, өзүмдү токтотконго болушунча аракет кылдым.

— Басылдым, О'Фланаган мырза. Кам санабай эле коюңуз. Азыр үйгө барам. Рахмат. Саламатта калыңыз, – дедим.

Ошенткенде гана мени арадан зорго коё берди. Сыртка чыгып, сүйрөлүп, үйдү көздөй жөнөдүм.

Буга чейин чоң атам мага Дарвиндин китебин берген. Менин жашоону башкача көз караш менен кароого мүмкүнчүлүк түзүп берген. Демек, алардын эч кандай мааниси жок болуп калабы? Баары текке кетеби? Эми «Үй тиричилик илимин» окугандан башка арга жок. Менден өткөн акмак жок экен да. Элдин баары жаңы кылымга өтүп жыргай берсин, менин арсыз жашоом ушул бойдон өзгөрбөй кала берет. Аны мен эчак түшүнүшүм керек болчу.

Буларды ойлоп, көзүмдөн жаш өзүнөн-өзү чуура баштады. О'Фланаган мырза берген бет аарчы көз жаш менен мурдумдун суусунан кургак жери калбай чылпылдап калды.

Күндөлүккө бул акыркы суроону жазам да, анын бетин экинчи ачпагыдай кылып, биротоло жабам: Телеграмма ме-

нен эмне кабар келди экен? Оң жооппу? Же терспи? Чоң атам кандай болбосун жооп жазышы керек. Мен чоң атамды кыйнасам да айттырам. Ал мага айтууга милдеттүү.

Бет аарчынын учунда калган кургак жери менен бетимди аарчып, артка кылчайсам О'Фланаган мырза менин артымдан келатыптыр. Үйгө жеткенче көзүн албайын десе керек. Жок дегенде бир киши мени ойлогонуна сүйүндүм.

Бурчка жеткенче артымдан ээрчип келди. Үйгө жеткени калганда өзүмдү токтотуп, ыйлаганымды билгизбегенге аракет кылдым. Билип калса, сурак башталары турган иш.

Апам менен Пертл айым экөө дагы эле конок үйдө сөздөрү бүтпөй отурушуптур. Апам чай куюп, Виола жаңы эле күмүш табакка лимон пирог салып кирип баратыптыр. Флеминг мырза болсо, тизесине чайды коюп, шашпай ууртап ичип отурат. Телеграмма салган баштыгын бутунун учуна коюп коюптур. Өмүрүндө биринчи жолу Вашингтондон келген телеграмманы жеткирип келип, эмне жазылганын билмейин кетпейин десе керек.

Апам бурулуп, мени жалт карады.

— Кэлпурния, сага эмне болгон? Чоң атаңды таптыңбы?

— Мага эч нерсе болгон жок. Чоң атамды да тапкан жокмун, – дедим.

— Кечиресиз, Тейт айым, – деди Виола. – Менимче ал үйдүн артындагы сарайда жүрөт окшойт.

Виола мурда кулдар жашаган жерди лаборатория дагы, үй деп да атагысы келчү эмес.

Сарайда? Аа, лабораторияны айтып жатабы?

Апамдын кабагы бүркөлө түштү.

— Мен Тейт мырзаны өзөнгө кеткен экен дегем. Кэлпурния, барып карап келчи. Ансыз деле Флеминг мырза эртеден бери күтүп жатат.

— Эч нерсе эмес, – деп телеграфчы чөйчөгүн акырын чайнек жакка жылдырып койду.

Демек, өзөндө эмес турбайбы?

— Флеминг мырза, дагы чай ичесизби? – деди апам.

— Рахмат! Чайдан баш тартпайм, – деди телеграфчы.

Мени калтырып, өзөнгө жалгыз кеткен эмес экен да. Бирок мени чакырбай лабораториясына кирип кетиптир.

— Кэлпурния! Мени угуп жатасыңбы? Барып чоң атаңды чакырып кел деп жатпаймынбы. Пертл айым кекстен дагы бирди салып берейинби? Абдан даамдуу болуптур. Виоланын өзгөчө ыкмасы менен жасалган, – деди апам.

Мен эсиме келе албай, апамды карап, башымды ийкеп койдум.

Ашкана менен өтүп баратсам, Виола тамак жасап жатыптыр.

— Сага эмне болгон? Өңүң кубарып, башкача болуп турасың го? – деди Виола.

— Жакшы уктабай калгандыкы окшойт, – дедим.

О'Фланаган мырза берген бет аарчыны агып жаткан муздак сууга жууп, бетиме бастым.

— Негизи эле мен өзүм кызыктаймын, – деп бет аарчыны оозума такап алып күңкүлдөдүм. – Ошону үчүн башкача болуп турам.

— Эмнеге өзүңдү андаймын деп чечтиң? – деп Виола өктөм сүйлөдү.

Ошол маалда чай кайнап калып, Виола алаксып басып кетти.

Бетимди сүлгү менен аарчып, эшиктин артындагы жарака кеткен күзгүгө карана баштадым. Бетим кызарып, шишимик тартып, кебетем келишип калыптыр. Өзүмдү күзгүдөн биринчи көргөнсүп, каранып баштадым. Мен деги киммин? Ар кимди тажаткан, улуу кишилерге тоскоол болгон, акылсыз, шашкалактап бүтүм чыгарганга ашыккан кызмынбы?

— Виола, кана айтчы. Мен келесоомунбу же тажаткырмынбы? – дедим.

— Эми сен тууралуу көп нерсе айтса болот. Бирок сен келесоого да, тажаткырга да кирбейсиң. Өзүңдү андаймын десең, терең жаңылышасың.

— Чын элеби?

— Болбогон кепти айта бербечи.

— Виола, мен үчүн бул абдан маанилүү.

— Сен тууралуу жаман нерсе айта албайм, – деди да, Виола нары карап, ишин улантты.

Артынан ичке ийини менен карылуу колдорун карап, ага ишенбегенге аргам калган жок. Чындыгында, бул жерде тамакты даамдуу бышырганынын эч кандай тиешеси жок. Виоланын мага жалган айтканын көргөн эмесмин. Менимче, азыр да баарын чын ниети менен айткандай болду. Артынан барып, Виоланы белинен кучактадым. Биринчи жолу сөөктөрү каркайып чыгып турарын, ушунчалык арык экенин билип

жатам. Мынча назик денеге, чоң жүрөктү кантип батырып жүрөт болду экен?

— Болду эми, бара кой, – деди Виола. – Сени менен кучакташып тура бергидей убактым жок.

— Жарайт, кожойке, – дедим шартылдап.

Адатынча мени эркелетип, сүйлөнгөнүн көрүп, көңүлүм тынчый түштү.

— Сага канча жолу айтам! Мени кожойке дебей жүр! Бул үйдүн ичинде эч качан мени «кожойке» деп айтканыңды укпайын, – деп артымдан кыйкырган бойдон калды.

Короонун арт жагына мышыктар жатып алышыптыр. Жандарынан өтүп, лабораторияны көздөй сүйрөлүп бараттым. Буттарым тараза таштарындай оор болуп калыптыр. Бир аз жерге кадамым арбыбай койду.

Лабораториянын оозуна жеткенде, тагылып турган кендир мүшөктү өйдө көтөрүп, шарт кирип бардым. Чоң атам тамтыгы чыккан креслонун үстүндө, түшүнүксүз бир суюктук куюлган колбаны ары-бери тегеретип, ойлуу карап отуруптур.

— Чоң ата, келди! – деп кыйкырып жибердим.

— Эмне келди? – деп чоң атам таң калып карап калды.

— Буурчактан кабар келди, – дедим.

Чоң атам жооп берген жок.

— Вашингтондон телеграмма келди, – деп кошумчалап койдум.

Чоң атам чалкалап, шыпты тиктеген бойдон:

— Ии, анан эмне деп жазышыптыр? – деди.

Мындайды күтпөгөн жаным селейип туруп калдым.

— Эмне деп жазылганын билбейм. Окуган жокмун. Телеграмма сиздин атыңызга келиптир, – дедим.

— Койсоңчу, Кэлпурния! Экөөбүз кесиптешпиз го. Чогуу иш алып барып жаткандан кийин окуй бербейт белең.

Эмне деп айтарымды билбейм, башымды ийкеп койдум.

— Вашингтондун өзүнөн телеграмма келип жатса, өзүңдү ошого жараша тыкан алып жүрүшүң керек.

Ордунан туруп, бырышып-тырышкан кийимин оңдоду да, менин жаныма басып келип, саксайган чачымды сылап, бантигимди чойгулап, түздөп койду.

— Кана даярсыңбы?

Мен кайра башымды ийкедим. Чоң атам колун сунуп:

— Жүрү, кеттикпи? – деди.

Чоң атамды колтуктаган бойдон, ишенимдүү кадам менен үйгө жөнөдүк. Үйдүн арткы эшигине жетип калганда, мен токтоп калдым.

— Чоң ата, күтө турсаңыз.

— Кэлпурния, эмне болду?

— Алдыңкы эшиктен кирбейлиби? – дедим калтыраган үн менен. – Сиз кандай дейсиз?

— Сенин оюң туптуура, – деп чоң атам коштоп койду.

Үйдү жай айланып, конок үйдүн терезесинин жанынан өтүп баратсак, моюндарын созуп, таң калып караган үч кишинин башы көрүндү. Ошол маалда майда-чүйдөнүн баарын байкап келаттым. *Лилия* гүлдөрүнүн баштары шылкыйып, жерге тийип калыптыр. Индия сиренинин кабыгы чорт жарылып кетиптир. Ал эми асмандагы булуттар топтошуп, бир

жерде чогулуп турду.

Салкын аба да бизге салтанаттуу дем берип тургандай. Өзүмдөн-өзүм толкундангандан калтырай баштадым. Жүрөгүм көкүрөгүмдөн чыгып кетчүдөй согуп жатты. Колтукташкан бойдон тепкич менен жогору чыктык да, чоң атам мага эшикти ачып берип, башын ийип, алдыга өткөздү.

Флеминг мырза чоң атамды көрөрү менен ордунан ыргып туруп, түптүз туруп калды.

— Капитан Тейт! – деди ал. – Сизди көргөнүмө өтө кубанычтуумун. Сизге Вашингтондун өзүнөн, Колумбия округунан телеграмма келди.

— Рахмат, Флеминг мырза. Сизге абдан ыраазымын, – деди чоң атам.

— Өтө олуттуу кабар болсо керек деген ойдо, дароо жөнөдүм, – деди Флеминг мырза.

— Чоң рахмат, Флеминг мырза!

— Башка телеграфчыларга ишене албай өзүм келдим.

— Рахмат, Флеминг мырза!

— Жаңылыш түшүнүп калбаңыз. Негизи бизде иштеген балдардын баары эле жакшы. Болбосо аларды эмнеге кармап жүрмөк элек, бирок кээде башка нерсеге алаксып кетиштери мүмкүн. Ошону үчүн өзүм..., – деп келатканда сөзгө ортодон апам аралашты.

— Флеминг мырза, көп эле маалката бербей, телеграмманы Тейт мырзага бере берсеңизчи?

— Туура айтасыз. Албетте, – деп Флеминг мырза шашкалактап калды.

Колдору калтырап, баштыгын оодарып жатып, бир телеграмма сууруп чыкты.

— Мына сиздин телеграмма. Болгондо да Вашингтондун өзүнөн келди. Жакын жерден эмес.

Пертл айым угулар-угулбас кыйкырып жибергендей болду да, колун бооруна алып карап туруп калды. Баарыбыздын көздөрүбүз конвертке кадалып, ордубуздан жылбай күтүп турдук. Чоң атам алдыга бир кадам аттап, телеграфчынын колундагы конвертти алды да:

— Кызматыңыз үчүн чоң ыраазычылык билдирем, Флеминг мырза, – деди салтанаттуу түрдө.

Бешмантынын чөнтөгүн оодарып, тыйын алып чыкса, телеграфчы албай койду.

— Жок, капитан Тейт, мен сизден акы ала албайм. Сизге кызмат кылууга дайым даярмын! – деп аскерлерче оң колун чекесине тийгизип, жерди бир тээп койду.

— Абдан ыраазымын, – деди чоң атам. Флеминг мырзанын дагы эле какыйып турганын көрүп, кошумчалап койду: – Кана, бош тур!

Баары дароо өздөрүн эркин сезе түшүштү. Биз чыдамсыздык менен чоң атамды карап, чоң атам телеграмманы тиктеп турду.

— Флеминг мырза, дагы бир жолу рахмат! Саламатта калыңыздар, айымдар! – деп чоң атам, апам жана Пертл айым менен коштошуп, колуна баштыгын бекем кыскан бойдон, шарт бурулуп, чыгып кетти. Төртөөбүз ооздорубуз ачылган бойдон, ордуларыбыздан жылбай турдук.

Ушундай да болобу! Акылга сыйбаган жорук! Жеткен адилетсиздик! Өмүрүбүздө биринчи жолу мындай телеграмма келип жатса, эмне жазылганынан кабарыбыз болбой калабы? Ушундай кантип болсун! Чоң атамдын бул эмне кылганы? Өзгөчө мени каратып туруп, калтырып кеткени эмнеси? Аңгыча коридордон:

— Кэлпурния, келатасыңбы? – деген чоң атамдын үнү угулду.

Бир секунддай эсиме келе албай туруп, анан болгон күчүм менен талпаңдап чуркап жөнөдүм. Кыздар өздөрүн назик, жакшы алып жүрүш керек деген апамдын сөзү ошол маалда эсиме да келген жок. Чоң атам китепкананын эшигинин оозуна жеткенде, далбастап артынан жетип барып калдым. Үн катпастан кулпуну ачары менен шашып ичкери кирдик. Меш жагылбагандыктан, китепкананын ичи суук экен. Кичине болсо да күн тийип турсун деп, баркыт терезе пардаларды ачып коюшуптур.

Чоң атам олуттуу түр менен үстөлгө отуруп, колуна телеграмманы алып, шам чыракты алып келүүмдү буюрду.

Толкунданганымдан шам чыракты күйгүзө албай колдорум калчылдай баштады. Башыма түрдүү ойлор келип жатты: «Жок» деген жооп болсо эмне кылабыз? Анда биз ким болуп калабыз? Алжыган чал менен келесоо кызбы? Балким, «Ооба» деген жооп келген болсочу? Атагыбыз алыска угулуп, таанымал болуп калабызбы? Анда бизди ийгиликтер күтөбү? Атыбыз өлбөс-өчпөстөрдүн катарына киреби? Билген жакшыбы же билбеген бойдон калганыбыз жакшыбы? Эң негизгиси

чоң атам мени жакшы көрөт. Туура айтамбы?

Ээрдин үстүндө отуруп алып, ар нерсени ойлонуп жибердим. Бир туруп чоң атамдын телеграмманы окубашын каалап кеттим.

Чоң атам ак конверттин ары жак, бери жагын бир далайга кылдат карап, пилдин сөөгүнөн жасалган бычакты алып чыгып, акырын ача баштады. Ичинен экиге бүктөлгөн жөнөкөй кагазды сууруп чыгып, мени көздөй сунду.

— Кызым, үнүңдү чыгарып жакшылап окуп берчи.

Колум калтырап, телеграмманы жаздым да, какап-чакап окуй баштадым:

Урматтуу профессор Тейт жана Тейт айым! Смитсон университетинин Өсүмдүктөр систематикасы боюнча комитеттин мүчөлөрүнүн атынан сиздерге жагымдуу кабар билдирүүнү чечтик. Көп убакытты талап кылган кылдат изилдөөлөрдүн жана текшерүүлөрдүн негизинде, сиздер жиберген буурчактын үлгүсү буга чейин белгисиз болуп келген, жаңы түргө кирери аныкталды. Ал буурчак: *Dicotyledon* классынын; *Fabales* катарындагы; *Fabaceae* түркүмүнүн; *Vicia* түрүнө кирери далилденди. Эрежеге ылайык жаңы ачылышка аны тапкан адамдын ысымы же алар сунуштаган ысым ыйгарылат. Эң негизгиси бул ысым кайталанбашы шарт. Комитет тарабынан бул буурчакка *Vicia tateii* деген ат сунушталды. Буга сиздердин көз караштарыңыздар кандай? Болбосо башка ысым сунуштоо укугу да берилет. Сиздерден жооп күтөбүз.

Институттун атынан дагы бир жолу чын жүрөктөн куттуктайбыз. Жаңы ачылыш кут болсун!

Терең урматтоо жана илимий саламым менен,

Өсүмдүктөр систематикасы боюнча комитеттин төрагасы

Генри С. Лариви.

Колумдагы телеграмманы акырын бүктөп, чоң атамды карасам, ордунан кыймылдабай, бир жерди тиктеген бойдон отуруптур. Тезирээк бир нерсе айта салайын деп, сөз таба албай калдым. Бөлмөнүн ичи тымтырс, алыстан Матильда аттуу итибиздин улуганы эле угулуп турду. Кызык, башкасы бүткөнсүп, иттин улуганына көңүлүм бурулганы эмнеси? Жакшылап тыңшасам, ашканада казан-аяктардын калдыраганы, тор эшиктин жыгач алкагынын даңгырттап кулаганы да угулду. Баягы эле бейбаш эки бир тууганымдын жаны тынбай, мушташып жатышса керек. Конок үйдөн фортепианонун кубулжуган үнү угулду. Апам адатынча конокторго ойноп берсин деп Гаррини чакырган окшойт. Музыканын үнүн укканда гана чоң атам эсине келе түштү. Кабагын бүркөп, терең ойго чөмүлүп кетиптир.

— Чын элеби? – деди чоң атам бир топтон кийин.

Эмне дээримди билбей:

— Чын эле, – деп койдум.

Бир мүнөттөй ойлонуп туруп:

— Бул Шопен. Менин эң сүйүктүү музыкам. Кэлпурния, билесиңби…, – деп токтоп калды.

— Анан, чоң ата?

— Билесиңби…

— Чоң ата, угуп жатам, – дедим.

— Мага баарынан Шопен жакчу.

— Мен билчү эмес экенмин.

— Бул музыка «Жамгырдын тамчысы» деп аталат.

— Антип аталарын да билчү эмесмин.

Тамдын артында Виоланын коңгуроосунун үнү угула баштады. Бир аздан кийин үйдүн кире беришиндеги добулбасты кага баштайт.

Чоң атам тамакка да кайыл болуп отурду.

— Эми жалгыз көйгөй, Кудайым берген жаштын калганын кантип жашасам, – деди чоң атам.

Кызык, чоң атам телеграмма тууралуу эмнеге кеп козгобой жатат? Добулбас кагылса, эч нерсеге жетишпей калабыз. Албетте, тамак күтүп турат дечи. Тамакка барбай бул жерде таң атканча отура берсек деле болот. Китепкананы айланта кайра карай баштадым. Баягы эле спиртке чыланган жаныбарлар, армадилл…

— Чоң ата!

— Эмне болду?

— Телеграммачы?

— Эмне телеграмма?

— Жанагы…

Аңгыча Виола добулбасты кагып, тамакка чакыра баштады. Дайыма кычап калат. Ушунусу мага жакпайт!

— Бир нерсе сурайын дедиң беле?

— Жок, эч нерсе деле сурабайт окшойм, – деп акырын жооп бердим.

— Бир несеге кабатырланып жатасыңбы?

— Жок, эч нерсе эмес…

— Дүйнөдө биз билбеген канча деген нерсе бар. Бирок убактыбыздын аздыгы өкүндүрөт. Мен карып калдым. Чынын айтсам, ушул күндү көрөрүмөн да күмөн санап калгам, – деди.

Жанына жакын барып, телеграмманы берсем:

— Сенде тура берсин. Күндөлүгүңдүн арасына салып кой, – деди.

Телеграмманы чөнтөгүмө салып, чоң атамды бекем кучактадым. Чоң атам да бооруна кысып, чекемен өөп койду. Бир топко чейин кучакташкан бойдон турдук. Тынчтыкты бирөөнүн эшикти катуу каккылаган дабышы бузду.

Үйдө майрамдык маанай башталат, туш тарапта желектер желбиреп, жайнаган таттуу, момпосуй коюлуп, баары куттуктаганын элестеткем. Бирок кайдагы майрам? Чоң атамдын оозунан бир ооз да сөз чыккан жок. Тамак ичилип бүткөнчө өзүмдү чала өлгөн жыландай элестетип отурдум. Эмнеге мага кубаныч эч сезилген жок? Жашоомдогу эң бактылуу көз ирмемге эмнеге кубанган жокмун? Бул чоң атам үчүн да майрам болушу керек эле.

Апам улам чоң атамды карап жылмайып, чоң атам башын көтөрсө эле бир нерсе айта тургандай күтүп жатты. Сыягы, сүйүнүчтүү кабар тууралуу бөлүшсө деген үмүттө болду көрүнөт. Бирок чоң атам кайра-кайра бошогон табагына тамак салуу менен эле алек болуп жатты. Инилерим бири-бири менен шыбырашып, бир нерсенин шыбышын билип калгандай улам чоң атамды карап коюшат.

Ошентип, тамак да ичилип бүттү. Сан-Хуана десерттин

табактарын жыйнай баштады. Чоң атам ордунан туруп барып, стаканга портвейн куюп келди да, баары тынчтанганын күтүп турду. Стакан жарыкка чагылышып, чоң атамдын сакалы кочкул кызыл түскө боёлгондой көрүндү.

Чоң атам отургандардын бардыгын кыдырата бир сыйра карап чыгып, ашканада жүргөн Виоланы чакырды. Виола чүтүрөйүп, колун этегине аарчып, шашып-бушуп үстөлдүн чекесине келип туруп калды.

— Урматтуу мырзалар жана айымдар! Ушул тостту сүйүнүчтүү бир кабардын урматына көтөрүп коюуга уруксат этиңиздер. Бүгүн мага Вашингтондон телеграмма келди. Смитсон университети Кэлпурния экөөбүз буурчактын жаңы түрүн ачканыбызды тастыктап, куттуктоо жиберишиптир. Буга чейин ал изилденген эмес экен. Ошондой эле ал буурчака *Vicia tateii* деген атты ыйгаруу чечими кабыл алынды, – деп чоң атам сөзүн жыйынтыктады.

— Абдан сонун! – деп атам кубанды.

Апам болсо түшүнө албай чоң атамды таң калып бир карап, кайра мени карап, экөөбүздү алмак-салмак карап жатты.

— Чоң ата, сиз биздин үй-бүлөнүн аты тарыхка калгыдай иш жасадыңыз, – деди Гарри.

— Кэлли, сага дагы бир сыйлык бериштиби? – деп Жим Боуи кызыгып сурап жатты. – Кандай сыйлык?

— Биздин сыйлык — илимий эмгектерде атыбыздын аталышы, – дедим.

— Кайсы эмгектерде? Ал эмне дегенди билдирет? Аны көрсөк болобу?

— Ооба, Кудайым буюрган күнү көрөсүң, Жей Би, – дедим.

Атам кол чаап баштаганда, баары аны колдоп, дүркүрөтө алакандарын чаап: «Ура!» деп кыйкырып жатышты. Бул көз ирмемди дегдеп күтүп жаткандыктан, маанайым көтөрүлө түштү. Бирок сиздер ойлогондой ичи-коюнума батпай кубанып кеткен жокмун. Атам да ордунан туруп барып, буфетте турган портвейнден куйду да:

— Маргарет, бизди колдоп сен да алып коёсуңбу? – деди.

Ал маалда апам дагы эле менден көзүн албай карап турган.

— Маргарет!

— Ии, ооба. Бир аз куя келчи. Мындай кабарды колдобогонго болбойт, – деп апам атамды карады.

— Виола, сенчи. Суранам, – деди чоң атам.

— Жок, жок, Тейт мырза. Мен иче албайм, – деди Виола апамды карап.

Чоң атам Виола менен Сан-Хуананын баш тартканына болбой, колдоруна стакандарды карматып койду. Сан-Хуана эмне кыларын билбей, коркуп да кетти. Улуулардын баары колдорундагы бокалдарын көтөрсө, биз алдыбыздагы сүттөрдү ичтик.

Анан атам сөз алып:

— Бардыгыбыздын ден соолугубуз жана бакубат жашообуз үчүн! Чоң атабыз жана анын илимий жетишкендиктери үчүн! Ушул маалга чейин атам убактысын курулай иштерге жумшап жүргөндөй сезчүмүн. Көрсө, аракет кылса

берекет деген ушул экен. Кылган ишиңиздин акыбети кайтып отурат. Биз сиз менен сыймыктанабыз! – деди.

Гарри «Мына ушундай мыкты жигит» деген ырды созолонто ырдап, артынан баарыбыз бир ооздон «Ура!» деп кыйкырып, коштодук.

— Кэлпурния менен анын күндөлүгүн да айтып кетпесе болбойт. Баса, ал күндөлүктү сага мен белек кылбадым беле. Демек, менин да көз акым бар. Азаматсың, Кэлпурния! – деп Гарри тамашалап койду.

Кайрадан баары чогуу «ураалай» башташты. Бул жолкусунда менин урматыма. Кымыңдап, менин ийгилигиме сүйүнүп турган бир туугандарымды көрүп, ичим элжирей түштү.

— Гарри туура айтат. Кэлпурниясыз жалгыз менин колумдан эч нерсе келмек эмес. Альфред сенин жалгыз балаң — чылкый алтын, – деди да колундагы бокалын көтөрдү.

Жалгыз балаң дегени эмнеси? Эркек бир туугандарым шалдайып туруп калышты. Бир аздан кийин бири-бирин карап, бир нерсе деп шыбыраша баштошты.

— Кечиресиздер, – деп чоң атам туура эмес айтканын сезип, сөзүн түзөй баштады. – Туура эмес айтып алган болсом айып этпегиле. Кэлпурния — менин уулумдун жалгыз кызы, менин жалгыз кыз неберем деген мааниде айткам.

Чоң атам колундагы бокалын алып жиберди да, ордуна барып отурду. Эркек бир туугандарым чоң атамдын айткандарына териге беришсин. Ага маани деле берген жокмун. Бирок мурда бул күндөгүдөй мынчалык териме батпай сүйүнгөн эмесмин. Себеби, чоң атам мени абдан жакшы көрөрүн жана

эч кимге теңебесин айтканда төбөм көккө жетип турду. Чоң атам да менин дүйнөдөгү эң сүйүктүү адамым.

# 27-БӨЛҮМ

# ЖАҢЫ ЖЫЛ

**Адам баласы бир нерсени тандоодо чоң кыйынчылыктарга дуушар болот. Ал көбүнесе сырткы көрүнүшүнө гана көңүл буруп, ички кемчиликтерине маани бербейт.**

Быйыл Жаңы жыл күнү өмүрүбүздө биринчи жолу Гарриден баштап, Жим Боуге чейин сааттын жебеси он экиге жеткенче жатпай, чогуу санаганга уруксат беришти. Ошол көз ирмемди китепте жазылгандай маанайда толкунданып, чыдамсыздык менен күтпөй эле, баарыбыз кыжалат боло баштадык. Себеби, айрым диний коомдордун жаңы миң жылдык башталганда, акыр заман келет экен деген имиштери эл арасына жайылып кеткен. Ал тургай айрым гезиттер да узун көйнөк-дамбал кийген, сакалдары сапсайган жапайы адамдар: «Кудайга шүгүрчүлүк келтиргиле! Акыр заман келатат!» деп кыйкырып, ураан чакырып, Остиндин көчөлөрүн аралап басышат деген маалымат тарата баштaшкан.

Атам аларды топ жиндилер деп кабыл алса, Тревис тескерисинче, коркуп, үтүрөңдөп менден ар нерсени сурай баштаган.

— Кэлли, сенин оюңча акыр заман болобу?

— Жок, болбогон кеп. Андайларга ишенбей жүр. Чоң атамдын айтымында жаңы миң жылдык башталганда кылымдар тогошот деген түшүнүк бар экен. Аны адамдар өздөрү ойлоп тааптыр. Биздин календарь деле Англия өлкөсүнөн келиптир.

— Эгер чын эле акыр заман болуп кетсечи? Байкуш Жесси Жеймс менен Баннини ким карайт? – деп Тревис муңая түштү.

Мындай талкууну токтотуунун бир эле жолу бар экенин түшүндүм.

— Сен кабатыр болбо, Тревис. Мен карайм.

— Макул. Рахмат сага, Кэлли.

Саат алтыда дасторконго жайнаган дүр-дүйүм тамак коюлду. Сыртта күн суук болгондуктан, ар бир бөлмөгө от жагылды. Апамдын көңүлү жайдары. Жанаараак бир аз вино ичип койгондуктан, ошонун таасири болсо керек.

Тамактын алдында атам тост айтып жатып, бардыгыбызга акыр заман болот деген курулай ушак экенин, ушундай үй-бүлөсү: атасы, өмүрлүк жары, балдары бар үчүн өзүн дүйнөдөгү эң бактылуу адам катары сезерин айтты. Айтып жатып, үнү кыргылданып, жашып кеткендей сезилди.

Тамактан кийин ар ким өз бөлмөсүнө кирип, түн ортосуна чейин бир аз эс алып, дуба окуп, келерки жылга өз тилектерин айта турган болушту. Себеби, салтка ылайык ар бирибиз ордубуздан туруп, келерки жылы аткара турган убадаларыбызды тизмектештирип айтып беришибиз керек болчу. Апам ал каалоо-тилектерибизди ак баракка жазып,

Инжилдин ортосуна салып койчу. Алар бир жыл бою ошол жерде сакталып турчу.

Мен бөлмөмө кирип, күн батып бараткanын карап турдум. Бир жагынан үй-бүлөм менен бирге, опур-топур болуп мурдагыдай эле жашоомду улантууну кааласам, экинчи жагынан Фентресстен биротоло кетип, жашоомдо чоң бурулуш болушун каалап турдум. Турмушумда күтүлбөгөн бир өзгөрүү болушун тиледим. Эгерде өмүрүм өткөнчө Локхарт менен Сан-Маркостун ортосундагы тырмактай Колдуэлл округунан чыкпай, пекан дарагы менен пахтаны тиктеп жашоо кечиргенге туура келсе, анда «мумутан» буурчакка менин атымды ыйгаруунун деле кажети калбайт. Чоң атам турмушта каалаган, алдыга койгон максатка жетүүгө болот деп ишендирип келет. Бирок анысына кээде ишенсем, кээде ишенбей кетчү болдум. Ушундай түнөргөн, сууктун күнүндө, жаңы кылымдын босогосунда турганда, кандайдыр бир өзгөрүүгө ишенүү кыйын экен.

Албетте, көптөгөн жерлерди көрсөм, көп нерсени жасасам деген аруу тилегим бар. Бирок кайсынысын ишке ашыруу мүмкүн болорун айта албайм. Күндөлүгүмө жасай турган нерселеримди жазсам, узун тизме болуп кетти. Колумдан түшүрбөй жүрүп, күндөлүгүмдүн сырты эскирип, чекелери жыртыла баштаптыр. Жарым жылдан бери ал менин кыйбас досума айланган.

Күндөлүгүмдү четке коюп, көзүм илинип кетиптир. Түшүмдө сууда сүзүп баратыптырмын. Бирок биздин өзөнгө таптакыр окшобогон суу экен. Түсү көк эмес, ачык жашыл

тарткан, жээги кумдуу жерге жеткенде Виоланын добулбасынын дабышынан чочуп ойгонуп кеттим.

Карасам саат тогуз болуптур! Дасторкондон көзүмө дароо «Сулуу Бетти» деп атап коюшкан ысык алмадан жасалган пудинг урунду. Дасторконго отурарыбыз менен баарыбыздын колубузга бирден тарсылдап атыла турган кагаз оюнчук карматышты. Кээ биринин ичинен кагаз таажылар, сурнай, тырмактай калай оюнчуктар чыгып жатты. Баары бири-бири менен алмашып, алуу-берүү менен алек болуп жатышты.

Тамактан кийин саат он экиге чейин күткөнгө туура келди. Мынчалык кеч жатканга көнбөгөн инилеримдин кээси тепкич менен өйдө-ылдый жандары тынбай чуркап, кээлери шалдырап, конок үйдөгү килемдин үстүнө эле кулап, уктап калышты.

Мен болсо Исаныны туулган күнү майрамында берген апельсинди алып чыгып, баарынын шилекейин чууртуп, бөлүп жей баштадым. Атайын эле сугалактанып, берери менен жеп алган инилеримди кыжырына тийгим келди. Жарымын жеп, жарымын эмдиги жылга чейин катып койдум. Кызык 1899-жыл менен 1900-жылдын апельсининин даамы айырмаланат болду бекен?

Саат ондордо баарыбыз чарчап, шалдырап калдык. Көзүбүз жумулганына болбой, биринчи жолу түн жарымына чейин уктабаганга уруксат бергендиктен чыдап жүрдүк.

Саат он бирде апамдар Жаңы жылдык каалоо-тилектерибизди айттыра башташты. Апам Инжилдин ичинен былтыркы каалоолор жазылган кагаздарды алып чыкты. Улам бирин

окуп берип, боору эзилгенче күлүп, бүткөндө отко жагып жиберип жатты.

Элестетиңиз былтыр мен жүндөн токуганды жана жамаганды үйрөнөм деп тилек кылыптырмын. Мен аны жай келип, чоң атам менен достошкончо убада кылгам.

Кезек Жим Боуге келгенде баарылап кагазга жазылган каалоонун маанисин түшүндүрүп беребиз деген аракетибизден майнап чыккан жок. Азырынча ал өтө эле кичинекейлик кылат экен. Анын ордуна апам бир жылдын ичинде тамгаларды үйрөнөм деп оюнан чыгарып жазып койду. Сал Росс үй тапшырмаларын дайыма өз учурунда тапшырарын, Тревис Жесси Жеймске мындан да көбүрөөк убакыт бөлүүнү убада кылды. Убада кылбаса деле Тревис ал мышыгын кайда барса бооруна кысып, жанынан чыгарчу эмес.

Менин кезегим келгенде күндөлүгүмдүн акыркы бетин ачып, тизмени окуй баштадым:

— Чынын айтсам, меники бир эмес бир нече кыялым бар. Мен көзүм өткөнчө: Түндүк жаркырагын, Гарри Гудинини, Тынч океанды же Атлантика океанын, иши кылып экөөнүн бирөөсүн, Ниагара шаркыратмасын, Кони-Айленддди, кенгуруларды, өрдөк тумшуктарды, Эйфел мунарасын, Гранд-Каньонду, карды көрүүнү тилек кылам, – деп сөзүмдү бүтүрдүм.

Ордума отурганча баары жалдырап мени караган бойдон, унчукпай отурушту. Бир далайдан кийин гана Гарри:

— Азаматсың, бөбөгүм, – деп кол чапканда гана, баары коштой башташты. Атам менен апамдын да бир-эки жолу

алакан чапкандары угулду. Бирок сүйүнгөндүн ордуна ичим кайрадан уйгу-туйгу болуп чыкты.

Менден кийин Ламар ордунан туруп:

— Геометрия сабагынан тырышып окуганга аракет кылам, – деди.

Керелди күнү кечке үйдүн ар кайсы бурчун темир транспортири менен ченегенден тажабачу болду.

Сэм Хьюстон болсо:

— Мектептен келатканда Лула Гейтстин китептерин көтөрүшүп, узатканга макул болбогондуктан, мындан ары Эффи Престонго өтүүнү тилек кыларын айтты. Ал каалайбы же каалабайбы, мага баары бир. Сөз берем, баары мен каалагандай болот, – деди.

Кыраан-каткы күлкү, «уралаган» кыйкырыктар угулду.

Кезек Гарриге жеткенде, ал эч нерсе айтпастан, жылмайып койду.

— Меники купуя сыр бойдон калсын, – деди ал.

Баары наараЗы болуп, бул адилетсиздик болорун айтышты.

— Гарри, баарынын көзүнчө айтпасаңыз, жашыруун сыр каалоо болуп саналбайт, – дедим.

Бизден кутулбасына көзү жетип, Гарри апамды карап:

— Университетке өтүү үчүн жакшы окуйм деген кыялым бар, – деп күңкүлдөдү.

Апама Гарринин убадасы майдай жакты көрүнөт, жүзү нурданып, кубана түштү. Гарри болсо ушуну эле күткөндөй, көңүлү жайланып, отуруп калды. Бирок бул убаданы апама жагыныш үчүн гана айтканын сезип турдум. Менимче анын

оюндагы нерсе таптакыр башка. Жаңылышпасам, ал азыр Ферн Спитти тууралуу гана ойлоп жатат.

Апам болсо балдарынын баарына жумасына эң аз дегенде эки жолу чиркөөгө барып турууларын каалады. Муну угуп, арасында бири-бирин карап, мурдуларын чүйрүгөндөрү да болбой койгон жок. Бирок апамдын сөзүнө эч кимиси каршы чыга алган жок.

Атам тамеки чайнаган адатын коём деп убада кылды. Үйгө келгенде тамеки чайнаганга уруксат берилбегендиктен, эшиктин алдына келгенде ар дайым убара болчу.

Кезек чоң атама жеткенде, баарылап асылып, айттырууга аракет кылып көрдүк. Ал ачуусу келмек тургай, тескерисинче, шаңдуу маанайда:

— Эчкидей жашым калган мендей кары адам үчүн кыялданууга кеч деп ойлойм. Эртерээк болсо жакшы болмок. Бирок бир нерсе бар...

Чоң атам эмнени айткысы келип жатканын божомолдоого аракет кылдым. Балким, биз тапкан буурчактын түрүн жакшыртыш керек дегени жатабы? Балким, пекан жаңгагынан дагы башка нерсе жасоону ойлоп тапкандыр? Оюма андан башка эч нерсе келбей койду.

— Менин кыялым автоунаа айдап көрүү. Остинде бир машина бар деп уктум.

— Ал машиналардын жүзүн ары кылсын! – деп апам чочуп кетти. – Алар абдан опурталдуу! Турган жеринен өзүнөн-өзү жарылып кетиши мүмкүн экен. От алдырам деп колду сындырып алышың мүмкүн дейт!

Муну уккан чоң атам жөн гана жылмайып койду.

— Анан? – деди ал.

Чоң атам ар дайым алыс жакты тиктеп тургандай көрүнөт, бирок ал чын эле алдын ала көрө билген жана келечекке кеңири караган адам.

Жаңы жылга чейин дагы бир саат убакыт калды. Апам менен атам бир нерселерди эле кобурашып, сүйлөшүп отурушту. Чоң атам болсо, Улуттук географиялык коомдун журналын окуп, тамеки тартып отурду. Биз болсо көзүбүздү жумбаганга канчалык тырышсак да, улам уктап кетип жаттык.

Ошентип, күткөн Жаңы жыл да келди. Саат он экинчи ирет кагылганда, сырттан калай идиштерди чапкылап, калдыраткан дабыштар угулду. Биз кол кармашып, «Достук» ырын ырдап, тегеренип жүрдүк. Бул ырдын сөзүнүн маанисин түшүнбөсөк да, баарыбызга обону жакчу.

Баарын бирден карап, өткөн жылда болгон окуялардын бардыгын көз алдымдан өткөрүп жаттым. Бизге кошулуп атам менен апам да чарчагандарына карабай, кол кармашып тегеренип жүрүшөт. Апамдын саамай чачтары бубак басып, агара баштаганын бүгүн байкадым. Гарри болсо биз сыймыктангыдай келишимдүү, шыңга бойлуу, чыныгы жигитке айланды. Галстугу менен костюму өзүнө куп жарашып калат экен. Тигил жакта Сэм Хьюстон, Ламар шоктонуп жатышат. Тревис дагы эле мышыгын кучактаган бойдон жүрөт. Сал Росс улам сайын оозун ачып эстеп коёт. Кенжетайыбыз Жей Би да элге кошулуп, Жаңы жыл тосом деп, темтеңдеп уйкусу келсе да, араң эле басып жүрөт.

Жаңы жылдык шаңды улап, чоң атам аппак сакалын сеңселтип, бир ырдын обонун созо баштады. Чоң атам экөөбүз чогуу көптөгөн сыноолорду башыбыздан өткөрдүк. Бул дүйнөдө мен үчүн эң чоң белек бул — менин чоң атам.

Эшиктеги ызы-чуу тынчып, ырдап-бийлеп жатып чарчашты көрүнөт, атам менен апам экөөнөн башкасынын баары укташты.

Мен бөлмөмө келип, кызыл момозуй көйнөгүмдү кийип, жылуу төшөккө кирдим. Сан-Хуанна төшөгүмдүн арасына грелка сойлотуп, жылытып коюптур. Өткөн жылы башымдан өткөргөн нерселерди ойлонуп, уктабай жата турууну чечтим. Себеби, жаңы кылымды дал ушундай нерседен баштаган дурус, туурабы? Тилекке каршы, ойлонгонго жетишпестен, башым жаздыкка тийгенде эле кантип уктап калганымды билбей калдым.

# 28-БӨЛҮМ

# 1900-ЖЫЛ

**Жандыктардын жан сактап кетүүсүндө аба ырайынын таасири алгач олуттуу сезилбегени менен, катаал шарттан улам тамак-аш кескин кыскарып, тирүү организмдер арасында чыныгы күрөш башталат.**

Түн жарымында чочуп ойгонуп кеттим. Турсам, демим кысылып, кыйналып жатыптырмын. Демек, бир кырсык болсо керек деген ой кетти. Бөлмөнүн ичин айланта карай баштадым. Үйдүн ичи да, сырты да жымжырт, бир да дабыш угулбайт. Бүтүн дүйнөнү бир кутуга батырып, башка жакка жөнөтүп жибергендей сезим пайда болду. Эмне болуп кетти экен? Чын эле акыр заман болдубу? Тизелеп, Кудайга жалыныш керекпи? Күн да чыга турган жагын алмаштырып алганбы? Терезеден күндүн шооласы тиймек тургай, көзгө сайса көрүнгүс караңгы, эч нерсе көрүнбөйт. Бөлмөдөгү буюмдардын түстөрү каралжын-боз тартып калганбы?

Ошентип ойлонуп жатканда, нары жактан Аякстын үргөнү угулду. Бир аз үрүп, токтоп калды. Бирок үнү абада дагы деле жаңырып жаткансыды.

Табарсыгым толуп калганын түшүнгөндө, коркконду да

унутуп койдум. Баарынан да горшокко отурганды жаман көрөм. Эшикке чыгайын десем, жүрөктүн үшүн алган бир нерселер жүргөнсүйт. Жакшылап ойлонуп көрүп, желмогуз келердин алдында табарсыгымды бошотуп алууну чечтим. Бир жагынан керебетимдин алдында турган фарфор горшок таштай муздак экенин эстедим. Айла жок, горшокту бери алып чыгып, кырына денемди тийгизбей отурдум. Ө-өх! Бүт-тү, эми желмогузу келсе да даярмын.

Терезенин жанына барып, парадда басып бараткан ас-керче ийинимди түздөп, терең дем алдым да, парданы ачып, көргөн көзүмө ишене албай турдум.

Жердин баары аппак төшөк жамынып алгандай көрүндү. Чөптөрдү, бактарды, көчөнү кар каптап жатыптыр. Кандай керемет! Бул биз күтүп жүргөн нерсе эмеспи? Менимче бул кардын дал өзү! Андан башка эмне болмок эле? Албетте, кар.

Анда акыр заман келбей эле, жаңы жашоо башталып жаткан турбайбы.

Бөлмөдөгү буюмдарга дагы бир жолу айланта көз чап-тырдым. Баягы эле айнек кутуга салынган колибринин уясы, кызыл тыштуу күндөлүк, көпөлөктөрдүн коллекциясы. Эч өзгөрүү жок, ошол эле буюмдар. Жалгыз айырмасы карга чагылышып, түстөрү башкача көрүнүп жатат. Жылуу жүн та-почкамды кийип, ич көйнөгүмдүн үстүнөн халатымды жамы-нып, акырын эшикти ачып сыртка чыгайын десем, эшиктин качыраган дабышы жымжырттыкты бузуп, жаңыра түштү. Башка эч ким жокпу деп артымды карап койдум. Бир да жан көрүнбөйт. Кайра жакшы. Кардын баары меники болот.

Сыртка чыгып, кымтыланып койдум. Ушунчалык да суук болобу? Дем алсам, оозумдан буркурап ак түтүн чыгып жатты. Кармайын десем бир заматта эрип кеткендиктен, кармай албай койдум. Айлана мемиреп тыптынч. Өзүмдүн дем алганым, анан жүрөгүмдүн элеп-желеп болуп соккону гана угулуп турат. Күмүш түстүү асманда бир да чымчык жок. Айланада бир да тыйын чычкан, ит же опоссум көрүнбөйт. Жандуу нерсе калганбы? Жансыз пейзаждын кооздугу бир жагынан көз жоосун алса, экинчи жагынан жүрөктү титиреткен бир коркунуч жаратып турду.

Карап турсам, нары жактагы бактын арасынан койот көрүндү. Улам бир шыйрагын акырын кардын үстүнө коюп көрүп, кайра күбүп коёт. Бир арыштап, токтоп, кайра басат... Кебетесинен мындай шумдуктан үрөйү учуп турганын көрүп, күлкүм келди. Мени байкай коюп, чочуп кетти. Бирок мени көрүп, койот кайра шылдыңдап жаткандай сезилди. Анан шарт бурулуп, кадамын аярлап таштап, узап баратты.

Койот кардан баса алган мен кантип баспайын. Эшиктин алдындагы тепкичтен акырын жерге түшө баштадым. Кар муздай катуу эмес, борпоң, бош болот экен. Баскан сайын бутумдун алдынан кычыраган дабыш чыгып жатты. Бут кийимим былчылдап суу болуп, бир-эки жолу тайгаланып жыгылып кала жаздадым. Тепкичтен ылдыйды көздөй жол салып, өзүмдүн издеримди карасам, бутум баскан жердин баары эрип, майда көлчүктөргө айлана баштаптыр. Мындай сулуулукту бузууга менин акым бар беле? Ажайып кооздукка кедергемди тийгиздимби?

Менимче, дал ошондой болду. Мен алгачкылардан болуп, жаңы кылымдын белегин, унутулгус көз ирмемин кабыл алып жатам. Дагы бир аздан кийин, жымжырттыкты бузган, ызычууга аралаш карда көптөгөн жаңы издер пайда боло баштайт. Көйнөгүмдүн этегин кармаган бойдон, жылгаяк тээп, кулап кете жаздап, кубанычым коюнума батпай ары-бери чуркап жүрөм. Кебетеме карабастан, из түшө элек көчө менен ылдый, бутактарын бубак баскан дарактарды аралап, өзөндү карай чымылдап чуркап бараттым. Кар жамынган пекан дарагынын жанынан өттүм. Аппак түскө боёлбогон жалгыз дарактын боорундагы көңдөй тешик калыптыр.

Дарактардын жанында чымчыктардын бирин-серин издери турат. Сыягы, алар да мендей болуп, мындай өзгөрүүнү, жымжырттыкты, аппак дүйнөнүн сырын түшүнө албай турушса керек. Бул аймактарда акыркы кар он жыл мурун жааса, анан кантишсин? Кызыл төш чымчык өзү болгону эки жыл жашаса, кийинки тукумдарына кайдан маалымат жеткирмек эле? Чымчыктардын тилинде «кар» деген сөз эчак жок болуп кетсе керек. Кызыл төш жана башка куштар үчүн кыш күтүлбөстөн келип калды. Алар кышка таптакыр даярдыгы жок болчу. Бечараларга андан көрө жем, май, эт, чөп алып келип турбасам, ачкадан өлүп калчудай.

Өзөнгө жеткенче шайым ооп, бутум муздай болуп тоңуп калды. Үйгө кетпесем болбойт. Жаңы кылымдын алгачкы күнү мен үчүн дал ушундай башталды. Жаабаган кар жердин баарын каптап калгандан кийин, демек, бул жашоодо баары мүмкүн экен да.

Эшиктин алдына жете берерде үйдөгүлөр туруп, жашоо жандана баштаганын байкадым. Биринчи эле, экинчи кабаттын терезесинен сыртты карап турган чоң атамды көрдүм. Мени көрүп колун булгалап койду. Бир саамга чоң атамды карап турдум. Буту-колдорумдун учтары тызылдай баштаганын сезгенде гана, жылуу үйгө шашып, чуркап кирдим.

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Окурмандарды кызыгуусун арттыруу максатында Техастын тарыхын, чыгармадагы фактыларды каалаганымдай калчап колдонгонумду байкаган чыгарсыздар. Калемиме мындай эркиндик бергеним үчүн алдыңыздардан өтүп коюуну туура таптым.  Мындан тышкары, айрым өсүмдүктөрдүн гүлдөө мезгилйне жана Vicia тобуна таандык буурчактын түрүнүн топко бөлүштүрүлүшүн толук сүрөттөп бере албаганымды моюнума алам. Ошол себептен бул тармакта менден алда канча билими жогору болгон ботаниктерден жана багбандардан кечирим сурайм. Илимий жактан кетирилген каталар болсо, алар жеке менин калемиме таандык деп билиңиздер.

Ошону менен бирге эле бул китепти жаратууга көмөк жана колдоо көргөзгөн төмөнкү уюмдарга: «Миссисипи серепчиси» журналына, Техастын көркөм өнөр боюнча комитетине, Техас жазуучулар уюмуна, Далластагы көркөм өнөр музейине терең ыраазычылыгымды билдирем. Ошондой эле, Жарганаттарды коргоо боюнча комиссиянын мүчөсү Барбара Френчке жана Уэстлейктеги Бириккен методисттик чиркөөдө эмгектенген доктор Диана Санчес-Бушонгто ыкчам жардамдары үчүн алкышымды айтам.

Мен өтө муктаж болуп турган кезде жайкы чакан үйүн мени менен бөлүшкөн Лу Энн жана Жим Бредлиге өзгөчө

ыраазычылык билдирип кетмекчимин. Ташты да сүйлөтө билген Эль-Пасодогу Техас университетинин ардактуу профессору Роберт Уолкерге да алкышымды айтмакчымын.

Мындан тышкары, эбегейсиз колдоо көргөзгөн Ли К. Эбботко менен Грейс Пейлиге, Шелли Уильямс Остинге, доктор Майкл Гласскоко, Карен Штольцко, Роберт Престон Пасдрелге, Герри Бекманга, Робин Алленге жана Кэтрин Тэнниге да рахматымды айтмакчымын. Чыгарманын негизги каарманына атын ыйгарууга уруксат бергендиги үчүн Майк Робинсонго жана анын кызы Кэллиге, Фил жана Жинни Тейтке да абдан ыраазымын.

Остиндеги жазуучулар уюму жана анын мүчөлөрүнө көргөзгөн көмөктөрү үчүн ыраазычылык билдирем. Алардын ичинде Пэнси Флик, Грациела Флеминг, Нэнси Гор, Гейлон Грир, Жим Хоу, Сесилия Жонс, Ким Кронзер, Лора ван Ландуит, Диана Оуэнс жана Лотти Шапиро. Сатып алган эски үйүмдүн ээлери Хьюстон Уайт, Дина Доннела жана Чарли Причардга да чоң алкыш айтам. Ыраматылык Жон «Сэнди» Локеттин жарганат тууралуу айтып берген баяны да менин чыгармама терең салым кошту десем жаңылышпайм. Жон мырзанын айтымында бул акылга сыйбаган окуя ал Остин шаарында жүргөн кезде башынан өтүптүр. Ошондон улам, андан шек саноого эч кандай негиз жок деп эсептейм.

Мага колдоо көргөзгөн алгачкы окурмандарым Жо Калхевиге, Уэйн Прайска, Роксана Хейл Дролетке, Кэрол Жервиске жана Ноэлин Томпсонго, ошондой эле, жан досум жана чыгармадагы Браун айымга таптакыр окшобогон, камкор жана

кең пейил музыка мугалимим Вэл Браунга да чексиз алкышымды билдирмекчимин.

Башка китептердин арасынан бул китебимди байкап калган адабий агентим Марси Познерге, китебимди оңдоп-түздөп, калыпка салып берген «Холт» басмасынын кызматкерлери Лаура Годвин, Ноа Виллер, Ана Дебу, Марианна Коэн жана башкаларга рахматымды айтмакчымын.

Албетте, арадан бир топ жыл өткөнүнө карабастан Гвен Мур Эрвинге да терең ыраазычылыгымды билдирем.

# МАЗМУНУ

1-бөлүм. **Түрлөрдүн келип чыгышы** ........ 1
2-бөлүм. **Кутмандуу таңдардын биринде** ........ 25
3-бөлүм. **Опоссум менен кармаш** ........ 40
4-бөлүм. **Виола** ........ 54
5-бөлүм. **Дистиляциялоо** ........ 60
6-бөлүм. **Музыка сабагы** ........ 69
7-бөлүм. **Гарринин тун сүйүүсү** ........ 83
8-бөлүм. **Микроскоп** ........ 107
9-бөлүм. **Пити** ........ 128
10-бөлүм. **Лула өзү байкабастан иштин чалмакейин чалганы** ........ 149
11-бөлүм. **Түймө сабагы** ........ 174
12-бөлүм. **Илимий изилдөө** ........ 198
13-бөлүм. **Илимий кат** ........ 209
14-бөлүм. **Кыска саптуу кетмен** ........ 216
15-бөлүм. **Пахтанын мол түшүмү** ........ 228
16-бөлүм. **Телефон байланышы** ........ 236
17-бөлүм. **Үй жумуштары** ........ 245
18-бөлүм. **Тамак жасаганды үйрөнүү** ........ 262
19-бөлүм. **Тажрыйбанын ишке ашышы** ........ 270
20-бөлүм. **Туулган күн** ........ 276

21-бөлүм. **Тукум улоо салты** ........ 292
22-бөлүм. **Алкыш күнү** ........ 308
23-бөлүм. **Фентресстеги жарманке** ........ 328
24-бөлүм. **Гарринин кезектеги махабаты** ........ 349
25-бөлүм. **Исанын туулган күнү майрамы** ........ 357
26-бөлүм. **Сүйүнүчтүү кабар** ........ 369
27-бөлүм. **Жаңы жыл** ........ 393
28-бөлүм. **1900-жыл** ........ 402
**Ыраазычылык** ........ 407

КЕЛЛИ ЖАКЛИН

# КЭЛПУРНИЯ ТЕЙТТИН ЭВОЛЮЦИЯСЫ

**Которгон:** Нургүл Карыбекова
**Редактору:** Жылдыз Чыманова
**Корректору:** Кубаныч Акынбаев
**Дизайнери:** Бактияр Орозобеков

**«Кворум Групп» Коомдук Фонду**
Бишкек шары, 7-кичи район, 1.
E-mail: quorumgroupbishkek@gmail.com

Басууга 10.06.2017 кол коюлду. Форматы 60х84/16.
26 басма табак. Lux Cream кагазы. Нускасы 3 000 даана.
«ProIndigo» басмаканасында чыгарылды.
Бишкек шаары, Медеров көч., 44.





Өзүңүздү оюнга тоё элек он бир жашар тестиер кызмын деп элестетип көрүңүз. Ошол 1899-жылдын жай мезгили Техас аймагындагы эң ысык жайлардын бири катары эсте калды. Анысы аз келгенсип, бир жагынан шок алты эркек бир тууганы, дагы бир жагынан фортепиано сабагы менен апасынын ашкана сырлары жана түймөнү таңуулаганына көнгөнгө туура келет. Бирок булардын баары биздин башкы каарманыбыз Кэлпурния Тейттин табият сырларын изилдеп, келечекте окумуштуу болом деген аруу тилегине жолтоо боло алган жок. Себеби, Кэлпурниянын багына илим сырларын ачууга көмөк берип, анын илимге болгон кызыгуусун ого бетер арттырып, өз алдынча ой жүгүртүүгө жана сезимталдыкка үйрөткөн чоң атасы – Тейт бар. Маанилүү нерселердин бири чоң атасы Кэлпурниянын суроолоруна даяр жооп бербестен, анын сынчыл ойломун өрчүтүүгө шарт түзгөндүгүндө. «Илим ийне менен кудук казгандай» деген макалдын айкын мисалын дал ушул негизги каарманыбыз Кэлпурния менен чогуу байкоого болот. Ушундан улам бул китеп «Кэлпурния Тейттин эволюциясы» деген ат менен кеңири таанылды.

Кошумчалай кетчү нерсе, Кэлпурния Вирджиния Тейт бул максатына оңой эле жете калган жок. Кэлпурниянын башынан өткөн кызыктуу окуяларга, күлкүлүү көз ирмемдерге жана кыйынчылыктарга аны менен бирге саякатка чыгуу менен күбө аласыз.

Жаклин Келлинин Ньюбери сыйлыгына татыган бул чыгармасы мына ушунусу менен дүйнө жүзүндөгү көпчүлүк балдардын сүймөнчүлүгүнө ээ болду десек жаңылышпайбыз. Эми Жаклин Келлинин бул чыгармасы кыргыз тилине которулуп, жаш окурмандарыбызга тартууланып отурат.

АКШ элчилигинин Китеп которуу программасынын
колдоосу менен чыгарылган